*Бакыттын булагы*

# Үй-бүлө

*** Ата-эне акысы**
*** Аял-күйөөнүн милдеттери**
*** Бала тарбиясы**

**«Алтын мурас» фонду**
**altynmuras.kg@gmail.com**

**Бишкек - 2016**

УДК 29
ББК 86.38
Ү 99

Ү 99 ҮЙ-БҮЛӨ. -Б: 2016- 224 б.
ISBN 978-9967-28-0281

“Бакыттын ачкычы – үй-бүлө” аттуу бул эмгегибизде үй-бүлө ичиндеги ар бир мүчөнүн өзүнө таандык ролдорун жана үй-бүлөнүн коомдогу ордун көрсөтүүгө аракет кылдык. Анда дагы өз жеке оюбузду эмес көптөгөн кылымдардан бери калыптанган, маданиятыбызга сиңип калган каада-салттарыбызды жана хак динибиз Исламдын буйругу менен тыюуларын негизге алдык. Үй-бүлө - бактылуу элдин демографиялык өсүшүнүн жана ар бир наристенин психикалык жактан сак-саламат жетилүүсүнүн кепили.

Бул китептин даярдалуусунда эмгектери сиңген досторубузга жана басылуусунда материалдык чоң жардамын көрсөткөн Түркиянын Малатия калаасынын тургуну, жеке ишкер Фахри уулу Рамазан Якар мырзага рахмат айтып, терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз.


КЫРГЫЗСТАН МУСУЛМАНДАРЫНЫН ДИН БАШКАРМАСЫ

Бул китеп Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы
тарабынан тастыкталат . №18 «31» 03 2016-жыл.

Наиб муфтий Эргешов Акимжан ажы

Ү 99 0403000000-16
ISBN 978-9967-28-0281

УДК 29
ББК 86.38

www.islamdini.kg

# МАЗМУНУ

| | |
|---|---|
| **АЛГЫ СӨЗ** | 5 |
| **ДИНИБИЗДЕ ҮЙ-БҮЛӨ** | 7 |
| **ЭНЕ-АТА АКЫСЫ** | 9 |
| **КАРЫЛАРГА СЫЙ-УРМАТ** | 25 |
| **ДИНИБИЗДЕ АЯЛДЫН ОРДУ** | 27 |
| **ЧООЧУН АЯЛДАРДЫ, ЭРКЕКТЕРДИ КАРОО** | 40 |
| **ЗИНАКОРДУК ЧОҢ КҮНӨӨ** | 48 |
| **ФЛИРТ** | 50 |
| **АДЕПТҮҮЛҮК – УЯТТУУЛУК – АР-НАМЫС ТАЗАЛЫГЫ** | 55 |
| **СҮЙҮШКӨНДӨР КҮНҮ** | 68 |
| **АЯЛДАРДЫН ОРОНУУЛАРЫ** | 69 |
| **ҮЙЛӨНҮҮНҮН ПАЙДА ЖАНА ЗЫЯНДАРЫ** | 73 |
| **ҮЙЛӨНҮҮГӨ ЧЕЙИН ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК** | 77 |
| **ҮЙЛӨНӨ ТУРЧУ ЭРКЕКТЕРГЕ КЕҢЕШТЕР** | 78 |
| **ҮЙЛӨНӨ ТУРЧУ КЫЗДАРГА КЕҢЕШТЕР** | 83 |
| **ЖАКШЫ ЖАР ТАНДОО ҮЧҮН** | 87 |
| **ЖАКШЫ АДАМ МЕНЕН ҮЙЛӨНҮҮ КЕРЕК** | 90 |
| **ИСТИХАРЕ НАМАЗЫ** | 95 |
| **НИКЕ КАНТИП КЫЙЫЛАТ** | 97 |
| **АЯЛ-КҮЙӨӨНҮН МИЛДЕТТЕРИ** | 101 |
| **АЯЛ АКЫСЫ** | 101 |
| **АЯЛДАРДЫН ЖУМУШТА ИШТӨӨЛӨРҮ** | 104 |

КҮЙӨӨ АКЫСЫ 105

ҮЙЛӨНӨРДӨ КЕРЕКТҮҮ ИЛИМДЕР 113

БАКЫТТЫН АЧКЫЧЫ - КҮЛҮМСҮРӨӨ 125

ЭНЕ-АТА МЕНЕН ЖАШ ЖУБАЙЛАР 129

ЧЫНЫНДА ЭЛЕ БУЛ МААНИЛҮҮБҮ? 134

АЖЫРАШУУ ЖАНА НИКЕНИ БУЗА ТУРГАН ЖАГДАЙЛАР 136

АЖЫРАШУУ ИЛДЕТИ 151

БАРДЫК ЖАМАНДЫКТАРДЫН БАШЫ 160

ТЕЛЕВИЗОР ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨ 166

ЭКИНЧИГЕ ҮЙЛӨНҮҮ 169

ЖУБАЙЫН КЫЗГАНУУ 170

НИКЕНИ ЖАҢЫРТУУ 172

МУТА НИКЕХАРАМ 174

ЭНЕ-АТАНЫН БАЛА АЛДЫДАГЫ МИЛДЕТТЕРИ 175

БАЛА ТАРБИЯСЫ 182

КЫЗ ПЕРЗЕНТ – ЧОҢ НИМАТ 204

ТӨРӨГӨН АЯЛДЫН КҮНӨӨЛӨРҮ КЕЧИРИЛЕТ 207

БАЛАГА АТ КОЙУУ 207

БАЛА КӨТӨРҮҮ 210

ЖАСАЛМА УРУКТАНДЫРУУ 213

БАЛА БАГЫП АЛУУ 215

ТУУГАНДАРГА КАМКОР БОЛУУ 217

МУСУЛМАНДАРДЫН АКЫЛАР МЕНЕН МИЛДЕТТЕРИ 221

# АЛГЫ СӨЗ

Үй-бүлө – жандуу жаратылыштардын ичиндеги жалгыз адамга гана таандык болгон өзгөчө түзүлүш. Адамды башка жандуулардан айырмалап турган маңыздуу өзгөчөлүк.

Үй-бүлө коомдун негизи, пайдубалы болуп саналат. Ар бир имарат пайдубалдын үстүнө тургузулат. Имараттардын пайдубалы бекем болбосо өмүрү узакка барбайт, бираз эле силкинсе бузулуп, талкаланат. XIX кылымда индустриянын жаңылануусу менен бирге көптөгөн элдерде, өзгөчө Батыш элдеринде капиталистик башчылардын аялды экономикалык жактан колдоно башташы менен бул пайдубалдар чоң силкинүүнү баштан өткөрдү. Ушуга байланыштуу коомдор дагы бул силкинүүнүн кесепетин тартты, бактысыздык, руханий ачтык жана жетишсиздик коркунучтуу чекке жетти.

Бул силкинүүнүн учкуну биздин элде дагы тез-тез көрүнө башташы менен күн өткөн сайын таасири күчөп баратат. Батыш элдерине жетүү жарышы жүрүүдө. Ошондуктан, үй-бүлө ичиндеги түшүнбөстүктөр, келишпестиктер, ажырашуулар өтө ылдамдык менен көбөйүп барууда.

Бардык ушул трагедиялардын себеби - үй-бүлө имаратында негизги тирек  кызматын аткарган эне-ата жана балдардын өз орундарынан жылышы, өз орундарында болбошу. Анткени, имаратта колдонулган ар бир таштын, кирпичтин орду бөлөк, өзгөчө болот. Үй-бүлөдө, коомдо кайра тынчтык орнотуу – бул тирек таштардын өз орундарына орнотулушу жана табигый милдеттеринин калыбына келүүсү менен мүмкүн болот.

Биз дагы бул эмгегибизде үй-бүлө ичиндеги адамдардын өзүнө мүнөздүү болгон ролдорун жана үй-бүлөнүн коомдогу ордун көрсөтүүгө аракет кылдык. Анда дагы өз жеке оюбузду эмес көптөгөн кылымдардан бери калыпташкан, сиңип калган каада-салттарыбызды жана хак динибиз Исламдын буйругу менен тыюуларын негиз катары алдык.

Ошондуктан, келтирилген маалыматтар биз көнүп калган жашоого тескери болуп көрүнсө да, напсибизге оор тийсе да “заманыбызга туура келбейт” дебестен колубуздан келгенче орундап, ал эми орундай албагандарыбыз үчүн Аллаху тааладан кечирим сурашыбыз керек.

Баарыбыз тең кандайдыр бир аспап алсак аны колдонуудан мурда аны өндүргөн инженер тарабынан даярдалган “колдонуу эрежелерин” окуйбуз. Анткени, бул аспапты эң натыйжалуу, сапаттуу колдоно алуу үчүн муну кантип колдонуу керектигин эң жакшы билген адам ошол инженер экенин билебиз.

Ушул сыяктуу адамды жана үй-бүлө түзүлүшүн жараткан Аллаху таала да аларды эң жакшы түрдө өмүр сүрүүсү үчүн, үй-бүлөнүн бакытка бөлөнүүсү ар бир үй-бүлө мүчөсүнүн ролдору кандай болушу керектигин өтө жакшы билет. Ал эми динге жат маалыматтар сынактан өткөрүүгө, жаңылышууга келип такала турган жарым-жартылай натыйжалардын жыйынтыгынан түзүлөт. Мындай маалыматтар адамдарды, коомду жаңылыштыктарга түшүрүшү мүмкүн. Бүгүн пайдалуу сыяктуу болуп көрүнгөн өтө көп иштердин эртеси күнү канчалык зыяндуу экени аныкталып жатканын көрүп жатабыз.

Бардык маселелерде болгондой эле үй-бүлөлүк турмушта дагы кантип аракет кылуу керектигин жана үй-бүлөдөгү ролубуздун кандай болушу керектигин ислам аалымдарынын баа жеткис китептеринен үйрөнүп, ошого ылайык өмүр сүрүүгө аракет кылышыбыз керек. Биз бул китебибизде ислам аалымдарынын баалуу китептеринен пайдаланып, бул теңдешсиз илимдерди сиздерге сунууга аракет кылдык.

Курани каримде: **“Аллах үйүңөрдү силер үчүн тынчтыктын жана бакыттын мекени кылды”, -** деп билдирилген.(Нахл сүрөсү, 80). Ал эми үйлөрүбүздүн тынчтыктын жана бакыттын мекенине айлануусу Аллаху таала билдирген өкүмдөрүнө баш ийүүбүзгө байланыштуу.

Буларга канчалык көп баш ийе турган болсок бакыт менен тынчтык дагы ошончолук көбөйөт. Бул эрежелерди сактабай турган болсок, ар ким өз билгенинче эреже, өкүм чыгара турган болсо үй-бүлө ичинде тынчтык калбайт. Үйлөрүндө тынчтыгы болбогон коомдун көчөлөрүндө дагы тынчтык болбойт. Ал коом качан, кайсы жерде жарыла тургандыгы белгисиз абалга келтирилген минага айланат. Мунун кесепетин бүткүл адамзат тартат.

Хак таала баарыбыздын үйүбүздү, үй-бүлөбүздү бактылуу кылсын! Амин!

# ДИНИБИЗДЕ ҮЙ-БҮЛӨ

Ислам дини коомдун бакыты жана адамзат урпагынын дени сак, татыктуу улануусу үчүн үй-бүлөнүн зарыл экенин билдирген. Ошол себептен никени халал кылып, зинаны жана зинага жол ача турган эркин катнаштарга тыюу салган. Аялдарга эч бир дин, система бере албаган кадыр-баркты, мартабаны берген. Расулуллах алейхиссаламдын "Коштошуу хутбасындагы" насааттарынын биринде: **"Аялдарыңарды кордобогула. Алар - Аллаху тааланын силерге берген аманаты. Алар менен жумшак, жакшы мамиледе болгула, аларга жакшылык кылгыла!"** – деп буюрган. Дагы бир хадиси шарифте: **"Бейиш энелердин таманы астында", -** деп буюруп, аялды коргоодо теңи жок мартаба сунган.

Бирок, эркектер Исламга ылайык **"үй-бүлөнүн башчысы"** деп саналат жана аялдарга караганда жогору даражага ээ. Аллаху таала аялды эркектин камкордугуна берген. Курани каримде: **"Эркектер - аялдардын башчысы жана коргоочусу",** - деп билдирилген. (Ниса сүрөсү, 34) Ошону менен катар, эркектердин аялдарга карата шаръий акылары бар болгону сыяктуу, аялдардын дагы эркектерге карата акылары, милдеттери бар. Үй-бүлөнүн бакыты жана коомдук жашоонун бейпилдиги үй-бүлөнү түзүүчү аял менен эркектин өз милдеттери менен жоопкерчиликтерин билип, орундоолоруна байланыштуу.

Үй-бүлө ичинде аял менен эркектин бири-бирин түшүнүп, сабырдуу, кечиримдүү болуулары үй-бүлөлүк бакыт үчүн шарт болуп саналат. Эркек менен аялдын бири-бирине сый-урмат менен кароосу жана милдеттерин билүүсү - үй-бүлөнүн бакытына жеткизе турган маңыздуу эрежелердин бири. Үй-бүлөдө тартипти ата орнотот. Ата адилеттүү болсо үй-бүлөдө бактылуулук болот. Акылдуу аял-эркек бири-бирин таарынтпайт. Соңку доордун Ислам аалымдарынан **Хусейин Хилми Ышык** "рахметуллахи алейх" эркектин аялы менен карым-катнашы жөнүндө мындай деген:

"Акылдуу аял-эркек бири-бирин таарынтпайт. Бир өмүрлүк жарын таарынтуу үй-бүлөлүк бакыттын бузулушуна себеп болот. Заалым, жаман мүнөздүү адамдын өмүрлүк жолдошу дайым капалана, нерв саламаттыгы бузулат. Нерв ооруларына чалдыгат.

Нервдин бузулуусунун натыйжасында түрдүү оорулары да чыга баштайт. Өмүрлүк жолдошу оорулуу болгон адам куруйт. Бакытынын соңу келди, жан жолдошунун кызматынан, көмөгүнөн куру калат. Өмүрү анын дартын угуу менен, ага дарыгер издөө менен, өзүнө көнүмүш болбогон кызматтарды кылуу менен өтөт. Бүткүл ушул балээлерге, соңу жок кыйынчылыктарга аялдын же эркектин жаман мүнөзү себеп болот. Булардан алыс болгон, бактылуу үй-бүлөнүн негизи - эки жактуу ачык маанай, жылуу сөз жана кечиримдүүлүк. Буларды болсо динибиз буйрук кылууда. Буларга моюн сунган адам дүнүйөдө дагы, акыретте дагы бактылуу болот.”

Үй-бүлөдөн максат - урпакты уланта турган перзенттер. Адамдын өлгөндөн кийин жакшылык менен эске алынуусу үчүн коомго өзүнөн кийин пайдалуу эмгек же пайдалуу бир илим же болбосо кайырлуу перзент калтыруусу керек. Бардык нерсе унутулган күндө дагы бул нерселер унутулбайт жана өлгөн адамдын кайырлуу иштеринин улануусун камсыз кылат.

Андай болсо баланы жакшы, үлгүлүү кылып өстүрүү - эне-атанын орток милдети. Эне баласын түздөн-түз өзү эмизип, өстүрүп, дайым көркөм мүнөздү үйрөтүп жүргөнү сыяктуу булардын башпаанегин, азык-түлүгүн, материалдык-моралдык керектөөлөрүн камсыз кылуу дагы эң алгач атанын милдети болуп саналат.

Ислам дини кулк-мүнөз тарбыясы менен илимге чоң маани берген. Жахилдик менен тарбиясыздыктан кайтарган. Ошол себептен ар бир эне-ата баласына илим, көркөм мүнөз (тарбия) жана диний милдеттерин үйрөтүүгө тийиш. Үйрөтпөсө алардан жоопкер болот. Анткени, балдардын баары сүйүүнү, сүйүлүүнү, сый-урматты ушул жерде үйрөнөт. Тартипти жана ираттүү өмүр сүрүүгө ушул жерде көнүгөт.

Аллаху таалага ишенүүнү, Пайгамбарга карата сүйүүнү, ата мекенге, элине, каада-салтына жана үрп-адаттарына карата сый-урматты ошол жерде үйрөнөт. Балдар алты жашка чейин адамдык касиеттерди үй-бүлөдөн алат. Ошондуктан, үй-бүлөнүн тартиптүү болуусу өтө маанилүү.

Үй-бүлөлүк өмүрдүн тартиптүү, туура болуусу перзенттердин көркөм мүнөз менен адамкерчилик касиеттерди өзүнө сиңирип

өсүшүнө себеп болот. Тарбиялоо максатында эне-ата баласына катуу мамиле кылуусу мүмкүн . Бирок, бул катуулук күнөөсүз баланын жүрөгүндө терең жаракат ача турган таяк түрүндө болбошу керек. Чектен ашкан катуулук көпчүлүк балдарда жалганчылык, куулук, кыймыл-аракеттеринде туруксуздукту калыптандырат.

Эне-ата уул-кыздарын дайым көзөмөлдөп турууга тийиш. Өзгөчө аларды жаман жоро-жолдоштордон узак жүрүүлөрүнө маани берүү зарыл. Жаман жоро-жолдош - эң чоң душман.

Балдардын улуусу да, кичинеси да эне-атасына моюн сунуу менен урмат көрсөтүүдө кемчилик кетирбөөгө аракет кылууга тийиш. Жашоонун түрдүү кыйынчылыктары менен азаптарына чыдап бала өстүргөн эне-ата албетте моюн сунуу менен сый-урматка татыктуу. Курани каримде: **“Аллаху таалага моюн сунгула!”** – дегенден кийин: **“Эне-атаңарга моюн сунгула!” –** деп буйрук кылынган. (Бакара сүрөсү, 83) Аларга **“Уф”** дегенге дагы (Исра сүрөсү, 23) тыюу салынган.

## АТА-ЭНЕ АКЫСЫ

**Суроо: Эне-атанын балдарында кандай акылары бар?**

**Жооп:** Имам Насафи хазиреттери мындай деген:

Эне-атанын балдарында сексенге жакын акысы бар. Кыркы тирүү кезинде, кыркы кайтыш болгондон кийин. Тирүү кезиндеги кырк акысынын ону дене менен, ону тил менен, ону көңүл менен, ону акча менен орундалат.

### Дене мүчөлөрү менен орундала турчу он акысы:

**1-** Кызматын кылып ыраазычылыктарын алуу керек. Хадис-и шарифте мындай деп айтылды:

**«Эне-атасына кызмат кылгандын өмүрү берекелүү жана узун болот»**. (Ислам Ахлакы)

**«Эне-атасын динге ылайык болгон кызматы менен ыраазы кылган адам Аллаху тааланы ыраазы кылган болот, аларды ачууланткан адам Аллаху тааланы ачууланткан болот»**. (Ибн Нажжар)

**«Эне-атасы жанында картайып, бирок,** (ыраазычылыкта-

рын ала албай) **Бейишке жете албаган адамдын шагы сынсын».** (Тирмизи)

Хазрети Хасан Басри хазреттери Каабаны таваф кылып жүрүп аркасына жүк көтөргөн бир затты көрүп андан сурайт:

- Эмне үчүн жүк менен таваф кылып жүрөсүң?

- Бул жүк эмес, бул - менин атам. Аны Шамдан жети жолу алып келип таваф кылдырдым. Себеби, атам мага динимди, ыйманымды үйрөттү. Мени Ислам ахлагы менен өстүрдү.

- Кыяматка чейин ушинтип аркаңа көтөрүп жүрүп, бирок, бир жолу болсо да көңүлүн оорутуп ала турган болсоң ушунчалык эмгегиң текке кетет. Бир жолу болсо да көңүлүн ала турган болсоң ушунчалык кызматыңа тете болот.

Эне-атаны ылайыгы менен сыйлап, урматтоо керек, аларга кызмат өтөөдө кемчиликке жол бербөө керек. Хазрети Ибни Аббас: «Күнөөлүү, алсыз жана кедей кул өз кожоюнун алдында кандай абалда турган болсо, сен да эне-атаңдан жанында ошондой бол!” - деген.

Энеге урмат жана кызмат атадан мурда турат. Хадиси шарифтерде мындай деп айтылат:

**«Энеге жасалган жакшылыктын сообу эки эсе көп болот.”** (И. Газали)

**«Алгач энеңе, экинчи атаңа, кийин эже-карындашыңа, ага-иниңе, кийин ирети менен калган туугандарыңа жакшылык кыл!”** (Несаи)

**«Вейсел Карани бүткүл жакшылыктарга жана даражаларга энесине кылган жакшылыктары үчүн жетти.”** (Р. Насихин)

«Йа, Расулаллах! Менин энем мушрик. Ага жакшылык кылуум туура болобу?” - деп сураган адамга Пайгамбарыбыз: **«Ооба, энеңе жакшылык кыл жана аны сыйлап-урматта!” -** деди. (Абу Давуд)

Пайгамбарлардын бардыгы өз энелеринен дагы жогору болушкан. Ушуга карабастан пайгамбарлар да энелерин урматтап, кызмат кылышкан.

Капыр болсо дагы эне-атага кызмат кылуу, аларды нафакалары менен (тамагы, кийими, жашай турган жери менен) камсыз кылуу жана ал-абалын билип зыярат кылып туруу керек. Эгер куфурга

себеп боло турган иштерди кылдырат деп корксо анда үйүнө барууга болбойт. **(Баззазийа)**

Муса пайгамбар Бейиштеги кошунасынын ким экенин Аллаху тааладан сурап, аны издеп барат. Ал касапчы эле. Касапчы бир кесим эт бышырат. Илинип турган зембилди түшүрүп, ичинде жаткан өтө арык жана картайып калган кемпирге бышырган эт менен суу берет. Кийин үстү-башын тазалап, кайрадан зембилге жаткызды. Касапчы: «Бул - менин энем. Картайып ушундай абалга түшүп калды. Күнү-түнү аны ушинтип карап, багам", - дейт. Ошондо касапчынын энесинин «Эй, Раббым! Уулумду Бейиште Муса пайгамбарга кошуна кыл!" деген сөзүн Муса алейхиссалам да угат. Касапчыга айтат: **«Сүйүнчү, Аллаху таала сени Муса пайгамбарга кошуна кылды." (Шира)**

**2-**Дайыма жакшылык кылуу керек. Эне-атага сый-урмат көрсөтүү жана жакшылык кылуу балдарына парз. Хадиси шарифтерде мындай деп айтылат:

**«Эне-атасына жакшылык кылган бала пайгамбарлар менен бирге Бейишке кирет."** (И. Рафии)

**«Эне-атасына жакшылык кылган адамдын өмүрү узак жана ырыскысы берекелүү болот."** (И. Ахмед)

**«Эң мыкты амал – убагында окулган намаздан кийин эне-атага жакшылык кылуу."** (Муслим.)

**«Эне-атаңа жакшылык кылсаң, кийин балаң дагы сага жакшылык кылат."** (Табарани)

**«Сен дагы, мал-мүлкүң дагы атаңдыкы."** (Ибни Маже)

**3-** Аларга каршы чыкпоо. Хадиси шарифтерде мындай деп айтылат:

**«Эне-атага каршы чыгуу - чоң күнөө."** (Бухари)

**«Эне-атасына каршы чыккан бала Бейишке кирбейт."** (Насаи)

**«Эне-атасына каршы чыккан баланын өмүрү берекесиз жана кыска болот."** (Ислам Ахлакы)

Ыймандуулардын Тозоктон эң акыркы чыга тургандары Аллаху тааланын жолунда жүргөн эне-атасынын Исламга ылайык болгон буйруктарына каршы чыккандар.

Эне-атанын жана башка кимдин болсун динге каршы болгон

буйруктарына моюн сунууга болбойт. Бирок, эне-атага сылык сүйлөп, аларды таарынтпоо керек.

Эне-атасы каапыр болсо, аларды чиркөөдөн же арак ичилген жерлерден аркага көтөрүп болсо да алып келүү керек. Бирок, андай жерлерге алып барбоо керек.

Эне-атасы заалым дагы болсо, алардын айткандарына каршы чыгууга, аларга үнүн көтөрүп сүйлөөгө, орой сүйлөөгө болбойт.

«Эне-атам мээримсиз, аларга кандай моюн сунам? - деп сураган кишиге Расулуллах алейхиссалам мындай деген: **«Энең сени тогуз ай курсагында көтөрдү, эки жыл эмизди. Сени чоңойгонго чейин коюнунда өстүрдү, камкорчу болду. Атаң дагы сени өстүрүү үчүн көптөгөн кыйынчылыктарды башынан өткөрдү. Сени муктаж болгон нерселериң менен камсыз кылды. Сага диниңди, ыйманыңды үйрөттү. Сени Ислам тарбиясы менен чоңойтту. Кантип анан мээримсиз болушсун?! Мындан ашкан мээрим болобу?”** (Аййухал валад илмихалы)

«Йа, Расулаллах, картайган энемди өз колум менен тамактандырамын. Дааратын алдырып, аркама көтөрүп жүрөм. Ошол амалым менен акысын өтөй аламбы?” - деп сураган кишиге Пайгамбарыбыз мындай деди: **«Жок, акысынын жүздөн бирин дагы орундаган болбойсуң. Ал сага бутка туруп кетүүңдү күтүп кызмат кылган эле, ал эми сен ага өлүмүн күтүп кызмат кылуудасың. Бирок, Аллаху таала бул аз гана жакшылыгың үчүн көп сооп ихсан кылат.”** (Р. Насихин)

Бир киши: «Йа, Расулаллах, эне-ата баласына зулумдук кылса дагы алардын ыраазычылыгын албаган адам Тозоко кетеби?” - деп сураганда жооп катары үч жолу: **«Ооба, зулумдук кылган болсо дагы ыраазычылыгын албаган бала Тозоко кетет”, -** деди. (Байхаки)

Андай болсо эне-ата заалым болуп, баласына зулумдук кылса дагы, күнөө кылууну буйрук кылса дагы, аларды таарынтпоого, ачуулантпоого аракет кылуу керек! Күнөө болгон, динге каршы болгон буйруктарын орундоо керек эмес. Бирок, аларды таарынта турган сөз жана аракет да туура эмес.

Эне-ата жаман дагы болсо, алар менен жакшы мамиледе болуу керек! Алар менен мамилени үзүп коюу чоң күнөө болуп эсептелет.

Жок дегенде салам айтып, кат жазып, телефон чалып бул күнөөдөн кутулуу керек!

Куран-и каримде 3 нерсе 3 нерсе менен бирге айтылган. Биринчиси орундалбаса, экинчиси кабыл болбойт. Пайгамбарыбызга моюн сунбаса Аллаху таалага моюн сунган болбойт. Эне-атага шүкүр кылынмайынча Аллаху таалага шүкүр кылынган болбойт. Мал-мүлктүн зекети берилбесе намаздары кабыл болбойт. **(Тафсири Мугни)**

**4-**Аларга моюн сунуу, каршы чыкпоо, күнөө болбогон буйруктарын аткаруу.

Муса алейхиссалам Аллаху тааладан тогуз жолу насаат сураганда бардыгында тең: **«Эне-атаңа моюн сун!" -** деп буюрулду. Хадиси шарифте да мындайча айтылган: **«Эне-атага моюн сунуу Аллахка моюн сунуу болот. Аларга каршы чыгуу болсо Аллаху таалага каршы чыгуу болот."** (Табарани)

Атасына каршы чыккан адам бала-бакырасынын үзүрүн көрө албайт, максатына жете албайт, үй-бүлөсү менен жакшы карым-катнашта боло албайт, үйүнүн берекеси, кызыгы болбойт. **(Шира)**

**5-** Аларды жаман кабак карабоо керек. Жылуу жүз менен, мээримдүүлүк менен, сүйүү менен кароо керек. Эне-атасын мээримдүүлүк менен, махабат менен бир жолу караган адам кабыл болгон бир ажылыктын сообун алат. Пайгамбарыбыз: **«Эне-атасынын жүзүн мээримдүүлүк менен караган адамга ажылык жана умранын сообу жазылат",** -деген. «Күнүнө миң жолу караса да ушундайбы?" - деп суралганда, Пайгамбарыбыз: **«Күнүнө жүз миң жолу караса да...",** -деп жооп берген. (Р. Насихин)

Дагы: **«Эне-атанын жүзүн мээримдүүлүк менен кароо – ибадат",** - деп билдирген. (Абу Нуайм)

**6-** Аларды таарынтпоо, кемсинтпөө, ыраазычылыктарын алуу керек. Хадиси шарифтерде мындай деп айтылат:

**«Раббиңдин ыраазычылыгы эне-атанын ыраазычылыгында. Ачуусу да эне-атанын ачуусунда."** (Бухари)

**«Эне-атасынын ыраазычылыгын алган мусулманга Бейиштен эки эшик ачылат. Ал эми таарынткан адамга Тозоктон эки эшик ачылат."** (Байхаки)

**«Эне-атасынын ыраазычылыгын алган мусулман эмне**

**кылса дагы Тозокко кирбейт. Ал эми таарынткан адам Бейиш-ке кирбейт.”** (Шира)

**«Хак таала кээ бир күнөөлөрдүн жазасын кыяматка чейин кечиктирет. Эне-атага каршы чыгуу күнөөсү булардан бөлөк.”** (Хаким)

Эне-атаны таарынтуу, аларды кемсинтүү чоң күнөө болуп саналат. Эне-атанын, жалпысынан эле эч кимдин күнөө болгон буйруктарын аткаруу туура эмес. Эне-ата сунган тамакта арам аралашкан деген күмөн болсо жана бул тамактан жеш үчүн баласын мажбурласа баланын ал тамактан жеши керек болот. Себеби, күмөндүү нерселерден качуу варага жатат, ал эми эне-атанын ыраазычылыгын алуу важип болуп эсептелет. Бирок, динге каршы болгон буйруктары орундалбайт. Мисалы: «Арак ич, намаз окуба, болбосо, биз таарынабыз”, - десе, мындай арам болгон нерселери орундалбайт. Себеби, «Аллаху таалага каршы чыккан кулга моюн сунулбайт” деген буйрук бар. Аллаху таала **«Анкебут”** сүрөсүнүн сегизинчи аятында: **«Биз адамды эне-атасы менен жакшы мамиледе болууга чакы-рдык. Эгер алар сени билбеген нерсеңде Мага шерик кошууга мажбурласа, аларга моюн сунба”, -** деп буюрулган.

Эне-атасы күнөө кылуучу бала аларга бир жолу насаат кылат. Эгер насаатын тыңдабай турган болсо, анда унчукпайт. Алар үчүн дуба кылат.

**7-** Алардын уруксатысыз сапарга чыкпоо. Ажыга бараарда муктаж болбогон эне-атасынан уруксат суроо - сүннөт. Эне-атасы муктаж (кедей) болсо, алардын уруксатысыз ажыга баруу арам болуп саналат. Эне-атасы муктаж эмес болсо парз болгон ажыга алардын уруксатысыз бара алат. Бирок, нафил болгон ажыга эне-атасынын уруксатысыз бара албайт. **(Радд-ул-мухтар)**

Жихад үчүн уруксат сураган адамдын эне-атасынын тирүү экенин укканда Пайгамбарыбыз: **«Сен кал! Аларга кызмат кыл! Аларга кызмат кылуу – жихад болуп саналат”,** -деп буюрат.**(Бу-хари)**

Жихадга баруу үчүн уруксат сурап келген башка бир адамга дагы мындай деди: **«Энеңдин жанынан айрылба! Бейиш анын та-манынын астында”,** -деди. (Несаи)

Хижрат кылуу үчүн чыккан бир киши, Пайгамбарыбызга

келип: «Йа, Расулаллах! Эне-атамды ыйлатып келдим", - дегенде Пайгамбарыбыз бул жагдайга таарынып: **«Дароо үйүңө кайтып бар! Аларды ыйлаткан болсоң эми көңүлүн көтөр!"** -деди. (Абу Давуд)

Эне-атаны зыярат кылууну токтотуп коюш - чоң күнөө. Алахыбалдарын сурап, барып туруу керек. Бара албаган жагдайда жок дегенде кат жазып, салам жолдоп бул күнөөдөн кутулуу керек.

**8-** Аларга татыктуу түрдө сый-урмат көрсөтүү. Хадиси шарифте: **«Улууларды урматтабагандар бизден эмес",** - деп билдирилген. (Тирмизи)

**«Эне-атага урмат бактысыз адамды бактылуу кылат. Өмүрүн узак кылат жана жаман өлүмдөн сактайт."** (Абу Нуайм)

Аларды көргөндө дароо тура калып, жанына баруу керек, алар отурганга чейин туруу керек, алардын уруксатысыз отурбоо керек. Отурган кезде дагы адептүүлүктү сактоо керек, алардын жанында бутту учкаштырып же болбосо созуп отурууга болбойт. «Болсо дагы мага унчугушпайт" деп бул адепке көңүл бурбай коюу жакшы эмес.

**9-** Бирге басып бара жатканда аркаларынан басуу. Эч кандай себепсиз алдыларына түшүп алып баспоо керек.

**10-** Чакырган кезде дароо жанына келип «угуп жатам сизди!" деп айтуу. Эне-ата чакырган кезде парз намазын бузуу уруксат болгону менен зарыл кажеттүүлүк болбосо бузбоо керек. Ал эми сүннөт намаздарды бузууга болот. Хак таала мындай деген: «**Эй, Муса! Менин даргахымда** (даргөйүмдө) **өтө оор жана өтө чоң бир күнөө бар. Ал – эне-ата чакырган кезде буйруктарына моюн сунбоо".** (Ислам ахлакы)

### Тил менен орундала турчу он акысы:

**1-** Жылуу сүйлөө, карапайым болуу, «уф" деп дагы айтпоо. Хак таала мындай деп буюрган: **«Биз адам баласына эне-атасына жакшылык кылууну насаат кылдык"** (Ахкаф 15)

**«Раббиң жалгыз Өзүнө гана ибадат кылууңарды жана эне-аталарыңарга жакшылык кылууңарды буйрук кылды. Эгер алардын бири же болбосо экөө тең жаныңда картайса аларга «уф" деп айтуучу болбо, оор сөз айтпа, аларга сылык жана жылуу сүйлө, аларга жакын бол, карапайым бол. Ал экөөнө мээримдүүлүк кучагыңды жай дагы: «Эй, Раббым! Ал**

**экөө мени кичинемен баштап тарбиялап өстүргөндөй, сен дагы аларды ырайымыңа бөлө!" деп дуба кыл!"**

Хазрети Хасан Басри мындай деген: «Бир аалым адамдын эне-атасы капыр болсо, кудуктан суу алып келүү үчүн ага муктаж болуп, ал дагы бир нече жолу челек менен суу алып келип «уф" десе, бардык амалдарынын сообу жок болот."

**2-** Сүйлөшкөндө үнүн алардын үнүнөн жогору көтөрбөө.

**3-** Алардын жанында көп сүйлөбөө, адеп чегин ашпоо. Эне-ата сен билген нерсени айтып турса да «баягы эле нерсеби?" дебестен, өмүрүңдө муну биринчи жолу угуп аткан кишидей аларды кулак салып ук.

**4-** Азил (жаргон) сөздөр менен тамашага салып сүйлөбөө керек. Мисалы, эки баласы бар адамдын бир уулу экинчисин көрсөтүп: «Уулуңуз ошентти. Эгер мен ошентсе турган болсом эчак урушмаксыз!" же болбосо «Апа, небереңизди катуу эркелете бербеңиз, башыбызга минип алат. Тилибизди укпай турган болду" деген сөздөрдү айтып, аларды таарынтып албоо керек. Өз бала-чакасын эне-атасынын алдында тилдеп, кол көтөрбөш керек.

**5-** Аялын алардан жогору көрбөө. Пайгамбарыбыз мындай деп айткан: **«Аялын эне-атасынан жогору коргөн адамга лаанат болсун! Анын парз жана башка ибадаттары кабыл болбойт»**. [Шира]

**6-** Аттарын айтып чакырбоо, сөздөрүн бөлбөө, сүйлөшүп жаткан болсо аралашпоо. Мен билемдик кылбоо. Эне-ата ката сөз айткан болсо да андай эмес деп каршы чыкпоо.

**7-** Эне-атанын мамилесин буза турган сөздөрдөн жана кыймыл-аракеттен узак туруу. Эне-ата менен уул-кыздын мамилесин буза турган сөздөн жана кыймыл-аракеттен узак туруу. Келиндерди эне-ата менен уулдарынын мамилесин буза турган сөздөрдөн узак кармаш керек. Пайгамбарыбыз: **«Эне менен уулунун мамилесин бузган адамга лаанат болсун», -**деп айткан. (Гунйа)

**8-** Сүйлөшүп жаткан кезде кыл же кылба сыяктуу сөздөрдү колдонбоо. Кыла аласызбы деп өтүнүч иретинде назик сүйлөө керек.

**9-** Жакшы дубаларын алуу. Эне-атанын дубасын чоң олжо

деп билиш керек. Хадис-и шарифтерде айтылды: **«Үч кишинин дубасы кабыл болот. Эне-атанын, зулумдукка учураган адамдын жана мусапырдын дубасы»**. [Тирмизи]

**«Эне-атанын дубасы илахи хижабга жетет, дубалары кабыл болот».** [Ибни Маже]

**10-** Каргыштарын албоо. Хадис-и шарифте айтылды:

**«Эне-атанын балдарына жана зулумдукка учураган адамдын заалымга болгон каргыштары кайтарылбайт».** [Тирмизи]

**«Өзүңөргө, бала-чакаңарга жана мал-мүлкүңөргө каргыш кылбагыла! Эгер дубалардын кабыл болгон саатына туш келе турган болсо бул каргышыңар кабыл болот».** [Муслим.]

Эне-атаң чакырган кезде кандайдыр бир иш менен алектенип турган болсоң дароо ал ишти таштап аларга жүгүр! Энең, атаң сага ачууланып кыйкыра турган болсо аларга сен бир нерсе сүйлөбө. Эне-атаңдын дубаларын алгың келсе сага буйрук кылган иштерин тез жана жакшы аткарууга аракеттен! Кылган ишиңе ыраазы болбой калууларынан, каргыштарына калуудан корк! Сага таарына турган болсо аларга карата катуу сөз айтпа! Дароо колдорун өөп, ачууларын басууга аракет кыл! Эне-атанын көңүлүнө келип турган нерселерге көңүл бур! Себеби, сенин бактың жана балээлерге дуушар болууң алардын көңүлдөрүнөн чыккан сөздөргө байланыштуу болот. Эне-атаң оорукчан же картайып калган болсо аларга жардам бер! Өз бактыңды алардан ала турган дубада (баталарыңда) деп бил! Эгер алардын көңүлүн оорутуп, каргыштарын ала турган болсоң дүнүйө жана акыретиң караят. Жаадан чыккан ок кайтып келбейт. Алардын көздөрү тирүү кезинде кадырын бил!

### Көңүл менен орундала турчуон акысы:

**1-**Аларга боор ооруп, мээримдүүлүк кылуу. Хадис-и шарифте мындай деп айтылды:

**«Ырайымдуу болбогон**го ырайымдуулук кылынбайт, мээридүүлүк кылбаган мээримдүүлүк кылынбайт»**.** [Муслим]

**2-** Аларды жакшы көрүү. Ар ыңгайы табылганда эне-атанын колун өбүүгө аракет кылуу керек, аларды сүйгөндүгүн аларга

сездирүү керек. Хадис-и шарифте мындай деп айтылды:

**«Энесинин бутун өпкөн адам Жаннаттын эшигин өпкөн болот».** [Шира]

**3-** Кубанычтарына кубануу. Бир нерсеге кубанышса (Кандай жакшы болуптур, кайырлуу болсун) деген сыяктуу сөздөр менен мындан ыраазы болгондугун билдирүү керек.

**4-** Кайгы-муңдарын тең бөлүшүү, дарттарына тең орток болуу. Бир нерсеге кайгырып отурушкан болсо «Жакшы болуп кетсин" деп өзүнүн да муну ойлоп, капа болгондугун сездирүүгө аракет кылуу керек.

**5-** Алар көп сүйлөсө жаман көрбөө. Жаман көрүп турса дагы муну эч качан билдирбеш керек.

**6-** Урушса же кыйынчылык тарттырса буга ачууланбоо. Сөздөрүн эч укпаган сыяктуу өзүн алып жүрүү керек.

**7-** Алардан ыраазы болуу. Кантип болсо дагы алардын ыраазылыгын алууга аракет кылуу керек. Хадис-и шарифте айтылды: **«Аллаху тааланын ыраазылыгы эне- атанын ыраазылыгында болот»**. [Р.Насихин]

**8-**Аларды таарынтып алуудан катуу коркуш керек. Исра сүрөсүнүн 23-чү аятында эне-атага жакшы мамиле кылуу, аларга жылуу жана таттуу сүйлөөлөрү буйрук кылынган. Эгер муну унутуп коюп эне-атаңдын көңүлүн оорута турган болсоң, дароо ыраазычылыктарын алууга аракет кыл, жалбарып, айтор, эмне кылып болсо да алардын көңүлдөрүн ал.

**9-** Аларга назданбоо. Тескерисинче, алардын наздануюларына чыдоо керек. Себеби, эне-ата биздин кичинекей кезибиздеги канчалаган наздануюларыбызды көтөргөн эле. Эми наздануу кезеги аларга келгендигин унутпоо керек.

**10-** Кыйынчылыктарын тартса дагы эртерээк өлсө кутулсак экен деген ойдо болбоо, алардын узун өмүр сүрүүлөрүн каалоо. Алар бизге караганда көп кыйынчылык тартышса дагы биздин жашап кетүүбүздү каалашкан эле. Бул үчүн өздөрү ичпей-жебей бизди багышкан эле.

**Мал-мүлк, акча менен орундала турчуон акысы:**

**1-**Өзүнөн мурда аларга кийим-кечек алуу керек. Өзү жей турган тамактын жакшысын аларга жедирүү керек.

**2-Алыс жерде болсо зыяратка баруу керек.**Эне-ата жана махрам болгон туугандарды зыярат кылуу - важиб. Жок дегенде салам айттырып, көңүлдөрүн ала турган жакшы кат жазып бул күнөөдөн кутулуш керек. Зыярат кылына турчу адамдардын ирети төмөндөгүчө: Эне, ата, бала, чоң ата, чоң эне, бир тууган, атасынын ага-инилери, атасынын эже-карындаштары, таеке жана таеже.

**3-** Бирге тамактануу.

**4-** Каалап турган нерселерин суроо жана орундоо.

**5-** Үйлөрүн тазалап, сырдап, оңдой турган жерлер болсо оңдоп бериши керек.

**6-** Акча берүү. Муктаж болуп турганын жашырып, сага айтпашы мүмкүн.

**7-** Акчаны, оокатты аларга эркин колдоно ала турган кылуу. Качан керек болсо малым-жаным силерге курман болсун деп, таарынычтары бар болсо ушул жол менен алардын көңүлдөрүн алуу керек. Эне-атага жумшалган акчага сурак болбойт. Муктаж болгон эне-атага жардам парз болот. Курани каримде мындай деп айтылды:

**«Эне-атага, бир тууганга, жетимдерге, колунда жокторго, сапарда жүргөн адамга нафака бергиле!»** [Бакара 215]

«Кимге нафака берейин?» **-** деп сураган адамга Расулуллах: **«**Өзүңө, эне-атаңа, кийин аялыңа жана балдарыңа, кызматчыңа жана андан калганын өзүң билесиң**», -** деп жооп берди. (Несаи)

Атасы ооруп, карай турган адам табылбаса күйөөсүнөн уруксатсыз да барып кызматын кыла алат. Зымми болгон ата дагы ушундай (Зымми – бул мурдагы мусулман мамлекетте жашаган мусулман эмес жарандар.) Бирок, бала бай болгон атасын кароого мажбур эмес.**(Беззазийие)**

Бай баланын кедей болгон эне-атасына нафака берүүсү - парз. Кедей адамдын кедей болгон эне-атасына нафака берүүсү - парз эмес. Кедей эне-атасын өз үйүнө алып бирге жашашы керек. **(Фатава-и Хайрийие)**

Эне-атанын бирине кызмат кылсаң экинчиси таарына турган болсо атага урмат кылып жана баш ийип, энеге кызмат, жардам жана жакшылык кылуусу керек.

**8-** Анда-санда жакшы тамак-аш жасап алады чакырып туруу керек. Ошону күтүп турушса да сага айталбашы мүмкүн.

**9-**Алардын досторун достой көрүп, чакырып көңүлдөрүн алуу керек. Душмандарынан да узак болууга аракет кылуу керек.

**10-** Ооруп калышса даарылантуу керек. Аларды карай турган кызматчы жалдагандан көрө жеке өзү кызмат кылууга аракет кылуу керек.

**Кайтыш болгондон кийинки кырк акысы:**

**1-** Жерге берүү иштерин эртелетүү.

**2-**Сөөгүн сүннөткө ылайык жууш. Бул ишти жакшы билген адамдарга кылдыруу керек.

**3-** Сүннөткө ылайык кепендөө.

**4-** Уруксат болбогон кепен оробоо.

**5-** Сүннөт болгон санга көңүл бөлүү. Эркектерге үч бөлүктөн ашык кылбоо.

**6-** Кепенде ысрапкорлук кылбоо.

7- Халал акчадан кепен сатып алуу.

**8-** Эгер жаназа намазын окутууну билсе өзү окутуу. Бидатчыларга жаназа намазын окутпоо.

**9-** Аларга дайыма дуба кылуу. Бир хадис-и шарифте айтылгандай: **«Эне-атасына дуба кылбаган адамдын ырыскысы кесилет»**. [Шира]

**10-**Кабырга өзү коюу.

**11-** Мүрзө казган адамдарды ыраазы кылуу.

**12-** Жакшы жана салих адамдардын арасына көмүү.

**13-** Жаман адамдардын арасына көмбөө. Себеби, жаман коңшудан ага кыйынчылык келет.

**14-** Кабырдын үстүн балыктын сыртындай кылып тегиздөө.

**15-** Кирпич колдонуу.

**16-** Бышкан бетон колдонбоо. Мык, бетон сыяктуу бышырылган нерселерди кабырдын ичинде колдонуу макрух. Кабырдын үстүн сырттан бетон же мрамор мене жабууга болот.

**17-**Кабырынын жанында туруп садага берүү.

**18-** Кабырдын жанында дуба кылуу. [Садаганы жана дубаны кечиктирбөө, 40 жана 52. түн сыяктуу бидат болгон иштерден узак туруу.]

**19-** Карыздарын төлөө.

**20-** Өзү телкин бериш керек.

**21-** Дароо искатын орундоо керек. Өлгөн адамдын намаз жана орозо карызы үчүн башка бирөө анын ордуна намаз окуй албайт жана орозо кармай албайт. Хадис-и шарифте айтылды:

**«Башка бирөөнүн ордуна орозо кармалбайт жана намаз окулбайт. Бирок, орозосу жана намазы үчүн кедейди тойгузууга болот»**. [Насаи]

**22-** Мазар ташына уруксат болбогон нерселерди жаздырбоо керек. Мисалы, Фатиха же Бисмиллах же аят жазууга уруксат эмес. Башка адамдар жылдар бою жазып келаткан болсо да муну кылуу туура эмес.

**23-** Осуяттары (керээзи) бар болсо аларды орундоо керек. Динге ылайык эмес болсо орундалбайт.

**24-** Намаздан кийин дуба кылып, соопторун алардын рухтарына багыштоо керек. Хадис-и шарифте айтылды: **«Эне-атасына каршы болгон адам алар кайтыш болгондон кийин аларга дуба кылса, Аллаху таала аны эне-атасына баш ийгендерден кылып жазат».** [Ибни Эбиддунйа]

**25-** Сообу аларга тийсин деп ниет кылып орозо кармоо.

**26-** Сообу аларга тийсин деп ажылыкка баруу. Аалымдардын көбү эне-ата үчүн ажылык кылууга болот дешкен.

Хадис-и шарифте айтылды:

**«Өлгөн эне-атасы үчүн ажылык кылган адамга өзүнө да, эне-атасына да ажылык кылуу сообу берилет. Эне-атасынын рухуна сүйүнчүлөнөт».** [Даре Кутни]

**27-** Сообу аларга тийсин деп садага берүү. Хадис-и шарифте айтылды:

**«Садага берип жаткан кезде сообун мусулман эне-атанын рухуна эмне үчүн хадия кылбайсыңар? Хадия кыла турган болсоңор берген садаганын сообу алардын рухтарына кеткендиги сыяктуу эч кемитилбестен ошол сооп силерге да жазылат.»** [Таберани]

**28-** Кабырдагыларды зыярат кылып Курани карим окуш керек. Хадис-и шарифте айтылды:

**«Эне-атасынын же бирөөнүн кабырын ыкылас менен магфират үмүтү менен зыярат кылган адам кабыл болгон бир ажылык сообун алат жана муну көнүмүш адат кылып алган адамдын да кабырын периштелер зыярат кылышат».** [Хаким]

**29-** Кабырларын Жума күндөрү зыярат кылуу. Хадис-и шарифта айтылды:

**«Эне-атанын кабырын Жума күндөрү зыярат кылган адамдын күнөөлөрү кечирилип, алардын акыларын өтөгөн болот»**. [Тирмизи]

**30-**Зыярат кылган кезде дуба жана Курани карим окуу менен алектенүү жана ылайыксыз нерселерди сүйлөбөө.

**31-** Тирүү кезинде таарынып калышып, бирок, баласы салих боло турган болсо алар ыраазы болушат. Алар үйрөткөн жакшы нерселер менен амал кылып турган убакыт боюнча сообу аларга да тийе берет.

**32-** Эгер алардан жаман нерселерди үйрөнүп ошол нерсени кылган сайын аларга да күнөө жана жазылат. Ошондуктан, алардан жаман жолду үйрөнүп алган болсо муну ташташ керек, бул жаман амалдары менен аларга да кабырда азап тарттырбоо керек.

**33-** Эне-атаны сөкпөө. Хадис-и шарифте: **«Эне-атаны сөгүү -күнөө»**, - деп айтылган. (Бухари) Башкача айтканда, башка бирөөнүн эне-атасын сөгө турган болсоң ал да сенин эне-атаңды сөгүшү мүмкүн.

**34-** Алардын жакындарына жакшы мамиле кылуу. Хадис-и шарифте айтылды:

**«Өлгөн эне-атага дуба жана истигфар кылуу, карыздарын төлөө, досторун сыйлоо, алардын жакындарын зыярат кылуу, жакшы мамиле кылуу менен аларга сый көрсөткүлө.»** [Хаким]

**35-** Досторун зыярат кылуу. Хадис-и шарифте айтылды:

**«Атасы өлгөндөн кийин анын досторун зыярат кылып турган адам жакшылыктардын эң жакшысын кылган болот»**. [Муслим]

**36-** Достору менен көрүшүү. Хадис-и шарифте: **«Жакшылыктардын эң жакшысы атанын досторун көрүп туруу»**, - деп

айтылды. (Муслим)

**37-** Фытыр майрамында сообу аларга тийсин деп фытыр садага берүү.

**38-** Курман айтта сообу аларга тийсин деп курмандык чалуу.

**39-** Эне-атанын жакшы көргөн тамактарын жасап, кедейлерге берип алардын рухтарын кубантуу.

**40-** Жамандыктарын айтпоо. Хадиси шарифте: **«Өлгөндөрүңөрдү жакшылык менен эскергиле, жакшылыктарын сүйлөгүлө, жамандыктарын ашкерелебегиле»**, - деп айтылды. (Тирмизи)

## Дуба алгыла!

Күндөрдүн биринде Абул Хасан Харкани хазреттерине адамдар насаат сурап келишет. Хазрети Абул Хасан аларга: "Дуба алгыла, адамдардын ыраазылыгын, батасын алгыла!" – дейт. Келгедер: "Кимдин дубасын алалы?" – деп сурашканда, "Муктаждардын дубасын алгыла, өзгөчө эне-атаң муктаж жагдайда болсо, алардын дубасын алуу - чоң дөөлөт", - деп ушул окуяны айтып берет.

Илгери бир заманда эки ага-ини жана алардын кызматына муктаж энеси жашаган экен. Ага-ини түн сайын кезектешип энесине кызмат кылышчу. Бири кызмат кылганда экинчиси ибадат кылчу. Бир түнү бирөөсү ибадаттын лаззатына ушунчалык берилип кеткендиктен бир тууганына: "Сен дагы бир түн энебизге кызмат кыла аласыңбы?" – деп өтүнөт. Бир тууганы ага макул болуп түнү бою энесине кызмат кылганда, экинчиси түнү бою ибадат кылат. Таңга жуук уйку басып, уктап калат. Түшүндө:

- Бул иште бир тууганың олжолуу чыкты жана бардык күнөөлөрү кечирилди, - деген үн угулат.

- А менин күнөөлөрүмчү?

- Сен дагы бир тууганыңдын урматы үчүн кечирилдиң, - деп айтылат.

Таң калган эле:

- Мунун сыры эмне болду экен? – деп сурайт. Мындай деген жооп алат:

- Аллаху таала силердин ибадаттарыңарга муктаж эмес. Ал эми энең болсо силердин кызматыңарга муктаж. Ага кызмат кылуунапил ибадаттан да артык сооптуу иш.

## Эне акысы

Күндөрдүн биринде Пайзамбарыбыз алейхиссалам сахабалары менен бирге сүйлөшүп отурган эле. Ошол кезде бир аял сахаба шашып кирип келет: "Йа, Расулаллах! Күйөөм өлүм төшөгүндө жатат, балким убагы аз калган чыгар. Калима-и шахадатты айта албай жатат. Күйөөмдүн ыймансыз кетип калуусунан коркуп жатамын. Ошондуктан, сизден жардам сурап келдим", - дейт. Пайгамбарыбыз: "Күйөөңдүн дени сак кезинде кандай жаман иштери бар эле?" – деп сурайт. Аялы анын эч кандай жаман амалы жок экенин, намазын окуп, ибадаттарды кемчиликсиз орундаганын айтат. Ошондо Пайгамбарыбыз: "Күйөөңдүн дүйүнөдө кандай тууганы бар?" – деп сурайт. Аялы карып калган энеси бар экенин айткан кезде Пайгамбарыбыз аны жанына чакырат. Хазрети Алкаманын энеси Расулуллах алейхиссаламдын жанына келгенде: "Балаңыздын сизге болгон мамилеси кандай эле? Балаңыздан ыраазысызбы?" – деп сурайт.

Хазрети Алкаманын энеси: "Йа, Расулаллах! Уулум үйлөнгөнгө чейин мени өтө жакшы карачу. Үйлөнгөндөн кийин абдан өзгөрдү. Аялынын сөзүн угуп, мени таарынта турган болду. Жада калса, соңку кездерде мени жалгыз таштап, бөлүнүп чыгып кетти. Анын бул ишине абдан капа болдум", - дейт. Пайгамбарыбыз карыган энеге уулунун өлүм төшөгүндө жатканын жана кечирбесе Тозок азабына тартыла турганын айтса дагы энеси: "Ыраазы эмесмин, кечирбеймин", - дейт. Ал эми Алкама болсо үйдө али шахадат келимесин айта албай жаткан болчу.

Пайгамбарыбыз кары кемпирдин энелик мээримин козгоо максатында сахабаларына: "Мага бираз отун алып келгиле!" – деп буюрду. Кепмир таң калып: "Отунду эмне кыласыз, эй, Расулаллах?" - деп сурайт. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз: **"Уулуңду өрттөймүн. Тозокто күйгөнчө ушул жерде күйгөнү жеңилирээк болот",** - деген кезде, энеси чыдай албай: "Уулумдун көз алдымда күйүүсүнө ыраазы эмесмин, эй, Расулаллах! Ага акымды адал кылдым, кечирдим!" – деп айтат. Пайгамбарыбыз Хазрети Алкаманын абалын билип келүүгө Билал Хабаши хазреттерин жиберет. Билал Хабаши Алкаманын жанына барып, шахадат келимесин талкин кылган кезде Алкаманын тили ачылат. Хазрети Алкама: "Ла илаха иллаллах, Мухаммадан расулуллах", - деп айтып, жан тапшырат.

# КАРЫЛАРГА СЫЙ-УРМАТ

**Суроо:** Карыларга сый-урмат тууралуу маалымат beresизби?

**Жооп:** Имам Азам хазреттери Имам Абу Юсуфка: "Аалымдарды урматта! Улууларга сый-урмат, кичүүлөргө изаат-мээримдүүлүк көрсөт!" – деген. Өзгөчө мусулман карыларга сый-урмат көрсөтүү керек. Жакшы-жаман деп бөлбөй, баарына бирдей жакшылык кылуу керек. Мисалы, коомдук унааларга жаш-кары, оорулуу-дени соо, аял-эркек, бай-кедей, аалым-жахил сыяктуу ар түрдүү топтогу адамдар түшүшөт. Алсыздарга көмөктөшүү керек, автобуска кирип-чыкканда дагы көмөктөшүп, аларга орун берүү керек. Карыларга, муктаждарга көмөктөшүү керек.

Ушул тууралуу хадиси шарифтерде мындай деп билдирилген:

**"Алсыздарга, майыптарга, карыларга жана кичүүлөргө мээримдүүлүк көрсөткүлө!"**(Шира)

**"Карыларга урмат-сый Аллаху таалага болгон урматтан пайда болот."** (Бухари)

**"Улууларды сыйлабаган, кичүүлөргө мээримдүүлүк кылбаган бизден эмес."** (Бухари)

**"Калктын ичинде карыя – үммөтүнүн арасындагы Пайгамбар сыяктуу."** (И. Нажжар)

**"Мына ушул үч нерсе Аллаху таалага карата таазимден деп эсептелет:**

**1 – Мусулман болуп картайган адамды урматтоо,**

**2 – Курани каримди жаттаган адамды урматтоо,**

**3 – Илимди урматтоо."** (Рамуз)

**"Мусулман болуп картайган адамды урматтаган адам Нух алейхиссаламды урматтагандай сооп табат. Нух алейхиссаламды урматтаган адам, Аллаху тааланы урматтаган болот."** (Хатиб)

**"Такбир, тахмид, тасбих, жана тахлил себеби менен мусулман болуп картайган момундан абзел адам жок."** (И. Ахмед)

**(**Такбир: Аллаху акбар,

Тахмид: Алхамдулиллах,

Тасбих: Субханаллах,

Тахлил: Ла илаха иллаллах.)

Пайгамбарыбыз алейхиссалам Аллаху тааланын ант берип: **“Мусулман болуп картайган адамга азап тарттыруудан уяламын”**, - деп буюрганынан кийин ыйлады. Мунун себебин сурашканда: **“Аллаху таала өзүнөн уялган кезде Андан уялбагандарды ойлоп ыйладым”**, - деди. (Байхаки)

**Суроо:** Автобуста отурганда жакшыбы, жаманбы, ким экени белгисиз жашы улуу адамдар түшүшөт. Алардын кандай экенин билбестен орун берүүнүн зыяны жокпу?

**Жооп:** Динибиз карыларды сыйлап-урматтоого чоң маани берген. Хадиси шарифте: **“Жаш адам бир кары адамдын жашына карап сый-урмат көрсөтсө, анын жашына чыкканда Аллаху таала ага жаштарды урмат кылдырат”,** - делген. (Шира)

Бүгүндүн жаштары эртенки күндүн карылары деген сөз.

Карыларга сый-урмат көрсөткөндө бай-кедей деп бөлбөш керек. Байга байлыгы үчүн урмат көрсөтүлбөйт. Мал-мүлкүнө карата болушунча көтөрүп, кедейлигинен улам кедейди төмөнсүнткөн адамдын лаанатка татыктуу экени билдирилген. **(Шира Шархи)**

### Карыны урматтоо

Күндөрдүн биринде Хазрети Али багымдат намазын окуу максатында мечитке келе жатып бир кары киши менен жолу туш келет. Хазрети Али карыяны урматтап, алдыга түшпөй артынан акырын басып келе берет. Мечиттин эшигине келгенде карыя мечитке кирбей ары карай кете берет. Хазрети Али бул карыянын христиан экенин түшүнөт.

Мечитке киргенде Пайгамбарыбыздын жана сахабалардын рукуга ийилип турганын көрүп, дароо намазга кошулат. Намаздан кийин сахабалар Расулуллахтан неге биринчи рукуда узак убак турганын сурашат. Пайгамбарыбыз:

**- Руку таспихтерин айтып болуп турайын деп жатсам Жабраил алейхиссалам келди. Башыман** кармап, **рукудан туруума тоскоол болду. Мунун сыры эмне экен билбедим, -** деди

Ошол кезде Жабраил алейхиссалам Пайгамбарыбыздын алдына келип:

- Эй, Расулаллах! Сен рукуда турган кезде Аллаху таала мага мындай деп буйрук берди: **“Бар, Хабибимди кармай тур! Рукудан**

**турбасын! Кулум Али жолдо бир карыянынак сакалдыгына урмат көрсөтүп, жай келе жатат. Ал дагы алгачкы рекетке үлгүрсүн!”** Ошондуктан, мен силердиХазрети Али келгенге чейин рукуда кармап турдум.

## ДИНИБИЗДЕ АЯЛДЫН ОРДУ

**Суроо:** Азыркы тапта “Жашоо – баарына бирдей, эркек да, аял да тең” деген сыяктуу сөздөр айтылып, аялдарга зулумдук кылынууда. Эң оор, эң төмөн жумуштарда деле аялдар иштеп жүрөт. Ислам дининде аял киши үйдүн ичинде жана сыртында жумуш жасап, акча табууга мажбурбу? Динибиздеги аялдардын укуктары кандай, ушул тууралуу маалымат бересизби?

**Жооп:** Исламга чейин аялдардын эч кандай кадыр-баркы жок болчу. Араптар кыз перзенттерин тирүү бойдон көмүшчү. Каабанын айланасында да аялдар жылаңач жүрө беришчү. Ислам дини келгенден баштап бул жаман адаттар жоюлду.

- Азыркы заманда дагы дүнүйөнүн көп жерлеринде аялдарга кордук көрсөтүлүүдө. Кечээ гана өткөн союздук доордо аялдарга зулумдук кылынды, мажбурлап колхоз, совхоздордо эркектер сыяктуу эң оор жумуштарда, эркек башчылардын кысымы астында арзыбаган акчага кыйнап иштетилди. Бирок, зулумдуктун арты узакка созулбайт. Белгилүү болгондой соңуна жетти.

Батыш элдери делген христиан өлкөлөрдө жана Ислам өлкөлөрү делген Азия элдеринде деле аялдар завод-фабрикаларда, соода-сатыкта эркектер сыяктуу жумушка тартылууда. Көбүнүн турмушка чыкканына өкүнүп жүргөндөрү, сот мекемелери ажырашуу арыздарына толуп жаткандыгы көрүлүүдө.

Бир жазуучу аял мындай дейт:“Көргөзмөлөргө барган сайын сандарын жалтыратып, соңку модель машинанын үстүндө отурган кыска этектүү юбка кийген тирүү маникендерди көргөнүмдө ичим ачышат, жүрөгүм сыздайт. Ошондой эле аялга таң каламын. Азбыкөппү өзүн сыйлаган бул аялдар ал жерде туруп машиналардын аксессуары сыяктуу өзүн соодага коюуга кантип чыдай алууда. Аялзатын мынчалык төмөндөткөн ушундай аялдар да, жана аларды ушуга отургузуп, кардарды алдап товарын сатууга аракет кылып

жаткандар да мени ыза кылат.”

Аял өзүнө Ислам дини берген кадыр-баркты, жеңилдиктерди, эркиндикти билсе бүткүл жер бетиндеги аялдардын баары мусулман болушмак.

Мусулман аял - султан. Динибиз аялга өтө бийик кадыр-барк берген. Ал эми эркекке көп жоопкерчилик жүктөгөн. Исламда аял үй ичинде жана сыртында жумуш кылууга, акча табууга мажбур эмес. Турмушга чыккан болсо күйөөсү, чыкпаган болсо атасы, атасы жок болсо эң жакын эркек тууганы эмгектенип, анын муктаждыктарын камсыз кылууга мажбур. Жакын тууганы жок болсо же кедей болсо “Байтул мал”, б.а., мамлекеттик казына ар түрдүү керектөөлөрүн камсыз кылып берүүгө мажбур.

Исламда оокат кылуу жүгү эркек менен аял арасында бөлүштүрүлгөн эмес. Эч бир эркек аялын талаада, завод-фабрикада же кандайдыр бир жумушта иштөөгө мажбурлай албайт. Эгер аял өз кааласа жана күйөөсү дагы буга ыраазы болсо аял өзүнө ыңгайлуу болгон жумушта иштей алат. Бирок, иштеп тапканынын баары өзүнүкү болот.

Мусулман аял соода-сатык, илим, өнөр жай, дыйканчылык менен алектенүүгө мажбур болбосо да, булар менен алектенүүгө, акча табууга тыюу салынган эмес, харам да эмес. Бирок, булар менен алектенгенде жана илим үйрөнгөндө эркектерге аралашып кетпөөсү, аларга ачык көрүнбөөсү, харамдан узак болуусу керек. Аялдын кылган күнөөлөрүнүн жазасын ага ошол күнөөнү кылууга уруксат берген күйөөсү да тартат. Ал эми эркектин кылган күнөсүнүн аялга зыяны жок.

Мусулман аялдын үй иштерин кылуусу анын ихсаны (жакшылыгы) болуп саналат, өтө сооптуу болот. Кылбаса күнөө эмес. Эч ким мажбурлап кылдыра албайт. Расулуллах алейхиссаламдын доорунан ушул күнгө чейин мусулман аялдар бул ихсанын (жакшылыгын) орундап келишкен.

Ар бир аял - бир эркектин кызы, эже-карындашы, аялы же болбосо энеси. Аялдарга жаман, жаңылыш нерселерди ылайык көрбөш керек. Аларды татыктуу түрдө кадырлай билүү керек. **(Р. Насихин)**

Хадиси шарифте мындай делген:

**“Момун жаман мүнөздүү деп аялына ачууланбасын!**

**Жакшы мүнөзү да болот.”** (Муслим)

**“Аял алсыз жаратылган. Алсыздыгын унчукпоо аркылуу жеңгиле! Үйдөгү кемчиликтерин көрбөөгө аракет кылгыла!”** (Ибн Лал)

**“Аялы менен жакшы мамиледе болуп, азилдешкен адамды Аллаху таала жакшы көрөт, ырыскысын көбөйтөт.”** (Ибн Лал)

**“Мусулмандардын эң жакшысы, эң пайдалуусу - аялына эң жакшы, эң пайдалуу болгону. Силердин араңарда аялына эң жакшы, эң кайрымдуу, эң пайдалуу болгону - менмин.”** (Насаи)

**“Аялына жылмайып караган эркектин амал дептерине бир кулду азат кылгандай сооп жазылат.”** (Р. Насихин)

**“Аялдарды тектүү жана кадырлуу адам гана кадырлай алат. Аларды жаман жана төмөн адам гана кор көрөт.”** (И. Асакир)

**Суроо:** “Исламда аялдардын кадыры жок”, - деп айтылып жатат. Исламда аялдын орду кандай?

**Жооп:** Динибизди билбеген адамдын Исламдын аялга берген кадыры тууралуу сөз сүйлөөсү сокур адамдын пилди сүрөттөөсүнө окшойт. Бир сокур киши пилдин бутун кармап көрүп: “Пил тирек сыяктуу”, - дейт. Башка бир сокур киши пилдин денесин карпап көрүп: “Пил дубал сыяктуу”, - дейт. Көргөн адам менен көрбөгөн адам бирдей боло албагандай эле билген адам менен билбеген адам дагы бирдей эмес.

**Эркектер кемчиликти дайым өзүндө деп ойлоого тийиш**

Курани каримде адамга келген кыйынчылыктар кылган күнөөсүнөн улам келе тургандыгы билдирилген. Фудайл бин Ияд хазреттери: “Динге туура болбогон иш кылганымды аялымдын мүнөзүнүн өзгөрүүсүнөн байкачумун. Дароо ал ишиме тобо кылган кезимде аялымдын дагы мүнөзү дароо оңдолчу. Ошентип тообомдун кабыл болгонун түшүнчүмүн”, - деген. Андай болсо мусулман эркек аялы менен жакшы мамиледе болот. Анткени, эркектердин мойнунда аялдардын да акылары бар. Хадиси шарифте: **“Аялдарыңарды таарынтпагыла! Алар - Аллаху тааланын силерге берген аманаты. Алар менен жылуу мамиледе болгула, жакшылык кылгыла!”** (Муслим)

Үйгө келгенде аялына салам берип, ал-ахыбалын суроо керек, таарынычына, кубанычына орток болуу керек. Анткени, ал- башкалардан үмүтсүз жана өзүнө гана байланган жолдошуң, дартыңа шеригиң, көңүлүңдү көтөрүүчү, бала тарбиялап өстүрүүчү жана түрдүү муктаждыктарыңды толуктоочу. Эркектер кемчиликти, күнөөнү дайым өзүндө деп билүүгө тийиш, "Эгер мен жакшы болгонумда, ал мындай болмок эмес" деп ойлоо керек. Аялынын жакшылыгын, намыскөйлүгүн Аллаху таала берген чоң ниматы деп билүү керек. Аялынын жаман мүнөзүнө жумшак, сабырдуу мамиле кылуу керек. Жакшылыгы көбөйүп, бардык иштерин кубанып жасаганда ага дуба кылып, Аллаху таалага шүгүр кылуу керек. Анткени, жакшы аял - чоң нимат. Жакшы мамиледе болуу бир гана аны таарынтпоо эмес, ошондой эле андан келген кыйынчылыктарга дагы чыдоо. Тактап айтканда, эркек "мен жакшы күйөөмүн" дегиси келсе аялынан келе турган кыйынчылыктарга да чыдоосу, сабыр кылуусу керек. Хадиси шарифте: **"Аялынын жаман мүнөзүнө сабыр кылган эркек Аййуб пайгамбардын сабыры үчүн берилген сооպторго ээ болот",** - деп билдирилген. Жакшы мусулман болуу үчүн аялы менен жакшы мамиледе болуу шарт. Курани каримде: **"Алар менен жакшы мамиледе болгула!"** -деп билдирилген. (Ниса сүрөсү, 19)

## Аялдардын жаратылышы

**Суроо:** Аялдар алсыз, назик жаратылгандыктан эркектерге аманат этилгендиги, эркек кишинин үй-бүлөсүндө башчы болуусу керек экендиги, аялга эркек киши жоопкер экендиги, бирок, аялдын эркек кишиге жоопкер эместиги айтылууда. Ушул маселе тууралуу аят же хадис барбы?

**Жооп:** Ооба, бар. Курани каримде мындай делген:

**"Эй ыйман келтиргендер, өзүңөрдү жана бала-чакаңарды оттон коргогула, ал эми оттун отунудары болсо - адамдар менен таштар."** (Тахрим сүрөсү, 6)

**"Эркектердин аялдарда, аялдардын эркектерде акылары бар. Ал эми эркектер аялдарга караганда бир даража жогору турат."** (Бакара сүрөсү, 228)

**"Эркектер аялдардын үсүнөн башкаруучу. Анткени,**

**Аллаху таала кээ бир кулдарын кээ бир кулдарынан жогору кылып жараткан.”** (Ниса сүрөсү, 34)

Хадиси шарифтерде мындай делген:

**“Аялдарды Аллаху тааланын аманаты катары алдыңар жана аларга жакындык кылууларың Аллахтын буйругу менен халал кылынды. Силердин алардын үстүндө акыларың болгон сыяктуу алардын да силердин үстүңөрдө акылары бар. Төшөгүңөргө эч кимди жакындатпоо жана белгилүү жагдайларда силерге каршы баш көтөрбөөлөрү – силердин аларга болгон акыларыңар. Алар силердин бул акыларыңарга моюн сунса, ырыскы, кийим-кече менен камсыздандырылуусу алардын акылары.”** (Ибн Жазир)

**“Аял кабырга сөөгүнөн жаратылган. Эч качан түз боло албайт. Аны түздөөгө аракет кылсаң сындырып аласың. Аялдын сынуусу – ажырашуусу.”** (Бухари)

**“Аял алсыз жаратылган жана аврат болуп саналат. Аялдардын авраттарын үйдө кармап жапкыла!”** (Ибн Лал)

**Суроо:** Аял үстөмбү же эркекпи?

**Жооп:** Бул туура эмес суроо. Бул “Мынабул инженер мыктыбы же тиги адвокатпы?” деген суроого окшойт. Адвокаттан мыкты инженер, инженерден мыкты адвокат болот. Эркектен үстөм аял көп. Жыныстары, касиеттери өзгөчө болгондорду салыштырууга болбойт. Мисалы, алма алмуруттан же алмурут алмадан жакшыраак делбейт. Анткени, булар эки түрдүү нерселер. Жүз килограммдык балбан менен элүү килограммдык балбан бири-бири менен күрөшкө чыкпайт. Ар балбан өз салмагындагы балбан менен күрөшөт. Оор салмактагы балбан өз атаандаштарынын баарынан жеңилип, элүү килограммдык балбандардын баарын жеңсе медаль ала албайт.

Аял менен эркекти салыштырып, “Аял баланы дүнүйөгө алып келет, эркек алып келбейт, бул теңдик эмес” дегендей жыйынтык чыгаруу маанисиз нерсе. Аллаху таала аял менен эркекти ар түрдүү иш үчүн жараткан. Физикалык жактан экөө бири-бирине окшобойт. Бири-бирине окшобогон эки нерсени бири-бири менен салыштырууга болбойт.

Эркек туруп: “Акыры аял менен эркек тең экен, эмне үчүн аялдар деле биз сыяктуу жердин астында көмүр жана башка кен

казуу иштерин кылышпайт?” – дебеши керек. Анткени, аялдын дене түзүлүшү мындай иштерге чыдамдуу эмес. Кээ бир мамлекеттерде аялдар мындай иштерди кылып жаткан болсо да бул теңдик эмес, кордук болуп саналат. Ар адамга өзүнө ылайык жумуш берилиши керек!

Аллаху таала аялды да эркекти да туш келди ишке ылайыктуу кылып жараткан эмес. Аялдын боксёр, күрөшчү болбоосу анын абийирин түшүрбөйт. Лимондун кычкыл болушу лимон үчүн кемчилик эмес. Анткени, лимон ошол кычкылдыгы үчүн алынат. Аллаху таала да аялды оор иштерге ылайыктуу кылып жараткан эмес. Эркек менен аял эки башка жыныс. Алма менен алмурут салыштырылбай тургандай сыяктуу, аял менен эркектин бири-биринен артыкчылыктары тууралуу айтылбайт. Бир гана сыпаттары бирдей болгон нерселер салыштырылат. Сыпаттары ар түрдүү болгон нерселер салыштырылбайт. Мисалы, кеме, самолёт жана автобус транспорттук каражат болгону менен биринин экинчисинен артыкчылыгы тууралуу айтууга болбойт. Самолёт деңизде жүрө албагандыктан кемеден начар деп айтылбайт. Кеме жерде жүрө албагандыктан велосипедден жаман деп айтылбайт. Кемени башка бир кеме менен, самолётту башка бир самолёт менен салыштыруу мүмкүн. Экөө тең жерде жүрө алса да танк менен автомобильди салыштырууга болбойт. Танк автомобиль сыяктуу тез жүрө албагандыктан ал начар деп айтылбайт. Ар биринин өз милдети, колдонулган орду бар.

Бокста эки аял бир эркектей гана мушташа алышы мүмкүн делсе, бул аялды кемсинткенге жатпайт. Аллаху таала аялды акыл менен дене жагынан эркектерден өзгөчө кылып жараткан. Жаратуучу жер бетинде акылдуу аял жаратканды сыяктуу, акылсыз эркекти да жараткан. Аялдардын да, эркектердин да, эч бирисинин акылдары бирбей эмес. Эч ким туруп: “Эй, Раббим, эмне үчүн адамдардын акылдарын бирдей кылып жараткан эмессиң!” – деп айта албайт. Жаратуусу суракка тартылбайт. Көп жагынан эркектер менен аялдар бири-бири менен салыштырыла албайт. Экөө тең бардык жагынан бирдей болушу керек делбейт. Эки эркек дагы бардык жагынан бири-бири менен бирдей эмес. Эки аял дагы ушундай. Үстөмдүк Аллахтын астындагы кадырына байланыштуу болот. Кара түстүү мусулан бир кедей мусулман эмес падыша менен салыштырууга

болбой тургандай даражада үстөм болуп саналат.

Динибизде байлар менен аялдардын көпчүлүгүнүн Тозокко кете тургандыгынын билдирилүүсү – байлар менен аялдарды кордогондук эмес. Байлардын көбү акчаларын пайдалуу нерседе колдонбогондуктан, зыяндуу нерселерге колдонгондуктан, ысырап кылгандыктан, ошолорго эскертүү максатында "Мына буларды кылбасаңар Тозоко барасыңар" делген.

Ошол сыяктуу аялдар да эркектерге караганда көбүрөөк таасирленип, көбүрөөк күнөө кылгандыктары үчүн "Күнөө кылбагыла, Тозокко кетесиңер" деп эскертилүүдө. Жакшы аялдарды жана байлыгын жакшы жолго жумшагандарды да Аддаху таала мактаган. Курани каримде мүлктү жакшы нерсе катары билдирүүдө, салиха аялдарды мактоодо. Капыр эркектердин Тозокко бара тургандыгын билдирип жатып, мусулман аялдардын Бейишке бара тургандыгын билдирүүдө.

Андай болсо "Ислам аялга маани берген эмес" деп айтуу, дин душмандыгынан башка нерсе эмес. Аллахка каршы чыккан аял же эркектин Тозокко баруусу нормалдуу нерсе эмеспи? Мамлекетти кулатууга аракет кылган анархист аялдарды камакка алгандыгы үчүн мамлекетти аялдардын душманы деп атоого болобу?

Динибиз аялга катуу маани берген, эркекке көп жоопкерчиликти жүктөгөн. Аялдар үйдө же сыртта кандайдыр бир ишти кылууга мажбур эмес. Турмушка чыккан болсо күйөөсү, турмушка чыкпаган болсо атасы аял кишиге муктаждыктарын камсыз кылып берүүгө мажбур болуп саналат. **(Хидая, Р. Насихин)**

**Суроо:** Мен атеист же феминист аял эмесмин. Хикматынбилбесем деле Исламдын буйруктарына ишенемин. Бирок, феминисттерге жана өзүмдүн суроолоруma да жооп бере алуум үчүн кээ бир суроолорум бар. Эмнеге Куранда, хадисте жана Ислам аалымдарынын жалпы китептеринде бардык насааттар, эскертүүлөр, буйрук-тыюулар эркектерге карата айтылат? Аял адам эмеспи? Аны менен катар аяттар менен хадистерде эркекке аялдан мурда айтылат. Мисалы, ушул аяттарда эркектерге карата айтылган:

**"Эркектер аялдардын үстүнөн башкаруучу жана аким** (үй-бүлө башчысы)**. Эй, ыйман келтиргендер, хижрат кылып келген мусулман аялдарды сынагыла. Эгер ыймандуу болсокапырларга**

**кайтарып жибербегиле. Анткени, мусулман аялдын капырга турмушка чыгуусу адал эмес.”** (Мумтахина сүрөсү, 10)

**“Силер ыйман келтирмейинче мушрик** (атеист) **аялдарга үйлөнбөгүлө. Ыйман келтиргенге чейин мушрик эркектерге аялдарды никелеп бербегиле!”** (Бакара сүрөсү, 221)

**“Силерге орозо түнүндө аялыңар менен кошулуу халал кылынды.”** (Бакара сүрөсү, 187)

**“Ахли китеп** (яхуди жана христиан) **аялдарга үйлөнүүңөр халал.”** (Маида сүрөсү, 5)

**“Силер нашиза аялдарга насаат айткыла, төшөктөрүнө кирбегиле.”** (Ниса сүрөсү, 34) Аял нашиза болот да, эркек нашиза болбойбу? Эмнеге Аллах эркекке аялга насаат айтып, аны тарбиялоону буйрук кылыдуу? (Нашиз: Жубайына зулумдук кылган эркек. Нашиза: Күйөөсүнүн төшөгүнө келбеген жана анын уруксатысыз үйүн таштап кетүүчү аял.)

**Жооп:** Аят менен хадистен дин үйрөнүлбөйт. Анткени, дин үйрөнөмүн деп жүрүп жаңылыш түшүнүп алып, динден чыгып кетүү кообу бар. Биз жазган биринчи аятта билдирилгендей Аллах эркекти башкаруучу кылып жараткан. Ит же жылан кылып да жаратмак. Аллахтын буйругуна ыраазы болуу керек. Завод-фабрикада ар бөлүмдүн өзүнүн башчысы болот. Эң жогорудагы башчы ар бир жумушчуга эмне кылуу керектигин айтып отурбайт. Кол астындагы бөлүм башчыларына айтат. Жумуштун жүрүшүнөн ошол бөлүм башчыларын жоопкер кылып дайындайт. Ушул сыяктуу Аллаху таала дагы үйдүн башчысына буйрук кылууда, аны жоопкер кылууда. Эркектердин кылган күнөөсүнө аялды жоопкер кылбайт. Бирок, аялдардын кылган күнөөсүнөн күйөөсү жоопкер болуп саналат. Ар нимат бир кыйынчылыкты талап кылат. Жоопкерчилиги көп адамдын башчы болуусу нормалдуу нерсе.

Маида сүрөсүнүн 38-аятында **“Уурулук кылган эркек менен аял”** деген сөз өтөт. Алгач эркектин аталуусу анын Аллахтын астында үстөм экенин көрсөтпөйт. Балким, уурулук эркектер тарабынан көп жасалгандыктан алгач айтылган чыгаар. Нур сүрөсүнүн 2-аятында:**“Зина кылган аял менен эркек”,** -деп айтылган. Бул жерде балким аялдардын ролу басымдуурак болгондуктан аял эркектен мурда билдирилди. Биринчи айтылуусу анын артык же кем

экенин билдирбейт. Бир аятта дагы мындай делген: **“Эркек же аял мусулман болуп жакшы амалдарды жасаган Бейишке кирет.”** (Ниса сүрөсү, 124) Бул аят дагы эркектин аялдан артык экенин көрсөтпөйт. Үстөмдүк мусулман болуп жакшы амалдарды жасоодо.

Эркек болсун, аял болсун ыймансыз адамдын жакшы иш кылуусунун эч кандай куну жок. Аллаху таала аялды эркекке аманат кылды, аманатка кыянат кылбоону дагы буйрук кылды. Хадиси шарифтерде мындай делген:

**“Аялдарыңарды таарынтпагыла. Алар - Аллаху тааланын силерге аманаты.”** (Муслим)

**“Мусулмандардын ыйман жагынан эң жогорусу – мүнөзү эң жакшы болгону жана аялы менен эң жакшы, эң мээримдүү мамиледе болгону.”** (Тирмизи)

**“Аялынын жана балдарынын акыларын өтөмөйүнчө адамдын намаздары, орозолору кабыл болбойт.”** (Муршид-ун-ниса)

**“Аялын урган адам Аллах менен Расулуна каршы чыккан болот. Кыяматта анын душманы мен боломун.”** (Р. Насихин)

### Атеисттин жалаасы

**Суроо:** Бир атеист: “Аялдарды уруу керектигин билдирген хадистер бар”, - деп, мусулмандыкты сындоодо. Бул жалган эмеспи?

**Жооп:** Албетте, бул айтканы – мусулмандыкка жалаа жапкандык. Атеист Аллахка ишенбегендиктен жана Андан коркпогондуктан ар кандай калпты тартынбай айта берет. Анткени, анын оюнда күнөө деген түшүнүк жок. Өзүнө эч кандай материалдык зыян келмейинче калпты жайуудан тартынбайт.

Динибизде жакшы мусулман болуу үчүн жубайы менен жакшы карым-катнашта болуу шарт. Курани каримде буюрулган: **“Алар менен жакшы, жылуу мамиледе бол!”** (Бакара сүрөсү, 13)

Хадиси шарифтерде мындай делген:

**“Мусулман адам жубайынын жаман мүнөзүнө ачууланбасын! Анын жакшы мүнөзү дагы болот.”** (Муслим)

**“Аял алсыз жаратылган. Алсыздыктарын унчукпоо менен жеңгиле! Үйдөгү кемчиликтерин байкабагыла!”** (Ибн Лал)

**“Мусулмандардын ыйман жагынан эң жогорусу – мүнөзү**

**эң жакшы болгон жана аялы менен эң жакшы, эң мээримдүү мамиледе болгону.”** (Тирмизи)

**“Мусулмандардын эң жакшысы, эң пайдалуусу – аялына эң жакшы, эң пайдалуу болгону. Силердин араңарда аялына эң жакшы, эң кайрымдуу, эң пайдалуу болгон - менмин.”** (Насаи)

**“Аялын урган адамдын кыяматта душманы мен боломун. Аялын урган адам Аллах жана Расулуна душман болот.”** (Р. Насихин)

**“Аялыңарды таарынтпагыла! Алар - Аллаху тааланын силерге берген аманаты. Алар менен жумшак болгула, жакшылык кылгыла!”** (Муслим)

**“Аялына жылмайып караган эркектин дептерине бир кул азат кылгандын сообу жазылат.”** (Р. Насихин)

**“Аялы менен жакшы мамиледе болуп, азилдешкен адамды Аллаху таала жакшы көрөт, ырыскыларын көбөйтөт.”** (Ибни Лал)

**“Аялынын жаман мүнөздөрүнө чыдаган эркек кыйынчылыктарга сабыр кылган Аййуб алейхиссалам сыяктуу мартабаларга жетет.”** (И. Газали)

**“Өзүң жеген тамактан аялыңа да жедир, өзүң кийген кийимден аны да кийинт, ага кабак бүркөп караба жана аны урба!”** (Абу Давуд)

**“Аллахтын кулдары болгон аялдарды урбагыла!”** (Ибн Мажа, Дарими)

Башка бир атеист дагы ошол хадистерди окуганда: “Карачы, бир гана эркекке карата “Аялыңды урба, аялыңа муну ал” деп, эркекке айтып жатат. Аялга “Күйөөңдү урба!” деп айтылган эмес. Демек, эркектердин ушуга укугу бар” деген эле. Башкаруучусуз коом болбойт. Динибизде үй-бүлөнүн башчысы, кожоюну – эркек. Ошондуктан, милдеттер эркекке, б.а., башчыга жүктөлөт, айтылган сөздөр дагы албетте, эркекке карата айтылат.

### Христиан аялдын мусулман аялдарга жазган каты

... Силер бизге караганда бактылуу көрүнөсүңөр. Анткени, силер аял турмушун, аял бакытын табигый түрдө жашап жатасыңар. Аалам жаратылгандан бери аялдар жашап келген өмүр салтын батыш аялдары дагы 1960-жылдарга чейин карманып келишкен. Ошол жылдардан кийин биз (америкалык аялдар) Голливуд кинолорунун

чабуулуна, тукурууларына кабылдык. Мен силердин дагы башыңарга ошондой күндөрдүн келүүсүн каалабаймын. Анткени, анын натыйжасында биз сыяктуу кордуктарга дуушар болосуңар. Эгер биз сыяктуу ушундай тукуруулардын натыйжасында көп нерсесин жоготуп алгандардын кайгысын уксаңар балким силер бул балээден аман каласыңар. Себеби, Голливуддун чыгарып жаткан кинолорундагы жашоо - калп, барып турган шуркуялык. Алар туш келди зинаны эч кандай зыяны жок, болгону көңүл көтөрүү сыяктуу көрсөтөт. Ошол аркылуу коомдун намыс, адеп-ахлактык эрежелерин жоюп, анын ордуна өздөрүнүн зыяндуу, уулуу программаларын киргизүүнү каалашат. Америкалык аялдарды бүткүл ааламга бактылуу кылып көрсөтүүчү, үй-бүлөбүздүн, күйөөбүздүн жоктугуна жана сойкулардын кийимине окшош кийимдерибизден бизди өтө кубанычтуу аял катары көрсөтүүчү, кумарды козгой турган фильм жана клиптер менен алар силерди дагы жаңылтып, башыңарды айландырмак. Биз көпчүлүгүбүз бактылуу эмеспиз, мага ишенгиле! Биздин арабызда миллиондогон аял стресске каршы антидепрессанттар менен дарыланууга муктаж, алардын канчалаган түндөрү жакшы көргөнүн айтып, кумарын кандырган соң таштап кете турган эркектердин кесиринен улам ыйлап өтөт. Алар силердин үй-бүлөңөрдү бузууну жана аз балалуу болууңарды каалашат.

Алар ошол максаттар менен үйлөнүүнү өзүн туткунга түшүү деп, эне болууну кордук, ар-намыстуу, уяттуу болууну артта калгандык, артка тартуу деп көрсөтөт. Алар Хава энебизди тыюу салынган мөмө менен алдаган Иблиске окшойт. Аларга алданбагыла! Мен силерди кымбат, баалуу асыл таштай, таза алтындай кадырлуусуңар деп эсептеймин. Аялзатынын ар-намысы – баа жеткис байлык. Ал эми алар бул нерсени арзан деп ишендирүүгө аракет кылышууда. Аялдардын кадырын бир дагы нерсе менен теңештирүүгө болбойт. Батыштагы моданын милдети - “Силердеги эң баалуу нерсе – кумарды козгой турган сырткы келбет” деп ишендирүү. Бирок, бул канчалык маанисиз угулса да, силердин көрктүү кийиминер батыштын туш келди модасына караганда көркөмдүү. Себеби, алар силерди сырдуулук алкагына алып, ар-намысыңарды, залкардуу абройлоруңар менен ыйманыңарды көрсөтүп турат. Аял жыныстык тартымдуулугун бөтөн көздөрдөн сактоого тийиш. Анткени, ал сени сүйгөн, урматтаган жана сени менен баш кошо турган адамга

сыйлык болууга тийиш...

Биздин эркектер тазалыкка көңүл бурбай калышты. Алар чыныгы бриллианттын баркын түшүнбөй, көрүнүшү көркөм болгон жасалма таштарды тандай турган болду. Тандаганда да акырын аны деле таштап кетүү үчүн тандай турган болушту! Силердеги эң кымбат нерсе – силердин ички сулуулугуңар, тазалыгыңар жана өзүңөрдөгү кандай болсоңор ошондой көрсөтүп турган жактарыңар. Ошого карабай мен мына ушул нерсени байкадым. Кээ бир мусулман аялдар батыштыктарды тууроого аракет кылууда. Өз аброюнан айрылганына өкүнүп жаткан же аброюнан жакында айрыла тургандыгы анык болгон аялдарды тууроонун эмне кереги бар? Силер кемчиликсиз, кемтиксиз асыл ташсыңар. Силерди алдоого, куну жок таштарга айландырууга жол бербегиле. Силер көрүп жүргөн батыштын мода журналдары менен теле берүүлөрүндөгү көрүнүштөрдүн баары жалган, көз боёмочулук. Бул –иблистин тузагы.

Ошондой эле, эгер кызыккандар бар болсо, алар үчүн кичинекей бир сырды ачайын. Үйлөнгөнгө чейинки жыныстык катнаш анчалык кызык нерсе эмес. Биз өз денебизди өзүбүз сүйгөн эркектерге ишенип тапшырдык. Бул жагдай аларды бизди жакшы көрүүгө жана бизге үйлөнүүгө мажбурлайт деп ойлогон болчубуз. (Жаш кезибизде теле берүүлөрдө биз көргөндөй.) Ал эми ар дайым бирге болуунун кепили иретиндеги никенин болбошу жана ар дайым жанында боло турганына ишенимсиздик менен бириктиргендиктен жагымсыз, жада калса, жаман таасир калтырат. Бул - кайгы, маскаралык жана сезимдердин өчүшү боуп саналат. Көз жашыбызды төгүүбүздүнсебепчиси. Аял катары мени түшүнөсүңөр деп ойлоймун. Анткени, аялдын көңүлүндөгү кайгы-муңду аялдар гана чыныгы мааниде түшүнө алышат.

Биз баарыбыз негизи бирдейбиз. Биздин тегибиз, улутубуз же динибиздинбөтөнчөболуусумунуөзгөртпөйт.Аялдынкөңүлүбардык жерде бирдей. Биз сүйөбүз. Бул биздин колубуздан келген иштердин арасындагы эң мыкты орундай ала турган өзгөчөлүгүбүз. Биз үй-бүлөбүздү коргойбуз, үйдө тынчтык, бейпилдик орнотуп, жакшы көргөн эркегибизди колдоп-кубаттайбыз. Бирок, биз америкалык аялдар катуу алдандык. Жакшы жумушубуз болсо, жалгыз турган жеке үйүбүз болсо жана тандаган адамга махабатыбызды суна ала

тургандай эркиндик болсо, ошондо гана бактылуу боло алабыз деп ойлогон болчубуз. Бул эркиндик да эмес, сүйүү да эмес. Никелешип турмуш курган жуптар гана чыныгы түрдө бири-бирин сүйө алышат. Мындан башкасына ыраазы болбогула. Анткени, никесиз катнаш аркылуу чыныгы түрдө сүйө албайсыңар, натыйжада өзүңөр да жек көрүү абалына туш болосуңар, таштандыга айланган кезде.

Бул күнөө эч качан өчпөйт. Ар дайым өзүнө кыянат болуп кайтат. Жада калса, мен өз намысымды кайтарууга аракет кылсам да, мурда кордолгон намысымдын кадырын кайтарып ала албаймын. Бизди жаш кезибизден эле “мусулман аялга төрт дубалдын ичинде жоолук менен жамынып, азап тартууда” деп мээбизди жууп салышкан. Бирок, чыныгы зулумдукка дуушар болгондор – бизбиз. Бизди кордоп жүргөн моданын кулу, салмагыбыздын убайымы менен алек, турмушка чыгууну каалабаган, балалыктан чыга албай жүргөн эркектерден сүйүү күтүп жүргөн жандарбыз. Көңүлүбүздүн түпкүрүндө биз алданганыбызды билебиз. Биздин арабызда айрымдар моюнуна албаса да ички дүнүйөбүздө силерге таң калып, көралбастык жана шыктануу менен карайбыз. Өтүнүч, бизди кемсинтпегиле жана бизге ушул жагдай жагат деп ойлобогула. Буга биз күнөөлүү эмеспиз. Жаш кезибизде көпчүлүгүбүздү коргой турган атабыз болгон жок, себеби, биздин үй-бүлөлөр бузулуп кеткен болчу. Мунун себепчилеринин ким экенин баарыбыз билебиз.

Урматтуу эже-сиңдилерим! Силерди дагы биз сыяктуу акмак кылууларына, жолдон адаштырууларына жол бербегиле. Силер тазасыңар. Ошол аруулугуңар менен калгыла. Биз христиан аялдары чыныгы аял кандай болуу керектигин көрүшүбүз керек. Бизге үлгү болууңар үчүн биз силерге муктажбыз. Себеби, биз адашкан аялдарбыз. Өз аруулуктарыңарды сактагыла!

Мына ушул нерсени унутпагыла! Тиш пастасын кайра идишине салуу мүмкүн эмес. Ошондуктан, өз ар-намысыңарды коргогула! Менин силерге деген таң калуум жана чыныгы урматым менен жазган насаатымды кабыл кыласыңар деп үмүттөнөмүн!

Жазуучу, журналист – Джоанна Френсис (АКШ)

## ЧООЧУН АЯЛДАРДЫ, ЭРКЕКТЕРДИ КАРОО

**Суроо:** Чоочун аялдарды кароо күнөөбү?

**Жооп:** Аялдарга да эркектерге да зарыл жагдайдан сырткары кароо же кумарлануу менен кароо күнөө. Аяти каримада мындай мааниде буюрулган:

**“Эй, Расулум, момундарга айт, харамды карашпасын жана аврат жерлерин харамдардан коргошсун! Ыйманы болгон аялдарга да айт, харамды карашпасын жана аврат жерлерин харамдан коргошсун”.** (Нур 30)

Хадиси шарифтерде мындай деп айтылды:

**“Эркектин аялды, аялдын да эркекти** (кумарлануу менен) **кароосу - харам.”** (Табарани)

**“Харамды кароо - шайтандын уулу оку. Аллаху тааладан коркуп чоочун аялды карабаган адамга лаззаттуу ыйман насип болот.”** (Румуз)

**“Чоочун аялды кумарлануу менен караган адамдын көздөрү от менен толтуруп, Тозокко ыргытылат, аны менен кол беришип учурашкан адамдын колдору желкесине байланып, Тозокко киргизилет, зарылчылыксыз кумарлануу менен сүйлөшкөн адам ар бир сөзү үчүн миң жыл Тозокто калат.”** (Р. Насихин)

**“Кошуна жана досунун аялына кумарлануу менен кароо чоочун аялды кароодон жана үйлөнгөн аялды кароо кызды кароодон да чоң күнөө. Зина дагы ушундай.”** (Р. Насихин)

Бир эркектин бир аял менен кол алышуусу, зарылчылыксыз сүйлөшүүсү, көрүнбөгөн бир жерде жалгыз калуулары харам. Жада калса, сүйүктүү Пайгамбарыбыз да эч бир аял менен кол алышкан эмес. Бир хадиси шарифте айтылат:

**“Албетте, мен аялдар менен кол алышпайм.”** (Насаи, Ибни Мажа, Табарани)

Хазрети Аиша энебиз да мындай деп билдирди:

**“Расулуллах өзүнө халал болгон аялдардан башка эч бир аял менен кол алышкан эмес.”** (Бухари, Муслим)

Дагы бир хадиси шарифте айтылды:

**“Бир эркектин башына темир шиштин кирүүсү намахрам аялга кол тийгизүүдөн жеңилирээк.”** (Табарани, Байхаки)

**“Чоочун аял менен кучакташкан адам шайтан менен бирге чынжырга байланып, отко ыргытылат.”** (Шира)

**“Аялдар менен бир жерде жалгыз калуудан сактангыла. Аллахка ант беремин, бир киши бир аял менен жалгыз калса араларына шайтан кирет. Бир адамдын баткактуу доңуз менен бир жерде кысылып калуусу ал адамга өзүнө халал болбогон бир аялга кол тийгизүүгө караганда жеңилирээк.”** (Табарани)

## Намахрам адам менен сүйлөшүү

Аялдар зарылчылык жагдай болбосо намахрам эркектер менен сүйлөшө албайт. Рамуздун 469-бетинде жазылган биринчи хадиси шариф төмөндөгүдөй:

**“Эй, аялдар, бир гана махрамыңар болгон эркектер менен сүйлөшкүлө, махрамыңар болбогондор менен сүйлөшпөгүлө!”** (Ибни Саид)

## Өзүңөр ар-намыстуу болсоңор

Эркектер уятсыз, арсыз (намыссыз) болсо, сойкулар жыйнала турган жерге барса, аялдары, кыздары да жаман жолго түшүшү мүмкүн. Хадиси шарифте мындай деп айтылат:

**“Өзүңөр ардуу болсоңор, аялыңар да ардуу болот.”** (Хаким)

**“Ар кимдин аялын, кызын бузган** (башын айланткан) **адам бизден эмес.”** (И. Ахмед)

**“Зина кылган адам дал ошол нерсеге өзү дуушар болот.”** (И. Нажжар)

Курани каримде: **“Фухштун** (уятсыздыктын, арсыздыктын, бузук иштердин) **ашкересине да, көмүскөсүнө да жакындабагыла!”** делген. **(Анъам сүрөсү, 151)**

Бул жердеги “жакындабагыла” дегени зинага жетелей турган себептерден, иш-аракеттерден сактангыла, бөтөн аялдар тууралуу ойлонбогула, алар менен сүйлөшпөгүлө, алардын үндөрүн тыңдабагыла, аларды карабагыла дегенди билдирет. Бөтөн аялдарды кароо көздү алсыратат, жүрөктү карайтат. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз да “көз зинасы” тууралуу мындай деген:

**“Бөтөн аялды шахват менен** (кумарланып) **кароо – көз зинасы, аны кармоо – кол зинасы, ал эми ага баруу болсо буттун зинасы болот.”** (Р. Насихин)

**"Бир бөтөн аялды көрүп, Аллахтан коркуп бетин андан бурган адамга Аллаху таала ибадаттардын даамын сездирет."** (Абу Давуд, И. Ахмед, Хаким)

**"Өз аврат жерин ачкан, башкасынын аврат жерин караган адамды Аллах лаанат кылсын!"** (Байхаки)

**"Аялдын жүзү менен эки алаканынан башка бүткүл денеси аврат."** (М. Анхур)

Аялдардын Курани карим, мавлит, илахи ыр окуп үндөрүн эркектерге угузуусу - харам. (Микрофон, радио жана телевизор аркылуу угузуу - макрух). **(Таргиб-ус салат, Хадика)**

Ааламдын, эне-атанын колун урмат көрсөтүү максатында өпсө болот. Бирок, чоочун аял бир аалымдын колун өпсө болбойт. Имам Раббани хазреттери мындай деген:

"Пайгамбарыбыз эркектер менен мусафаха кылып келишим кабыл алган соң, аялдар менен дагы келишим кабыл алды. Аялдардын келишими сөз менен гана болду. Ыйык колу аялдардын колуна тийген жок." **(3/41)**

**"Тибян" тафсиринде**Мумтахина сүрөсүнүн он экинчи аятынын түшүндүрмөсүндө мындай делген:

Пайгамбарыбыз Аны менен келишим түзгөн кезде эч бир бөтөн (намахрам) аял менен мусафаха кылган (кол алышкан) эмес. Хазрети Айша да:

**"Пайгамбарыбыздын аялдар менен келишими бир гана оозеки болчу. Анын колу эч бир бөтөн аялдын колуна тийген эмес болчу."** (Муслим)

Дарыгер эркек киши болсо, андан башка дарыгер табылбаган кездерде аялдардын ага барып көрүнүүлөрүнө болот. Кармап дарылоону талап кылган зарыл жагдайларда дарыгердин зарыл өлчөмдө аялды кармоосу жаиз. Зарыл болбогон жерлерин да ачуу, ал жерлерге колун тийгизүү - харам.

### Намахрамды кароо - күнөө

**Суроо:** Кээ бир атеисттер: **"Пайгамбар заманында аялдар орончу эмес. Азыркыдай оронуп алуу ал кездерде жок болчу. Хазрети Айша башы ачык жүрчү. Азыркы оронуу түрлөрүнүн баары кийинчерээк динчи фанатиктер тарабынан ойлоп чыгарылган", -**дешет. Бул жагдай хижаб аяты келүүдөн мурда эмес беле?

Дагы бир атеисттин таасиринде калган бир досум: **“Аялдарды кароо, алар менен сүйлөшүү, жада калса, алар менен бирге отуруу да күнөө эмес. Аялдардын эркектер менен чоогу намаз окууларынын да зыяны жок. Расулуллах аялдарды намазда эң арткы сапта туруп окууларын айткандыгы хушу деп аталган намазда көңүлдү бир жерге жыйнап туруу үчүн айтылган. Антпесе, эркек-аялдын намаздарын чогуу окууларынын зыяны жок. Ал эми оронуу деген нерселер диндин негизги буйруктарынан эмес”,** -дейт. Аялдардын ачык жүрүүлөрү, аларды кароо алар менен сүйлөшүү күнөө эмеспи?

**Жооп:** Албетте, күнөө. Ичкиликке тыюу салган аяти карима келүүдөн мурда мусулмандар арасында ичкилик ичкендер бар болчу. Муну мисал катары көрсөтүп «ичкилик харам эмес болчу деп айтуу» жаңылыш болгондой, хижаб аятынан мурунку жагдайды айтып, аялдар менен сүйлөшүүнүн, аларды кароонун, алар менен бирге отуруунун күнөө эместигин айтуудагы жаңылыш.

Хижаб (оронуу) аяты келүүдөн мурда аялдар ороңчу эмес. Расулуллахка келип, билбегендерин сурап үйрөнүшчү. Расулуллах бирөөнүн үйүнө барса аялдар деле келип отурчу, тындап, пайдаланышчу. **Байдавиде**жана **Бухаринин**тафсир бөлүмүндө билдирилгендей, хижраттан үч жыл өтүп **Азхаб** жана беш жыл өтүп **Нур** сүрөсүндөгү хижаб аяттары келип, аялдардын бөтөн эркектердин жанында отурууларына, алар менен сүйлөшүүлөрүнө тыюу салынды. Ошондон кийин сүйүктүү Пайгамбарыбыз аялдарга билбегендерин ыйык жубайларынан суроосун буйрук кылды.

Хижаб аятынан мурдагы жагдайды айтып, аялдардын ачык жүрүүлөрүнүн зыяны жок экендигин айтуу - мусулмандарды алдоо болот. Расулуллахтын мубарек жубайы **Умму Салама** энебиз мындай деген:

Маймуна менен бирге Расулуллахтын жанында элек. Эки көзү тең көрбөгөн Ибн Мактум уруксат сурап ичкери кирди. Расулуллах аны көргөндө бизге:**“Ичкериге өткүлө”,** -деди. **“Ал сокур эмеспи, бизди көрбөйт го”,** -дедим. **“Ал силерди көрбөгөнү менен силер аны көрбөйсүңөрбү?”.** Б.а., ал сокур болсону менен силер сокур эмессиңер го, деди. **(Тирмизи, Абу Давуд, И. Ахмед)**

Хадиси шарифтерде мындай деп айтылган:

**“Бөтөн аялды көргөн кезде бетиңерди андан бургула! Бай-**

**кабай карап коюуу күнөө болбосо да, кайтып кароо күнөө болот.”** (Абу Давуд, Дарими)

**“Балагат жашына келген кыз бети менен колунан башка жерлерин намахрамга көрсөтө албайт.”** (Абу Давуд)

**“Ырчы аялдын алган акчасы харам болгон сыяктуу, аны тыңдоо жана бетин кароо да - харам. Харам менен азыктанган денеге Тозоктун оту татыктуу.”** (Табарани)

**“Бир аял атыр себинип сыртка чыкса жана атыр себингенин билдирүү максатында бир топ адамдын жанынан өтө турган болсо, аны карагандарга да, анын өзүнө да зина күнөөсү** (көз зинасы) **жазылат.”** (Насаи)

**“Көздөр зина кылат, колдор зина кылат, буттар зина кылат, жыныстык мүчө зина кылат.”** (Ахмед, Табарани)

**“Көздүн зинасы – харамды** (намахрамды) **кароо, тилдин зинасы – уятсыз нерселерди айтуу.”** (Бухари, Муслим, Абу Давуд)

**“Бир аял атыр жыттар себинип, көңүлдү тарта турган көрктүү кийимдерди кийип бир топтун жанынан өтсө, зина кылгандай күнөөгө батат.”** (Ибн Хиббан)

**“Харамды карабаган көздөр Тозок отун дагы көрбөйт.”** (Исфахани)

**“Аялды шахват менен караган адамдын көздөрүнө кайнап турган коргошун куюлуп, Тозокко ыргытылат.”** (М. Анхур)

**“Кошуна аялды, досунун жубайын шахват менен кароо бөтөн аялды кароодон он эсе чоң күнөө. Күйөөгө чыккан аялдарды кароо кыздарга караганда чоң күнөө.”** (Табарани)

Аялдардын чачтары да аврат. Аврат жерди зарылдык болбой туруп шахватсыз да кароо харам.

**Имам Газали** хазреттери мындай деген:

Аялдардын, кыздардын башы, чачы, колдору ачык түрдө көчөгө чыгуулары харам болгон сыяктуу, жука, көркөм, жыпар жыттуу кийим кийип чыгуулары да харам. Мындай чыгууларына уруксат берген, ыраазы болгон эне-атасы, күйөөсү же туугандары да анын күнөөсү менен азабына шерик болот. **(Кимйа-и саадат)**

**Имам Захаби** да мындай деген:

Эркектерге коoздук буюмун көрсөткөн аялдарга, мисалы, алтын, маржан сыяктуу нерселерди жоолугунун үстүнө таккан, атыр себинген, түрдүү түстүү жана жибек кездеме менен оронгон,

жеңдери кең болуп колдору көрүнүп турган жана ушул сыяктуу өздөрүн эркектерге көрсөткөн аялдарга Аллаху таала дүйүнө менен акыретте азап берет. **(Заважир Ибн Хажари Мекки)**

Оронууга маани бербөө жана коздук буюмдарын көрсөтүү сыяктуу күнөөлөр көбүнчө аялдарда кездешкендиктен сүйүктүү Пайгамбарыбыз: **"Мираж түнү Тозокту көрсөттү, ал жердегилердин көпчүлүгүнүн аялдар экенин көрдүм"**, -деди. **(Тирмизи)**

### Харамды карабоо үчүн

**Суроо:** Көчөгө ачык чыккан аялдарга карабаганга аракет кылсак деле кээде карап коёбуз. Ушул сыяктуу жагдайларда күнөө кылбаш үчүн эмне кылсак болот?

**Жооп:** Харамды карабаш үчүн мына ушуларды билүү керек:

**а)** Бөтөн аялдарды кароо көздү алсыратат, жүрөктү карайтат. Көзүбүздүн алсырабашы, жүрөгүбүздүн карайбашы үчүн карабаганга аракет кылышыбыз керек. Имам Раббани хазреттери: "Харамдар жалтырап турган нажис сыяктуу", - деген. Сырты жалтырак, бирок, ичи жаман. Муну түшүнө алган адам карабайт.

**б) "Аврат жерин ачкан жана аны караган адамды Аллах лаанат кылсын"** деген хадиси шарифти ойлоп, лаанаттуу болбош үчүн ар дайым ушул хадисти эстеп жүрүү керек.

**в) "Аллахтын азабынан коркуп, бетин бөтөн аялдан бурган адамга Аллаху таала ибадаттын даамын сездирет" деген**хадиси шарифин ойлоп, ибадаттардын лаззатына жете алуу үчүн аялдарды карабашыбыз керек.

**г) "Бөтөн аялды шахват менен караган адамдын көздөрүнө кайнап турган коргошун куюлуп, Тозокко ыргытылат" деген**хадиси шарифти ойлоп, көзүбүзгө кайнап турган коргошун куюлуп, Тозокко ыргытылуудан коркушубуз керек.

**д)** Бөтөн аялды кароо арсыздык, б.а., намыссыздык. Жок жерден эмне үчүн намыссыз болобуз?

**е)** Биз караган аялдар кимдир бирөөнүн апасы, эжеси, карындашы, синдиси, кызы же жубайы. Бирөө биздин апабызды, эже-карындашыбызды, кызыбызды же аялыбызды караса ыраазы болобузбу? Намыстуу адам ыраазы болбойт. Биз караган аял да милдеттүү түрдө кимдир бирөөнүн энеси, эже-карындашы, кызы же

аялы. Намыссыздык болгон бул ишти кантип кылабыз? Бир хадиси шарифте: **“Эй, эркектер, силер өзүңөр ардуу болсоңораялдарыңар менен кыздарыңар да ардуу болушат”,** -деп айтылган. Өзүнүн аялы менен кызынын ар-намыссыз болушуна өзү себепкер боло тургандай опаасыздык болобу?

### Аялдарга жакындабагыла

**Суроо:** Куранда **“Зина кылбагыла”** дегендин ордуна **“Зинага жакындабагыла”** деп айтылган?

**Жооп:** Ооба, Курани Каримде:**“Зинага жакындабагыла”,** -делген. **(Исра сүрөсү, 32)**

Ошону менен катар Курани каримде “Эне-атаны урбагыла” деп айтылбастан **“Эне-атаңарга уф деп атпагыла”** делген. **(Исра сүрөсү, 23)**

Бул аяти каримада “уф” деп айтуудан максат – аларды капаланта тургандай эч бир сөз айтпагыла деген сөз. **(Байдави)**

Бул жерде эң жеңили айтылып, жада калса, ошондон да сактанууну, ошентип андан да жаман болгон ишке жакын жолобоо буйрук кылынууда.

**“Зинага жакындабагыла” деген**сөз да зинага жетелей турган себептерден, жагдайлардан, иш-аракеттерден сактангыла деген сөз. Тактап айтканда, эркектер үчүн бөтөн аялдар тууралуу ойлобой, аларга жылмайып карабай, аларга салам бербей, зарыл болмоюнча алар менен сүйлөшпөй, ал-абалын сурабагыла, аларга түздөн-түз дуба кылбагыла, аларга кат жазбагыла, электрондук почтада, чатта сүйлөшпөгүлө, алардын үнүн тыңдабагыла, аларга карабагыла, алар менен кол алашпагыла, бир бөлмөдө жалгыз калбагыла, бийлебегиле жана дагы ушул сыяктуу нерселерди кылбагыла дегенди билдирет.

Аялдар үчүн дагы көңүлдү тарта турган кийим кийбегиле, күйөөңөрдөн башка эркектерге макияж жасабагыла (боёнбогула), коздук буюмдарыңарды бөтөндөргө көрсөтпөгүлө, атыр себинип көчөгө чыкпагыла, алардын көрүүлөрү мүмкүн болгон жерлерде турбагыла, алар менен саламдашпагыла, куттуктабагыла, аларга түздөн-түз дуба кылбагыла, кол адышпагыла жана башка ушул сыяктуу нерселерди кылбагыла деген сөз.

## Аялдардын эркектерге кароолору

**Суроо:** Аялдардын бөтөн эркектерди шахватсыз кароосу жаиз эмеспи?

**Жооп:** Зарыл болгон жагдайларда аялдардын аврат жери ачык болбогон чоочун эркектерди бир гана шахватсыз жана зарыл өлчөмдө кароосу мүмкүн. Шахваттанбай турганына ишенген аялдын бөтөн эркекти кароосу эркектин эркекти же эркектин махрамы болгон аялдарды кароосу сыяктуу жаиз, б.а., күнөө эмес. Ал эми шахват менен кароо харам. Бирок, мен шахватсыз караймын деп чоочун эркектерге кароону көнүмүш адат кылып алуу, ошентип зарыл болбосо деле карай берүү туура болбойт.

## Телефон менен сүйлөшүү

**Суроо:** "Өздөрү көрүнбөгөндүктөн намахрам менен телефон аркылуу сүйлөшүү, смс жазуу же электрондук почта аркылуу кабарлашып туруу жаиз болот" деп айтылып жүрөт. Бул жерде кандайдыр бир чек-өлчөм жокпу?

**Жооп:** Зарылчылык жок сүйлөшүү жаиз болбойт. Курани каримдеги **"Зинага жакындабагыла"** деген буйрук зинага алып бара турган себептерден, жагдайлардан жана иш-аракеттерден сактангыла деген сөз. Мисалы, эркектер үчүн бөтөн аялдар тууралуу ойлонбогула, аларга жылмайып карабагыла, зарылчылык болмоюнча алар менен сүйлөшпөгүлө, салам бербегиле, ал-абалын сурабагыла, алар уга тургандай кылып дуба кылбагыла, аларга кат жазбагыла, электрондук почтада, чатта сүйлөшпөгүлө, алардын үндөрүн тыңдабагыла, аларды карабагыла деген сыяктуу маанилерге келе тургандыгы китептерде жазылган.

## Телевизордогу көрүнүштөр

**Суроо:** Бөтөн аялдардын сүрөттөрүн жана компьютер же телевизордогу көрүнүштөрдү кароо жаизби?

**Жооп:** Аялдардын чач, кол сыяктуу кароо харам болгон жерлеринин күзгүдөгү же суудагы көрүнүштөрүнө шахватсыз кароо жаиз. Буларды көрүү, өздөрүн көрүү сыяктуу болбойт. Сүрөттөрүн, телевизор менен компьютердеги көрүнүштөрүн кароо, күзгүдөгү көрүнүштөрүн кароо сыяктуу. Булардын баарын шахватсыз кароо жаиз болуп, шахват менен кароо же шахватка себеп боло турган

көрүнүштөрүн кароо - харам. Тактап айтканда, шахватка себеп боло турган көрүнүш болсо аны шахватсыз болсо деле кароо харам.

**Харамга себеп болуу**

**Суроо:** Телевизор жана гезиттеги шахватка себеп болбой турган көрүнүштөрдү шахватсыз кароо жаиз экенине караганда буларды басып чыгаруу, жарыялоо деле жаизби?

**Жооп:** Мындай көрүнүштөрдү шахват менен карай тургандар да чыгып калышы мүмкүн болгондуктан шахватка, харамга себепкер боло турган сүрөттөр менен көрүнүштөрдү жарыялоо жаиз болбойт.

## ЗИНАКОРЛУК ЧОҢ КҮНӨӨ

Зина акылдуу жана балагат жашына келген эркек менен аялдын никесиз катнашта болуусу дегенди билдирет. Зина -харам.

Курани каримде мындай деп буюрулган:

**“Зинага жакындабагыла! Ал - арсыздык, ыплас, төмөн иш, жаман жол.”** (Исра сүрөсү, 32)

**“Мусулмандарга айткын, харамды карашпасын жана аврат жерлерин харамдан сакташсын!”** (Нур сүрөсү, 31, 32)

Хадиси шарифте мындай деп айтылган:

**“Аллахтын алдында зинадан өткөн чоң күнөө жок.”** (Р. Насихин)

**“Бир жерде зина менен риба** (сүткорчулук) **көбөйсө, ал жердин калкы кырсыкка дуушар болот.”** (Хаким)

**“Зинанын дүнүйөдө үч зыяны бар:**

**1- Сулуулукту жана жүздөгү нурду кетирет,**

**2- Кедейликке жол ачат,**

**3- Өмүрдүн кыскаруусуна себеп болот.**

**Акыреттеги үч зыяны:**

**1- Аллаху таала ачууланат,**

**2- Кыяматта эсеби катуу болот,**

**3- Тозок отунда азаптанууга себеп болот.”** (Табарани)

**Суроо:** Кандай жагдайда зина болот?

**Жооп:** Бир хадиси шарифте мындай делген:

**“Көздүн зинасы – харамды кароо, кулактын зинасы – адепсиз** (уятсыз) **сөздөрдү тыңдоо, тилдин зинасы – уятсыз**

**сөздөрдү айтуу, колдун зинасы өзүнө халал болбогон аялды кармоо, буттун зинасы – күнөө болгон жерлерге баруу.”** (Бухари)

Демек ар бир мүчөнүн өзүнө таандык зинасы болот. Мурундун да зинасы болот. Бир хадиси шарифте: **“Атыр себинип сыртка чыккан жана себинген атырынын жытын билдирүү үчүн бир топтун жанынан өткөн аялга жана аны караган** (анын жытын жыттаган) **адамга зина күнөөсү жазылат.”** (Насаи)

Бул жердеги мурун менен болгон жыттоо зинасы. Эгер аялды караган болсо көз зинасы болот. Өпсө эрин зинасын кылган болот. Шахват менен же керексиз сөздөрдү айтса тил зинасын кылган болот. Колун тийгизсе же зарылчылыксыз кол алышса кол зинасын кылган болот. Бир хадиси шарифте мындай деп айтылган: **“Адамдын башына темир казыктын кагылуусу, чоочун аялга колун тийгизгенден да жеңилирээк болот.”** (Табарани, Байхаки)

Ошондуктан, зинанын бардык түрүнөн узак болуш керек. Курани каримде: **“Зинага жолобогула!”-** деп буюрулган. Бул – зинага себеп боло турган иш-аракеттерден узак болгула деген сөз.

### Зинадан боюна бүткөн аялдын никеси

**Суроо:** Жаңы Зеландиядан жазып жатамын. Бир досум өзү зина кылган аялга үйлөнгүсү келет, бирок, аялдын боюнда бар экен. Бул жактагы молдолор: “Боюна бүткөн аял менен никеге туруу жаиз эмес”, - деп айтып жатышат. Зинадан боюна бүткөн аял менен никеге туруу жаиз эмеспи?

**Жооп:** Зинадан боюна бүткөн аял менен никеге туруунун, б.а., ага үйлөнүүнүн жаиз экендиги **Бадаи, Бахр-ур раик**, **Ибн Абидин, Хиндийа** сыяктуу ишеничтүү булактарда билдирилген.

Зинадан боюна бүткөн аял төрөгөнгө чейин аны менен никеге туруу сахих болот, бирок, төрөгөнгө чейин кошулуу (жыныстык катнашта болуу) жаиз болбойт. Никеден боюна бүткөн аял менен төрөгөнгө чейин никеге туруу сахих эмес. **(С. Эбедиййе)**

Ханафи мазхабындагыдай, Шафии мазхабында да өзү зина кылган аялга үйлөнүүнүн жаиз экендиги **Мазахиби Арбаъа** китебинде билдирилген.

# ФЛИРТ

**Суроо:** Үйлөнө турчу эки тарап жакшы ниет менен бири-бирин жакшы таануулары үчүн флирт кылуулары, никесиз бирге жашоолору эмне себептен орунсуз?

**Жооп:** Үйлөнө турчу жаштардын флирт деп аталган бир достукка эч кандай муктаждыктары жок. Жада калса, флирттин бир нече коркунучу бар:

Флиртте тузак бар. Флиртте көбүнесе кыз эркек тарабынан алдангандан кийин ташталып кетет.

Флирт акыл эсти, сезимди бузат. Флиртке көнүп калган адам тез-тез дос алмаштырат. Кызды алдап таштап кеткен эркек саткын, кыянатчы болуп, кыз болсо маскара абалга түшөт. Флиртте көп учурда уяттуулук деген нерсе колдон чыгат. Намыстуу мусулман бир кыз үчүн мындан ашкан балээ жок. Флирт көптөгөн жаштарды селсаяк кылып, акчасын туш тарапка сапыртып, тамтыгын чыгарат. Жаштардын арасында төмөндүк комплекси, кызганычтык, кек, жек көрүү, пессимисттик, душмандык, анархия жана ар түрдүү психикалык депрессияларды туудурат.

Флиртке болгон берилүү жашыруун жерде көрүшүүгө чакырат. Акыры жаштардын көбүнүн башы балээге кирет. Бул достукта иш көңүл ачууга кирип кеткенде жаш эркектин ишеними бузулат. Алгач кызды кыйнап, арзуу максатына жеткенден кийин кызды кайра айыптап, уятсыз, ахлаксыз деп ага акаарат кылат. Негизи бул сезимге алдырган көңүл ачуулардан дайыма сууктук пайда болот.

Жаш эркек жыттаган гүлгө дароо тоёт, кийин башка түстөрдү, башка гүлдөрдү издейт. Мындан ары бул сахна аны колдон чыгарбайт, андагы сыр, өзүнө тарткан кызык нерселер булардан башка көңүл ачуулардын аркасынан кубалатат. Бул жагынан алып караганда флирт тууралуу кыз же аял өтө сак болуусу керек.

Башынан мындай нерселер өтпөгөн жаштарга булар маанисиз болушу мүмкүн. Себеби, бир адамга көңүлүн алдырган жаштар ага айтылган насыятты кайдагы бир тамтырак сөз деп кабылдашат. Ошондуктан, Пайгамбарыбыз: **“Сүйүү адамды дүлөй жана сокур кылат”, -** деп буюрган.

Дүлөй адамга эмнени айтсаң да баары бир укпайт. Сокур

адамга бардык түстөрдү көрсөтсөң да бирин экинчисинен айырмалай албайт. Сүйгөн адамдын да көзүнө бир нерсе көрүнбөйт. Наркоман сыяктуу болот. Ар тарабы жаңылыш болсо да баары бир ошол адам менен үйлөнүүнү каалайт.

Флирттин акырында үйлөнгөн жаштардын көбү акыры өкүнүшкөн. Бул жагынан алып караганда салих эне-атанын акыл-кеңештерине сөзсүз кулак салуу керек! Эне-ата уулу же кызы үйлөнө турчу адамга балдарынын көзү менен карабайт. Ачуу турмуш тажрыйбасы берген көз караш менен карашат. Аталарыбыз: **“Улуунун сөзүн укпаган улуп калат”,** - деп айтышкан. Үй-бүлө маселесин изилдеген адистер: “Флирт аркылуу баш кошкондор ажырашууга жакыныраак болушат”, - деп билдиришкен.

Бардык бул жаман тараптарынан башка негизги мааниси болгон нерсе динибизде никесиз жатып-туруу харам кылынган. Харам кылынган бир нерседен пайда издеп болбойт. Бир хадиси шарифтин мааниси мындай: **“Аллаху таала харамда шифаа таасирин жараткан эмес.”** (Бухари, Хаким)

Үйлөнө турган болушса да диний никеси болбогон эркек менен аял дин жагынан алып караганда бири-бирине чоочун болуп саналат. Бул тууралуу бир нече хадиси шарифтин мааниси мындай:

**“Эркектин аялга, аялдын да эркекке** (кумарланып) **кароосу харам.”** (Таберани)

**“Харамды кароо – шайтандын уулуу оку. Аллаху таaладан коркуп чоочун аялды карабаган адамга лаззаттуу ыйман насип болот.”** (Рамуз)

**“Адамдын башына темир шиштин кадалуусу никеси түшө турчу аялды кармоодон дагы жеңил болот.”** (Таберани, Байхаки)

**“Чоочун аял менен кучакташкан адам шайтан менен чынжырга оролуп отко ыргытылат.”** (Шира)

**“Аялдар менен бир жерде жалгыз калуудан сактангыла. Аллахка ант кылам, бир адам бир аял менен жалгыз калганда араларына шайтан кирет. Бир адамдын баткактуу доңуз менен кысылган абалда калуусу ал адам үчүн өзүнө халал болбогон бир аялды кармоосунан да жеңилирээк.”** (Таберани)

**“Эй, жаштар, намысыңарды сактагыла, зина кылбагыла! Жакшы билип алгыла, намысын сактаган адамга Жаннат бар.”**

(Хаким)

**“Жамандыктан сактануу үчүн никелүү жашагыла жана уятуу болгула!”** (Ибни Асакир)

**“Эй, аялдар, бир гана махрамыңар болгон эркектер менен сүйлөшкүлө, махрамыңар болбогондор менен сүйлөшпөгүлө!”** (Ибни Саид)

**“Чоочун аялды кумар менен кароо - көздүн зинасы, аны кармоо - колдун зинасы, ага баруу болсо - буттардын зинасы.”** (Р. Насыхин)

**Суроо:** Мен студентмин, бир кыз менен сүйлөшүп жүрчү элем. Исламда никесиз аялдын колун кармоого, сүйлөшүүгө да болбойт, эми мен нике кыйдырсам кандай болот? деген суроом бар эле. Ушул абалдан чыгуунун кандай амал жолдору бар, сураныч мага ошону көрсөтүп, кеңеш бересиздерби?

**Жооп:** Динибиз никесиз кыз менен жигиттин (зарылчылыксыз) жөн эле сүйлөшүп жүрүүсүнө тыюу салган. Харам нерседен эч кандай кайыр, пайда келбейт.

Никесиз эркек менен аял динге ылайык бири-бирине чоочун болуп саналат. Бул тууралуу хадиси шарифте мындай делген:

**“Эй, аялдар, бир гана махрамыңар болгон эркектер менен сүйлөшкүлө, махрам болбогондор менен сүйлөшпөгүлө!”** (Ибн Саид)

Үйлөнүү максатында хилват (жашыруун, жалгыз) болбой тургандай жерде кездешүүгө, сүйлөшүүгө, кат (смс) жазышууга, той күнүн келишип алууга болот. Бирок, жакын арада үйлөнүүгө мүмкүнчүлүгү жок адамдын катуу ашык болуп калса да, мүмкүнчүлүк болгондо ошол кызга үйлөнөмүн деген ниети бар болсо да, чоочун кыз менен сүйлөшүүгө, кездешүүгө, кат жазышууга болбойт. Нике кыйылбай туруп колун кармоого да, зарылчылыксыз сүйлөшүүгө да болбойт. Зина күнөө болот.

Никесиз кыз менен жигиттин далдоо жерде өткөргөн ар бир мүнөтү, сүйлөшкөн ар бир сөзү, экөөнү тең күнөөгө батырат. Чыныгы сүйгөн адам сүйүктүүсүн отко таштагысы келеби?! Сүйүп калдым деген адам сүйүктүүсүн эки дүнүйөдө тең бактылуу кылууга даяр болсо гана чындап сүйгөн болуп саналат. Антпесе, өзү махабатын айтып күйүп-бышып жатканы тууралуу канча сайрап

жатса да анык бир гана жыныстык кумарын кандыруу. Сүйүктүүсүнүн колун кармагысы, кучактагысы келип кездешүүгө чакыруучу “ашыктар” ар-намыс уурулары болуп саналат. Ар бир адам ушул аталган өлчөмдөргө ылайык өзүнүн “махабатынын” канчалык “аруу” экенин биле алат.

Курани каримде: **“Зинага жолобогула!” -** деп буйрук кылынган. Бул – зинага алып бара турган бардык иш-аракеттерден узак болгула деген сөз.

Напси алгач жөн гана сүйлөш дейт. Анан кездеш дейт, анан колунан карма дейт. Аягы барып балээге, зинага алып барат.

Соңку кездерде кээ бир жаштардын, айрыкча үйлөрүнөн, эне-аталарынан алыста жүргөн студенттердин эч кимге айтпай, эне-аталары менен кеңешпей өздөрүнчө бир гана нике кыйдырып жүргөн көрүшүнтөрдү кездештире баштадык. Эгер сурамакчы болгонуңуз ушул болсо анда бул туура эмес.

Үй-бүлөлүк жашоонун кайырлуу, берекелүү болуусу үчүн, б.а., никесинин дүнүйө менен акырети үчүн кайырлуу, бактылуу болуусу үчүн биздин мазхабда билдирилген өкүмдөргө шайкеш болуусу, сүннөттөргө, мустахабдарга маани берип кыйылуусу, нике дубалары окулуусу керек. Жакындарына, тууган-уруктарына, кошуналарына, дос-жолдошторуна угузуу керек. Хадиси шарифте: **“Никени адамдарга угузгула!”** - деп айтылган. Бул өтө маанилүү маселе. Бул айтылгандарды көңүлдөн чыгарбаганга аракет кылуу керек. Булардын эң башында эне-атанын уруксатын, дубасын, батасын алуу келет. Эне-атанын ыраазылыгын албаган перзент максатына, муратына жете албайт.

Мусулман фитнага себепкер болбошу керек. Фитна – бүлүк салуу, динди жамантты кылуу дегенди билдирет. Динден кабары жок сабатсыз жаштардын эч кимге билдирбей нике кыйдырганын уккан башка адамдар (эне-аталар) эмне кылсын? Динге тескери көз караш менен караганы, уул-кыздарын динден узак кармоого аракет кыла тургандыктары анык. Ушул сыяктуу фитналардын кесепети түздөн-түз мусулманчылыкка тийүүдө.

Алдыңызга максат коюңуз, сабактарыңызды мыкты окуп, жакшы жумушка орношуп, эртерээк үй-бүлө күтө ала тургандай жагдайга келип үйлөнүңүз. Хадиси шарифте: **“Үйлөнгөн адам дининин жартысын коргогон болот”, -** делген.

## Үйлөнөр алдында кездешүү

**Суроо:** Менин үйлөнө турган жагдайым да, кесибим да бар. Мусулман бир кызга үйлөнүү максатында кездешип, көрүшүүгө болобу же кездешпей эле үйлөнүү керекпи?

**Жооп:** Үйлөнүү максатында бөтөн кыз менен хилват болбогон жерде кездешүүгө, сүйлөшүүгө, той күнүн келишип алууга болот. Бирок, жакын арада үйлөнө тургандай жагдайы болбогон адамдын катуу ашык болуп калса дагы бөтөн кыз менен сүйлөшүүсү, кездешүүсү болбойт.

Никеден мурда таанышуу үчүн бир жолу кездешүү, көрүшүү - сүннөт. Бул - келечек жарын тандоо үчүн берилген мүмкүнчүлүк. Зарылчылыкка жараша экинчи жолу көрүшүүгө да болот. Бул мүмкүнчүлүктү колдонуп, бирок, күнөө кылып койбош керек.

Анткени, (зарылчылык болмоюнча) никесиз кандайдыр бир катнаш (кездешүү, сүйлөшүү, кат жазышуу ж.б.у.с.) - динибизде харам. Түгөй тандоо үчүн көрүшүү - зарылчылык. Көрүшпөй, таанышпай үй-бүлө куруу келечекте үй-бүлөнүн бузулушуна себеп болушу мүмкүн.

## Фэйсбуктан түгөй издөө

**Суроо:** “Фэйсбук”, “моймир” сыяктуу интернет сайттардан жана “мессенжер”, “агент” аркылуу үйлөнүү максатында же дин үйрөтүү, динге кызмат кылуу максаты менен каршы жыныстагы адамдар менен таанышууга болобу? Жана ушул максатта видео чалуулар аркылуу көрүшүүгө болобу?

**Жооп:** Жок болбойт. Күнөө кылуу менен динге кызмат кылынбайт. Үйлөнүү үчүн болсо да бул дагы флирттин бир түрү болоп саналат. Флирт менен түгөй издөө туура эмес. Көрүшүп жаткан адам ылайыктуу адам болсо да түгөйдү бул жол менен издөө туура эмес. Өзгөчө жаш кыздардын мындай сайттарга мүчө болуулары эч орундуу эмес. Жаман ниеттүү же жахил адамдардын оюндарына курал болуп, үйдөн безип алар менен көрүшүүлөрүнө да себеп болушу мүмкүн. Эч бир жамандыкка себеп болбосо да минтип көрүшүүнүн өзү жаман.

### Жалганчы сүйүү

Күндөрдүн биринде Рабиятул Адвиййа хазреттери жолдо келе жатып каршы тарапта бир кишинин карап турганын көрөт. Ошондо Рабия хазреттери:

- Эй жигит! Эмне үчүн намахрам (чоочун) аялды карап турасың? – дейт. Жанагы жигит:

- Эй кыз! Мен сени жакшы көрүп калдым, сага ашык болдум, - дейт. Рабия хазреттери:

-Менин бир сиңдим бар. Ал менден да сулуу, артыман келе жатат, - дейт. Ошондо жанагы жигит сиңдисин да көрөйүн деп артын караганда Рабия айым ачууланып:

-Эй, жалганчы! Мен сени алгач көргөнүмдө көңүлү ачык чыгаар деп ойлодум. Сынап көрсөм, ачык дагы эмес, ашык дагы эмес экенсиң. Сен - кыздарды алдап жүргөн жалганчысың. Эгер махабатыңа бекем болгонуңда менден башкасын карамак эмессиң! – дейт.

## АДЕПТҮҮЛҮК – УЯТТУУЛУК – АР-НАМЫС ТАЗАЛЫГЫ

**Суроо:** Адептин динибиздеги орду кандай?

**Жооп:** Адеп – жакшы тарбия, жакшы мамиле, көркөм мүнөз, уяттуулук, назиктик, сыпайылык деген маанилерди билдирет. Мисалы, тарбиялуу бала, адептүү бала дегенди билдирет. Хадиси шарифте: **“Бала-чакаңарды адептүү, тарбиялуу кылып чоңойткула!”** деп буюрулган. Динибиздин негизи - адеп. Адеп – кул өзүн Аллаху тааланын каалоосуна багындыруу, жакшы мүнөздүү болуу дегенди билдирет. Хадиси шарифте: **“Араңарда эң жакшылар - эң көркөм мүнөздүү болгондор”,** -деп билдирилген.

Хазрети Омар: “Адепилимден мурда турат”, - деген. Ал өтө айбаттуу болгонуна карабастан адептүүлүгүнөн, уяттуулугунан Расулуллахтын жанында өтө акырын сүйлөчү. Пайгамбарыбыз бир адамдын жанында тизелеп отурчу, ал адамга урмат көрсөтүү үчүн ыйык буттарын созуп отурчу эмес. Абу Саид Худри хазреттери: **“Расулуллахтын уяттуулугу бойдок ислам кыздарынан да көп болчу”,** -дечү.

Ибн Мубарак хазреттери: “Бардык илимдерди билген адамдын адебинде кемчилик бар болсо аны менен көрүшпөгөнүмө өкүнбөймүн, муну өзүмө зыяндуу деп билемин. Бирок, адептүү адам менен көрүшө албасам өкүнөмүн”, - дечү.

Ар дайым, ар жерде уяттуу болууга аракет кылуу зарыл! Хадиси шарифте: **“Уятсыздык адамды куфурга түшүрөт”,** -деп айтылган. Уяттуулук имаратты кармап турган тирек (пайдубал) сыяктуу. Тирексиз имараттын туруусу кыйын болгондой, уятсыз адамдын ыйманын коргоосу дагы кыйын болот.

Хадиси шарифте мындай делген:

**“Аллаху тааладан уялгыла! Аллахтан уялган адам жаман ойдон узак турат, ашказанына түшө тургандарга көңүл бурат, өлүмдү эстейт.”** (Тирмизи)

**“Уяттуулук – баштан аяк** (толугу менен) **жакшылык.”** (Муслим)

**“Ар диндин бир ахлагы бар. Исламдын ахлагы - уяттуулук.”** (Ибни Маже)

**“Уятсыз адам аманатка кыянат кылат, кыянатчыл болот, мээримдүүлүк сезими калбайт, динден узакташат, лаанатка учурайт, шайтан сыяктуу болот.”** (Дайлами)

**“Уяттуулук менен ыйман эгиз бир тууган сыяктуу. Бири кетсе экинчиси да кетет.”** (Абу Нуайм)

**“Момун айыптабайт, каргабайт, жаман сөз айтпайт жана уятсыз эмес.”** (Тирмизи)

**“Уяттуулук ыймандын түзүлүшү. Бир нерсенин түзүлүшү бузулган кезде, бөлүктөрү да бузулат.”** (И. Маверди)

**«Уяттуулук ыймандан. Уятсыздын ыйманы жок деген сөз.”** (Ибн Хиббан)

**«Адам салих эки кошунасынан уялгандай күнү-түнү өзү менен бирге болгон жанындагы эки периштеден да уялууга тийиш.”**(Байхаки)

**«Уятсыздын дини болбойт жана уятсыз Бейишке кире албайт.”**(Дайлами)

**«Ыйман жылаңач, кооздук буюмдары - уяттуулук, кийими - такыбаа, казнасы - фыкых, жемиши - амалдар.”** (Дайлами)

**«Уяттуулук эгер адам болгондо жакшы адам болмок. Ар-**

**сыздык (уятсыздык) адам болгондо жаман адам болмок.”** (Табарани)

**«Уяттуулук менен ыйман бир жерде. Бири кетсе экинчиси да кетет.”** (Хаким)

Динибизде уяттуулуктун орду өтө маанилүү. Аллаху таалыдан уялуу ыймандын кубаттуу экендигинин, ал эми уятсыздык ыймандын алсыз экендигинин белгиси. Хадиси шарифте: **«Уяттуулуктун аздыгы куфурдан”, -** делген. Уятсыз адам убакыт өтүп куфурга да кирип калышы мүмкүн (б.а., ыйманын жоготуп алышы мүмкүн). Уяттуулук ыймандын негизинен болуп саналат. Уяты бар адам Аллахтан уялганынан күнөөдөн тартынат. Адамдардан уялбаган адам Аллахтан да уялбайт. Адамдардан уялып күнөөсүн жашыруу да уяттуулуктан болуп саналат. Адамдардан уялган адамдын Аллаху таалыдан да уяла тургандыгы түшүнүлөт. Анткени, хадиси шарифте: **«Аллахтан уялган адам адамдардан да уялат”, -** делген. Уятсыз адамдын адамкерчилиги калбайт. Хазрети Абу Бакр: «Уятсыз адам адамдардын арасында жылаңач отурган адам сыяктуу”, - деген.

Курани каримде: **«Ыйман келтиргендердин арасында жамандыктын, уятсыздыктын таркалуусун каалагандарга жана жактыргандарга дүнүйө менен акыретте оор азап бар”, -** делген. (Нур сүрөсү, 19)

Аял менен эркектин мамилесинде жана ажаткана үчүн колдонулган сөздөрдү дал ошондой колдонуу адамкерчиликке туура келбейт, уяттуулукту (ар-намысты) жоёт жана жакшыларга жабыр тарттырган болот. Андай сөздөрдү айтуу керек болгон кезде ачык сөздөр менен эмес, белги менен, каймана сөздөр менен айтылат.

Аллаху тааланын нематында ниматты бергенди көрүү керек, ар дайым Анын алдында экенин ойлоо керек, мисалы, отурганда, жатканда адепке маани берүү зарыл. Жегенде, ичкенде, сүйлөгөндө, окуганда, жазганда жана ар бир иште ушулардын баары Аллаху тааланын кудурети менен болуп жатканын, бардык иш-аракеттерде Анын буйругуна моюн сунуп, тыюуларынан сактанууну ойлоо керек. Ушинтип ойлоо абдан чоң ибадат болуп саналат.

## Махрам маселелерди адеп менен суроо керек

Кыз киши махрам маселелерди энесинен суроого тийиш. Эгер ал билбесе энесине: “Атамдан үйрөн”, - дейт. Атасы да билбесе атасы барып билген бирөөдөн суроосу керек. Атасы жок болсо агасы, атасынын агасы, тайкеси сыяктуу махрам болгон туугандарынан суроого тийиш. Ушулардан үйрөнүп, ага үйрөтпөй турган болсо, анда кат менен же телефон аркылуу өзүнүн атынан эмес “бир аялдын белгилүү жагдайы баланча убакыт созулуп токтосоэмне кылуу керек” деген сыяктуу түрдө сураган жакшыраак болот. Бир аялдын күйөөсү бул илимдерди үйрөнүп, кийин аялына үйрөтпөй турган болсо, аялы эң ыңгайлуу жол менен буларды үйрөнө алат. Билгендерден бул темага тийиштүү маселелерди адептүүлүк менен суроо уят болбойт.

Хазрети Эсманын Пайгамбарыбыздан кантип гусул алуу керектиги тууралуу сурап жатканда уялганын байкаган Хазрети Айша энебиз: “Ансар аялдары кандай жакшы, уялуулары диндерин үйрөнүүдө кедерги болуп турган жок”, - деди. **(Бухари)**

Демек, уят болот деп өзүнө фарз болгон илимдерди үйрөнбөөсү жаңылыштык. Пайгамбарыбыз махрам темаларды түшүндүрүп жатканда: **“Аллаху таала хактын түшүндүрүлүүсүнөн тартынбайт”, -** деди. (Тирмизи)

Ушул мааниде аят дагы бар:

**“Аллаху таала чындыкты айтуудан тартынбайт.”** (Азхаб сүрөсү, 53)

## Ашык болуу күнөөбү?

**Суроо:** Күнөө кылбоо шарты менен бирөөнү жакшы көрүүнүн зыяны барбы?

**Жооп:** Ашыктык – бул адамдын колунда болбогон сезим. Арын, б.а., намысын коргоп жана күнөөгө жолобоо шарты менен бирөөгө ашык болуунун зыяны жок. Жада калса, ар-намысын коргоп ашыктыгын жашыруу - чоң сооп. Хадиси шарифте мындай деп айтылган:

**“Ашыктыгын жашырып, ар-намысын коргоп өлгөн адам шейит болот.”** (Хаким, Хатиб)

**“Ашыктыгын жашырып, ар-намысын коргоп, сабыр**

**кылган адамдын күнөөлөрүн Аллаху таала кечирип, Бейишине киргизет.”** (Ибн Асакир)

Демек, динибизде намысты коргоо жана ашыктык себеби менен күнөө кылбоого сабыр кылуу - чоң сооп. Анткени, адатта ашыктык адамды сокур кылгандыктан, адамдын өзүн-өзү күнөө кылуудан кармап калуусу кыйын болот. Кыйын болгон иштерди ишке ашыруунун сообу да ошончолук чоң болот. Хадиси шарифте мындай деп айтылган:

**“Үммөтүмдүн жогору даражада болгондору - ашыктык балээсине учурап, ар-намысын сактагандар.”** (Дайлами)

### **Ар-намыстуу** (таза, уяттуу) **адамдын түгөйү да ар-намыстуу болот**

Имам Газали хазреттери мындай дейт:

“Акылды тыңдабаган, ага эң көп каршы чыккан нерсе шахват болуп саналат. Адамдардын башкалардын айыптоосу сыяктуу себептер менен бул шахваттан узактоолору пайдалуу болсо да, алар чоң сооп ала алышпайт. Бирок, күнөө кылуу үчүн бардык мүмкүнчүлүгү болуп туруп арада эч кандай тоскоолдук жок болуп, жалгыз Аллаху тааланын ыраазычылыгы үчүн жана Аллахтан корккондугунан шахватынын туткуну болбой, ага каршы чыкса, эң чоң жакшылыктарга ээ болот. Бул даража - сыддыктар менен шейиттердин мартабасы.”Хадиси шарифте мындай деп айтылган:

**“Уяттуулук, ар-намыстуулук, тилине ээ болуу жана акыл – ыймандан. Мындай адамдардын акыретти каалоосу көбөйүп, дүнүйөнү каалоосу азаят. Саракдык, адепсиздик, арсыздык, уятсыздык менен эки жүздүүлүктөн пайда болот. Мындай адамдарда дүнүйө каалоосу көбөйүп, акырет каалоосу азаят.”** (Байхаки)

Эркектер уятсыз болушса, жакындары дагы жаман жолго кирип калышы мүмкүн. Пайгамбарыбыз: **“Силер ар-намыстуу болсоңор, аялыңар да ар-намыстуу болот”, -** деген. (Табарани)

Хазрети **Ибн Нажжар** билдирген **“Зина кылган адам дал ошол нерсеге дуушар болот”** деген мазмундагы хадиси шариф ар-намыссыз болгон адамдын жакындары да ар-намыссыз болуулары мүмкүн экенин көрсөтүүдө. Ар-намысын сактоого аракет кылган

адам муну ишке ашырат. **“Ар-намыстуу болууну каалаган адамды Аллаху таала ар-намыстуу кылат”** деген хадиси шариф ушуга далил. (Хаким)

Дин өкүмдөрүнө каршы иштер, б.а., күнөөлөр – бул дүнүйөдө адам үчүн уят-маскаралык. Ал эми акыретте азабы өтө оор болот. “Мен өлбөймүн” же “Тозоктун оту мага зыян келтире албайт” деген адам бар болсо каалаган жаман ишин жасасын! Хадиси шарифте мындай деп билдирилген:

**“Дүнүйө үчүн дүнүйөдө кала турганчалык даражада эмгектен! Акырет үчүн ал жакта түбөлүк кала турганчалык даражада эмгектен! Аллаху таалага муктаж болгон даражада моюн сун! Тозокко чыдай ала турган даражада күнөө кыл!”** (Аййухал валад илмихалы)

Өлө турганына ишенген жана өлгөндөн кийин башына келе тургандарды ойлогон адам күнөө, жамандык кыла алабы?

### Ар-намыстуу болуу үчүн

Адам баласына эң чоң зыян жаман досунан келет. Жаман достор менен аралашкан, ошолор менен бирге жүргөн адам, б.а., жол башчысы карга болгон адам качанкыга чейин таза болмок эле?

Жакшы адамдар менен бирге болгон адам кыска убакытта алар сыяктуу жакшы иштерди кылбаса дагы алардын жанында жамандык кыла албайт. Хадиси шарифте: **“Адамдын дини досторунун дини сыяктуу болот”,** -деп айтылган. (Тирмизи)

Андай болсо кылууга тийиш болгон иш, айланабыздагы адамдарга, досторго маани берүү жана жаман достордон оолак болуу керек. Ар-намыстуу болуп жашагысы келген адамга Аллаху таала ошол нерсени насип кыла тургандыгы дин китептеринде жазылган. Хадиси шарифте мындай делген:

**“Ар-намысты талап кылган адамды Аллаху таала ар-намыстуу кылат.”** (Хаким)

Ар-намыстуу адам үй-бүлөсүн дагы ардуу, таза, уяттуу болуусун каалайт. Аларды дагы жамандыктардан сактайт. Өзү жаман болсо бир күнү бала-чакасы да жаман жолго кирип калышы ыктымал. Бала-чакасынын арсыз болуусун кайсы эне-ата каалабамак эле?

Перзенттерге жакшы үлгү болуу керек. Хадиси шарифте мындай деп айтылды:

**“Ар-намыстуу болсоңор аялдарыңар дагы ар-намыстуу болушат. Эне-атаңарга ихсан кылсаңар** (жакшы карасаңар)**, бала-чакаңар дагы силерге ихсан кылышат!”** (Табарани)

**“Жамандыктан сактануу үчүн никелүү жашоо жана ар-намыстуу болуу керек.”** (Ибн Асакир)

## Ар-намыссыздыктын себеби

Азыркы тапта батыш элдеринде зина, сафизм (лесбиандык), ливата (гомосексуализм) сыяктуу намыссыздык, адамгерчиликке туура келбеген катнаштар кеңири жайылууда. Ал эми мындай эссиздиктин келип чыгышынын эң башкы себеби - аял менен эркектердин бири-бири менен чексиз, контролсуз түрдө кездешүүлөрү. Мына ушунун натыйжасында батышта өмүрүн зина кылбай өткөргөн эркектер менен аялдар өтө аз кездешет.

Эркек менен аялдын эч уялбастан бирге отуруулары, ачык сүйлөшүүлөрү жана кездешүүлөрү менен аялдарга урмат көрсөтүүдөбүз, алардын укуктарын орундап жатабыз деп отуруп, аларды ушундай коркунучтарга өздөрү түртүшүүдө жана аялдарды кордоп соода товары сыяктуу колдонушууда.

Ал эми мусулман аялдары ар-намыстуу жана уяттуу болгондуктан, күйөөлөрүнүн жанында жана бардык жерде дагы урматтуу, кадырлуу болгондуктан күйөөлөрү аларды мындай коркунучтуу жагдайларга жана кордуктарга жолотушпайт.

Ар адам өтө жакшы көргөн жана баалуу нерселерин өзү үчүн коргогондугу сыяктуу мусулмандар дагы өздөрүнө бардык нерседен кадырлуу, кымбаттуу жана урматтуу деп билген аялдарын жана күйөөлөрүн учуп бараткан куштан дагы коргошот. Ал эми бул махабатынын көптүгүнөн боло турган дүнүйө.

Европалыктар мындай ахлак жана намыс сезиминен куру калышкан. Ал жакта эркектин өзүнүн аялын же аялдын өзүнүн күйөөсүн кызгануусу өтө күлкүлүү жана акмактык деп саналат. Мисалы, бир жерде баланча кызганчаак экен делсе тарбиясыз, акмак деп эсептелинет. Бул - жаңылыш түшүнүк.

## Тектүүлүктүн мааниси

Тектүүлүк башка өзгөчөлүктөр менен бирге болсо гана маанилүү болот. Адамдардын баары Адам алейхиссаламдан тарашкан. Ар жакшынын балдары жакшы, ар жамандын балдары да жаман деген эреже жок.

Хазрети Адам жана Хазрети Нухтун уулдарынын бири капыр болгон. Нух алейхиссалам жана Лут алейхиссаламдын аялдары капыр болгон. Аллаху таала жамандан жакшы, жакшыдан жаманды жаратат. Курани каримдин бир канча жеринде: **“Өлүктөн тирүүнү, тирүүдөн өлүктү чыгарат”, -**деп билдирилген. (Аали-Имран сүрөсү, 27)

Ислам аалымдары бул аятты чечмелеген кезде: **“Капырдан мусулманды, мусулмандан капырды жаратат”, -** дешкен. Ошондуктан, тегинде жамандардын болуусу өзүнүн да жаман экенин көрсөтпөйт. Баарыбыз Адам алейхиссаламдан келдик. Динибизде тектүүлүк жагынан үстөмдүк жок. Аллахтын алдында үстөмдүк бир гана такыбаада. **“Аллахтын назарында силердин эң үстөмүңөр – такыбаалуураак болгонуңар”, -** деп билдирилген. (Хужурат сүрөсү, 13)

(Такыбаалык Аллахтан коркуп, диндин буйруктарына моюн сунуу жана тыюуларынан сактануу дегенди билдирет.)

## Жакшы мүнөз дагы тактүүлүккө жатат

Ишеничтүү болбогон, жаңылыш бир китепте мындай деген негизсиз пикир жазылган:

“Тектүүлүксүз берилген тарбия таасирлүү болбойт. Жезди канчалык жылтыратып сүртсөң деле үч күндөн кийин кайра карарат. Жасалма жылтырак аз убакытка жетет. Алтынды эч качан дат баспайт. Жылтыратып сүртпөсөң деле жылтырагын жоготпойт. Бул мисал тектүүлүктүн канчалык маанилүү экенин көрсөтөт.”

Китеп ишеничтүү болбогондугу сыяктуу эле бул пикир Курани карим менен хадиси шарифтерге дагы каршы.

Бир адам теги чоң үй-бүлөдөн чыкпаса дагы жакшы мүнөздүү, диндар болсо, ал адамдын көркөм мүнөзү менен диндарлыгы тектүүлүктөн дагы жакшыраак болуп саналат. Хадиси шарифте мындай делген:

**“Жакшы мүнөздөй тектүүлүк болбойт.”** (Ибн Мажа)

**“Аялды же байлыгы үчүн же сулуулугу үчүн же болбосо диндарлыгы үчүн алат. Силер диндарын алгыла! Материалдык жана руханий ниматтарга ээ болосуңар!”** (Бухари)

Насаат аркылуу тексиз адамды дагы тарбиялоого болот. Ошондуктан, Курани каримде: **“Насаат айткыла! Насаат момундарга албетте пайда берет”,** -деп билдирилген. (Зариат сүрөсү, 55)

Тексиз адамды тарбиялоо мүмкүн болбогондо Пайгамбарыбыз алейхиссалам: **“Мүнөзүңөрдү жакшырткыла!»** -деп айтмак беле? (Ибн Лал)

Хазрети Лукмандан мындай деп суралат:

- Адеп, тектүүлүк, мал-мүлк менен илимдин кайсы бири жогору?

**- Адеп тектүүлүктөн, илим мал-мүлктөн кайырлуу.**

Хазрети Лукмандан уулу мындай деп сурайт:

- Эң жакшы касиет эмне?

**- Диндар болуу.**

- Макул, ата. Эгер бул касиет экөө болсочу?

**- Диндарлык менен мал-мүлк ээси болуу.**

- Үчөө болсочу?

**- Диндарлык, мал-мүлк жана уяттуулук.**

- Төртөө болсочу?

**- Диндарлык, мал-мүлк ээси болуу, уяттуулук жана көркөм мүнөз.**

- Бешөө болсочу?

**- Диндарлык, мал-мүлк ээси болуу, уяттуулук, көркөм мүнөз жана жоомарттык.**

- Алтоо болсочу?

**- Балам, ушул беш мүнөз кимде бар болсо ал адам такыбаа ээси, Аллаху тааланын досу, шайтандан узак, таза адам болуп саналат.**

## Ар-намыстын маанилүүлүгү

Аллаху таала адамзат баласын тукумун улантуусу үчүн эркек менен аялдын табиятын бири-бирине куштар кылып жараткан. Аны менен катар ошол сезимдин алдында адамдарды дүнүйөдө оор сыноолорго салган. Бул сыноодон өткөн адам дүнүйө менен акыретте баатыр адам. Адамдын жакшы же жаман экендиги көбүнесе ошол ар-намыс жагынан белгилүү болот.

Аллаху таала Курани каримдин бир нече жеринде ар-намысын сактай алган адамга чоң сыйлыктар бере тургандыгын убада кылган. Ал эми ар-намысын сактабаган, (катынпоз) адамга Тозок азабын билдирген. Аллаху таала арсыздарды адам өлтүргөн адамдар менен теңеген. Момундардын сыпаттары тууралуу айткан кезде да мындай деген:

**"Момундар намаздарын хушуъ** (ыклас) **менен окушат. Алар маанисиз, керексиз нерселерден алыс болушат. Зекеттерин беришет. Уяттуу жерлерин сакташат. Аманаттарын коргошот жана убадаларын аткарышат."** (Муминун сүрөсү, 1-8)

Ар-намыссыз адам Аллахтын алдында күнөөкөр, элдин алдында урматсыз болот. Бир намыссыздын коомдогу жакшы адамдардын алдындагы кадыр-баркы бир иттин кадыр-баркындай да эмес. Бай жана өтө сулуу аял эгер ар-намыссыз болсо абройсуз болот. Кедей аял намыстуу болсо ар дайым кадыр-барктуу, сый-урматка татыктуу болот.

Жер бетиндеги көптөгөн жаңжалдар, адам өлтүрүүлөр, уруштар, кызганычтар, кыскасы, бардык жамандыктар ар-намыссыздык, уятсыздыктын кесепет-кесиринен улам болууда. Адамдардын көпчүлүгү уятсыздыктын жамандыктарын билип туруп өздөрүн бул жаман жолдордон баш тарттыра албай жатышат. Ошондой кубаттуу сезимдердин алдында булардын алдын ала турган чаралар бар. Бул – тарбия жана ахлак маселеси.

Аллахтан корккон адам уятсыз боло албайт. Ошондуктан, перзенттерибизге Аллахтан коркууну үйрөтүүгө аракет кылалы, бул биз үчүн эң башкы милдеттерибиздин бири болуп саналат. Аллаху тааладан коркуу үчүн Аллахты жакшы билүү керек. Аллахты билүү үчүн Анын улуктугун жана сыпаттарын үйрөнүүгө мажбурбуз. Аллаху тааланы такыр унуткан коом үчүн Аллахтан коркуу деген сезимге ээ болуу оңой эмес. Аллаху тааладан коркууда бир билим, кызмат жана кажыбас эмгек кылып, буларды үйрөнүү, умтулуу керек. Аллахтан коркуу сезимине жөн жерден эч ким жете албайт. Диндин буйруктары менен тыюуларын орундаган адам үчүн оңой болот.

Айрыкча чоң шаарларда ар-намыс маселеси кооптуу багытта. Балагат жашына келген кыздардын өз акылы, көз-карашы менен ар-намысын сактап кала алуулары чындыгында кыйын. Эгер балагат

жашындагы кыз бираз сулуу болсо, адамдын оюна, кыялына келбей турган коркунучтар менен курчалган деген сөз. Бул коркунуч окуу жайларында, жолдо, автобуста, коңшулардын арасында, жада калса, үйдүн ичинде, телефондо, интернетте, кайда барса да ээрчип артынан калбайт.

Кыздарыбыз коркунучтардын каршысында алсыз макулук сыңары ахлаксыз, ниети бузук адамдардын колунда оюнчук болбошу керек. Мындай заманда туш келди адамдын туш келди жерде ага зыяны тийиши мүмкүн. Тийсе да анын акчасына эмес ар-намысына, аброюна тийет. Акчага зыян тийсе анын ордун калыбына келтирүүгө болот. Ал эми руханий дүнүйөгө тийген зыяндын орду калыбына келтирүү мүмкүн эмес. Ахлаксыз, ниети бузук адамдардын арасында жаш кыз үчүн аброюн сактап жашоосу өтө кыйын. Ар-намыстуу кыз башка кыздар сыяктуу жүрүүгө кызыкпашы керек. Бул - кооптуу тажрыйба. Негизи андай жүрүү менен курулган үй-бүлөлөр көбүнесе бактылуу боло алышпайт.

Ар-намысын сактоо үчүн жаштарды өз убагында үйлөндүрүү керек. Ар-намыска зыян келтире турган жерлерге жолобоо зарыл. Жаштык кезде ойноп-күлүп, жүрүп калуу керек деп жасалган ар түрдүү кызыктыруучу нерселер - жаш кызды колго түшүрүүнүн бирден-бир тузагы. Мунун тузак экенине ишенбеген кыздар кандайдыр бир кезде ошол тузакка түшөт. Ошондо гана эсин жыйууга үлгүрөт. Бирок,анда кезде болор иш болгон болот. Тузактын тартымдуу көрүнүшүнө алданган кыздар эркектердин колуна түшкөндө заматта оюнчукка айланышат. Өзүнө ишенген кыз да алардын жанында акырына чейин албайт. Сымбаттуу жигиттин алдамчы, жылмайган жүзүнүн каршысында жеңилүүсү мүмкүн. Тузакка түшкөнүн байкабай да калат. Андай тузактан кутулган адам өтө аз же такыр жок. Ал эми негизи ошол тузак делген кызыктыруучу жерлерге барбай койгон - андан да жеңилирээк иш. “Көздөн ыраак болгон көңүлдөн да ыраак болот” деген сөз бар. Андай жерлерге барбаган кыздар андай жерлердин коркунучтарынан дагы сактанган болот. Эгер бара турган болсо мындай коркунучтан кутулуусу кыйын болот.

Ар-намыс – жаш кыздын же аялдын баа жеткис асыл ташы. Бул асыл ташка кол тийгизүү үчүн Аллаху тааладан коркпогон эркектер бардык шайтаний иштерди жасашат. Колго түшүргөн соң

максатына жетет. Анан асыл таштын куну кетип, жөнөкөй ташка айланып, көчөгө ыргытылат. Бул жерде эркекар-намыстын уурусу, ал эми аял кунун жоготкон, асыл ташын уурдаткан бактысыз жанга айланат.

Расулуллах адлейхиссалам мындай деген:

**"Кыздын теңин тапкандадароо үйлөндүргүлө!"** (Тирмизи)

Белгилүү болуп тургандай, аялды, кызды теңине берүү керек. Теңи дегенибиз эркектин тегинде, байлыгында, дин амалдарында жана сапатында кыздын теңи болуу деген сөз. Болбосо, бай болуусу, айлыгынын көп болуусу, дипломдуу болуусу же белгилүү бир элдин жараны болуусу дегендик эмес. Теңи- эркектин салих мусулман болуусу, намазын окуусу, ичкилик ичпөөсү, б.а., Ислам динине моюн сунуусу жана нафакасын (турган үйү (аренда), кийим-кече, тамагын ж.б.) камсыз кыла ала тургандай жумушу болуусу деген сөз. Тактап айтканда, бир үй-бүлөнү күтө ала турган эркек менен турмуш куруу керек. Эркектин бир гана бай болгонун, үйлүү болгонун каалай тургандар кыздарын кырсыкка түрткөн, Тозокко ыргыткан болот. Кыз баланын дагы намаз окуусу, башы, колу, балтыры ачык түрдө көчөгө чыкпоосу керек.

## Өз ордун билүү

**Суроо:** Адеп деген эмне?

**Жооп:** Адеп адамдын кайсы жерде болбосун өзүн кармай билүүсү, чектен ашып кетпөөсү дегенди билдирет. Үй-бүлөдө, жумушта, коомдо бардык жердин бир чеги, эрежеси бар. Бардык кыйынчылыктар менен адамдардын арасындагы пикир келишпестиктер негизи чектен ашып кетүүдөн келип чыгат. Ар бир адам өзүнүн чегин (ордун) билип, чектен чыгып кетпесе, мисалы, бир үйдүн аялы менен күйөөсү да чегинен ашып кетпей, ошого ылайык кыймылдашса ал үй Бейиштей үй болот. Бейиштей болгон үйдөн акыретке көчкөндөр дагы албетте Бейишке барышат. Ар бир маселеде динибиздин буйруктарына моюн сунуп, ага ылайык аракет кылган адам, чегин билип, чегинен ашпаган болот. Андай жагдайда ызы-чуу, пикир келишпестик, түшүнбөстүктөр да болбойт. Дүнүйө гүл бакчасына айланат. Бардык нерсенин чегин динибиз билдирген.

## Бирөөгө аң казсан өзүң түшөсүң

**Суроо:** Бир таанышым дос баламдын аялын алып качып кетип үйлөндү. Диний жактан бул туурабы?

**Жооп:** Үч жагынан туура эмес:

1) Башка бирөөнүн аялын туура жолдон адаштыруу чоң күнөө. Хадиси шарифте мындай деп билдирилген: **"Бирөөнүн аялын туура жолдон адаштырган адам бизден эмес."** (Абу Давуд)

2) Күйөөсү ал аялдан ажырашпастан (талак бербестен) эч ким ага үйлөнө албайт. Жасаган иши зина болот.

3)Күйөөсү аялынын ала качылганын, турмуш курганын угуп, ошол кезде ажырашса да иддат убагын күтпөй туруп эч үйлөнүүгө болбойт. Үйлөнө турган болсо зина болот.

Бирөө башка бирөөнүн аялын туура жолдон адаштырса башка бирөө да анын аялын туура жолдон адаштыруусу мүмкүн. "Бирөөгө аң казсаң ага өзүң түшөсүң", - деп бекеринен айтылган эмес. Хадиси шарифте мындай деп айтылган:

**"Силер ар-намыстуу болсоңор, аялдарыңар дагы ар-намыстуу болот."** (Хаким)

Күйөөсүнө кыянат кылып, башкага качып турмуш курган аял барган күйөөсүнө да кыянат кылышы ыктымал. Ошол эркекке эмне үчүн качып барды? Же байлыгы үчүн, же сулуулугу үчүн, же жаш көрүнгөндүгү үчүн качты. Кандай себеп болсо да, андан да бай, андан да сулуу, андан да жаш жигитти тапканда, андан да качып кетпей тургандыгына ким кепилдик бере алат? Аллахтан коркпой турган адам бардык нерсени жасашы мүмкүн.

# СҮЙҮШКӨНДӨР КҮНҮ

**Суроо:** “Валентин күнү” деп аталган сүйүшкөндөр күнүн майрамдоонун жана белек алып-беришүүнүн дин жагынан зыяны барбы?

**Жооп:** “Аялдар күнү” жана “Балдар күнү” сыяктуу адат (салт) болуп саналат. Бирок, бүгүнкү күндө сүйүшкөндөр делип никесиз сүйүү тууралуу айтылууда. Бул болсо эч качан жаиз эмес, харам болгон нерсени майрамдоого болбойт. Калктын адатында (салтта) бар болгон нерсе жаиз, бирок, динге каршы болгон салтты майрамдоого болбойт. Б.а., динибизде никесиз байланышка тыюу салынган. Төмөндөгү христиандардын аңгемеси чын болсо сүйүшкөндөр күнүн куттуктоо бир поптун жаштарды табыштыруусун майрамдоо жана бир поптун өлүмүн эскерүүгө окшоодо. Жада калса, майрам деп жарыялангандыгына караганда христиандардын диний майрамдарын майрамдоо ыйман, дин жагынан ого бетер кооптуу.

## **Сайнт** (Ыйык) **Валентин** (сүйүшкөндөр) **күнүнүн чыгуу тарыхы**

Зулумдугу менен таанымал болгон Рим Императору II-чи Клаудиус чоң аскер жыйноону көздөйт. (Милади 200-ж) Император аскерге кошулган эркектердин үй-бүлөлөрүн жана сүйүктүүлөрүн ойлоп согуша албай калат деп ишенет. Ушул себептен улам жаштардын үйлөнүүлөрүнө тыйуу салат. Ошол доордо императорго каршы чыккан жаштардын башын кошкон Валентин аттуу поп ашыктардын эң жакын досу деп атанат. Муну уккан император Валентинди түрмөгө каматат. Түрмө күзөтчүсүнүн сокур кызынын сакайуусуна себепчи болгон Валентиндин аты Императордун кулагына жетет. Ошентип, 14-февралда поп өлтүрүлөт. (Милади 270-ж.)

Өлгөн күнү күзөтчүнүн сокур кызына жазган бир барак кагазы табылат. Ал кагазда Валентин ашыктардын ортосундагы махабат, кумарлык тууралуу сөз кылган болот. Ошол күндөн баштап 14-февраль Сайнт (Ыйык) Валентинди эскерүү үчүн бири-бирине ынтызар болгон сүйүшкөндөр тарабынан майрамдалып келет.

Христиандык поп Валентин жаштар менен кошо кичине

балдар тарабынан да сүйүүгө бөлөнөт. Бир шылтоо менен туткундалат. Туткунда жаткан мезгил боюнча гүл букеттери менен кошо жазган каттарын күн сайын түрмөнүн темирлерине илип кетип турушат. 14-февралда Валентинди өлүм жазасына кесет. Өлгөндөн кийин жыл сайын 14-февраль күнү адамдардын сүйгөндөрүнө гүл букетин, шоколад жана ашыктык сезимин билдире турган каттарын алып баруу адатка, салтка айланат.

Ар кайсы мамлекеттерден чыккан тарыхчылар 14-февралдын бир гана сүйүшкөндөргө таандык болуусуна каршы болушкан. Алар бешинчи кылымда жашап өткөн Ыйык Валентин аттуу поптун бул күндү майрам күнү деп жарыялап кеткенин айтышууда.

«Валентин христиандык ишениминде Римдик күнөөсүз, ыйык (святой) болуп эсептелет. Милади 269-жылы өлтүрүлгөн деп саналууда. Ашыктардын ыйыгы деп да билинет. Жыл сайын 14-февралда эскерилет. Убакыт өткөн сайын бул күн «сүйүшкөндөр күнү" деп аталып кеткен." *(Oxford Dictionary of English)*

## АЯЛДАРДЫН ОРОНУУЛАРЫ

**Суроо:** Аялдардын кантип оронуулары керек экендиги динибизде ачык билдирилгендигине карабай эмне себептен алиге чейин бул тууралуу талаш-тартыштар болууда? Оронууну жокко чыгарып, моюндабаган адам динден чыккан болбойбу?

**Жооп:** Динибизде аялдардын оронуулары, б.а., бети менен колунан башка бардык мүчөлөрүн жабуулары керектиги анык, ачык түрдө билдирилген. Аялдардын оронууларына байланыштуу түшкөн аяттарды Пайгамбарыбыз түшүндүрүп берген, аалымдар болсо аны бизге билдиришкен. Бул маселедеги талаш-тартыштар атайылап жаман максатта жасалууда.

Курани каримде жалпы бардык нерсе кыскача түрдө билдирилген. Аларды Пайгамбарыбыз кеңири түрдө түшүндүрүп берген жана ошондон бери анын өкүмдөрү жүрө баштаган.

Курани каримдин **"Исра"** сүрөсүнүн 23-аятында: **"Эне-атаңа "уф-ф" дебе!" -** деп айтылган. Эгер бир адам эне-атасына "уф-ф" деп айтпаса, бирок, таяк менен ургуласа, "Мен "уф-ф" деген жокмун, Курандын буйругуна моюн сундум" десе, ал адам Куранга

моюн сунган болуп эсептелеби?.. Хазрети Байдавинин тафсиринде бул аяттын мазмунунда: **“Эне-атаңарды таарынтпагыла, жада калса, аларга “уф-ф” деп дагы айтпагыла!”**- деп түшүндүрүлөт.

Ошондуктан, Курандагы бир аяттын өкүмүн үйрөнүү үчүн Курандын котормосун окуу чоң жаңылыштык болуп саналат. Ар ким өз алдынча Курандан өкүм чыгара алганда хадистердин кереги болмок эмес.

Мисалы, уурулук кылуу - кылмыш. Сот уурулуктун жазасын кылмыш кодексин карабай туруп, бир гана конституция боюнча бере албайт. Себеби, уурулукка бериле турган жаза конституцияда анык көрсөтүлгөн эмес. Көптөгөн өкүмдөр конституциянын тармактары болгон мыйзамдар менен аныкталат.

Ошол сыяктуу туш келди адам динибиздин өкүмдөрүн түздөн-түз Курани каримден түшүнө албайт. Анткени, Курани каримди Пайгамбарыбыз хадиси шарифтери менен чечмелеп түшүндүрүп берген. Ал эми хадистерди түшүнүүнүн өзү эле чоң илимди талап кылат. Тактап айтканда, хадистерди дагы ислам аалымдары чечмелеп түшүндүрүп беришкен. Ошондуктан, эч кимге да түздөн-түз Курани каримдин котормосун окууга кеңеш бербейбиз. Бир окурман: “Курани каримдин котормосун окуйм деп таптакыр динсиз болдум”, - деп өкүнүчүн билдирген болчу.

Медициналык китептерден окуп дары жасоо же ооруга диагноз коюу жаңылыш нерсе. Ал эми Курани каримдин котормосунан өкүм чыгаруу андан да чоң жаңылыштык. Себеби, жаңылыш дарыны колдонгон адамдын өлүшү ыктымал. Ал эми жаңылыш өкүм чыгарган адам болсоыйманынан айрылып, түбөлүк азапка дуушар болушу мүкүн. Хадиси шарифте мындай деп айтылган:

**“Курани каримди жеке көз карашы менен, жеке ой-пикири менен чечмелеген адам туура тапса дагы сөзсүз катага түшөт.”** (Насаи)

**“Курани каримди жеке ой-пикири менен тафсир кылган адам капыр болот.”** (Мактубати Раббани)

Курани каримде мындай деп билдирилет:

**“Момун аялдарга айт:** (Чоочун эркектерди кароодон) **сактанышсын, намыстарын коргошсун,** (кол, жүз сыяктуу) **көрүнгөн бөлүктөн тышкары зыйнаттарын** (Чач жана моюн-

га тагылчу коздук зыйнат тагылган жерлерди) **көрсөтүшпөсүн, жоолуктарын жакаларына чейин** (чач, кулак жана тагылчу коздук буюмдарын) **жабышсын.”** (Нур сүрөсү, 31)

Бул аяти каримадан аялдардын жоолуктарын бир гана жакасын жаба тургандыгы, баш жана денесинин калган жерлерин жабуунун керек эместиги түшүнүлүшү мүмкүн. Көздү эмнеден сактайт, намысын кантип коргойт, зыйнаттан максат эмне! Кына, сүрмө боёкпу, алтын күмүш сыяктуу зыйнаттарбы? Бул маселелер хадиси шариф менен билдирилген. **“Ахзаб”** сүрөсүнүн 59-аятында: **“Эй, Пайгамбар! Жубайларыңа, кыздарыңа жана момундардын аялдарына** (тышка чыгарда) **жилбабдарын** (тыш кийимдерин) **кийүүлөрүн айт! Бул алардын таанылып, кыйналбоолору үчүн өтө жеңил.”**

Бул котормону карап “Аял таанылып, кыйналбоосу үчүн тыш кийим кийет. Таанылып, кыйналбаса жылаңач басып жүрө алат” дегендер дагы чыккан. Ошондуктан, бул аяттардан жеке түшүнгөнүбүздү эмес Расулуллах алейхиссаламдын кандайча түшүндүргөндүгүн кароо керек. Хадиси шарифте айтылды:

**“Аялдын** (жүз жана эки колунун алакан бөлүгүнөн башка) **бардык денеси аврат болуп саналат.”** (Мажмаул-анхур жана Эл-мугни)

Бул хадисте аялдын оронуусу, б.а., жүзү менен эки колунан башка мүчөлөрүнүн жабык болууга тийиш экендиги ачыкча билдирилүүдө. Курани каримдин 17 жеринде Пайгамбарыбызга: **“Аларга “Мага моюн сунгула” деп айт”, -** деп буюрулууда. Аллаху тааланын  Пайгамбарына моюн сунуп, Ал билдиргендей оронуу керек!

Хазрети Эсма жука кийим менен келгенде Расулуллах аны (балдызын) карабады. Касиеттүү жүзүн буруп: **“Эй, Эсма, бир кыз намаз окуй турган жашка келгенде жүз жана колдорунан сырткары денесин эркектерге көрсөтүүгө болбойт,” –** деп буюрду. (Абу Давуд)

Хазрети Айша энебиз: **“Алгачкы мухажир аялдарга Аллах рахмет кылсын! Тасаттур** (оронуу) **аяты түшкөндө дароо чүпөрөктөрүн жыртып, баштарын жабышты,”** – деген.(Бухари, Насаи)

Аял – аврат болуп саналат, оронуусу, эки колунан жана жүзүнөн башка бардык жерин жабуусу - фарз. Аяти каримани жеке көз карашы менен тафсир кылып, бул фарзга каршы чыгуу - куфур.

Аял көчөгө жамынбай, ачык чыга турган болсо капыр болбойт, күнөөкөр болот. Бирок, жамынуунун кереги жок деп айта турган болсо, б.а., жамынуу керек экендигине ишенбесе Исламга ишенбеген болот. Күнөө менен куфур эки түрдүү нерсе.

**Суроо:** Жалпы мусулман аялдардын кийинүү формасы кандай болушу керек (мисалы: кийимдин түсү, көлөмү ж.б.у.с.)?

**Жооп:** Расулуллах алейхиссаламдын адаттарга байланыштуу сүннөттөрүнө моюн сунуу дагы өтө чоң мартаба жана сооп. Бирок, аны орундабаса күнөө болбойт, жада калса, макрух да эмес. Мисалы, Пайгамбарыбыз төөгө мине турган. Төөгө минбөө күнөө же макрух эмес. Араптардагы адат боюнча кызыл ашыктарына чейин жеткен узун көйнөк (антари) кийе турган. **(Ибн Асакир)**

Диний китептердеги берилген өкүмдөрдө мындай деп айтылат: “Аялдардын дене мүчөлөрүн билгизбей турган (тар эмес) каалаган кийимди кийүүлөрү - фарз. Ислам дини оронууну, эки колу менен жүзүнөн башка бардык жерин жаап жүрүүнү) буйрук кылган, бирок, белгилүү бир кийим түрүн билдирген эмес.” **(Дурарул-мултакита)**

“Жабуу (көргөзбөө) керек болгон дене мүчөлөрдү жаба тургандай жана дене мүчөлөрүн билгизбей тургандай болуу шарты менен аялдар жашаган жеринин каада-салттарына ылайык кийинишет. Анткени, кийим сыяктуу мубахтарда жашаган жердин адатына моюн сунбоо тахриман макрух болот. Зарылчылык (мажбур) болмоюнча харамдарда эч бир жердин адатына моюн сунууга болбойт”. **(Хадика)**

# ҮЙЛӨНҮҮНҮН ПАЙДА ЖАНА ЗЫЯНДАРЫ

**Суроо: Үйлөнүү пайдалуубу же зыяндуубу? Үйлөнөрдө кайсы нерселерге маани берүү керек?**

**Жооп:** Үйлөнүүнүн пайдалуу же зыяндуу болушу адамга байланыштуу. Кээ бирөөлөр үчүн үйлөнүү дүнүйө жана акырет бакытына себеп болот, кээ бирөөлөр үчүн бакытсыздыкка себеп болот. Бирөө менен үйлөнүүгө ниеттенген адам бир нече жолу истихара намазын окуп, Аллаху таалага жалбарып, напсинин жана жаман адамдардын ортого кирип кетүүсүнөн сактоосун тилөөсү кажет.

**Үйлөнүүнүн пайдаларынын бир нечеси мына булар:**

1- Үйлөнгөн адам балалуу болушу мүмкүн. Эгер баласы салих (такыбаалуу) болсо эне-атасына дуба кылат. Ошол аркылуу көптөгөн жакшылыктарга жетет. Хадиси шарифте мындай деп айтылган: **“Өлгөндөн кийин сообу токтобой турган жакшы амалдардын бири – салих** (такыбаалуу) **перзент тарбиялоо. Эне-атасы өлгөндөн кийин баланын кылган дубалары эне-атасына жеткирилет.”** (Муслим)

Бала эне-атасынан мурда бала кезинде кайтыш болсо, ал эми эне-ата бул кайгыга сабыр кыла турган болсо акыретте баласы шапаатчы болот.

Хадиси шарифте мындай деп айтылган:**«Балага Бейишке кир деп айтылган кезде өпкөлүү түрдө “эне-атамсыз кирбеймин” деп айтат. Кийин эне-атасы менен бирге Бейишке кирет.”** (Насаи)

**“Балдар Бейиштин эшигинин алдында жыйналып, бардыгы бир добуштан ыйлап эне-атасын сурашат. Булардын жан добушу эне-аталары жандарына келгенге чейин жана ар бири эне-аталарынын колдорунан кармап Бейишке киргенге чейин уланат.”** (И. Газали)

2- Үйлөнбөгөн адам көзүн харам нерселерден сактай албашы мүмкүн.

Үйлөнүү адамды шайтандын азгырыгынан алыстоосуна жана динин коргоосуна көмөк берүүсү мүмкүн. Хадиси шарифте мындай деп айтылды: **“Үйлөнгөн адам дининин жартысын сактайт. Кал-**

**ган жартысын сактоо үчүн Аллаху таалага каршы чыгуудан сактансын!”** (Таберани)

**“Шүгүр кылган көңүлгө** (жүрөккө)**, зикир кылган тилге жана акырет жолунда силерге көмөкчү боло турган салиха** (жакшы) **аялга ээ болууга аракет кылгыла!”** деген хадиси шарифтеги салиха аялдын зикир жана шүгүр менен бирге айтылуусу анын чоң нимат (Аллаху таала берген жакшылык) экендигин көрсөтүүдө. Салиха аял динин коргоодо көмөкчү болуп саналат. (Тирмизи)

Хазрети Омар мындай деген: **“Ыймандан кийин жакшы аялдан да артык нимат** (жакшылык) **жок.”**

Азыркы доордо бойдок болуп динин коргоо кыйын. Үйлөнүү динди коргоого жардамчы болуп саналат. Хадиси шарифте мындай деп айтылды: **“Бир жаш жигит үйлөнгөн кезде шайтан ага: “Аттиң, динин менден коргоду!” – дейт.”** (И. Асакир)

Дагы башка хадиси шарифте болсо үйлөнгөн адамдын эки рекет намазы бойдоктун сексен рекет намазынан да артык соопко жеткире тургандыгы билдирилген. **(Рамуз)**

3- Аялдарынын жаман мүнөздөрүнө жана алардын муктаждыктарын камсыз кылууда сабыр кылуу чоң ибадаттардан болуп эсептелет. Хадиси шарифте:

**“Күнөөлөрдүн ичинде ушундай бир күнөө бар, үй-бүлө кыйынчылыктарынан башка эч нерсе ага каффарат** (жаза) **боло албайт.”** (Таберани)

Жаман аялдардын ортосуна түшүп, напсине алданып, күнөөгө батуудан корккон жигиттин салиха, таза мусулман кыз таап үйлөнүүсү фарз. Мындай кыйын абалга тап болбогон жаштардын билим алууга, жакшы мүнөздүү болууга аракет кылып, аялдарга катыштуу жеке илимдерди үйрөнгөндөн кийин үйлөнүүлөрү керек. Бала-чакасына нафакасын (тамагы, кийими, жашай турган жерин) адал жолдон камсыздай албай турган адамдын үйлөнүүсү туура эмес.

Мусулман жигиттин эң алгач өз динин жакшылап үйрөнүүсү зарыл. Ошондон кийин гана сүннөттү орундоо ниети менен үйлөнө алат. Адептүү, уяттуу, жакшы мүнөздүү, динин, ыйманын, Исламдын шарттарын билген, Исламга моюн сунган, көчөдө диндин буйругуна ылайык кийинген кызга үйлөнүү керек! Ар-намыстуу жана динине

бекем кыз издөө керек! Милдеттүү түрдө бай болсун, сулуу болсун дебеш керек! Байлыгы менен сулуулугу үчүн ар-намысты жана диндарлыкты колдон чыгарып албоо керек! Хадиси шарифте мындай деп айтылган**:**

**“Аялды байлыгы үчүн же болбосо сулуулугу үчүн, же болбосо диндарлыгы үчүн алат. Силер диндар болгонун алгыла! Байлыгы үчүн үйлөнгөн адам байлыгына жете албайт. Бир гана сулуулугу үчүн үйлөнгөн адам да сулуулугунан куру калат.”** (Муслим)

Диндар жана сулуу болсо нур үстүнө нур болуп саналат. Дагы бир хадиси шарифте мындай деп айтылган:

**“Сулуулугу менен байлыгы үчүн үйлөнгөн адам экөөнөн тең куру калат. Диндалыгы үчүн үйлөнгөн адамга байлык менен сулуулук да берилет.”** (Табарани)

Никеден мурда кызды көрүү сүннөт болуп эсептелет. **“Көрбөй туруп үйлөнүүнүн арты кайгы менен өкүнүч”** деген хадиси шариф никеден мурда кызды көрүүнүн маанилүүлүгүн билдирип турат.

Аны менен катар үйлөнүүнүн оорчулуктары да көп. Үй-бүлөнүн, бала-чаканын жоопкерчиликтери бар. Ар бир эркек ушул жоопкерчиликтен кутула албайт. Хадиси шарифтерде мындай деп айтылган: **“Экинчи кылымдан кийинки адамдардын эң кайырлуусу – кайгысы аз жана бала-чакасы болбогону.”** (Абу Йала)

**“Ушундай бир күн келет, адамдар аялынын, эне-атасынын жана бала-чакасынын колунан оопат болот. Алар аны кедейлик менен айыптап, күчү жетпей турган нерселерди кылуусун талап кылышат. Ошондон улам эркек кооптуу иштерге бел бууп, динден чыгып, оопат болот.”** (Байхаки)

**“Пенденин тоодой жакшылыгы, сообу болсо да кыяматта үй-бүлөлүк милдеттеринен, алардын жоопкерчиликтеринен, мал-мүлкүн кантип таап, каерге жумшаганынан суракка тартылат. Ушинтип бардык жакшылыгы карыздарына төлөнүп, өзүндө эч нерсе калбайт. Ошондо бир периште: “Бул бала-чакасы дүнүйөдө бардык соопторун жеп бүтүргөн, бүгүн болсо туткунда калган адам!” - дейт.”** (И. Газали)

**Үйлөнүүнүн оорчулуктарынын бир канчасы:**

1 - Халал нафака табууда кыйналган адам харам жолго түшүп, өзүн оопатка түртөт. Бойдок болсо өз күнүн көрүү алда канча жеңил болот. Кыяматта адамдын эң биринчи душманы үй-бүлөсү болот. Алар мындай дейт: "Йа, Раббим, андан биздин акыбызды ал! Биз билген эмеспиз. Ал бизге харам нерсе жегизди." Ошентип, бала-чакасынын акысы алынат. Бир гана мал-мүлктөн эмес билим жагынан да үй-бүлөнү сабатсыз калтырбоо керек! Хадиси шарифте мындай деп айтылган: **"Адам өз үй-бүлөсүн сабатсыз калтыруудан да чоң күнөө менен Аллаху тааланын алдына чыга албайт."** (Дайлами)

2 - Аялы менен тил табыша албоо, жаман мүнөздөрүнө сабыр кыла албоо да жаман. Чабан өз малынан, падыша кол астындагылардан жоопкер болгону сыяктуу эркек да өз кол астындагы үй-бүлөсүнөн жоопкер болот. Хадиси шарифте мындай деп айтылган: **"Кишиге кол астындагы** (жоопкерчилигиндеги) **адамды карабоосу күнөө катары жеткиликтүү."** (Насаи)

Аллаху таала өзүбүздү жана үй-бүлөбүздү Тозоктон коргообузду буюрду. Бирок, адам жада калса, өзүн коргоодо да алсыз болуп туруп кол астындагыларды кандайча коргомокчу? Чатак мүнөздүү, тез ачууланган адамдар аялынын жаман мүнөздөрүнө сабыр кыла албай тургандыгы үчүн алардын үйлөнбөгөнү жакшы болот.

3 - Бала-чака көңүлдү (жүрөктү) караңгылыкка тумчуктуруушу мүмкүн. Өзүнө ибадат кылууга тоскоол болушу мүмкүн. Абу Сулайман Дарани хазрети мындай дейт: **"Бойдоктукка чыдоо үй-бүлөнүн кыйынчылыгына чыдоодон да кайырлуу."**

Жакшы мүнөздүү, нафакасын халал жолдон таба ала турган, аялын таарынтпай турган, үйлөнүүсү ибадатына эч кедерги болбой турган адамдын үйлөнүүсүнүн эч коркунучу жок. Ал эми нафакасын халал жолдон таба албай турган, эч ким менен ымала боло албаган, жаман мүнөздүү жана үйлөнүүсү жакшы иштерди кылуусуна кедерги боло турган адамдын үйлөнүүсү кооптуу болуп эсептелет.

## ҮЙЛӨНҮҮГӨ ЧЕЙИН ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК

**Суроо:** Али үйлөнө элек жигит күнөө кылбоо үчүн эмне кылууга тийиш? Үйлөнө турчу кезде кыздын кандай сапаттары маани берүү керек? Акыреттик бакыт үчүн байлык шартпы?

**Жооп:** Үйлөнүүгө чейин тез-тез орозо кармап турсаңыз жакшы болот. Анткени, Пайгамбарыбыз алейхиссалам: **"Үйлөнүүгө алы жеткен үйлөнсүн! Үйлөнүү көздү арамдан сактайт. Кандайдыр бир себеп менен үйлөнө албаган адам орозо карсамын! Анткени, орозо шахватты** (кумарды) **сындырат"**, - деп айткан. (Зия)

Үйлөнөр кезде салиха (диндар, жакшы, такыбаа) кызды издөө керек. Хадиси шарифте мындай деп айтылган: **"Салиха аялга жеткен адам дининин жартысын коргогон болот. Калган жартысында Аллахтан коксун."** (Табарани)

Акыреттик бакыт үчүн байлык шарт эмес. Бир адам Пайгамбарыбызга намаз менен орозодон башка ибадат кыла албай жатканын, акчасы болбогондуктан зекет, садага бере албай жатканын жана ажылыкка бара албай жатканын, жакшылык кыла албай жатканын айтып, жагдайынын кандай боло тургандыгы тууралуу сураганда Пайгамбарыбыз: **"Эгер көңүлүңдү рия менен хасаддан** (көралбастыктан)**, тилиңди гыйбат** (жалаа, ушак) **менен жалгандан, көзүңдү намахрамдан** (чоочун аялдан) **жана адамдарды жактырбай кароодон сактасаң, Бейиште мени менен бирге болосуң"**, - деди.

Мусулман жигит менин үйлөнө турган убакытым жетти деп айта алуусу үчүн алгач динин мыкты үйрөнүп алуусу зарыл. Андан соң сүннөттү орундоо ниети менен үйлөнүүсү керек. Адептүү, ыймандуу, уяттуу, дининин, ыйманынын, Исламдын шарттарын үйрөнгөн, Ислам динине моюн сунган, көчөдө жүргөндө Ислам дини буйрук кылынгандай кийинген кызга үйлөнүү зарыл. Динин бекем карманган, ар-намыстуу кызды издөө керек. "Жаман болсо деле акчасы, байлыгы бар, сулуу болсо болду" дебеш керек. Байлыгы менен сулуулугу үчүн ар-намысты жана диндарлыкты колдон чыгарбаш керек!

## ҮЙЛӨНӨ ТУРЧУ ЭРКЕКТЕРГЕ КЕҢЕШТЕР

Мусулман бир эркек "Менин үйлөнө турчу убакытым келди" деп айта алуусу үчүн алгач динин мыкты үйрөнүүсү зарыл. Ошондон кийин сүннөттү орундоо ниети менен үйлөнүү керек. Адептүү, ардуу-уяттуу, жакшы мүнөздүү, дининин, ыйманынын, Исламдын шарттарын билген, Исламга моюн сунган, көчөдө диндин буйругуна ылайык кийинген кызга үйлөнүү керек! Ар-намыстуу, диндар кыз издөө керек! Сөзсүз бай болсун, жетиштүү өлчөмдө малы-мүлкү болсун, сулуу болсун дебеш керек! Байлыгы менен сулуулугу үчүн ар-намысты жана диндарлыкты колдон качырбоо керек!

Төмөндөгү эрежелерге шайкеш жашаган эркек бактылуу болот:

**1)** Аялына карата ар дайым жумшак, көркөм мүнөздүү болуу керек. Аллаху таала жакшы мүнөздүү адамдарды жакшы көрөт, ал эми жаман мүнөздүү адамдарды жактырбайт. Аялын таарынтуу харам болуп саналат. Аны менен дайым жумшак мамиледе болуу керек. Үйгө келгенде салам берип, алы-жагдайын суроо керек, ойноп, тамашалашып көңүлүн көтөрүү керек. Аялы менен ойноо сооп болот. Башына түшкөн кыйынчылыктарды, душмандарын, карыздарын айтып, анын көңүлүн түшүрбөө керек. Эгер көңүлү жок болуп турса аны сүйгөндүгүн айтып, ал-жагдайын сурап, жылуу-жагымдуу сөздөрдү айтуу керек. Хадиси шарифте: **"Мусулмандардын эң жакшысы, эң пайдалуусу – аялы менен жакшы мамиледе болгону жана пайдалуу болгону",** -деп айтылды. (Насаи)

**2)** Орундоо кыйын болгон нерселерди да "Кудай буюрса орундаймын!" деп сөз берип, көңүлүн алуу керек. Анткени, ал - эркектин өмүрлүк жан досу, дартына орток, тамагын даярдоочу, балдарын тарбиялоочу адал жары.

**3)** Бала тарбиясында ага жардамдашуу керек. Бала күнү-түнү ыйлап, энесине тынчтык бербейт, айоосуз тынчын алып, аны кыйноосу мүмкүн. Андай болсо, ага жардамдашкан адамга Аллаху таала жардам берет.

**4)** Мүмкүнчүлүгү болуп турса аялына жашаган жерде адат болгон кийим-кеченин, зыйнат буюмдардын эң мыктысын сатып берүү керек. Аял көчөгө чыккан кезде мындай буюмдарын жаап (жашырып) жүрүүгө, чоочун эркектерге көргөзбөөгө тийиш. Адалдан бол-

гон эң жакшы азык-түлүктөрдөн алып келүү керек. Тамакты жалгыз өзү жебеши керек. Бала-чакасы менен бирге отуруп жеген cooп. Үйгө нафака (тамак-аш, кийим-кече, жашачу жер) алууда сараңдык кылбоо керек жана ысырап да кылбоо керек. Бала-чакага сарпталган акчанын сообу садаганын сообунан көбүрөөк. Үй-бүлөсүн нафака менен камсыз кыла албай турган адамдын үйлөнүүсү харам болот.

**5)** Аялы менен жакшы мамиледе болуу керек. Аны урушуп, үнүн бийик көтөрбөө керек. Мал-мүлкүнө жана ар-намысына кыянат кылбаган аялдарды урушмак түгүл таарынтуу да жаиз эмес. Дүнүйөлүк иштерине байланыштуу кемчиликтери үчүн урушмак түгүл бир да оор соз айтпоо керек. Аялдардын жүрөктөрү (көңүлдөрү) өтө назик, сезимталболгондуктан бири-бирилерин көрө албай, кызганган учурлары көп кездешет. Ошондуктан, өзгөчө жаңы үйлөнгөн жаштар бул маселеде өтө сак болушу керек. Энеси, эже-карындаштары жана башка аялдар өз аялын жамандаган кезде бул сөздөрүнө алданып калбоо керек. Мындай сөздөргө жол бербөө керек. Мындай сөздөргө алданып аялын таарынтып алуудан сактануу керек. Энеси жана эже-карындаштарына каршы аялынын айткан сөздөрүнөн да сак болуу керек. Эне-атасынын жапа чегүүсүнө жол бербөө керек. Эне-атасына өзү, аялы жана бала-чакасы милдеттүү түрдө урмат көрсөтүүгө тийиш. Эне-атага жана кайната менен кайын энеге урмат, кызмат кылууну биринчи милдет деп билүү керек. Улуулардын ыраазылыгын, батасын алууга аракет кылуу керек. Алардын баталарын алууну чоң казына деп билүү керек.

**6)** Аялынын жаман мүнөзүнө жумшак, сабырдуу мамиле жасоо керек. Аны менен жакшы карым-катнашта болууга аракет кылуу керек. Акылдуу күйөө менен аял бири-бирин таарынтпайт. Өмүрлүк жан досун таарынтуу акылсыздыктын, акмактыктын белгиси. Жаман мүнөздүү адамдын аялы дайым таарына берип, нервдери чыдабай калат. Нерв жана башка түрдүү ооруларга чалдыгат. Аялы оорулуу болгон адам бактысыз болот. Аялынын кызматтарынан, көмөктөрүнөн куру калат. Өмүрү анын дартына дабаа издөө менен өтөт. А негизи бардык бул дарттарга өзүнүн жаман мүнөзү себеп болгон. Канча өкүнсө дагы эми бул өкүнүчтүн эч кандай пайдасы болбойт. Андай болсо, аялына көргөзгөн жаман мүнөзүнүн зыяны келип өзүнө тийет. Ошондуктан, ага карата дайым жылуу жүздүү,

таттуу тилдүү болууга аракет кылуу керек!

**7)** Аялынын мүнөзү жаман жакка карай өзгөргөн болсо буга өзүн күнөөлүү деп билүү керек, "эгер мен жакшы болгонумда, ал да мындай болмок эмес" деп ойлоосу керек.

**8)** Ал ачууланган кезде унчукпоо керек. Ошентип, ал кылган ишине өкүнүп, кечирим сурашы мүмкүн. Жакшылыктарын көргөндө Аллаху таалага шүгүр кылып, ага дуба кылуу керек. "Күйөөм мени өтө жакшы көрөт" экен деп ойлой тургандай мамиледе болуу керек.

**9)** Күнөөгө жатпаган кемчиликтерин көрбөгөнгө аракет кылуу керек. Күнөө иштерден баш тартуусун, намаз, орозо жана гусул алууну улантуусун жумшак, жылуу сөздөр менен түшүндүрүп айтуу керек. Кымбаттуу нерселерди сатып берем деп убада кылып, ибадаттарын кылдыртып, күнөөлөрдүн алдын алуу керек. Кемчиликтерин, сырларын башка бирөөлөрдөн жашыруу керек. Курани карим окууну жана ислам илимдерин үйрөтүү керек. Ахли сүннөт аалымдарынын китептерин окуу керек.

**10)** Ага дайым кайырлуу (жакшы) дуба кылуу керек. Анткени ал – үйдүн күзөтчүсү, ашпозчусу, тигүүчүсү, жолдошу жана өмүрлүк жары.

## Үйлөнгөн адамга жардам берүү

**Суроо:** "Үйлөнгөн адамга жана үй салып жаткан адамга Аллах жардам берет" деген сөз бар. Кедейликтен улам үйлөнө албай жүргөн адам үйлөнүүгө аракет кылса, Аллах ага жардам береби?

**Жооп:** Эгер харамдан сактануу ниети менен үйлөнө турган болсо, албетте, ага Аллаху таала жардам берет. Төмөндөгү төрт хадиси шарифте мындай деп айтылган:

**"Харамдан сактануу максаты менен үйлөнгөн адамга Аллаху тааланын жардамы хак болот."** (Ибн Мэний)

**"Үйлөнүп ырыскыңарды издегиле!"** (Дайлами)

**"Аллаху таала үйлөнгөн күйөө менен аялдардын тамашалашууларын жактырат жана ушундан улам экөөнө тең сооп жазат, ырыскыларын адалынан көбөйтөт."** (И. Адий)

**"Аял менен күйөө бири-бирине жакшылык кылып, урмат көргөзгөн кезде Аллаху таала аларга мол ырыскы берет жана аларды өз камкордугуна алат."** (И. Асакир)

## Сулуулук жетиштүүбү?

Француз императору 3-чү Наполеон өз мезгилинде дүнүйөнүн эң сулуу аялы деп саналган Теба графинясы Мария Евгения менен үйлөнүүгө чечим чыгаргандыгын жарыялаганда көпчүлүк таң калуу менен нааразылыктарын билдиришет. Тажрыйбалуу кишилер бул чечимдин туура эмес экендигин айтышат. Ал эми Наполеон айтылган сөздөргө кулак салбай бул чечимин жүзөгө ашырат. Экөө тең бири-бирин абдан жакшы көрүшчү. Экөө тең таанымал, сулуу, көп байлыктары бар эле. Бирок, бир нерсе жетчү эмес. Аялы өтө сулуу болгону менен өтө жаман мүнөздүү эле. Евгениянын канайым болуусу да, махабаттарынын күчү дагы, тактын кудурети дагы бул үй-бүлөнүн кулоосунун алдын ала албады. Евгения Наполеон үчүн анык баш ооруга айланды. Күмөн менен алпурушкан Евгения Наполеондун эң бош эмес кездеринде жанына барып, эң маанилүү кездешүүлөрүн үзүп, кыйкырып ызы-чуу чыгарчу. Оюна келгенин кылчу, эжесинин жанына каччу, күйөөсүн арызданып ыйлачу, акыры Наполеонго кайтып келип айыптоолорун жаадырчу. Чоң салтанаттын, кооз сарайдын ээси болгон Наполеон бир заматта ойлорун жыйнаш үчүн бир бөлмө табуудан калат. Аялдын теңдешсиз сулуулугу эми анын коркунучтуу түшүнө айланды. Мурда анын жүзүнө караганында ырахаттанган Наполеон эми аны көрбөгөн кездеринде ырахаттана турган болду.

Жаман мүнөздүн уулуу таасири жана аял кыйкырыгы падышаны дагы үйдөн качырды. 20 жыл ажырашуу иштери менен алектенген таанымал адвокат мындай дейт: “Эркек адамдардын өз үйүнө эрте баруудан качып, кыдырып кетүүлөрүнүн эң башкы себебинин үйдөгү аялдарынын ызы-чуусу болуусу экендигине күбө болдум. Көп аялдар өз үй-бүлөлөрүнүн көрүн ушинтип казышат...”

Жар тандаганда үй-бүлөлүк өмүрүңүздү бактылуу кылуу жана үйүңүздү тозок азабына айлантпоо үчүн бардык нерседен мурда аялда жакшы мүнөз издөө керек. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз 1400 жыл мурда үй-бүлө бакытынын формуласын мындай деп билдирген: **“Аял байлыгы үчүн, сулуулугу үчүн же дини үчүн алынат. Сиз болсо диндар болгонун, жакшы мүнөздүү болгонун алыңыз! Байлыгы үчүн алган байлыгына жете албайт. Бир гана сулуулугу үчүн алгандар дагы сулуулугунан куру калышат.”**

### Дене сулуулугу эмес руханий сулуулук маанилүү

Осмон империясынын соңку доорунда жашаган бир генералдын уулу болот. Атасы уулун жакшы мүнөздүү, динине бекем, күйөөсүнө адал түгөй боло турган кызга үйлөндүрмөкчү болот. Генералдын жубайы: “Кароолчубуздун бир кызы бар экен. Өзүм көргөн жокмун, бирок, элдер аны мага көп макташты. Аййуб деген кедей райондо жөнөкөй үйдө турушат экен. Ошол кызды бир көрсөк,” – дейт. Генерал аялынын бул сунушун жактырып, макул болот. Акыры кызынын макулдугун алган кароолчу аны генералдын уулуна берүүгө ыраазы болот. Ошентип кудалык, нике жөрөлгөлөрү орундалып, үйлөнүүсалтанаты (тою) генералдын үйүндө өтө турган болот. Эрежеге ылайык баш кошо турган жаштар бири-бирин үйлөнгөн күнү көрүшчү. Тойдон кийин жашкүйөө жигит жубайынын жүзүндөгү жоолукту ачып, көрүндүгүн бермекчи болуп турганда жүрөгү айланып, жерге жыгылат.

Келин буга чыдай албай: “Мырзам, бетимдеги бул так - бала кезимде чалдыккан тери оорусунанкалган издери, өмүр бою жүзүн кароого мажбур болгон жубайыңыз сизге кыйынчылык туудурду. Бирок, бул менин эркимде болгон кемчилик эмес... Эми сизге өтүнүчүм мындай: сиздин жаныңызда кырк күн конок катары калайын. Ошондон кийин «мүнөзүбүз төп келише албады» деген шылтоо менен үйүмө кайтып кетейин. Муну түшүнүү менен кабыл алууңузду суранамын! Өтүнөм, бул жагдайдан эч кимдин кабары болбосун!..” – деп, көздөрүнө жаш толуп, күйөөсүнүн бутуна жыгылат. Күйөөсү эмне айтарын билбей, айла жоктон макул болот.

Бул кырк күнчөлүк мезгил аралыгында “конок” болуп жүргөн келин кызмат кылып, көркөм мүнөзү менен, кызматы менен, жөнөкөйлүгү менен, мамилеси жана сүйлөө адеби менен үйдөгүлөрдүн баарынын көңүлдөрүндө орун алат.

Бир күнү келин күйөөсүнүн жанына келип, кайгылуу үн менен: “Үйүңүздөгү кырк күндүк меймандостук үчүн ыраазычылыгымды билдиремин. Эми үйүмө кайтып кетүүмө уруксат бериңиз...”, - дейт.

Эми бутка жыгылуу кезеги күйөөсүнө келген болчу, ал аялына жалбарып: “Ардактуу мырзайым! Эгер сиз мени жактырбаган болсоңуз жана үйүңүзгө кайтып кетүүгө чечим чыгарган болсоңуз, ага каршы эч нерсе айта албаймын. Бирок, сиз мен үчүн баажеткис жубайсыз. Көркөм мүнөзүңүз менен адептүүлүгүңүздү көрүп,

негизги сулуулуктун бетте эмес жүрөктө экенин түшүндүм жана сизге ашык болуп калдым...”, - дейт. Ошондой сөздөрдү айтып, келинчегин чечиминен баш тарттырды.

Эң маанилүүсү, экөөнүн арасындагы бул сырды балдары түшүнө ала турган жашка келгенде айтып беришет. Ошентип, аларга да үй-бүлөлүк бактылуулукта көңүлдүн тазалыгы жана көркөм мүнөздүн баарынан маанилүүрөөк экенин ошол мисал менен түшүндүрүп беришти.

## ҮЙЛӨНӨ ТУРЧУ КЫЗДАРГА КЕҢЕШТЕР

Экектер үчүн да, аялдар үчүн да өмүр бою ынтымакта жашоо үчүн чыдамдуу жана сабырдуу болуу керек. Ата-бабаларыбыз бекеринен **“Мээнетсиз жакшылык болбойт”** деп айтышкан эмес.

Ынтымакта, жакшы карым-катнашта жашоо үчүн кыйынчылыктарга чыдап, “меники туура” дебеш керек, бул ынтымаксыздыкка жол ачат.

Тажрыйбалуу мусулман бир эненин кылымдар мурда кызына айткан мындай насааты бар:

«Кызым, туулуп өскөн, жылдар бою ичинде жашаган бир уядан чыгып, чоочун жерге барасың, сен али табият-мүнөзүн жакшы биле элек бир адам менен жашайсың.

Сен ага жер бол, ал сага асман болсун.

Сен ага үй бол, ал үйдүн тиреги болсун.

Сен ага күң бол, ал сага кул болсун.

Сүйүүсүн азайтпооң үчүн ага кыйынчылык тарттырба.

Сени унутпоосу үчүн андан узак калба!

Сенден башкасын көрбөөсү үчүн, сенден башканын жытын албоосу үчүн анын көзүн, кулагын, мурдун жакшы коргооң керек, сенден дайыма жакшы нерселерди уксун.

Үйүңдө отур, үй жана кол ишмердигиң менен алек бол!

Тамак-аш, кийим-кечеден эмне алып келип берсе ага канаат кыл, тиги-муну алалбайбыз деп эч качан даттанба!

Күйөө акысын өз акыңан мурда көр!

Күйөөңдүн туугандарынын акысын да алдыда карма!

Тартип жана тазалыкка дыкат бол!

Коңшулар менен ынтымактуу мамиледе бол, алардан келе

турчу кыйынчылыктарга сабыр кыл!

Айрыкча, кошуналар арасында сөз ташыба! Ушак-айыңдан алыс бол! Намаздарыңды маалы кирер замат оку!»

**Суроо:** Жаңы күйөөгө чыккан кызыма кандай насаат айтсам болот?

**Жооп:** Төмөндөгү кат тажрыйбалуу бир эненин кызына жазган насыятынан алынды:

«Кызым: Азыр сага кырк жылдык үй-бүлөлүк тажрыйбама таянып кээ бир насааттарымды айтамын. Буларды сактай турган болсоң дүнүйөдө бактылуу өмүр сүргөндөй эле акыретте дагы түбөлүк бакытка жетесиң.

**1-** Канаатчыл бол! Күйөөң алып келген тамак-аш, кийим-кече, бардык нерсени ыраазычылык менен кабылда! Себеби, канаат көңүлдү тынчтыкка бөлөйт.

**2-** Сага айтылган нерселерди дайыма жакшы тыңдап, күйөөңө баш ий!

**3-** Үйүң жана бардык нерсең таза, тартиптүү, иреттүү болсун!

**4-** Жолдошуңдун тамактануу жана уйку саатына дыкат болууң керек! Себеби, ачкалык кишинин мүнөзүн бузат, уйкусуздук болсо ачуулантат.

**5-** Үйүңдүн мал-оокатын жакшы корго! Кылган ишиңди, жакшылыктарыңды колко кылба! Жакшылыкка карата кылынган жакшылык тез унутулат, бирок, жамандыкка карата кылынган жакшылык унутулбайт.

**6-** Күйөөңдүн жакындарына карата жакшы мамиледе бол! Күйөөңдүн каталарын ал жалгыз кезде жумшак түрдө айт!

**7-** Күйөөңдүн сырларын эч кимге айтпа! Аял менен күйөөнүн сырлары кабырга бирге көмүлүүсү керек.

**8-** Жолдошуңдун кайгы-кубанычын тең бөлүш! Ага бардык жагынан жакшы өмүрлүк дос бол! Жалгандык – ууяны ичтен бузган курт.

**9-** Ортоңордогу маселелерди өзүңөр чечкиле! Буларды бизге жана башкаларга ташып баруудан сактан! Эч кимден медет күтпө.

**10-** Күйөөңөн алууда кыйналып кала турчу, күчү жетпей турчу нерселерди талап кылба!

**11-** Аялдын жакшы мүнөздүүсү – жолдошуна Бейиш ниматы. Сен күйөөңө Бейиш бол. Азап тарттырба!

**12-** Буларды орундай алууң анын каалоолорун өз каалоолоруңа, анын ыраазылыгын өз арзууңа тандооң менен мүмкүн болмокчу. Дайыма өз каалоолоруңду алдыңкы планга чыгара турган болсоң бул насааттарымды сактооң мүмкүн болбойт.

**13-** Беш маал намазыңды шарттарына ылайык түрдө окубай турган болсоң бул ансыз деле жамандык катары күйөөңө да, балдарыңа да жетет. Беш маал намаздын туура болуусу үчүн гусул-даарат дагы туура алынуусу керек. Булардын дагы пайдасын көрүүң үчүн итикадың (ишенимиң) туура болуусу керек. Туура ишеним – ахли сүннөт ишеними. Баарынан мурда буларды үйрөнгүлө жана орундагыла. Эгер булар силерде бар болсо калган бардык нерсе убагы менен түзөлөт.»

## Эң сулуу гүл

Илгери өткөн заманда кичинекей шаарда ааламдын эң сулуу кызы жашаган экен. Кыз ушунчалык сулуу болгондуктан, аны көрүү үчүн өтө алыс шаарлардан, элдерден өтө бай, өтө сымбаттуу, теги чоң жигиттер келишчү экен. Колун сурагандардын, канзаадалардын, баатырлардын бирөөнү дагы жактырбаган экен.

Ошол күндөрдүн биринде ошол шаарга жакын жерде жашаган бир жигит кызга ашык болуп, колун сурап барыптыр. Бирок, кыз анын дагы сунушуна макул болбоптур.

Арадан көп жылдар өтөт. Баягы жигит башка шаарга кетип, жаңы өмүр баштап, үйлөнүп бала-чакалуу болот. Күндөрдүн биринде мурун өзү жашаган кичинекей шаарга барып калат. Жолдо баратканда бир таанышын жолуктуруп калат. Аны менен аңгемелешип жатып баягы сулуу кыз эсине түшүп, анын жагдайы тууралуу сурайт. Ошондо таанышы гүл бакчасы бар үйдү көргөзүп, кыздын турмушка чыкканын жана ошол үйдө жашай турганын айтат. Жигит: "Мына кызык! Кезинде эч кимди карабаган бул кыздын күйөөсү ким болду экен?" – деп, таң калып сурайт.

Бир күнү жашырын аңдып жүрүп, күйөөсүн үйдөн чыгып бараткан кезинде көрүп калат. Кыздын күйөөсү семиз, кашка баш, өңү серт бирөө экен. Ал тургай бай да эмес экен. Мунун маанисин билгиси келген баягы жигит күйөөсү кеткен соң, үйдүн эшигин кагат. Кыз эшикти ачканда, өзүн ким экенин айтып, эмне себептен мындай адамга турмушка чыкканын сурайт. Кыз ага: "Тээтиги

турган гүл бакчанын ичинен эң сонун гүлдү үзүп алып келсең жообун айтамын. Бирок, бир гана шартым бар. Сулуу гүлдү алуу үчүн алдыга илгерилей аласың, бирок, артка кайтпайсың!” – дейт.

Жигит жүздөгөн сулуу гүлдөрдүн ичине кирип аралай баштайт. Бир кезде өтө сулуу бир сары гүлдү көрүп калат. Аны эми алайын деп турганда, бираз ары жакта ала-кызыл гүлдү көрүп калат. Ага барып колун созгондо андан дагыары жакта бир тутам өтө керемет кызыл гүлдү көрүп калат.

Ошентип, эң сулуу гүлдү табамын деп, алга карай басып кете берип, акыры бакчанын соңунажетет. Кайра артка кайта албаган жигит айла жоктон ошол жерден бир гүлдү үзүп, кызга алып барат. Бакчанын эң сулуу гүлүн күтүп отурган кыз жалбырактары соолуюн деп калган, өңү кеткен гүлдү алып келгенин көрөт.

Ошондо кыз жигитти карап мындай дейт: “Көрдүңбү? Эң жакшысын табамын деп өмүрүңдүн кантип өтүп кеткенин байкабай калат экенсиң. Акырында эң жаманына да макул болууга аргасыз болот экенсиң. Ошондуктан, жаштык чагың колдон кете электе колдо бардын баркын билүү керек!”

# ЖАКШЫ ЖАР ТАНДОО ҮЧҮН

**Суроо:** Жар тандаганда эне-ата айткан кызды алуу керекпиже өзүм издеп табышым керекпи?

**Жооп:** Жар тандоодо эне-ата, ага-эже, тууган-урук, кошуна, дос-жолдош сыяктуу жакындардын кеңешине, көмөгүнө милдеттүү түрдө кайрылуу керек. Алардын тажрыйбаларынан пайдалануу керек. Жаштар өз алдынча жар тандоолорунда анын келечекте кандай жар боло ала турганын баамдай алуулары, адам тааный алуу жөндөмдүүлүктөрү начар болушу мүмкүн. Анткени, көбүнчө жаштар акыл, тажрыйбага эмес сезимге таянып кыймылдашат. Ал эми сезимдер көбүнчө адамды жаңылтат. Ошондой эле жаштар бири-бирине бир гана жакшы жактары менен көрүнүүгө аракет кылышат, бири-бирине чыныгы жүзүн көрсөтө беришпейт. Ал эми эне-ата же ага-инилердин баланча жерде баланча кыз бар, динине бекем, сыпайы, эптүү, өтө карапайым деген сыяктуу кеңештери менен жар тандоо өтө жакшы ыкма. Бул айрым жерлерде кыз көрүү адаты, айрым жерлерде жуучу түшүү деп дагы аталат. Үй-бүлө куруу, ажырашуу иштерин изилдеген көп адистер, мисалы, "Бакыттын ачкычы Үй-бүлө" китебинин автору, Түркиялык Мехмет Оруч мырза ошол ыкма менен баш кошкондордун арасында ажырашуу көрүлбөйт, болсо да өтө сейрек кездешетдеп маалымдайт. Бул адисти айрым батышчылдар атайылап жамандашат. Жаштардын бири-бирин көрүүлөрүнө жол бербестен, келишпестен мажбурлап үйлөндүрөт экен деп да ойлогондор да аз эмес. Ал эми бул негизинде андай эмес. Эки жактын ата-энеси же жуучу түшүү аркылуу сүйлөшкөн соң, жаштар арийне бири-бирин көрүшөт. Бул - ансыз деле динибизде сүннөт амал. Үйлөнүү максатында жаштар жалгыз калбоо шарты менен кездешип, сүйлөшсө болот. **"Көрбөй туруп үйлөнүүнүн арты - кайгы менен өкүнүч"** деген хадиси шариф никеден мурун кызды көрүүнүн маанилүүлүгүн билдирүүдө.

Эне-атанын да кеңешин алуу, бул маанилүү чечимде алардын да ролу, салымы болушу керек. Эне-атасын тыңдабай, каршы чыгып үйлөнгөндөрдүн бармагын тиштеп өкүнүп жатканы жана ажырашып жатканы көп кездешүүдө. Алардын бир өмүрлүк мол тажрыйбаларынан пайдалануу керек. Албетте, акыркы чечимди

жаштар беришет.

**Суроо:** Болочок күйөөмдүн акылдуу, намаз окуган диндар, жакшы адам болуусун каалаймын. Исламда жигит менен кыздын таанышып аралашуусуна, жүрүүсүнө тыюу салынган. Андай жигит менен турмуш куруу үчүн эмне кылуу керек?

**Жооп:** Намаз окуган үй-бүлөлүү аялдар менен аралашып турсаңыз бул маселелер алардын ортомчулугу, жардамы менен чечилет. Өзүңүз дагы көп дуба кылыңыз. Жигиттин туура эмес ишенимде жүргөн мазхабсыз, сектант болбоосуна көңүл буруңуз.

**Суроо:** Сүйгөн жигитим менден эки жаш кичүү, 11-класста окуйт. Эне-аталарыбыз биздин сүйүүбүзгө каршы. Эне-атабыздын сөзүн угуубуз керекпи же сүйүүбүздүбү? Негизинен үйлөнүү үчүн жигит менен кыз бири-биринин кандай сапаттарына көңүл бурушу керек?

**Жооп:**Хадиси шарифте мындай деп билдирилди:

**“Эне-атасын кызматтары менен ыраазы кылган адам Аллаху тааланы ыраазы кылган болот. Аларды ачууланткан адам Аллаху тааланы ачууланткан болот.”** (Ибн Нажжар)

**“Эне-атага кылынган жакшылык бактысыздыкты бактылуулукка айлантат, өмүрдү узартат жана адамды жаман өлүмдөн сактайт.”** (Абу Нуайм)

**“Эне-атага каршы чыгуу чоң күнөө болуп саналат.”** (Бухарий)

Андай болсо, эне-ата заалым болуп, баласына зулумдук кылса дагы, күнөө кылууну буйрук кылса дагы аларды таарынтпоого, ачуулантпоого аракет кылуу керек! Аларды таарынта турган сөз жана иш-аракет жаиз эмес. Күнөө болгон, динге каршы болгон буйруктарын орундоо керек эмес, бирок,таарынтып албай турчу бир айласын таап, бул абалдан чыгууга аракет кылуу керек.

Эне-ата жаман болсо да алар менен жакшы мамиледе болуу керек! Алар менен мамилени үзүп коюу - чоң күнөө. Атасына каршы чыккан бала бактылуу боло албайт, муратына жете албайт, үй-бүлөсү менен жакшы карым-катнашта боло албайт, үйүнүн ырахаты, кызыгы болбойт. **(Шира)**

Ушул насааттарга көңүл бура турган болсоңуз эне-атанын да

айтканын бир нече ирет ойлоп көрүү керектигин түшүнөсүз. Анын үстүнө 11-класста окуй турган жигиттин бир үй-бүлөнү багып кетүүсү мүмкүн эмес. Үй-бүлөнү бага албаган жигитке канча жашта болсо болсун турмушка чыгуу харам.

Кыз да, эркек да болочок түгөйүндө мына ушул үч сапаттын болуусуна көңүл буруу зарыл:

1 – Диндар болуусу.

2 – Дени сак болуусу, үй-бүлөлүк жашоого көлөкө түшүрө турчу оорулары болбоосу керек.

3 – Жакшы мүнөздүү болуусу керек. Болор болбос нерсеге ачуулана берген жана битке өчөшүп көйнөгүн өрттөп жибере турчу адамдар менен өмүр сүрүү кыйын болот.

Ушул сапаттары бар уулду да, кызды да өз теңи менен үйлөндүрүү керек. Хадиси шарифте мындай деп айтылган:

**“Кыздарыңарды теңине, ылайыгы болгон адамга турмушка бергиле!”** (Тирмизи)

Теңи дегенибиз эркектин тегинде, мал-мүлкүндө, дин амалдарында жана адамдык сапаттарында кызга ылайыктуу болуусу деген сөз. Антпесе, айлыгынын көп болуусу, дипломдуу болуусу жана белгилүү бир элдин жараны болуусу деген сөз эмес. Теңи – эркектин салих мусулман болуусу, намазын окуусу, ичкилик ичпөөсү, б.а., Исламга моюн сунуусу жана нафакасын камсыз кыла алган даражада жумушунун бар болуусу деген сөз. Тактап айтканда, үй-бүлө күтө алган эркек менен турмуш куруу керек. Өзүн эптей албаган эркек менен турмуш куруу, сүйлөшүү да керек эмес. Эркек төмөндөгү сапаттарда аялдан жогору болушу керек:

**1 –** Кесипте эркек аялдан жогору же тең болушу керек. Төмөн кесип ээси болгон эркек жогору кесипке ээ аялдын теңи болуп эсептелбейт.

**2 –** Эркек аялдан бай болуусу керек же айлыгы аялдыкынан көп же бирдей болуусукерек. Бай аял кедей эркектин теңи болуп эсептелбейт. Эркек махри муажжалын же бир айлык нафакасын бере ала турган жагдайда болсо бай аялдын теңи болуп саналат. Айылдык эркек шаардык кыздын теңи болуп эсептелет.

**3 –** Эркектин аялдан да диндар болуусу же тең болуусу керек. Фасык (ачык күнөө кылуучу) эркек салиха кыздын, жада калса, салих адамдын кызынын да теңи боло албайт.

Ушул шарттарга жооп бере алса жашы өзүнөн кичүү болгон жигит менен дагы баш кошууга болот. Жаштардын махабат дегени дайым деле чыныгы махабат боло бербейт. Кээ бир убактылуу сезимдерге алданып калбаңыз, ойлонуп көрүңүз!

## ЖАКШЫ АДАМ МЕНЕН ҮЙЛӨНҮҮ КЕРЕК

**Суроо:** Динибизде расалык бөлүнүү деген нерсе барбы? Негр, немец, япон, цыган, сүннит, шиит, христиан, буддист, атеист менен турмуш куруунун кандайдыр бир коркунучу барбы?

**Жооп:** Эркек менен аял үчүн өкүмдөр ар түрДүү болот. Динибизде мусулман эркектин ахли китап деп аталган (христиан же яхуди) аялга үйлөнүүсү тахриман макрух болсо да жаиз болот. Бирок, мусулман аялдын ахли китап эркек менен баш кошуусу жаиз эмес. Баш кошууга ниет кылгандан баштап мусулманчылыктан чыгат. Мусулман эркек да, мусулман аял да буддист, атеист менен үйлөнө албайт. Үйлөнгөн адам динден чыккан болот.

Динибизде расалык бөлүнүү деген нерсе такыр жок. Диндерге бөлүнүү деген бар. Динибиз кайсы улуттан, кайсы расадан, кайсы уруудан болсо дагы мусулмандар бири-бири менен бир тууган экенин билдирген. Цыган, негр болуу да расага жатат. Эгер алар салих (жакшы, диндар) мусулман болсо үйлөнүүнүн эч бир коркунучу жок.

Аял мусулман болгон немец же япон менен баш кошо алат. Бирок, ал адамдын салих (жакшы, такыбаалуу) болуусу маанилүү. Намаз окуган жана харамдардан сактанган адам болуусу керек.

Эркектин да үйлөнө турган кызында болуусу керек болгон эң башкы өзгөлүк – намаз окуусу жана көчөдө динге ылайык кийинүүгө маани берүүсү. Мусулманмын деген кыз эгер намаз окубаса, көчөдө ачык жүрсө ал кызга үйлөнүү күнөө болот. Ал эми мусулманмын деген жигит намаз окубаса, ичкилик ичип, зина, уурулук сыяктуу харамдардан сактанбаса аны менен дагы үйлөнүү динибизде күнөө болот. Анткени, **“Шират-ул Ислам”** китебиндеги хадиси шарифте мындай делген:

**“Кызын фасыкка** (ачык күнөө кылуучу адамга) **турмушка берген адамдын дубасы менен ибадаттары кабыл болбойт.”**

**“Фасык эркек менен үйлөнүүгө ыраазы болгон аялдын мазарынан турган кезинде чекесинде: “Аллахтын ырайымынан үмүтүн үзгөн” деген жазуу болот.”**

**“Шафаатка жеткиси келген адам кызын фасыкка бербесин!”**

Фасык деп ачык күнөө кылуучу адамды айтат. Мисалы: Намаз окубаган, ичкилик ичкен, баңгизат колдонуучу, көчөдө диндин өкүмүнө ылайык кийинбеген (көчөгө жамынбай ачык чыгуучу) адам фасык болот. Фасык менен, б.а., тартынбай ачык, элдин көзүнчө күнөө кылуучу адам менен баш кошуу жакшы эмес. Айрыкча, акыйдасы (ишеними) бузук (адашкан агымдагы, сектант) адам менен баш кошуу такыр туура эмес.

Мусулман эркек адептүү, беделдүү, жакшы мүнөздүү, динин, ыйманын, Исламдын шарттарын үйрөнгөн, Исламга моюн сунган, көчөдө диндин буйругуна ылайык кийинген ар-намыстуу кызга үйлөнүүсү керек. Ар-намыстуу, динине бекем салиха (такыбаалуу) кыз издөө керек. “Сөзсүз бай жана сулуу болсун” дебеш керек. Байлыгы, сулуулугу, улуту, өңү үчүн ар-намысты жана диндарлыкты колдон чыгарып албаш керек! Хадиси шарифте: **“Аялдын сулуулугу менен байлыгы үчүн үйлөнгөн адам экөөнөн тең куру калат. Дини үчүн, салиха болгондугу үчүн үйлөнгөн адамга байлык менен сулуулук да насип болот”,** – делген. (Табарани)

Жыйынтыктап айтканда, эркек болсун, аял болсун, турмуш кура турган адамдын харамдардан сактанган болуусу, намазын окуусу жана башка ибадаттарын да орундоосу, жакшы мүнөзгө ээ болуусу шарт. Бир гана боюн, турпатын, өңү-түсүн карап, улуулардын сөзүн тыңдабаган адам дүнүйөдө да, акыретте да өкүнүп калат.

Баш кошо турган адамдын улуту жана өңү маанилүү эмес. Эң маанилүүсү жакшы адам, б.а., салих мусулман болуусу, фасык болбоосу жана акыйдасынын (ишениминин) туура болуусу.

**Суроо:** Намаз окубай турган кызга келечекте окуйт деген үмүт менен, көчөдө ачык жүргөн кызга келечекте оронот деген үмүт менен үйлөнүү туурабы?

**Жооп:** Намаз окумайынча, оронмоюнча (көчөдө Ислам дини буйрук кылган түрдө кийинип жүрмөйүнчө) үйлөнгөн жакшы эмес.

## Үйлөнүү жана тагдыр

**Суроо:** Мен кызымды динин билген жакшы мусулман адам менен үйлөндүргүм келет, бирок, бирөө мага: «Аллах анын маңдайына ичкилик ичкен жаман бирөөнү жазган болсо сен өзгөртө албайсың. Сенин айыңан кыз үйдө отуруп калат, күнөөгө кирбе, ким менен үйлөнсө үйлөнсүн, жөн кой! Кыздын үйлөнүүсүнө тоскоол болбо» - деди. Бул жерде тоскоол болуу күнөөбү же тоскоол болбоо күнөөбү?

**Жооп:** Аны айткандар тагдыр тууралуу билбегендиктен жаңылыш сөз сүйлөөдө. Тагдыр ар кимдин өз ирадасы (каалоосу) менен эмне кыла тургандыгын, ким менен үйлөнө тургандыгын Аллаху тааланын эзели илими менен билүүсү дегенди билдирет. Биз ким менен үйлөнүүгө чечим чыгарган болсок ал биздин тагдырыбыз болот. Аллаху таала боло турчу бардык нерсени билгендиги үчүн биздин эмне кыла тургандыгыбызды дагы билет. Б.а., тагдыр Аллаху тааланын эзели илими менен өз ирадабыз менен кыла турган иштерибизди билүүсү болуп саналат, муну кыйнап кылдыруусу эмес. Аллах эч кимдин маңдайына «Жаман адам менен үйлөнсүн» деп жазбайт. Биз өз ирадабыз менен ичкилик ичкен адам менен үйлөнүүгө чечим чыгарган болсок муну жазат. Кызыбыздын жакшы адамга турмушка чыгуусуна аракет кылбасак, жаман адам менен үйлөнүүсүнө көз жума турган болсок күнөө болот. Кийин туруп «Тагдыры ушундай экен» деп айтуу жаңылыш болот. Ирадаи жузиййаны колдонуп жакшылык жаратылуусун каалаган адам соопко, жамандык жаратылуусун каалаган адам күнөөгө кирген болот. Күнөө иш кылган адам жазасын, сооп иш кылган адам анын сыйлыгын көрөт. Кызын жакшы адам менен үйлөндүргөн дагы соопко, жаман адам менен үйлөндүргөн болсо күнөөгө кирет.

**«Төөңдү бекем байла, андан кийин тобокел кыл!»** деген хадиси шариф көрсөткөндөй төөнү байлабастан бош коюп Аллахка аманат кылуу туура эмес. Биз дагы кызыбыздын жакшы бирөөнө турмушка чыгуусу үчүн алдын алуубуз керек. Ошондо гана акыретте жоопкер болбойбуз. Жаман адам менен үйлөнүүсүнө ыраазы болуп, күнөөнү тагдырга жүктөө туура эмес. Жаман менен үйлөнүүсүнө дагы, жакшы менен үйлөнүүсүнө дагы өзүбүз себеп болуудабыз. Мас абалда машина менен кырсыкка учурап, «тагдыр

ушул экен» деп айтуусу туура эмес экендиги сыяктуу жаман адам менен үйлөнүп, күнөөнү тагдырга жүктөө туура эмес болот.

**Суроо:** Бир ата кызын үйлөндүрө турчу кезде эмнелерге көңүл буруусу керек?

**ЖООП**

Кызын ала турчу эркектин салих мусулман болуусуна, Ахли сүннөт ишениминде болуусуна, намаз окуусуна, ичкилик ичпөөсүнө, б.а., Исламиятка баш ийүүсүнө жана нафака таап келе ала тургандай иш ээси болгондугуна көңүл буруусу керек. Кызын мындай эркек менен үйлөндүрбөгөн адам аны жамандыкка түрткөн, Жаханнамга ыргыткан болот.

Хадиси шарифте айтылган:

**«Кызын фасык эркек менен үйлөндүргөн адамга күн сайын миң лаанат түшөт, анын ибадаттары жана дубасы кабыл болбойт, фарз жана нафили кабыл кылынган болбойт.»** [Шир'а шархы]

[Фасык – ачыктан ачык күнөө иш кылган адам дегенди билдирет. Мисалы, намаз окубаган, тасаттурга маани бербеген фасык болуп саналат.]

**«Кызын же үй-бүлө мүчөлөрүнүн бирин ичкилик ичкен адамга берген адам аны отко ыргыткан болот.»** [Дайлами]

**«Күнөөкөр эркек менен үйлөнүүгө ыраазы болгон аял киши кабырынан туруп жатканда мандайында «Аллахтын мээриминен үмүтүн үзгөн» деген жазуу болот.»** [М. Жинан]

**«Кызын үйлөнтүү аны колдон чыгаруу болуп саналат. Андай болсо, кызыңарды үйлөндүрүүдө каерге берип жаткандыгыңарга көнүл бөлгүлө!»** [Байхаки]

**«Кызын фасыкка берген адам Аллаху тааланын аманатына кыянат кылган болот. Аманатка кыянат кылган адамдын бара турчу жери - Жаханнам»** [С.Эбедиййе] **«Кызын фасыкка берген малун.»** [С.Эбедиййе]

**«Шафаатыма жеткиси келген адам кызын фасыкка бербесин!»**[Шир'а]

## Душмандык коркунучу

**Суроо:** Эч кандай (секта) топторго кошулбаган, бирок, туура китептерди да окубаган кызга үйлөнүү туура болобу?

**Жооп:** Туура китептерди окубагандыгынын эч кандай зыяны жок. Зыяндуусу жаңылыш китептерди окуп алып, туура китептерге душман болуу. Үйлөнүү үчүн мына бул шарттар толук болсо, мисалы, акыйдасы туура, намазын окуган, көчөдө ачык жүрбөгөн, ахли сүннөт аалымдарынын китептерине душман болбогон кыз болсо үйлөнүүнүн эч кандай коркунучу жок.

## Үйлөнөрдө

**Суроо:** Үйлөнүү үчүн караштырып жүргөн кыздардын эч бирин жактыра албай жатамын. Бирөөсү узун, бирөөсү кыска бойлуу, бирөөсү толук, бирөөсү арык, бирөөсү улуу, бирөөсү кичүү, бирөөсү сүйкүмсүз, бирөөсү кедей. Кыскасы, эч бирине көңүлүм толбой жатат. Түгөй тандап жаткан кезде кандай сапаттарга маани берүү керек?

**Жооп:** Динибиз бул маселени да билдирген. Жашынын жана боюнун айырмачылыгы динибизде маанилүү эмес. Сүйкүмсүз жана кедей да болушу мүмкүн. Болбошу керек болгон жалгыз нерсе – дин жагынан алсыздыгы. Эгер дин жагынан алсыз болуп, бардык жери керемет болсо, анын эч бир мааниси жок. Анткени, Пайгамбарыбыз алейхиссалам мындай деген:

**“Аял же байлыгы үчүн, же сулуулугу үчүн же болбосо дини үчүн алынат. Силер диндарболгонун, жакшы мүнөздүү болгонун алгыла! Байлыгы үчүн алган адам байлыгына жете албайт. Жалгыз сулуулугу үчүн алган адам да сулуулугунан куру калат.”** (Муслим)

Эгер Пайгамбарыбызга ишенбесек, анда кимге ишенебиз? Же напсибизге ишенебизби? Эгер түгөйүңүз диндар болсо ага сулуулук да берилет делген. Аллаху таала бардык нерсеге кудуреттүү. Кебетеси суук болсо дагы бизге сулуу кылып көргөзөт. Демек, биздин тандоо диндарлык болушу керек. Диндар болсо бактылуу болбоо үчүн эч кандай себеп калбайт.

Кыздар дагы, аялдар дагы жалгыз диндар болгон адамды гана, б.а., беш маал намазын окуй турган, ахли сүннөт акыйдасында (ишениминде) болгон жана мүнөзү жакшы, күнөө-харамдан сактануучу адамды тандоолору керек. Эгер эң башкы тандоо диндардык болбосоандан үй-бүлөдө тынччылык, бактылуулук болбойт.

## ИСТИХАРЕ НАМАЗЫ

**Суроо:** Истихаре деген эмне жана истихаре намазы кантип окулат?

**Жооп:** Истихаре – бул бир иштин ал адам үчүн кайырлуу болобу же болбойбу мына ошону түшүнүү үчүн даарат алып, эки рекет намаз окугандан кийин бул тууралуу дубаны окуп, ал ишке байланыштуу түш көрүү үчүн уйкуга жатуу.

Имам Газали хазреттери мындайча буюрат:

Төрт нерсени орундаган адам төрт нерседен куру калбайт:

1- Шүгүр кылган адам жакшылыктын артуусунан,

2- Тообо кылган адам кабыл болуусунан,

3- Истихаре кылган адам жакшылыктан,

4- Истишара кылган (кеңешкен) адам тууралы табуудан, акыйкатка жетүүдөн куру калбайт.

Кандайдыр бир ишти баштоодо, мисалы, үйлөнөрдө, үй аларда истихаре кылуу керек. Хадиси шарифте буюрулду:

**«Бактылуулук истихаре намазын окуу менен орундалат.”** (Хаким)

**“Истихаре кылуу жана тагдырына ыраазычылык көрсөтүу адамдын бактылуу боло тургандыгынын белгиси. Ал эми мунун тескериси бактысыз боло тургандыгынын белгиси.”** (Тирмизи)

**“Истихара кылган адам куру калбайт, истишара кылган адам өкүнүп калбайт. Үнөмдөгөн адам тардык чекпейт.”** (Табарани)

Үйлөнүүдөн мурда бир нече ирет истихаре кылуу керек, Хак таалага жалбаруу керек. Напсинин жана жаман бирөөлөрдүн ортого кирип кетпөөсү үчүн жалбаруу керек. Салих, ишенимдүү адамдар менен кеңешкенден кийин истихаре кылуу керек.

Бир ишти баштаарда же бир нерседен кутулууну каалаган кезиңизде эки рекет нафил намаз окуп (төмөндө көрсөтүлгөн арапча дубаны окуп), “Эгер бул ишим, (мисалы, баланча адам менен үйлөнүүм же баланча үйдү алуум) дүнүйө жана акыретим үчүн кайырлуу болсо муну мага мубарек кыл. Эгер мен үчүн жакшы болбой турган болсо аны менден алыстат жана кайырлуу болгонун мага жеңилдет. Мени тактырыңа ыраазылык көрсөткөндөрдөн кыла көр, Йа Архамаррахимин”, - деш керек.

Алгач күнөөлөргө тобо кылынат. Тободо кыскача: “Йа Рабби! Балакатка киргенден азыркыга чейин кылган күнөөлөрүмө өкүндүм. Мындан кийин да, иншаллах, эч бир күнөө кылбоого сөз бердим”, - деп айтылат. Кийин гусул алат. Гусулдан кийин ошол түнү “Истихареге ниет кылдым” деп эки рекет нафил намаз окулат. Биринчи рекетте Субханака жана Фатихадан кийин **Кафирун**, экинчи рекетте Фатихадан кийин **Ихлас** сүрөсү окулат. Истихаре намазы бүткөндөн кийин мына бул дуба окулат:

**“Аллахумма инни эстехирука би-илмика ва эстакдирука би кудратика ва эселука мин фадликел азим фе иннака такдиру ва ла акдиру ва талему ва ла алему ва анта алламул-гуйуб”.**

Ушинтип жети түн бою истихаре кылынат. (Күндүз дагы истихареге жатууга болот.) Гусул биринчи күнү гана алынат. Калган күндөрдө (гусул сынбаган болсо) гусул алуу зарыл эмес.

Истихарени башка бирөөнө кылдырууга болбойт. Истихарени ар ким өзү кылышы керек. Истихаре кылууну үйрөнүп, бул сүннөттү ар ким өзү аткаруусу керек. Дене менен орундала турчу ибадаттарды башка бирөөнө аткартуу жаиз эмес.

Истихаре намазын жана дубасын окугандан кийин эч сүйлөшпөстөн жатуу керек. Зарылчылык туула турган болсо сүйлөсө болот. Негизи, дайыма куптан намазынан кийин зарылчылык болбосо сүйлөшпөө мустахаб, жакшы болот.

Истихарадан кийин даарат менен кыбылага карап жатат. Түш көрсө же көрбөсө да жети күн улантат. Түшүндө ак же жашыл түс көрүү жакшылыкка белги. Кара же кызыл көрсө жамандыкка белги. Эгер түштө бир нерсе көрүлбөсө көңүлгө назар кылуу керек. Ал ишти кылуу арзуусу бар болсо ал ишти кылууга чечим чыгарат. Чечим чыгара албаган адам бир нече ирет дагы истихаре кылуусу керек.

# НИКЕ КАНТИП КЫЙЫЛАТ

**Суроо:** Динибиз боюнча никенин сахих болуусу үчүн белгилүү шарттар кайсылар?

**Жооп:** Бул шарттардын биринчиси - мусулман кыздын мусулман эркек менен үйлөнүүсү. Мусулман эмес эркек менен үйлөнө албайт. Үйлөнүүгө чечим чыгарар замат ыйманы кетет. Себеби, Аллаху таала: "Үйлөнүүгө болбойт", - деп буйрук кылууда. Үйлөнгөн адам бул буйрукту моюдабаган болот. Мусулман эркек дагы ошол эле сыяктуу мушрик, динсиз аял менен үйлөнө албайт. Ал дагы үйлөнүүгө чечим чыгарар замат ыйманын жоготото (б.а., Исламдан чыгат).

Динибизде теңи менен үйлөнүү маанилүү.

Теңи деген сөз – Ханафиде текте, байлыкта, динде жана кадыр-баркта бири-бирине тең болуу деген сөз. Кыз менен эркектин дин билими, диндарлыгы, тектүүлүгү, абырою жана байлыгы жагынан тең болуулары керек. Тең болуу эркектин салих мусулман болуусу, Ахли сүннөт ишениминде болуусу, намаз окуусу, ичкилик ичпөөсү, б.а., Исламиятка баш ийүүсү жана нафаканы камсыздай ала турчу жумуш ээси болуусу деген сөз. Эркектин бир гана байлык жана мартабалуу болуусун каалагандар кыздарын балээге түртүп, Тозокко ыркыткан болушат. Кыздын дагы намаздарын окуусу, тасаттурга (динге ылайык кийинүүгө) маани берүүсү керек.

Никенин экинчи шарты болсо – күбөлөрдүн болуусу. Ханафиде күбө катары акылга толгон жана балакатка жеткен мусулман эки эркек же бир эркек менен эки аялдын болуусу керек. Кичине бала менен акылсыз адамдын күбөлүгү кабыл болбойт.

Никенин үчүнчү шарты – «тийдиңби?", «алдыңбы?" деген сунуш менен «тийдим" жана «алдым" деген кабыл кылуу сөздөрү менен келишим кылуу.

Бул үч шарт орундалса нике сахих болот. Махр сүйлөшүлбөсө да нике сахих болот, бирок, никеде махр белгилениши керек. Абалга карап махр аз же көп суралса болот. Махр берүү важиб. Пайгамбарыбыз: **"Махр бербөө ниети менен никеленген адам Кыяматта уурулар менен хашр кылынат** (тирилтилет)**"**, - деп буюрган. (Р.Насыхин)

**Суроо:** Келин жана күйөө баланын өздөрү да имамдын алдында отурганда диний никелери кандай кыйылат?

**Жооп:** ЗАГСдагы расмий келишим бүткөндөн кийин мусулман бир эркек Ханафи мазхабы боюнча мусулман болгон (эң keminde) эки эркек күбөнүн жанында кызга: «Сени аялым катары алдым", - десе, кыз дагы: «Мен да сени күйөө катары кабыл кылдым", - дегенде нике сахих болот, бирок, муну менен бирге **сүннөткө ылайык нике** мындайча кыйылат:

Бул заманда динди билгендер азайгандыктан нике кыйа турган адам күйөө балага жана келинге Аллаху тааланын сыфаттарын санап айтып, ыймандын жана Исламдын шарттарын айткандан кийин: «Кабыл кылдыңбы?" – деп сурайт. «Ооба» деген жоопту алып, күйөө бала менен келиндин мусулман экендиги мына ушундайча белгилүү болгондон кийин никелери кыйылат.

Алгач келиндин атын, мисалы, **Ахмет кызы Айша** деп жазат. Кийин күйөө баланын атын, мисалы, **Асан уулу Али** деп жазат. Кийин эки эркек күбөнүн атын аталарынын аттары менен бирге жазат. Андан кийин келишилген махр-и муэжжел жана махр-и муажжелди жазат. (Махр-и муэжжелдин көп болуусу кыздын пайдасына. Мисалы, 80 грам  алтын болушу мүмкүн. Эркек ажырашкан жагдайда аялына ушул махрды берүүсү шарт. Эгер нике кыйыла турчу кезде бул алтын өлчөмү көп кылып келишилген болсо, анда аны төлөй албаган эркек аялы менен ажыраша албайт.)

Истигфар окуп, ошол жердегилерге таждиди иман (ыйманды жаңылоо) жана таждиди никах (никени жаңылоо) дубаларын окутат:

Астагфируллах, астагфируллах, астагфируллах ал'азим аллази ла илаха илла хув алхаййалкаййума ва атубу илайх, тавбата абдин залимин ли-нафсихи ла йамлику ли-нафсихи мавтан ва ла хайатан ва ла нушура. Йа, Рабби! Балакат жашыман ушу жашка келгенге чейин Ислам душмандарына жана бидат ээлерине алданып, алган жаңылыш,бузук ишенимдериме жана бидат, фыск болгон айткандарыма, уккандарыма, көргөндөрүмө жана кылгандарыма надим болдум, өкүндүм, эми кайра мындай жалган ишенимдерге ишенбөөгө жана ката кылбоого ант бердим. Пайгамбарлардын алгачкысы Адем алейхиссалам жана акыркысы биздин сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам. Бул эки Пайгамбарга

жана экөөнүн арасында келип кеткен Пайгамбарлардын бардыгына ыйман келтирдим. Бардыгы хак жана бирдиргендери туура. Аманту биллах ва бима жа мин инди Расулиллах ала мурад-и Расулиллах. Аманту биллахи ва Малаикатихи ва кутубихи ва Русулихи валйавмил-ахири ва билкадери хайрихи ва шаррихи миналлахи таала вал-ба'су ба'далмавти хаккун. Ашхаду ан лаа илаха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулух. Аллахумма инни уриду ан ужаддидал имана ванникаха таждиден би-кавли ла илаха иллаллах Мухаммадун расулуллах.

Аузу Бисмиллахтан кийин бул дубаны окуйт:

**"Алхамду лиллахиллази завважал арваха бил ашбах ва ахлланникаха ва харрамассифах. Вассалату вассаламу ала расулина Мухаммаданиллази баййанал-хараме вал-мубах ва ала Алихи ва Асхаби-хиллазина хум ахлуссалахи валфалах."**

Аузу Бисмиллах айтып, Нур сүрөсүнүн 32-аяти каримасын окуп:**"Садакаллахул'азыйм"** - дейт, кийин:**"Кале Расулуллах, «Ан-никаху суннати фаман рагибе ан суннати фалайса минни." Садака Расулуллах. Бисмиллахи ва ала суннат-и расулиллах" -** дейт.

Кийин келинге бурулуп: «Аллаху тааланын буйругу, Пайгамбарыбыздын сүннөтү, амалда мазхабыбыздын имамы болгон Имам азам Абу Ханифа хазреттеринин ижтихады жана ушул жерде отурганмусулмандардын күбөлүктөрү менен (мисалы) 80 гр алтын махр-и муэжжел жана 10 гр алтын махр-и муажжел менен**Асан уулу Алиге**турмушка чыгууну кабыл кылдыңбы? тийдиңби?" – деп сурайт. Келин болсо: «Ооба, билдирилген махр-и муэжжел жана махр-и муажжел менен **Асан уулу Али**ге турмушка чыгууга, аны өзүмө күйөө катары кабыл кылдым, тийдим", - дейт.

Кийин күйөө балага бурулуп дагы **"Бисмиллахи ва аласуннати расулиллах"** деп, **"Ахмед кызы Айша**ны билдирилген махр-и муэжжел жана махр-и муажжел менен аялдыкка кабыл кылдыңбы? алдыңбы?" – деп сурайт. Күйөө бала: «Ооба, билдирилген махр-и муэжжел жана махр-и муажжел менен Ахмед кызы Айшаны аялдыкка кабыл кылдым, алдым», - дейт.

Экөөнөн тең үч жолу өзүнчө-өзүнчө сурайт жана "Ооба, кабыл кылдым" деген жоопту алгандан кийин: "Мен дагы никеңерди кыйдым", - дейт. Кийин мына бул дубаны окуйт:

**Нике дубасы:**

**“Аллахуммаж’ал хазал акде маймунан мубаракан важ’ал байна-хума улфатан ва махаббатан ва карара ва ла таж’ал байна-хума нафратан ва фитнатан ва фирара. Аллахумма аллиф байнахума кама аллафта байна Адама ва Хавва. Ва кама аллафта байна Мухаммадин саллаллаху алейхи ва саллам ва Хадижа-тал-кубра ва Аиша-та умм-ил муминина радыйаллаху анхума. Ва байна Алиййин радыйаллаху анх ва Фатыма-таз-захра радыйаллаху анха. Аллахуммаа’тила-хума авладан салихан ва умран тавилан ва рызкан васиан. Раббана хаб лана мин азважина ва зурриййатина куррата а’йунин важ’ална лилмуттакина имама. Раббана атина фиддунйа хасанатан ва фил ахирати хасанатан ва кына азабаннар. Субхана раббика раббил’ыззати амма йасыфун ва саламун алал мурсалин валхамдулиллахи раббил’аламмин. Ал-Фатиха.”**

Бул дубаны Пайгамбарыбыз жана бардык аалымдар, олуялар окушкан. Муну окуганда аял менен күйөөнүн ортосунда өлгөнгө чейин махабат бар болот, ырахаттык жана тынчтыкта жашашат. Үйлөрүнөн береке кем болбойт. Дубанын мааниси мындай:

“Аллахым! Бул никени мубарек кыл. Араларында жакындык, ынтымак, сүйүү жана никелеринде бекемдик насип кыл, буларды жек көрүүчүлүк, келишпестик жана ажырашуудан сакта! Аллахым! Адам алейхиссалам менен Хавва энебиз, Мухаммед алейхиссалам менен Хатижа-и кубра жана момундардын энеси Аиша энебиз, Хазрети Али менен Хазрети Фатыма-туз-Захра энебиздин ортосундагы болгон үлпөттү, жакындыкты буларга да насип кыл! Буларга салих балдарды, узун өмүр жана мол-мол ырыскы бер! Амин. Эй, Раббибиз! Жубайларыбызды жана балдарыбызды бизге куттуу кыл жана бизди Аллахка каршы келүүдөн сактангандарга жол көрсөтүүчү кыл! Эй, Раббибиз, бизге дүнүйөдө жана акыретте жакшылык, сулуулук бер. Бизди Жаханнам азабынан сакта! Кудурет жана урмат ээси болгон сенин Раббиң алар айткан ката сөздөрдөн таза. Бардык пайгамбарларга салам болсун. Ааламдардын Раббиси болгон Аллахка хамд болсун.”

# АЯЛ-КҮЙӨӨНҮН МИЛДЕТТЕРИ

## АЯЛ АКЫСЫ

Аялынын жакшы мүнөздүү болуусун каалаган эркек алгач өзү жакшы мүнөздүү болушу керек! Курани каримде адамга келген кыйынчылыктардын кылган күнөөлөрүнөн улам келе тургандыгы билдирилген. Ошондуктан, динибиздин буйрук жана тыюуларына көңүл буруп жашаган адам аялы менен жакшы мамиледе жашайт.

Фудайл бин Ияд хазреттери хазреттери мындай деген: “Аялымдын жаман мүнөзү кармаганда динге ылайык болбогон бир ишти кылганымды түшүнөм. Дароо ошол нерсеге тобо кылгандан кийин аялымдын да жаман кыялы токточу. Ушундайча тобомун кабыл болгондугун да түшүнчү элем.”

Али-ул Хавас хазреттерине аялы ачууланат. Аялы күйөөсүнө каршылыгын билдириш үчүн өзүнчө идиш колдонот. Али-ул Хавас хазреттери бир күнү байкабай аялын идишин колдонуп суу ичкенде аялы дароо идишти сындырат. Хазрети “идишти эмнеге сындырдың” деп да айтпастан, эч нерсе болбогондой мамиле кылат.

Осмон ал-Хатиб хазреттеринин кошунасы Нуреддин Шуний мырза айтат: “Бир түнү сыртка чыктым, эски чийге оролгон бирөөнүн сыртта жатканын көрүп: “Сен кимсиң, бул жерде эмне жатасың?” – деп сурадым. “Кошуна, мен Осмон ал-Хатибмин. Уулумдун энеси мени сыртка куугандыгы үчүн көчөгө чыктым, ачуусу тараганга чейин ушул жерде жатып турайын дедим”, - деп жооп берди.”

Ибни Абил Хамайили Саври хазреттеринин аялынын кыялы начар болчу. Күйөөсүнө оозуна келгенди айтып, эч тынчтык берчү эмес эле. Хазрет болсо дайыма сабыр кылчу. Дагы бир күнү аялынын ызы-чуучунан кутулуу үчүн учуп качып кутулат. Аялын артынан карап: “Муну карап койгула, менден качып кутуламын деп ойлогонун!” – деп кобуранып калат.

Биз сыяктуулардын учуусу мүмкүн болбой тургандыктан качуу аркылуу ызы-чуудан, талашып-тартышуудан алыс болушубуз керек. Өзүбүздүкү туура экендигин далилдөөгө аракет кылбашыбыз керек!

Хадиси шарифте айтылды:

**“Бир момун аялына ачууланбасын! Жаман мүнөзү бар болсо, жакшы мүнөзү да бардыр!”** (Муслим)

**“Аял алсыз жаратылган. Алсыздыгын унчукпастан жеңгиле! Үйдөгү кемчиликтерин көрбөгөнгө аракет кылгыла!”** (Ибни Лал)

**“Мусулмандардын ыйман жагынан эң жогорусу – ахлагы эң жогору болгону, аялына жакшы, жумшак мамиле кылганы.”** (Тирмизи)

**“Мусулмандардын эң жакшысы, эң пайдалуусу аялына эң жакшы, эң пайдалуу болгону. Силердин араңарда аялына эң жакшы, кайырлуу жана пайдалуу болгон менмин.”** (Насаи)

**“Күйөөсү ыраазы болгонго чейин аялдын намаздары жана эч бир жакшылыгы кабыл болбойт.”** (Табарани)

“Намаздары кабыл болбойт” деген сөз намаз карызынан кутулат, бирок, намаз окуу менен таба турчу чоң соопко ээ боло албайт дегенди түшүндүрөт. Намазы бошко кетет дегендикке жатпайт. Бир аялдын күйөөсү ыраазы болбосо аял күнөөлөрүнүн жазасын өтөгөндөн кийин Жаннатка кирет. Жаннатка бир гана капырлар кирбейт. Мусулмандын күнөөсү көп болсо да акыры сөзсүз Жаннатка кирет. Курани каримде мындай деп айтылган:

**“Жакшы аялдар Аллахка баш ийишет жана күйөөлөрүнүн акыларын көзөмөлдөшөт. Күйөөлөрү жок кезде алардын намыстарын, мал-оокатын Аллахтын жардамы менен коргошот.”** (Ниса сүрөсү, 34)

Үйгө келгенде аялына салам берип ал акыбалын суроо керек, кайгысына же кубанычына орток болуу керек. Себеби, ал башкалардан үмүтсүз жана күйөөсү бир гана өзүнө көнгөн досу, дартын айтар жары, көңүлүн көтөрүүчү, балдарынын камкору жана ар түрдүү муктаждыктарын камсыздоочусу болуп саналат.

Хадиси шарифте мындай деп айтылат:

**“Акысыз аялын урган адамдын Кыяматта доочусу мен боломун. Аялына кол көтөргөн адам Аллах жана Расулуна күнөөкөр болот.”** (Р. Насихин)

**“Аялыңарга жапа чектирбегиле! Алар Аллаху тааланын силерге аманаты. Аларга жумшактык жана жакшылык кылгыла!”** (Муслим)

**“Аялына жылмайып караган эркектин дептерине бир кулду азат кылгандай сооп жазылат.”** (Р. Насихин)

**“Аялы менен жакшы мамиледе болуп тамашалашкан адамды Аллаху таала жакшы көрөт, ырыскысын арттырат.”** (И. Лал)

## Аялынын кыйкырыгы

Күндөрдүн биринде Хазрети Омар радыяллаху анхка аялынын ызы-чуусунан улам арыздашуу үчүн бир киши келет. Хазрети Омардын үйүнүн эшигинин алдына жакындаганда ичкериден Хазрети Омарга аялынын кыйкырып жаткан үнүн угуп, кайра артка кайтып кетет. Ошондо кезде Хазрети Омар аны көрүп:

- Эмнеге келдиң эле жана эмне үчүн кирбей кетип бара жатасың? – деп сурайт.

- Сизге аялымды арызданайын деп келдим эле. Бирок, аялыңыздын сизге кыйкырып жатканын угуп арыздануудан баш тарттым.

Хазрети Омар ага мындай деди:

- Биз аялдардын ар бир сөзүнө жооп кайтарбайбыз. Алардын бизде бир канча акылары бар:

1) Аялдардын себеби менен Жаханнамдан кутулабыз. Анткени,хадиси шарифте үйлөнгөн адам дининин жартысын коопсуздук коргонуна ала тургандыгы айтылган.
2) Аялдар биздин мал-мүлкүбүздүн коргоочусу.
3) Кийимдерибизди жууп берет.
4) Тамактарыбызды бышырып берет.
5) Балдарыбызды багып, аларды чоңойтот.

Ушул себептен аларга сабыр кылышыбыз керек. Хазрети Омардын насаатын тыңдаган алиги киши арызынан баш тартты.

## АЯЛДАРДЫН ЖУМУШТА ИШТӨӨЛӨРҮ

Сеадет-и Эбедиййе китебинде мындай делген:

“Бир аялдын атасы, энеси жана махрам туугандары жок болсо же бар, бирок, кедей болсо, карай турган эч кими болбосо, мамлекет тарабынан да жардам берилбесемындай аял өзүнүн, бала-чакасынын жана оорукчан, карылыктан улам иштей албаган кедей эне-атасынын нафакаларын (тамак-аш, кийим-кече, турак жайын) камсыз кылуу үчүн кандайдыр бир жумушта иштөөгө милдеттүү. Эркектер менен аралаш болбогон аялдардын жумушунда иштеши керек. Эркектер жок жумуш табылбаса ден-соолугун, динин, намысын, Мусулманчылык кадырын коргой ала турган деңгээлде эркектер бар жерде оронгон абалда иштөөсү жаиз болот. Бул нафакасын камсыз кылууга тоскоол болбоо керек. Мындай муктаждыктарынан артыкча ал жерде калуусу жаиз болбойт.

Жумушта башын, колдорун ачууга мажбур кылышса, ачпай турган болсоң жумуштан кетесиң дешсе, оронгон абалда иштей ала турган башка жумуш таппаса, колдорун ачып иштөө Имам Абу Юсуфтун кавилине (өкүмүнө) ылайык жаиз болот. Аялдардын кулактарынын төмөнкү узун чачтарын жабуусу фарз эмес деп айткан аалымдар да болгон. Башка чара болбогон кезде ушул зайыф (алсыз) кавилге карай амал кылуу жаиз болот. Баштагы чачтарды жабуу фарз экендиги аалымдардын бир ооз макулдугу менен билдирилген болсо да кулактан төмөнкү узун чачтарды ачуу кыйынчылыкка туш болгон жагдайда жаиз болот.

Мындай кыйынчылыкка туш болгон аял эркектер аралаш болбогон же аврат жерлерин жаап иштөөгө боло турган жумуш издөө керек. Көчөдө жүргөндө чачтарын, колдорун жабуу керек. Мусулман эркекке турмушка чыкканда анын нафакасын күйөөсү камсыз кылууга мажбур. Бай болбогон эне-атасына жана балдарына нафака берүүгө мажбур болбосо да күйөөсүнүн уруксаты менен иштеп, аларды карашы керек.”

Динибизде аял оокат кылуу дартынан, акча табуу убайымынан бошотулган. Ал иштеп акча табууга мажбур эмес. Тескерисинче бардык нерсени ага алып келүү милдети бар. Динибиз аялга ушундай кадыр-барк берген.

Мусулман аял соода-сатык, илим, дыйканчылык менен алектенүүгө мажбур болбосо да, булар менен алектенүү, акча табуу күнөө эмес, өз каалоосу менен иштесе болот.

Бир гана булар менен алектенип жатканда харамдардан сактануу шарт. Харам нерсе кылып эмгектенүүгө да, ибадат кылууга да болбойт.

## КҮЙӨӨ АКЫСЫ

Эркектин дагы аялынын үстүндө көп акылары бар. Аял күйөөсү менен жакшы мамиледе болуусу керек!

Азыркы мезгилдин эмгектенүү шарттары өтө оор, акча табуу өтө кыйын. Эмгек жамаатынын арасындагы мамилелер да барган сайын татаалдашып жатат. Эркек көбүнчө ушундай оор жагдайлардан улам кыйынчылыктарга туш болот. Чарчап, стресске түшүп, үйүнө алсырап кайтып келет. А бул жагдайды оңдоо, кыйынчылыктарды унуттуруу, анын көңүлүн көтөрүү, ага көмөкчү болуу, колдоо - аялдын милдети. Ушундай жагдайда үйгө келген күйөөсү жок дегенде жылмайып, жарык маанайда, жылуу сөздөр менен тосуп алынууну күтөт, өзүнө көңүл бөлүнүүнү каалайт. Муну да көрө албасамаанайы ого бетер төмөн түшүп кетет. Сөздөрү, кыймыл-аракеттери да өзгөрөт. Ислам аалымдары: “Үйүндө тынчтыгы болбогон эркек дүнүйө тозогунда жүргөндөй болот”, - дешкен.

Ушунчалык азапта жүргөн адамдан ар түрдүү жаман иштерди күтсө болот. Ансыз деле араң турган күйөөсүнүн сабырын ташытып жиберчү акыркы тамчы болбошу керек. Тескерисинче, дароо көтөрүңкү маанайда болуп, көңүлүн алууга аракет кылышы керек. Аны түшүнүүгө аракет кылуу, сабыр кылуу керек. Ал үйдө болгон кезде үйдөгү иштер менен алек болбош керек, анын көңүлүн көтөрүп, кубантууга аракет кылуу керек. Үй иштерин жана башка иштерди ал үйдө жок кезде кылуу керек.

Күйөөгө чыккан аялдарга ар дайым айтчу кеңешибиз мына бул: Сырткы дүнүйө отко толгон, күйөөңөргө ээ болгула, жакшы мүнөздөрүңөр менен, жылуу сөздөрүңөр менен, даамдуу тамактарыңар менен, үйүңөрдүн тазалыгы, ареттүүлүгү же күйөөңөр жактырган иш-аракеттер аркылуу аны үйүңөргө байлагыла. Ал

үйүнө карай шашылып кадам таштай турган болсун. Уяны ургаачы куш жасайт, үйдү да үй кыла турчулар – аялдар, мына ушуну унутпаңыздар.

Ислам аалымдары: "Шайтан капырларды эмес мусулмандарды адаштырууга аракет кылат", - дешкен. Напсибиз катуу кутурат. Кантип кутурат? Оронууга, намазга, туура ишенимге каршы кутурат. Шайтан аскерлерин таң эртең адамдардын арасына жиберип, кечинде алардан кылган иштеринин эсебин алат экен. Бирөө "намазын буздурдум" десе "жарайсың" дептир. Бирөө "арам жегиздим" дегенде ага да "жарайсың" дептир. Башка бирөөсү "күйөөсү менен аялын уруштурдум" дегенде шайтан кубанып, ордунан тура калып, "кандай жакшы кылдың, жарайсың" деп, чекесинен өөп: "Эң чоң ишти сен кылыптырсың, аял-күйөө бири-бири менен уруша турган болсо калганынын баары убакыт өтүп бузулат", - деген экен. Ошондуктан, ар дайым сак болуу керек, шайтан менен напсинин мындай иштерине жол бербөө керек.

Ислам бир гана аялдарга келген эмес, бир гана эркектерге келген эмес. Бир гана эне-атага жиберилген эмес. Ислам бүткүл адамзатка келди. Адамдардын бардыгы Исламга моюн сунууга милдеттүү. Ким Ислам динине ылайык жашай турган болсо дүнүйөдө да, акыретте да бактылуу болот, пайдасын көрөт. Эгер машинанын бир дөңгөлөгү жарылган болсо машина жүрбөйт. Сааттын дагы бир тиши сына турган болсо иштебейт же убакытты туура көргөзбөйт. Ушул сыяктуу үй-бүлөдө да бир адамдын катасы, кемчилиги бүткүл үй-бүлөнүн тынчын, бакытын бузат, жада калса, акырында үй-бүлөнүн бузулушуна да себепкер болушу ыктымал.

Ошондуктан, ар ким өзүнө өтө сак болушу керек, өз милдетин билиши керек, чектен ашпашы керек, кемчилиги болсо кечирим сурап, жашоосунда жаңы барак ачып, кубаныч менен таттуу өмүрдү ары карай улантуу керек. Динибизде бирөөнү таарынтууга тыюу салынгандай элежөндөн жөн таарынууга да тыюу салынган. Мусулмандарды ар дайым жакшы көз менен кароо керек, кемчилигин көрбөө керек. "Мен билбеген кандайдыр бир себеби болсо керек" деп аны кечирүү керек, тили менен дагы аны таарынтпоо керек. Кечиримдүү болгондор кечирилет, жакшы көз менен карагандар да жакшы көрүлөт.

Күйөөсүнө колдон келишинче жарык маанайын, сүйүүсүн көрсөтүүсү керек, тили менен дагы аны таарынтпоо керек. Хадиси шарифте мындай делген:

**“Кыяматта Аллаху таала күйөөсүнө тили менен кыйынчылык тарттырган аялдын тилин 70 аршын узун кылып, мойнуна оройт. Күйөөсүн жаман көз менен караган аялды башы кесик жана денеси бырчаланган абалга айлантат.”** (Шира)

Аялга кооздук буюмдары мубах болуп саналат. Бирок, буларды алуу үчүн күйөөсүн кыйын абалга түшүрбөө керек, чоочун көздөргө мындай зыйнаттарын көрсөтпөөсү керек! Ушунда гана зыйнаттары Жаннатка кирүүсүнө кедерги болбойт.

Бир хадиси шарифте: **“Жаннатта аялдардын аз экендигин көрдүм. Себебин сурадым. “Аларды алтын жана зыйнат буюмдары алаксытты”, - деп айтышты.”** (И.Ахмед)

«Сенден эмне көрүпмүн” деп жакшылыкка нанкөрлүк кылбоосу керек! Эки хадиси шарифте мындай деп айтылат: **“Эгер күйөөлөрүнө каршы куфран-и нимат кылышпаганда намаз окугандар дароо Жаннатка киришмек.”** (Шира)

**“Жаханнамдагылардын көбү аялдар экенин көрдүм. Себеби, көп лаанат айтышат жана күйөөлөрүнө карата куфран-ы нимат кылышат.”** (Бухари) Б.а., жакшылык билбестик кылышат.)

Күйөөсүнө бир жакшылык кылган болсо колко кылбоосу керек. Жеп-ичүү, кийинүүдө күйөөсүн таарынпоосу керек, кыла албай турган нерсесин андан сурабоосу керек! Күйөөсүнүн арнамысын коргоп, ар бир ишинде анын ыраазылыгын таап, көңүлүн көтөрүүгө аракет кылуусу керек! Хадиси шарифте:

**“Күйөөнүн аял үстүндөгү акысы менин силердин үстүңөрдөгү акым сыяктуу. Андай болсо күйөөсүнүн акысын сактабаган Аллаху тааланын акысын сактабаган болот.”** (Шира)

Аял күйөөсүн капалантпоосу керек.

**Бир күнү Хазрети Фатима ыйлап атасынын алдына келет. Расулуллах мындай деп буюрду:**

**- Эй, Фатима, эмне үчүн ыйлап жатасың?**

**- Ойлонбой айткан бир сөзүмөн улам Али мага ачууланды. Кечирим сурадым. Бирок, аны капага салгандыгым үчүн ыйлап турам.**

**- Кызым, Аллаху тааланын ыраазылыгы күйөөңдүн ыраазылыгына байланыштуу. Дайыма күйөөсүнүн ыраазылыгын издеген жана күйөөсү андан ыраазы болгон аял кандай бактылуу. Аялдар үчүн эң үстөм ибадат - күйөөсүнө баш ийүү. Эгер эркек аялынан ыраазы болсо ал аял каалаган эшигинен Жаннатка кирүүгө акылуу болот. Күйөөсүн капаланткан аял аны ыраазы кылганга чейин Аллаху тааланын лаанатында болот”.** (Р. Насихин)

Күйөөсүнүн акыларына сак болуу аялга жихад кылгандай сооп алып келет. Хадиси шарифте айтылды:

**“Күйөөнүн акысын көзөмөлдөө Аллах жолунда жихад сыяктуу.”** (Таберани)

**“Аял күйөөсүнүн уруксатысыз нафил орозо кармай албайт. Эгер кармай турган болсо ач жана суусуз калган болот, сооп таба албайт. Күйөөсүнүн уруксаты болбостон көчөгө чыга албайт. Эгер чыга турган болсо көктөгү периштелер үйүнө кайтканга чейин ага лаанат айтышат.** (Таберани)

**“Бир эркек бир муктаждыгы улам аялын чакырса аялы тандырдын башында турса да дароо ага жооп берсин!”** (Тирмизи)

**“Күйөөсү чакырганына карабай төшөккө келбеген аялга периштелер таң атканга чейин лаанат кылышат.”** (Бухари)

**“Аял күйөөсүнүн уруксатысыз өз мал-мүлкүн дагы сарптай албайт”.** (Таберани)

**“Уруксатсыз үйдөн чыккан аялга күйөөсү ыраазы болгонго чейин күн жана ай тийген бардык нерсе лаанат кылат.”** (Дайлами)

**“Аял күйөөсүнүн уруксатысыз** (эне, ата, бир туугандарын да) **эч бир адамды үйүнө киргизе албайт, нафил намаз окуй албайт.”** (Табарани)

**“Аялдарыңардын кооз кийинүүлөрүнө тыюу салгыла! Бани Исраил аялдары кооз кийинип мечитке текеберленип баргандыктары үчүн лаанаттанган.”** (Ибни Мажа)

**“Күйөөсү ыраазы болгонго чейин аялдын намаздары жана эч бир жакшылыгы кабыл болбойт.”** (Табарани)

**“Аял күйөөсүнүн акысын өтөмөйүнчө Аллаху тааланын акысын өтөгөн болбойт.”** (Таберани)

**“Аялдын эң чоң милдети күйөөсүнүн акысын орундоо, ал эми эркектин милдети энесинин акысын орундоо.”** (Хаким)

“Намаздары кабыл болбойт” деген сөз намаз карызынан кутулат, бирок, намаз окуу менен таба турчу чоң соопко ээ боло албайт дегенди түшүндүрөт. Намазы текке кетет деп айтылып жаткан жок.

Бир аялдан күйөөсү ыраазы болбосо аял күнөөсүнүн жазасын өтөгөндөн кийин Жаннатка кирет. Жаннатка бир гана капырлар кирбейт. Мусулмандын күнөөсү көп болсо да акыры сөзсүз Жаннатка кирет. Аял жана күйөө ынтымактуу жашап, бири-биринин ыраазылыгын алууга аракет кылуулары керек.

## Чоң эненин насааты

Чоң эне шаардагы баласынын үйүнө 3-4 күнгө конокко келген болчу. Кеч кире баштаганда келини залда отурган энеси менен небересине: “Келиңиздер, тамак даяр, сууп кала электе жеп алыңыздар!” – дейт. Небереси чоң энесинин дагы эле отурганын көрүп: “Чоң эне, жүрүңүз тамак жейли!” – дейт. Энеси капаланган абалда: “Үйдүн эркеги келбей туруп дасторконго отурган туура эмес. Азыр атаң келсин, чоогу отуруп тамактанабыз”, - дейт. Келини: “Апа, ал эски салт да, азыр курсагы ачкан киши дасторконго отуруп, тамагын жей берет!” – деп айтат. Чоң эне: “Кызым, адамдардын адеби, ар-намысы болгондугу сыяктуу үйлөрдүн да адеби менен тартиби болот”, - дейт. Бул сөздөр өзүнө кызыктай угулган небереси күлүмсүрөп: “Үйлөрдүн адеби кандай болот болду экен? Бизге дагы айтып берсеңизчи анда!” - дейт. Чоң энеси сөздү баштайт: “Биз кичинекей кезибизде энелерибизден мурун аталарыбыздын алдында адептүү болууга көнгөн болчубуз. Үйдө ата-энебиз бар кезде бутубузду созуп отурчу эмеспиз жана жашы улуулар сүйлөп жаткан кезде бизге сөз кезеги берилмейинче сөзгө аралашчу эмеспиз.

Улуулар үйгө кирип келген кезде дароо ордубуздан туруп, аларга орун берчүбүз. Эч качан атабыздан мурун дасторконго отурчу эмеспиз. Атабыз келип, тамакты “Бисмиллах” менен баштап, “Кана, тамактан алгыла!” деген кезде гана баштачубуз. Тамактан кийин дасторкон дубасын кезектешип окучубуз. Эч бир тамак үй-бүлө менен чоогу отуруп жегендей болбойт. Ушунун баары дасторкон

адеби болуп эсептелет, балам!" – дейт. Небереси: "Чоң эне, ушунча кысымдан улам стресс болчу эмессиңерби?" – деп сурайт. Чоң энеси: "Жок, бул кысым эмес, бул бири-бирибизге карата сый-урмат болгондуктан өзара сүйүү мээрим бекем болчу. Бири-бирибизге деген мээрим болгондуктан мындан эч ким стресске түшпөйт. Тамактар даамдуу, уйкулар таттуу болчу. Ишенесиңби? Мен алгачкы жолу "стресс" деген сөздү ушул жерде уктум. Биздин айылда акыл-эсинен айрылган бир киши бар эле. Баары аны жинди дешчү. Жада калса, ал дагы жашоосунда бактылуу эле. Анын жашоосунан ыраазылыгы ушунчалык эле айтып жеткизе албаймын. Кечке чейин көчөдө балдар менен ойночу. Курсагы ачкан кезде каалаган бир үйдүн эшигин кагып: "Менин курсагым ачты, жегенге бир нерсе бергилечи!" - дечү. Кайсы үйгө кирсе дагы куру кол чыкчу эмес. Чачы өсүп кеткенде бир чачтарач чачын кыскартып, мончочу аны жуунтуп койчу. Жума күндөрү колунан кармап, намазга да ээрчитип барышчу. Тактап айтканда, эч ким аны жектечү эмес. Азыр болсо эч нерсеге сый-урмат көргөзүлбөй калган. Карагылачы, жада калса, бул шаарда үйлөргө да сый-урмат көргөзүлбөйт! Кечинде эч ким үйлөрүнүн пардаларын жаппайт, үйүнүн ичи көрүнүп турганынан улам эч ким уялбайт.

Ал эми биз караңгы түшө электе тура салып калың пардаларды жаап, ошондо гана үйдүн жарыгын күйгүзчү элек. Башка кийим киймекчи болсок, жада калса, пардалар жабык болсо да уятыбыздан улам жарыкты өчүрүп, жерге отуруп кийчүбүз. Сырттан караганда сөлөкөтүбүз көрүнүп калуусун ойлосок бетибиз кызарып, катуу уялып кетчүбүз", - дейт. Ошол тапта келини ордунан туруп, залдын пардасын жабат. Чоң энеси: "Үйдүн адеби парданын жабылып-жабылбаганынан белгилүү болот", - деп айтышчу ата-бабаларыбыз. Үйлөр бийик-бийик дубалдар менен курчалган болсо да жуулган ич кийимдерди сыртка илип коюуга үйдөгүлөрдөн уялчу элек. Эч ким короонун ортосуна ич кийимдерин жайчу эмес. Бир күнү али жаш кезимде ич кийимимди эң биринчи жипке илип коюптурмун. Анан энем келип: "Эй кызым, бүгүн атаң сыртка чыгып, сенин жайылып турган ич кийиминди көргөндө уялганыман жерге кирип кете жаздадым. Мындан ары ич кийимиңди биринчи жайбагын, эң соңунда жипке жайып, үстүнөн жука кездеме менен жаап койгун, астындагы

кийимиң көрүнбөсүн! Адебибизден, ар-намысыбыздан айрылсак, ыйманыбыздан да айрылып калабыз!" - деген эле.

Мен ал кезде 12 жашта болчумун. Энемден бул сөздөрдү уккан кезимде уялганыман өзүмдү коёрго жер таппай калдым. Азыр андай адеп калбаган сыяктуу. Кечээ таза аба жутайын деп балконго чыксам, маңдайдагы кошуна ич кийимдерин балконго жайып коюптур. Мен аны көрүп уялганыман үйгө кирип кеттим. Азыркы күндө көпчүлүк көчөдө тамактанышат. "Көз акысы" деген нерсе бар. Адамдар базардан алган нерселерин ичи көрүнүп турган пакеттерге салып, үйүнө алып келишет. Бул нерселерди алууга күчү жетпеген адамдар бар, көз акысы өтөт, кызгауу, көралабастык пайда болот. Буга маани берчү эч ким жок. Ар кимдин көзүтүшкөн мындай тамактарда шыпаа болбойт.

Пайгамбарыбыз «саллаллаху алейхи васаллам»: **"Жасаган тамактарыңардын жыты менен кошунаңардын тынчын албагыла!"** - деген. Азыркы тапта адамдар тамактарын жыттарын аңкытып, аларды баарына көргөзүү аркылуу тегеректегилердин тынчын алышууда. Албетте, жанагы желген тамактардан кыйналат. Кийин "стресс" деп дарыгерге барышат. Үйдүн дагы бир адеби бар, эң маанилүүсу дагы ушул болсо керек. Үйдүн ичинде болуп жаткан уруш-талаштар, ар түрдүү жагдайлар сыртка чыкпашы керек. Бул дагы үйдүн адептеринин бири болуп саналат. Ошондуктан, мурда уруш-талаштар үйдүн ичинде оңой чечилчү. Ансыз деле сүйүктүү Пайгамбарыбыз өзгөчө күйөө менен аялдын арасындагы болчу уруш-талаштарды сыртка жаюу чоң күнөө экендигин канча жолу айткан, ушундай эмеспи Айсулуу! - деп келинин карайт. Келини уялганынан: "Ооба энеке", - деп жооп берет. Небереси: "Чоң эне, азыр фейсбук, инстаграм деген нерсе чыккан. Адамдар барган кафелерде жеген тамактарын сүрөткө түшүрүп, миңдеген досторуна көргөзүшөт!" - дейт. Чоң энеси: "Эмне деген шумдук! Адам жеген тамагын дагы көгөзөбү? - дейт.

Небереси: "Чоң эне, анан ар бир кыймыл-аракеттерин сүрөткө түшүрөт. Кыдырган жерлерин, жеген тамактарын, ичкен суусундуктарын, сатып алган кийим-кечелерин да сүрөткө түшүрүп, достору менен бөлүшөт", - дейт. Чоң энеси: "Балам, эмнени айтып жатасың? Кыямат башталды десеңчи", - деп көз жаштарын сүртүп,

сөзүн улантып: "Биз күйөөбүздүн жанында жүргөндөн уялчу элек. Канча деген жесир калган аялдар, күйөөгө чыга албаган кыздар бар. Алардын көңүлүн оорутпайлыдеп күйөөбүздөн бир кадам аркада басчу элек. Азыр уруш-талаш да, жакшы көрүү да адамдардын көзүнчө болууда. Албетте, сырдуулук калбаган соң адалдык да калбайт. Үйдүн берекеси улууларга сый-урмат көргөзүүдө. Үйдүн адеби жабылган пардаларда. Сүйүүнүн адеби жашыруун болууда, көздүн адеби көздүн кабагында. Дененин адебижамынган, кийинген болууда. Ал эми уяттуулукыймандан. Мен силерге энемдин айтып берген бир ибреттүү окуясын айтып берейин. Негизи бул - хадиси кудси: "Аллаху таала Адам алейхиссаламды жараткан кезде Жабраил алейхиссалам ага үч сыйлык алып келет. Илим, уят жана акыл. Аллаху таала ага: **"Эй, Адам! Ушулардан каалаганын танда!"** - дейт. Адам алейхиссалам акылды тандайт. Жабраил алейхиссалам уят менен илимге орундарына кайтууларын буйрук кылат. Ошондо уят менен илим мындай деп жооп берди: "Биз рухтар ааламында бирге элек. Бири-бирибизден эч качан айрылбайбыз. Рухтар денелерге кирген киргенден кийин да бирге болобуз. Акыл кайда болсо биз да ошол жердебиз", - дешет.

Жабраил алейхиссалам: "Андай болсо ордуңарга жайгашкыла!" - деп буйрук кылган кезде акыл мээге, илим көңүлгө (жүрөккө), ал эми уят көзгө жайгашат." Ушул хадиси кудсиде да айтылгандай уяттын орду - көз. Ошондуктан, көзүбүздү коргошубуз керек, көзгө түшө турган нерселерди да дайым көзөмөлдөп туруу керек", - дейт. Келини: "Туура айтасыз энеке, биз адебибизди жоготкондугубуз үчүн кыйынчылыктарга дуушар болдук", - дейт. Небереси кашыгын акырын коюп: "Мен тамакты атам келгенде ичемин чоң-эне!" - дейт. Чоң энеси болсо айткан сөздөрүнүн балдарына таасир эткенин көрүп, Аллахка шүгүр кылды.

# ҮЙЛӨНӨРДӨ КЕРЕКТҮҮ ИЛИМДЕР

Бул бөлүмдү үйлөнө турчу чагы жакындабагандардын жана жашы кичинелердин окубоолору абзел.

Нике кыйылгандан кийинки алгачкы түн үй-бүлөлүк турмуштун эң маанилүү бөлүгү. Жубайлардын мүмкүн болушунча тазалыкка чоң маани берүүлөрү зарыл. Таза жана көркөмдүү кийим алгачкы түндө өтө таасирдүү болот. Жубайлардын жата турган бөлмөлөрү таза, тынч, ишенимдүү болуусу керек. Күйөө баланын үйлөнүү маселесинде тажрыйбалуу бир адамдан кеңеш алуусунун зыяны жок.

**Күйөө бала мына бул амалды орундоону коё берип албоосу керек:**

Пайгамбарыбыз Хазрети Фатиманы Хазрети Алиге турмушка узатканда мындай деп буюрду:

**“Эй, Али!Келинчегинди өз үйүңө алып барганда байпагын бутунан чеч. Бутун жуу. Ошол сууну үйдүн** (уктоочу бөлмөнүн) **бардык бурчтарына сеп. Ушундай кылганда Аллаху таала сенин үйүңөн жетимиш түрдүү кедейликти сыртка чыгарат. Жетимиш түрдүү берекени үйүңө киргизет. Жетимиш рахметти сага жаадырат. Ал келин жана анын берекеси үйдүн бурчтарына жетет. Ал келин жин тийүүдөн жана башка дагы оорулардан амандыкта болот.”**

Алгачкы түнү жубайлардын маани берүүлөрү керек болгон кээ бир жагдайлар:

Алгачкы түнү кыз дагы, эркек дагы Аллах ыраазылыгы үчүн эки рекет намаз окуп, намаздан кийин үй-бүлөлүк турмуштун өздөрү үчүн кайырлуу, бактылуу болуусу үчүн Хак таалага жалбарып, дуба кылуулары керек. Алгачкы түнү кылына турган дуба кабыл болот. Бул түнү эркек колун келинчегинин маңдайына коюп «Аъузу бисмиллах, салават» айтып мындай деп дуба кылат:

**“Эй, Раббим, Буга кайырлуу жана көркөм мүнөз бере көр. Жаман кулк-мүнөздөрдөн сакта. Аны жана үй-бүлөсүн мага берекелүү кыл. Мени жана үй-бүлөмдү да ал үчүн берекелүү кыл. Бизди жакшы, кайырлуу амалдарга умтулт, жамал амалдардан алыс кыла көр!”**

Кийин **“Аллахумма барик ли фи ахли ва барик ли ахли фийа, Аллахуммарзукни минха варзукха минни. Аллахумма-жма’байна ма жама’та фи хаирин ва фаррик байнана иза фа-ракта фи хаирин”** дубасын окуйт.

Кошулуудан мурда жубайлар отуруп сүйлөшүп, таттуу нерселерден жеп, бири-бирине ынтызарлык, кызыгуучулук ойготуулары жакшы болот. Төшөккө кирүүгө шашпоо керек. Кошулуу кезинде үстүлөрү жууркан менен жабык болууга тийиш. Үстүлөрү ачык түрдө жүзөгө ашкан кошулуудан туула турган бала уятсыз, ар-намыссыз болот. Көпчүлүктө кездешүүчү «алгачкы түнү эле натыйжа алуум керек» деген түшүнүк өтө жаңылыш. Өмүрүндө бөтөн эркек көрбөгөн мусулман жаш кыз бул жашына чейин алгачкы түндүн коркунучун ойлоп жүрөт. Бардык кыздар бул алгачкы түндө бираз үркөк жана уялчаактык көрсөтүшөт, уялып, тартынышат. Биринчи жолу эркек менен жалгыз калуунун, ага ачылуунун уятын сезишет. Бул табигый жагдай, туура кабылдоо керек. Керексиз сабырсыздыкты көрсөтпөө керек. Алгачкы түндөгү одонолуктан пайда боло турган үркөктүк, таарынуу жана жагымсыздык сезимдери кийин узак мөөнөткө өчпөс таасирин калтырат, өмүр бою таарыныч менен эске алынат. Ошол сыяктуу бул түндө жасала турган сабырдуулук, назиктик жана жылуу мамиленин сыйы да кийинчерээк көрүнөт, өмүр бою унутулбайт.

Ошол себептен шашылбаган жакшы болот, психологиялык жактан кыз өзүн ыңгайсыз сезсе эртеңки күнгө калтыруу өтө жакшы болот. Эркек өзүн гана ойлоп эгоисттик аракеттерге барбашы керек.

Бир аял он жыл бою күйөөсү менен ыңгайсыз, кызык бир өмүр сүрөт. Айына бир жолу кошулушат экен жана кошулуу кезинде аялы күйөөсү менен суук мамиледе болот экен. Анткени, алгачкы түндө күйөөсү аялын таарынтып алган болот. “Эмне мынча арыксың, анан сулуу да эмессиң” деген экен. Аял бул сөздү унута албаган экен. Аялдын жүрөгүн жаралай турган арыксың, семизсиң, узунсуң, кыскасың, карысың сыяктуу сөздөрдөн милдеттүү түрдө узак болуу керек!

Алгачкы түндө махабат оюну маанилүү болуп саналат. Махабат оюну, б.а., эркектин келинчегинин кумарын козгоо ыкма-

сы жакшы болгон кезде аял канчалык уялчаак болсо да акырындап күйөөсүнө ынтызары көбөйүп, ырахаттана баштайт. Анан кийин берилүү сезими көбөйөт, уялчаактыктын ордуна каалоо сезими ачылат. Көптөгөн келинчектерди таарынта турган жана үркүтө турган нерсе жубайынын бул түндө одонолук жана түшүнбөстүк көрсөтүүлөрү.

Жубайлар бири-бирине өтө назик, жумшак мамиледе болушу керек, махабат жана мээрим менен жакындашы керек. Эркек кызды эч кыстабай жана кыйнабай чыныгы бир жакындык көрсөтүшү керек, үркүнчөөктүгүн көтөрүүгө аракет кылышы керек. Кыз сүйлөшүүдөн, ага ачылуудан тартынса да эркек чын жүрөктөн сүйлөп, сабыр менен жакындоосу, акырындап анын көңүлүнө кирүүсү зарыл. Кыздын унчукпай тыңдоосу жана анда-санда акырын жооп берүүсү да табигый нерсе. Бардык маселе өөп, эркелетип, кызды жыныстык мамилеге даяр абалга келтирүү! Алгачкы түндүн өзгөрбөс ченем бирдиги эместигин унутпоо зарыл. Алгачкы түн жөн эле башталыш болуп саналат. Алгачкы жакындоо ийгиликсиз болушу мүмкүн, муну да табигый нерсе деп кабылдоо керек.

Диндин буйругу боюнча аялдан узак жүргөн эркек көбүнчө аялды көргөндө же ага тийгенде дароо эле бүтүрүп коюшу мүмкүн. Мындай жагдайда үмүтсүздүккө түшпөй жарым сааттай убакыттан кийин же болбосо эртеси күнү баштапкы даярдыгын жасап кайрадан аракет кылса болот. Экинчисинде алгачкы толкундануу кетип, дароо бүтүрүү болбой тургандыктан баштапкы даярдык оңой болот. Бул жагдай өтө маанилүү. Бул жагдайды билип өздөрүн буга көндүргөн, даярдаган жубайларга оңой болот. “Эмнеге мындай болду? Мындай болбошу керек эле?” деген коркунучка түшүшпөйт. Анткени, бул табигый жагдай. Бир нече саат тыныгып же эртеңки күнгө калтырууга болот. Мындай кезде жаш кыз да бул абалды туура кабылдоосу, түшүнүк менен кароосу керек.

Кошулуу убагы өткөндөн кийин эркек кубанычтын, бактылуулуктун сезимдерин жубайы менен бөлүшүп, ага алкышын айтып жана бакыттарын өмүр бою улануусу үчүн дуба кылуусу керек.

Динибизге жат каада-салттардын бири кээ бир жерлерде кездешчү - төшөк текшерүү салты. Бул салт адепке дагы туура

келбейт жана өтө жаман адат. Буга жол бербөө керек. Дарыгерлер андай кыздар аз болсо да, кээ бир кыздарда "кыздык пардасынын" касиетине байланыштуу алгачкы кошулууда кан келбөөсү же болбосо өтө аз келүүсү мүмкүн экендигин билдирүүдө. Ошондуктан, жаман ойлоп, салиха кыздын убалына, күнөөсүнө калбоо керек.

Мындай кыздардын саны 5 пайыздын тегерегинде аз болсо да, кээ бир кыздардын алгачкы жыныстык кошулууда бойдок кезинде эч кандай өзгөрүш болбой тургандыгы белгилүү болууда. Булар көбүнчө "ай сымал" кыздык абалдарында болот. Алардын кээ бирлери биринчи баласын төрөгөнгө чейин бойдок (кыз) болуп кала берет. Албетте, бул касиеттерге ээ болгон кызда алгачкы кошулууда көбүнчө күтүлө турган кан көрүнбөйт. Мындай жагдайда бул тууралуу кабары болбогон эркек күткөн белгини көрө албай үмүтсүздүккө түшүп, апкаарып калуусу мүмкүн. Анык далилдери болбой туруп намыстуу кызга «сойку» сыяктуу айыпты тагуу чоң күнөө болот. Ушул айтылгандардын баарын эске алсак белги көрүнбөдү деп ызычуу кылуу чынында эле керексиз жана жоопкерчилиги оор жагдай.

Ошондой болсо да, алгачкы түндө жубайын кыз деп ойлогон адам күткөн натыйжасын ала албаганда жок дегенде ичинде шектенип жана бушайман болуп жүрөт. Бул жаман ойдон кутулуу үчүн жогоруда айтылган ыктымалдарды ойлоп "хусни зан" кылып, маселени жабуу керек же күмөн, жаман ойдон кутулуу үчүн келин-күйөө экөө отуруп сүйлөшүп, ылайыктуу чечимге келүү керек же болбосо кажет деп тапса бир аял гинекологго көрүнүп, маселени чечүүгө болот.

Сүйлөшүүнүн улануусу, кошулуунун кечигүүсү аркылуу чөйрөнүн даяр абалга келүүсүнө кеңеш берилет. Хадиси шарифте мындай деп айтылган: **"Силерден эч бириңер жаныбар сыяктуу сүйлөшпөй, ойношпой, өбүшпөй туруп жубайы менен кошулбасын. Ал жаныбарларга тийиштүү."**

**"Бир адамдын ойношпой туруп аялы менен дароо кошулуусу, анын да ырахат алуусун күтпөөсү алсыздыктын белгиси."**

Бул тууралуу **адис дарыгерлер** мындай деп айтышууда: "Толук шахват менен пайда болгон бала дени соо, мыкты болуп туулат." Ушуну менен катар аял дагы канааттанган болот. Аялы канааттанбай

турган болсо убакыттын өтүүсү менен түрдүү кыйынчылыктарга жол ачылуусу мүмкүн. Ошондуктан, шашылбаган жакшы. Аялынын дагы лаззат алуусун, канааттануусун күтүү керек. Аялдын канааттануусу эркекке караганда кечирээк болот.

Ал эми бул да кошулуунун узакка созулуусу менен жүзөгө аша турган нерсе. Эркек токтой турганын сезгенде оюн башка нерселерге бурушу керек. Көңүлүн башка нерселерге оодарса, маселен, эртеңки кыла турган жумуштарын ойлосо, токтоону, бүтүрүүнү кечиктирген болот. Ошентип, аялынын да ырахат алуусуна мүмкүнчүлүк берген болот. Бул өтө маанилүү нерсе. Көп үй-бүлөлөрдүн кыйроосунун, үй-бүлөлүк бакыттын бузулуусунун түпкү себеби мына ушул маселеде жатат. Өмүрүндө такыр канааттанбаган миллиондогон аялдар болушу мүмкүн.

Хазрети Али: “Бир калыпта кошулуудан көздөрдө нур, денеде кубат пайда болот,” - деген. Чектен ашкан кошулуу денеге да, көзгө да зыяндуу.

Бардык шахваттын натыйжасы көңүлдү карайткандыгы менен динде билдирилгендей кошулуу көңүлгө тазалык, рух жана денеге ырахаттык тартуулайт. Кошулуудагы негизги максат бала көрүү болуп саналат жана мындагы лаззат Аллаху тааланын ушул максатта берген мээрими.

Адебине ылайык кошулган жубайлар муну менен ибадаттын сообун алышат. Никелүү жол менен жасалган кошулуу “жима” деп аталат. Никесиз жол менен кошулуу “зина” деп аталат. Аялдын эч кандай үзүрсүз (себепсиз) күйөөсүнүн каалоосун кабылдабоосу чоң күнөө болуп саналат.

**Кошулууда мустахаб болгондор:**

**1.** Кошулууну “аъузу бисмиллах” айтып баштоо керек. Ниети өзүн жана аялын зинадан коргоо жана кайырлуу перзент тарбиялоо болуу керек!

**2.** Кошулуудан мурда аялы менен жетиштүү даражада ойношуу, эркелетүү керек жана аялда күчтүү каалоо пайда болгондо гана баштоосу керек. Мындай башталышы болбой туруп кошулуу аялга кыйын болот.

**3.** Кошулуу кезинде шашылбоо керек, аялынын да канааттануусун күтүү керек.

**4.** Кошулуу бүткөндөн кийин дароо туруп кетпөө керек, бираз бирге болууга аракет кылуу керек.

**5.** Кошулуудан кийин кайрадан жакындык кылуу же болбосо уктоо үчүн аврат жерлерин жууш керек. Дааратты же гусулду дароо алуу керек эмес болсо да, алган жакшы болот.

**6.** Кошулуунун дүйшөмбү түнү жана жума түнү болгону жакшы. Башка түндөрү дагы кошулуу жаиз. (Жума түнү: Бейшембиден жумага караган түн).

**Кошулууда макрух болгон нерселер:**

**1.** Кошулуу кезинде буттарды кыбылага узатуу.

**2.** Жууркан же төшөк сыяктуу бир нерсе менен жамынбай, ачык түрдө жылаңач кошулуу.

**3.** Оргазмга бөлөнгөн кезде сүйлөө, күлүү, үнүн чыгаруу. Бул жагдай баланын сүйлөөсүндө кемчилик болууга себеп болушу мүмкүн.

**4.** Жубайынын жана өзүнүн аврат мүчөлөрүн кароо - макрух. Бул нерсе кемчиликтерге жана унутчаактыкка себеп болот. Зарыл болгон учурларда жубайлардын чачынын учунан бутунун тырмагына чейин бардык жерин кароолоруна болот.

**5.** Камарий айлардын алгачкы, орто жана соңку түндөрүндө кошулбоо керек.

## Кошулуунун адеби

Кээ бир адеп тууралуу китептерде кошулуунун убактысы тууралуу жана бул убакыттын туула турган балдарга тийгизе турган таасирлери тууралуу жазылган. Булар диний жактан моюн сунуу мажбур болгон өкүмдөр эмес. Бирок, айтылган убакыттар боюнча амал кылуу пайдалуу болот. Жубайлар өз араларындагы жыныстык катнаштары менен байланыштуу махрам сырларын башкаларга айтуулары харам болот.

**Кошулуу үчүн кеңеш берилген убакыттар:**

Дүйшөнбү, шейшенби, бейшенби, жума түндөрү жана күндүз түшкө чейин.

**Кеңеш берилбеген убакыттар:**

**1.** Апта ичинде жекшенби түнү жана шейшенби түнү,

**2.** Камарий айлардын биринчи, он бешинчи жана соңку

түндөрү,

**3.** Орозо Айт жана Курман Айт түндөрү,

**4.** Берат түнү,

**5.**Сапарга чыга турган түнү,

**6.** Күндүз түштөн кийин.

Булар кеңеш болуп саналат. Шахваттанып харам иш кылуу коркунучу бар болсо, маселен, бөтөн аялды шахват менен кароо коркунучу бар болсо макрух болбойт. Тескерисинче, бирге болуу керек болот. Күнгө, убакытка каралбайт.

**Кошулуу үчүн туура болбой турган жагдайлар:**

**1.** Аялынын макулдугу болбосо,

**2.** Даараты кыстап турса,

**3.** Абдан тоюп, ооруп же чарчап турса,

**4.** Өтө суук жана ысык болсо.

## Кошулуунун башка адептери

Өзүн харамдан коргоого, халал жол менен жүрүүгө ниет кылуу керек, кошулуу кезинде шайтандан Аллаху таалага сыйынып **"Бисмиллахи Аллахумма жаннибна-шшайтана ва жаннибна-шшайтана ма разактана"** деп айтуу керек. Ушинтип боюна бүтсө шайтан ага зыян келтирбейт.

Расулуллах алейхиссалам: **"Кошуларда бисмиллах айт. Жунуп абалдан тазаланганга чейин сага сооп жазылат. Бул кошулуудан бала туулса сага бул баланын алган деминин санынчалык жана анын урпактарынын деминин санынчалык сооп жазылат", -** деп айткан.

Аялында шахват, каалоо сезими пайда болгонго чейин аны менен ойношуу керек. Анын дененин ырахаттануусу жана туула турган баланын кемчиликсиз болушу сыяктуу пайдалары бар. Шашылбоо керек. Хадиси шарифте: **"Эркек аялы менен кошулуп жаткан кезде короз сыяктуу минип түшпөсүн. Өзү ырахат алганы сыяктуу аялы да ырахат алганга чейин курсагынын үстүндө жатсын"** жана **"Аялың ырахаттанбай туруп сен ырахат алсаң, ал күндүн калган бөлүгү аял үчүн алсыздык жана жалкоолук менен өтөт", -** деп айтылган.

Аялы менен хайз абалында кошулуу харам болуп саналат. Аял-

дын үзүрү болбой туруп, хайзмын деп жалган айтып, күйөөсүнөн узак туруусу да харам, чоң күнөө. Хадиси шарифте: **“Эркек аялын төшөгүнө чакырганда аялы келүүдөн баш тартса, күйөөсү ушул себептен ачууланып уктап калса, периштелер таңга чейин ал аялга каргыш айтышат”, -** делген.

### Лаанатталган катнаштар

Хайз (этек кир) болуп турганда да, таза кезинде да аялдын артына жакындык кылуу харам, чоң күнөө. Халал деп ишенген адам динден чыгат, капыр болот. Артына (анусуна) болбоо шарты менен артынан аялдык мүчөсүнө жакындык кылуу жаиз болот.

Хадиси шарифте мындай деп айтылган:

**“Кимде-ким аялына артынан** (анустан) **жакындык кылса Аллаху таала жана периштелер ага лаанат айтат жана Аллахтын ырайымына жете албайт.”** Аялы макулдук билдирсе дагы бул күнөөгө тең орток болот. Харам болгон иштерде күйөөсүнүн буйруктарына моюн сунулбайт.

### Бала - үйдүн берекеси

Бала бойго бүтпөшү үчүн алдын алуунун (сактануунун) зыяны жок. Жада калса, азыркы заманда баланын болбошу үчүн алдын алуу керектүү жагдайга айланган. Анткени, доорубузда ислам тарбиясы менен бала тарбиялоо кыйын болуп кеткен, жада калса, мүмкүн эмес абалга жеткен.

Үй-бүлөлүк турмуштун алгачкы айларында (3-5 ай) жубайлардын бири-бирине көнүүлөрү үчүн алдын алуу жакшы болсо да, андан көпкө кечиктирүү жакшы эмес. Анткени, бала жубайларды бири-бирине байлайт, үй-бүлөлүк байланышты бекемдейт, эки жакты (эки элди) андан да жакын кылат. Үйдүн берекесине жана кубанычына айланат.

**Келинге кеңеш:**

Келин алгачкы күндөн баштап тамагына, ичип-жегенине көңүл бурушу керек. Кээ бир тамактар зыяндуу болушу мүмкүн. Анткени, хадиси шарифте мындай деп айтылган:

**“Келин алгачкы аптада айран, ачыган нерсе, туздалган**

(маринаддалган) **жашылчаларды жана кычкыл нерселерди жебеши керек. Бул нерселер боюна бүтүүсүнө тоскоол болушу мүмкүн. Ачыган нерсе жеген аялдын хайз көрүүсү кыйын болот жана хайзы иретсиз болот. Кычкыл алма хайз канын токтотот. Бул болсо башка ооруну пайда кылат».**

**Эркекке кеңеш:**

Аялы менен жакшы мамиледе болуу, аны жылмайып кароо, жылуу жүздүү болуу керек. Анын жаңылыш аракеттерине, акылга сыйбай турган сөздөрүнө сабыр кылуу керек. Анын деңгээлине, түшүнүгүнө көнүү зарыл. Аны менен тамашалашып, ойноо керек. Азык-түлүк, кийим-кече маселесинде колунан келгенче жоомарт болууга аракет кылуу керек.

**Динибизде аялдардын билүүсү фарз болгон нерселерди үйрөтүүсү керек.**

Аялдын кийинүүсүндө, үйдөн сыртка чыгуусунда өтө дыкат болуу керек жана өзүн жалгыз чыгарбоо керек. Өзүн жана аялынын күмөнгө, жалаага түшүрө турган жагдайлардан сактанууга катуу маани бериши керек.

Аялын бөтөн эркектер болгон жерге жибербөө керек, бөтөн эркектерди көрүүсүнө тоскоол болуу керек. Үй жумуштары менен убакыт өткөрүү анын ырахат ала турган нерсеси болушу керек. Аны менен катуу мамиледе болбоо керек.

**Тамашалап да, ачууланып турганда да эч качан “ажырашуу” деген сөздү оозго албоо керек, эч качан “экинчиге үйлөнүү” сөзүн козгобоо керек. Коркутуу үчүн да, тамашалап да ажырашуу сөзүн такыр колдонбоо керек. Жада калса, ажырашууга чечим чыгарса да бул сөздөрдү колдонбоо керек. Анткени, кейинчерээк ажырашуу ниетинен баш тартуусу мүмкүн. Жакындары менен, достору менен кеңешкенден кийин ажырашууга анык чечим чыгаргандан кийин гана барып бир талак берүү керек. Эч качан үч талакты дароо бербөө керек. Үч талакты дароо берүү харам. Турмуштун шарттары адамды көп нерселерге сабыр кылуусун, чыдоосун талап кылышы мүмкүн. Болбойт деген нерсе болушу мүмкүн. Бир талак менен ажырашса харам кылынбаган болот, аны менен бирге кайра**

**кирүү эшиги да толугу менен жабылбаган болот. Ажырашпоо эч кандай риск бербейт. Бирок, ажырашуу, айрыкча үч талак берүү өтө чоң риск. Артка кайтууга мүмкүнчүлүк болбошу да мүмкүн.**

### Хазрети Алиге осуят

Хазрети Али "радыйаллаху анху" риваят кылган. Расулуллах алейхиссалам мындай деди:

"Йа, Али! Келинди үйүңө алып келген кезде анын бутунан байпагын чеч, буттарын жуу. Ошол сууну үйдүн бардык бурчтарына сеп. Ушундай кыла турган болсоң Аллаху таала сенин үйүңөн жетимиш түрдүү кедейликти чыгарат. Жетимиш түрдүү берекени үйүңө киргизет. Жетимиш периштени сага түшүрөт. Ошол келин мененанын берекеси үйдүн бурчтарына чейин жеткен болот. Келин акылынан ажыроодон жана башка да оорулардан сак болот. Йа, Али! Келинди алгачкы аптада айран ичүүдөн, уксус жана кычкыл тамактардан тый!"

Хазрети Али: "Йа, Расулаллах! Эмне себептен бул нерселерди бербешим керек?" - деп сурады. Расулуллах мындай деп жооп берди: "Мунун себеби маринаддалган тамактар, айран жатында бала пайда болуусуна тоскоол болот. Үйдө бир кийиздин болуусу бала төрөй албай турган аялдан жакшыраак." Хазрети Али: "Йа, Расулаллах! Сиркенин (уксустун) зыяны эмнеде?" - деп сурады. "Сиркени тамагында колдонгон аялдын хайзы (этек кири) кыйын болот жана тазалануусу созулат. Эгер Аллаху таала бир перзент бере турган болсо төрөлүшү кыйын болот. Кычкыл алма жеш хайз канын токтотот. Анын артынан башка ооруларга себепкер болот", - деп жооп берди.

Мындан кийин Расулуллах алейхиссалам мындай деди: "Йа, Али! Айдын башында, ортосунда жана аягында жубайың менен кошулба, болбосо жубайың да балаң да алапес оорусу, акылдан ажыроо, жана ыпластык болуу коркунучу бар.

Йа, Али! Жубайың менен аср намазынан кийин кошулба. Эгер Аллаху таала перзент насип кыла турган болсо чалдыр көздүү болот жана шайтан чалдыр көздүү балага кубанат.

Йа, Али! Аялың менен кошулган кезде көп сүйлөшпө, эгер

бала көрө турган болсоң паракор болот. Аврат жерлерин караба. Жакындык кезинде көздөрүңдү жумба, баланын сокур болуусуна себеп болот.

Йа, Али! Өз аялыңа башка аялга болгон кумар менен (шахват менен) жакындаба, эгер бала көрө турган болсоң кыз кылыктуу бала болот. Аялдарага окшошконго аракет кыла турган болот.

Йа, Али! Жунуп болгон кезиңде Курани каримди окуба, себеби асмандан от түшүп, сени күйгүзүү коркунучу бар. Жунуп кезиңде сүйлөшпө. Сенин суу идишиң бөлөк болсун, жубайыңдын суу идиши да бөлөк болсун. Бөлөк суу идиштер менен тазалангыла. Эгер экөөң тең бир суу идиштен жууна турган болсоңор шахват шахваттын үстүнө түшөт, араңарда душмандык пайда болот. Аягы талак жана ажырашуу менен бүтүү коркунучу бар.

Йа, Али! Экөөң тең өйдө туруп жакындык кылбагыла, эшектер ошентип жакындашат кылат. Эгер боюна бүтсө төшөккө сийе турган болот.

Йа, Али! Жубайың менен айт күндөрү жакындык кылба! Эгер бала бойго бүтсө алты же төрт манжалуу болот.

Йа, Али! Жубайың менен мөмөлүү бак-дарактын астында жакындык кылба, эгер бала болсо адам өлтүргүч, кан төгүүчү болот, элге зулумдук кылат. Йа, Али! Айдын жарыгында жакындык кылба. Эгер бала көрө турган болсо кедейликтен өмүр бою кутула албайт.

Йа, Али! Азан менен кооматтын арасында жубайың менен жакындык кылба, эгер бала насип боло турган болсо кан төгүүгө шыктуу болот.

Йа, Али!Аялың боюнда бар кезде аны менен дааратсыз кошулба. Эгер бала төрөлө турган болсо наадан жана сараң болот.

Йа, Али! Шабан айынын ортосунда, Берат түнүндө жубайың менен жакындык кылба, эгер ортоңордо бала болсо терисинде, түктөрүндө жана бетинде жаман белгилер болот.

Йа, Али! Жубайыңа балдызыңа болгон шахват менен жакындык кылба, эгер боюна бүтсө ууру болот жана элдин балээге дуушар болуусу анын кесиринен болот.

Йа, Али! Жубайың менен тегерегинде дубал болбогон жерде кошулба, эгер ортоңордо бала болсо эки жүздүү, бидатчы жана кумарпоз болот.

Йа, Али! Сапарга чыга турган түнү аялың менен жакындык кылба, эгер бала болсо мал-мүлкүн харам жерлерге жумшай турган болот. Мындан кийин мааниси: **“Мал-мүлкүн чачып ысырап кылгандар - шайтандын достору” деген** аятты окуду. (Исра сүрөсү, 27)

Йа, Али! Үч күндүк сапардан келген түнү жубайың менен жакындык кылба. Эгер бала көрө турган болсо бала заалым болот.

Йа, Али! Дүйшөмбү түнү жубайың менен жакындык кылсаң, мындан ортоңордо бала болсо Куран кариси болот. Аллаху тааланын бергенине ыраазы болот.

Йа, Али! Шейшемби түнү жубайың менен жакындык кылсаң, мындан бала көрсө момун болот жана жакшы мүнөздүү болот. Көңүлү жумшак, жоомарт, тили жалгандан жана ушактан таза болот.

Йа, Али! Бейшемби түнү жубайың менен жакындык кыл, бала көрө турган болсо хикматы көп башкаруучу болот. Ошондой эле, илими көп аалым болот жана илими менен амал кыла турган болот. Бейшемби күнү түшкө чейин жубайың менен жакындык кылсаң, эгер бала көрө турган болсо ага шайтан өлгөнгө чейин эч жакын жолой албайт. Дүнүйө менен акыретте саламатта болот. Эгер жума түнү жубайың менен жакындык кылсаң, бала көрсө Куранды жаттаган кари болот же имам болот же ваазчы болот. Эгер жума күнү жубайың менен жакындык кылсаң, бала көрсө ал бала аалым болот. Диндарлыгы менен атактуу болот жана пайдалуу болот. Эгер жума түнү куптан намазынан бир саат өтүп жубайың менен жакындык кылсаң, бала көрсө олуялардын катарында болот.

Йа, Али! Жубайың менен түндүн алгачкы убактысында жакындык кылба, эгер бала көрсө төлгөчү жана сыйкырчы болот. Акыретти таштап, дүнүйөнү тандайт.

Йа, Али! Менин осуятымды жаттап ал, Аллаху тааланын уруксаты менен сага пайдалуу болсун.”

## БАКЫТТЫН АЧКЫЧЫ - КҮЛҮМСҮРӨӨ

**Суроо:** Үйлөнгөн алгачкы айларда бири-бирибизге карата мамилелерибиз жана сый-урматыбыз жакшы болчу. Бири-бирибизди жакшы түшүнчү элек. Ал эми азыр болсо күндөн күнгө аялымдын мүнөзү начарлап баратат. Күндө уруш-талаш бүтө тургандай эмес. Аялымдын мүнөзүн кантип оңдоого болот же ушул себептен улам ажырашсак кандай болот?

**Жооп:** Күйөөсүн даттанган аялдар, аялын даттанган күйөөлөр дартына дабаа издеп, ушул сыяктуу суроолорду берип кеңеш сурап жатышат. Динибизде адам үчүн өмүр бою керектүү илимдер билдирилген. Кантип туруу керек, кантип басуу керек, мусулмандар кандай болушу керек, ар кимдин орду кандай, милдеттери кандай, аялдардын милдеттери, күйөөлөрдүн милдеттери жана башка ушулар сыяктуу маалыматтарды сайтыбызда дайым жазып келатабыз. Ал эми айтуу менен жазуу менен эч нерсе өзгөрбөйт. Аз да болсо адамдардын жеке өздөрү буга моюн сунуулары, маани берүүлөрү керек...

Көбүнчө жаңжалдарда күнөө эки жактан тең болот. Бирөө унчукпай коё салса, кечирим сураса жаңжал күчөп кетпейт. Эки тарап тең меники туура деп туруп алган сайын жаңжал бүтпөйт. Күнөө көбүнчө эркектерде болот. Аялына ээ боло албаган, тилин таба албаган, башкара албаган эркек – алсыз эркек. Аялын жаман жолго түшүрө турган дагы эркектер. Аялын жаман жерлерге алып барышат да, аялы бир жамандык жасаса күнөөнүн баарын аялына оодара салат. Аялдарды күнөөсүз деп жаткан да жокпуз. Бирок, негизги күнөө күйөөсүндө. Ага жакшы чөйрөнү камсыз кылып берүүсү керек. Жакшы чөйрө камсыз кылып берүүгө алы жетпеген киши үйлөнүү жоопкерчилигин мойнуна албоого тийиш.

Эки тарап тең меники туура деп отурат. Ал үйдө жаңжал бүтмөк беле? Бир киши минтип жазыптыр: “Үйүбүздүн куту качты. Аялым тыңыраак тамак жасай албайт. Үй ичинде өзүн жакшы карай албайт, бирок, сыртка чыкса абдан жасанат. Көп сүйлөйт, сөз тыңдоо деген нерсени такыр билбейт.” Бир аял мындай дейт: “Таң азандан кечке чейин тамак бышыруу, кир жуу, тигүү сыяктуу үй иштери менен алек боломун. Күйөөм келгенде чарчаганымды байкабайт, мага

көңүл бургусу келбейт. Үйгө киргенден баштап кабагын бүркөп, такыр ачылбайт. Жылмайуу деген нерсе жок. Салам да бербейт, абалым тууралуу суроо деген жок. Бир күнү тамак туздуу болуп кетсе ачууланып жебей коёт. Бир мактоо, алкыш айтууну билбейт. Дайым бир кемчилик издеп жүрөт.”

Бираз кеңешибиз бар. Бирок, кеңеш-насаатыбыздан эмне пайда, мындан эмне чыгат дебеш керек. Кеңеш менен насаатты тыңдап, моюн сунган адамга көп пайдасы тийет. Эң башкысы тыңдап, моюн сунуу керек. Анткени,Курани каримде мындай делген: **“Насаат мусулмандарга албетте пайдасын берет.”** (Зарият сүрөсү, 55) Хадиси шарифте мындай делген: **“Ахлагыңарды** (кулк-мүнөзүңөрдү) **көркөмдөгүлө!”** (Ибн Лал)

Ахлакты, кулк-мүнөздү өзгөртүү мүмкүн болгондуктан хадиси шарифте ошентип айтылган. Ансыз деле дин –көркөм мүнөз деген сөз. Андай болсо диндин буйругуна моюн сунуп, тыюуларынан сактанган адам, мүнөзүн өзгөртүп көркөм мүнөздүү боло алат. Көркөм мүнөздүү болгон адам эки дүнүйөдө теңырахат, бактылуу болот. Эми негизги темага келсек.

Ажырашуу чечим эмес. Кемчиликсиз, күнөөсүз кул болбойт. Кемчиликсиз дос издеген доссуз калат, кемчиликсиз түгөй издеген түгөй таба албайт. Чыныгы эрдик кемчиликтүү адам менен жакшы мамиледе боло алууда, аны менен бирге тынч, таттуу өмүр сүрө алууда.

Үйдө эч бир нерседен кемчилик издебегенге аракет кылуу керек. Сын айтуу, талаш-тартыш үй-бүлөнүн ыдыроосуна же бактысыз, берекесиз абалга түшүп калуусуна себепкер болот. Жалгыз аялдар гана эмес ар бир киши өзүнө карата сын айтылуусун жактырбайт. Адамдардын баары макталууну жактырышат. Ушул маселеде өтө дыкат болууга тийиш. Жалпысынан алганда аялдар кооздукка жакын болушат, кийимдерине өзгөчө маани беришет. Бир кийим алса ага: “Бул кийим сага өтө жарашат турбайбы!” – деп айтсак эч нерсе жокоткон болбойбуз. Мындан эч нерсебиз кемип калбайт. Анткени, динибиз аял менен жакшы мамиледе болуу үчүн жалган айтууну да жаиз деген. Чынында эле мактоого татыктуу болуп турган иш-аракеттерин сынга алуу болсо - барып турган акмактык.

Күйөөсүнүн мактоосуна ээ болуу, өзүнө көңүл бөлүү – ар бир аял үчүн эң чоң бакыт. Өзгөчө аялдар жөнөкөй нерселерге дагы чоң маани беришет. Майрамдарда, ыйык түндөрдө, үйлөнүү үлпөттөрүндө, арзыбаган, жөнөкөй болсо деле белек берүүнү унутпоо керек.

Бир аял жылдар бою сонун тамактарды жасайт. Буга карабай күйөөсүнөн кымындай дагы мактоо, рахмат уга албайт. Бир күнү үстү жабык идиштин ичине саман салып тамактар менен бирге дасторконго коёт. Күйөөсү идишти ачып саманды көрөр замат ачууланып кыйкырат:

- Бул эмне кылганың, саманды киши жечү беле же мен эмне айбанмынбы? – деп кызаңдайт. Ошондо аялы күйөөсүн карап:

-Жылдар бою даамдуу тамактарды бышырып келем. “Күйөөм бир жолу болсо деле рахмат айтпаганына караганда баары бир жакшы жаманды айырмалабайт го. Алдына эмне койсом деле жей берсе керек” деп ойлодум. Азыр болсо бир гана жамандыкты түшүнүп, жакшылыкты түшүнбөгөндүгүңдү көрсөттүң, - деген экен.

Жаманды сындоону билген адам жакшыны да мактоону, рахмат айтууну билүүгө тийиш! Эгер мактоо колунан келбесе анда сындоодон да баш тартуу керек! Аялынын даамдуу тамактары менен кызматтарына рахмат айтуу керек, ошол сыяктуу жактырбаган кызматтары үчүн дагы рахмат айта алуусу керек. Анткени аялдар жактырбаган тамактарга дагы ошол эле энергияны, ошол эле эмгекти жумшаганын унутпоо керек.

Жубайлар бөтөн адамдарга көрсөтүлчү кичи пейилдиктин жок дегенде ондон бирин үйүндө бири-бирине көрсөтүүгө тийиш. Оройлук сүйүүнү кетирип, бакытсыздыкка жол ачат. Мисалы, бөтөн адамга: “Дайыма бир эле нерсени кайталап айта бересиң” дей албаганыбыз менен, өз үйүбүздө: “Дагы эле ошол нерсени айтып жатасыңбы”, - дей турган болсок, кичи пейилдиктен канчалык деңгээлде алыс экенибиз белгилүү болот.

Үйүндө тынчтык, бакыттуулуктун болушу жумуштагы кичи пейилдиктен маанилүүрөөк. Бакыт – миллиарддаган акча табуудан да маанилүүрөөк. Андай болсо, мактаганды билген, кичи пейил, жылмайып жүргөн адамдын үйүндө түшүнбөстүк, келишпестик болбойт. Пайгамбарыбыз алейхиссалам үйүнө күлүмсүрөп кирип,

салам берчү. Бир адамдын көңүлү жок болуп турса да күлүмсүрөөнү унутпоосу зарыл. Анткени, кыймыл-аракеттерибиз сөзгө караганда көбүрөөк таасир кылат.

"Күлүмсүрөө" деп аталган отто ээрибей турчу муз жок. Көңүлдөр күлүмсүрөө аркылуу ээленет. Бир күлүмсүрөөгө туткун болгон эр жигит бир кыздын эч бир жаман жактарына карабастан аны менен үйлөнүү деген катага өзүн курман кылышы мүмкүн.

Мусулман күлүмсүрөгөн, жылуу жүздүү болот, ал эми мунафык (эки жүздүү) кабагы карышып турат. Күлүмсүрөө – бекер турат. Алганды бактылуу кылат, бергенди капа кылбайт. Кээде бир күлүмсүрөө өмүр бою эсте калат. Бакыттын ачкычы – күлүмсүрөө. Күлүмсүрөөнү билбеген адам – бечара адам. Күлүмсүрөөнү үйрөнүү дүнүйө жана акыретте бактылуу болууга себеп болот.

## Үй-бүлөлүк бакыттын сыры

Үйдөгү тынчтыктын, ынтымактын эң негизги эрежелеринин бири – сырттагы адамдар менен кандай сыпайы жана жакшы мамиледе болсок, дал ошондой мамиленин үй-бүлө ичинде да болуусу. Сый-урмат болгон үйдө кут-береке да болот.

Илгери бир жаш жигит үй-бүлө ичинде кантип бактылуулук менен тынчтык орнотууга боло турганын изилдейт. Адамдар ага баланча айылда бир чал менен кемпир бар, билсе ошолор билет бактылуу өмүрдүн сырын, анткени, алардын урушканын, бири-бирине үнүн көтөрүп сүйлөгөнүн эч ким көргөн эмес дешет. Жаш жигит адамдар айткан үйгө барып, амандашып, жагдайларын сураган соң үй ээсине келгенинин себебин айтат.

Карыя дасторкон башына конокту жайгаштырып отургузат. Кемпири дасторконго бир коон алып келет. Карыя коонду бир карайт дагы, кемпирине: "Мырзайым, бул коон анча бышкан эмес окшойт, башкасын алып келесиңби", - дейт. Аялы жарайт деп, коонду кайра алып кетип, дагы бир коон алып келет. Күйөөсү: "Бул дагы болбоду, дагы башкасын көрчү", - дейт. Аялы жарайт деп, дагы алып келет.

Карыя келген конокко: "Аялым бышканын тандай албай жатса керек, кана жүргүлө, бирге барып тандап келели", - деп экөө бирге барып ашканага киришет. Ашканага киргенде бир гана коон турганын көрүшөт. Карыя конокту карап: "Үй-бүлөлүк бакыттын сырын

түшүндүңбү?" – деп сурайт. Жаш жигит: "Түшүнгөн жокмун", - деп жооп берет. "Балам, үйдө бир гана коон бар эле. Мен коондун бирөө гана экенин билчүмүн, менин биле турганымды аялым да билет. Мен коонду алып кетип, башкасын алып кел дегенимде, жарайт деп алып кетип, дал ошол коонду кайра алып келди. "Эй, чал, сен алжып калгансыңбы, үйдө болгону бир эле коон бар, кайсы коонду айтып жатасың" деген жок. Мен бир нерсе айткан кезимде аялым каршы чыкпайт, дароо айтканымды орундайт. Ал дагы бир нерсе айткан кезде мен да анын көңүлүн калтырбайм. Ошол себептен уруш-талаш да болбойт. Үй-бүлөлүк бакыттын сыры - ушул", - дейт.

## ЭНЕ-АТА МЕНЕН ЖАШ ЖУБАЙЛАР

Кээ бир эне-аталар арасында балдарын уядан учурганын кабылдай албагандар, жаңы уя, жаңы үй-бүлө курганын түшүнө албагандар бар. Эки бөлөк рухтун бири-бирине көнүп кетүүсү да оңой эмес. Жаштар ушул сыяктуу түйшүк менен алпурушуп жүргөндө эне-атанын кийлигишүүсү жагдайды ого бетер татаалдаштырып жибериши айдан ачык. Андан башка куда-кудагыйлардын араларында орун, абырой бөлүшө албай жаштарды ажыраштырып жиберүүгө даяр тургандары да аз эмес. Ушул сыяктуу маселелерге байланыштуу окурмандардан келген бир каттан үзүндү берүүнү кааладык:

"Үйүбүз кайын атамдын үйүнө жакын болчу. Таң эртең жумушка чыгарда аялым дагы мени менен чоогу үйдөн чыгып, энесине барчу. Кечке жуук ошол жактан алып келчүмүн. Кечинде келгенимде үйдө отурган кезде деле энеси биздин үйдө боло турган. Жалгыз калган күндөрүбүз өтө сейрек болчу. Көп убакытка чейин ушундай болду. Анан мындай болбой турганын айтып, ар ким өз үйүндө жалгыз калгысы келет. Биз бөлөк үй-бүлө болдук, муну кабылдашың керек. Энеңе дагы муну түшүндүрүп айткын. Күндө ушинтип жүрбөсүн. Апта соңунда бирге барып турабыз, ошондо сагынычыңарды таратасыңар дедим. Башында макул болбоду, энемсиз тура албаймын деп бираз наараазы болгон соң акыры көндү. Ушундан кийин телефон менен сүйлөшүп жүрдү. Ичкен тамагы, кийген кийими, кайда барганы, мен эмне дедим, ал эмне деди, үйдүн

ичинде, сыртта болгон нерселердин баарынан кайын энем кабардар боло турган. Анан кичине эле түшүнбөөчүлүк болсо энеси дароо жетип келе турган болду. Акыркы жолу урушкан кезибизде кызы экөөбүзгө насаат айтуунун ордуна кызын алып кетип калды. Ошол кеткен бойдон жок болду. Үй-бүлөбүз 2 жылдын ичинде ыдыроого учурады.”

Ошондуктан да, үй-бүлөлүк турмуштун алгачкы айлары өтө маанилүү. Келин жаңы үйүнө адаттануусу, көнүүсү керек. Ал үчүн жаштардын үйү келиндин эне-атасынын үйүнөн алысыраакта болуусунда пайда бар. Көпчүлүк кыздар эне-атасына жакын турушат, жада калса, үйүнүн бир имаратта болуусун каалашат. Ал эми бул негизи кыз үчүн жакшылык эмес, тескерисинче, жамандык болушу мүмкүн. Кыздын үйүнө жакын болсо кандайдыр бир себеп менен кызынын капалуу абалын көргөн эне-ата “кокуй, күйөө бала кызыбызга кол көтөргөн окшойт же таарынтыптыр” деген сыяктуу жаңылыш ойлорго таянышы, натыйжада кийлигишип, түшүнбөстүктөргө себепкер болушу мүмкүн. Ошондой эле, келиндин да сыркоолоп ооруп калышы мүмкүн. Ошондуктан, күйөөсүнүн кийимдерин үтүктөө, тамагын даярдоо сыяктуу маселелерде кемчилик кетириши ыктымал. Бул жагдайга да күйөө баланын эне-атасы түшүнүк менен карап, “кокуй, уулубуз ачка калды, кийимдери да даяр эмес” деп чыр-чатакка себепкер болуудан сактануулары абзел.

Үй-бүлөлүк жашоонун алгачкы айларында балдарын өз жагына карай тарта берүүнүн ордуна ар ким өзүн каршы тараптын ордуна коюп көрсө түшүнбөөчүлүк өзүнөн-өзү чечилет, жада калса, түшүнбөөчүлүк эч качан болбойт. Ошондой эле кыз тарабы уул тарапка өтүп, уулдун жактоочусу (адвокаты) болуп, ал эми уул талап кыз тарапты жактоого аракет кылса, эки тарапта тең бири-бирин ыраазы кылууга деген жарыш башталып, эки жак тең тынч болот.

Кээ бир эне-аталар күйөө баласын уясынан ажыратып алып, толук өз карамагына алууну каалашат. Ушундай кылгандар да аз эмес. Ал эми негизи уулду өз үй-бүлөсүнөн ажыратып алуу пайдалуу эмес, тескерисинче, өтө зыяндуу. Уулдарынын өздөрүн таштап кеткенин көргөн эне-ата колдоолорун токтотуп, уулдарына нааразы болушат. Ошондуктан, мындай иш-аракеттер каада-салт жагынан

да, дин жагынан да туура эмес. Натыйжада ошол жашка чейин чоңойтуп, окутуп келечеги үчүн көптөгөн пландарды түзүп үмүт кылган баласынын мындай кылыгына нааразы боло тургандыгы талашсыз. Алардын каргышын алууга себепкер болот. Эне-атанын каргышы менен душмандыгы бар үй-бүлөнүн өмүрү узакка барбайт.

Эркек тарабынын да кыздын үй-бүлөсүнөн арасын толугу менен үзүүсүн каалоо туура эмес. Керектүү деңгээлде байланыш албетте улантылуусу керек. Жаңы үй-бүлөнүн уул тарапка жакын болуусу динибиздин да, каада-салтыбыздын да белгиси.

Өтө зыяндуу болгон, диний жактан орунсуз жагдай жок болсо түшүнбөөчүлүк жагдайында кыз тарабы дайым кызды эмес күйөө баласын жактаганы туура болот. Кылымдардан бери мусулмандар ушундай кылышкан. Мусулмандар муну Пайгамбарыбыздан үйрөнгөн.

Расулуллах алейхиссаламдын мубарек кызы Рукия энебиз күйөөсү Хазрети Османды даттанып келгенде Пайгамбарыбыз:

**“Эй, кызым! Эгер Аллаху тааланын ыраазылыгын жана менин ыраазылыгымды кааласаң бир саатка да кечикпей үйүңө бар, Османдын буттарына жыгылып, кечирим сура. Антпесе, Аллаху тааланын алдында да, менин алдымда да сага орун жок”, -** деп көп кармабай үйүнө жиберген.

Кичине эле түшүнбөөчүлүк чыкса дароо кызын колдоп чыгуучу эне-аталар Пайгамбарыбыздын насаатынан сабак алууга тийиш.

Эне-аталардын балдарынын ички, тактап айтканда өзара маселелерине кийлигише берүүсүнүн бир топ себептери болушу мүмкүн. Бирок, көбүнчө эне-атанын чектен тыш баласак болуулары, б.а., баласын катуу жакшы көрүүлөрү болуп саналат. Бул кадимкидей эле нерсе. Бирок, чектен ашпоо керек. Бардык маселеде болгон сыяктуу жакшы көрүү маселесинде дагы чектен ашпастан, теңдикке, тынчтыкка залакасын тийгизбей турган орто жолду сактоо керек. Хадиси шарифте да: **“Иштердин эң жакшысы – васат** (орто жолдо) **болгону”, “Аша чапкан адам куруйт”,** -деп билдирилген. Эне-ата да, балдар да акыларынын чегин билип, чектен чыкпоого маани берүүлөрү зарыл.

Аялдардын көңүлдөрү өтө назик, сезимтал болгондуктан

бири-бирине көралбастык кылып, кызгангандары жана ичи тардык кылгандары да болушу мүмкүн. Ошондуктан, өзгөчө жаңы үйлөнгөн жаштардын бул мааниде өтө сак болуулары зарыл. Энесинин, эже-карындаштарын жана башка аялдардын да өз аялы тууралуу айткан жаман сөздөрүнө алданып калбаш керек. Мындай аңгемелерге жол бербеш керек. Мындай сөздөргө алданып аялын таарынтып алуудан сактануу зарыл. Энесине жана эже-карындаштарына каршы аялынын айткан сөздөрүнө да сак болуш керек. Эне-атага кордук көрсөтүлүүсүнө жол бербеш керек.

Эне-атасына өзү, аялы жана бала-чакалары милдеттүү түрдө сый-урмат көрсөтүүгө тийиш. Эне-атага, кайын эне менен кайын атага сый-урмат көрсөтүүнү, кызмат кылууну биринчи милдет деп билүү керек. Улуулардын ыраазычылыгын, батасын алууга аракет кылуу керек. Алардын ак баталарын алууну чоң олжо деп билүү керек.

## Таттуу келүү

Илгери бир кыздын атасы турмушка чыккан кызынын тез-тез келе бергенинен улам: “Кызым, таттуу келип кетсең туура болмок”, - деген экен. Муну уккан кызы келерки келишинде таттуу тамактарды бышырып ала келиптир. Атасы ага дагы: “Таттуу келгениң туура болмок”, - деген экен. Түшүнбөгөн соң кызы: “Атаке, таттуу кел деген сөзүңүздүн мааниси эмне?” – деп сурайт. Атасы жылмайып: “Кызым, таттуу кел дегеним тез-тез келе бербе, сейрек кел, сейрек келсең кадыр-баркың жогорулайт, ортобуз жылуу болот, өзүң да таттуу болосуң дегеним”, - деген экен.

## Кайын эне

Ашпоздугу менен, даамдуу тамактары менен атагы чыккан бир кары аял уулу менен жаңы келген келинин кечки тамакка үйүнө конокко чакырат. Үйүндө башка конок дагы бар болчу. Уулу менен келини дасторконго отуруп, тамактан ооз тийген учурда күтүлбөгөн окуя орун алат. Энесинин жасаган тамагы өтө жаман болгон экен. Бышырган таттуу беляшы өтө жаман жыттанып турган эле. Картошкасы жарым-жартылай бышкан, котлеттери күйүп кеткен болчу. Уулу келинчегине билдирбеш үчүн канча аракет

кылса дагы баары бир жүзүнөн байкалып турду. Бираз убакыт өткөн соң тамактарын жеп бүтүп, жаңы баш кошкон жаштар энесинин батасын алып, коштошуп үйлөрүнө карай кетишет. Уулу менен келини кеткен соң баягы конок кары энеден: “Сиз тамакты мыкты бышырчу элеңиз го, эмнеге бүгүн тамагыңыз даамсыз болду? Же ооруп калдыңызбы?” – деп сурайт. Кары аял жылмайып: “Жок, баары туура. Атайылап ушундай кылдым. Мындан ары уулум кайра-кайра менин тамактарымдын даамын айта берип, аялын таарынтпай турган болот,” – деп жооп берет.

**Келин менен эне**

Илгери өткөн заманда Кытайда Лили аттуу бир кыз турмушка чыгып, күйөөсү, энеси үчөө бир үйдө жашай башташыптыр. Бир нече айдан соң келин менен энесинин арасында тынымсыз уруш-талаштардын натыйжасында өзү үчүн да, аялы менен энесинин ортосунда калган күйөөсү үчүн да жашоо чыдагыс абалга келет. Бир чара колдонуу керек деп ойлогон келин атасынын эски досторунан болгон дарыгерге барып дартын айтат.

Кары адам ага чөптөрдөн бир аралашма дайындап берет жана үч ай бою күндө аз-аздан энесинин тамагына кошуп туруусун сунуштайт. Ууну аз-аздап бере турган болсо аны келининин өлтүргөнү белинбей калат. Кары адам келинчекке эч кимдин жана күйөөсүнүн да андан шектенбөөсү үчүн энеси менен өтө жылуу мамиледе болуусун, ал үчүн эң даамдуу тамактарды бышыруусун да бекем сунуштайт.

Абдан сүйүнүп үйүнө келген келин айтылгандарды өтө кылдаттык менен орундай баштайт. Күндө энесине эң даамдуу тамактарды дайындап берип жүрөт. Аны менен жакшы мамиледе болуп, тамагына да аз-азда баягы уудан кошуп бере баштайт. Бир канча күндөн соң энеси да абдан өзгөрүп, келинине өз кызындай жылуу мамиле кыла баштайт. Мындан ары үйү сый-урматка толот. Ал ортодо энесин өз энесиндей жакшы көрүп калган келин дагы кылган иштерине катуу бушайман болот. Кечирилгис катага жол бергенин түшүнүп, баягы дарыгерге кайра жүгүрүп барат. Кары адамдан энесине берген ууларды кайра тазалай турган бир дары таап берүүсүн өтүнөт. Кары адам көзүнө жаш алып мындай дейт:

“Кымбаттуу Лили, сага берген нерселерим бир гана витамин болчу. Чыныгы уу сенин башыңда болчу. Сен аны менен жакшы мамиледе болгон сайын анын да сага деген таарынычы сый-урматка айланды. Ошентип, силер чыныгы эне менен кыздай болдуңар.”

“Гүл берген колдо гүлдүн жыты калат” деген накыл сөздүн мааниси ушул болсо керек…

## ЧЫНЫНДА ЭЛЕ БУЛ МААНИЛҮҮБҮ?

Жумуштагы, көчөдөгү, үйдөгү уруш-талаштарды карап көрсөк көбүнүн негизги себеби түккө арзыбаган, кайдагы болбогон нерселер экенине күбө болобуз. “Эмнеге жүзүмдүн данеги бар, эмне үчүн жаңгактын кабыгы бар...” деп ар нерсени айта берүү, ар бир нерседен кемчилик издеп, эч нерсени жактырбоо мамиленин бузулуусуна себеп болот.

Адамдардын көпчүлүгү жогору талантка, терең ой жүгүртүүгө, кеңири түшүнүккө ээ болушуна карабастан мазмунсуз, маанисиз нерселерге кийлигишип, өздөрүн ийгиликке жеткизе турчу жолду өздөрү жабышат. Маанисиз нерселерди аттап негизги максатына өтө албайт. Бул жагдай өзгөчө бүгүнкү башчыларда көп кездешет. Бир жактан миллиондордун эсеби менен алпурушуп жатканда, башка жагынан миллиарддардын өтүп кеткенинен кабары да болбойт.

Майда-чүйдө менен алпурушуп негизги маселени унутуп калуу жалгыз башчыларда гана эмес жашообуздун бардык айлампаларында көрүүгө болот. Үй-бүлө ичиндеги жаңжалдардан, жумуштан, көчөдөн жана башка жерлерден...

Жумуштагы, көчөдөгү, үйдөгү уруш-талаштардын көбү жаңгак кабыгын толтурбай турган, б.а., түккө арзыбаган кайдагы болбогон көрүнүштөр. Бир жерде жалгыз отуруп мурда болгон уруштардын чыгуу себебин ойлоп көрдүкпү?

Тунук акыл менен ойлоп карай турган болсок, чечилбеген жаңжалдардын баары дээрлик болбогон, арзыбаган нерселерден чыкканын байкайбыз.

Маселен, үйдүн эркеги үйгө чарчап, ачууланып келет. Кечки тамак ага жакпаса сын айта баштайт. Ал эми негизи тамактын даамтузунда эч кандай кемчилик жок, бирок, кожоюндун күнү стресс

менен өтүп, ушуну чыгаруу үчүн бир шылтоо издеп жатат...

Кечке чейин балдары менен, үй иштери менен алпурушуп чарчаган аял “күйөөм келсин, кайгымды бөлүшөйүн, жеңилдеймин” деп отурганда күтпөгөн жагдайга тап болот. Ойлогон нерселеринин тескерисин көргөн аял болгон күчүн топтоп жообун берет: **“Тапкан акчаңдын жагдайы ушул болсо, эми башка эмне күтөсүң менден?”** же **“Менин дагы башкаларда болгон сыяктуу ашкана оокаттарым болсо, үйдө кызматкерлерим болсо мындан да жакшыраак тамактарды жасамакмын да!..”** Мындай жооп кожоюндун намысына тийе тургандыгы анык, эми анын дагы бере турган жообукөп болбосо кем калышпайт: **“Бери кара, мунун себеби акчабыздын аз болуусунда эмес, жөнөкөй сөз менен айтканда сенин колуңан эч нерсе келбегендигинде!..”**

Албетте, аялдын буга да берер жообу табылат. Ошентип, көп убакытка чейин уруш уланып, кечки тамактын көркү кетип, экөө тең бөлмөлөрүнө кирип кетишет. Жеңилдеймин деп отурганда экөөнүн тең нервдери ого бетер бузулат!

Эки тарап тең бири-бирин күнөөлөп чыгат... Кайын эне, кайын ата, үйлөнөр кездеги, үйлөнгөндөн кийинки берилген сөздөр жана ушул сыяктуу жагдайлар айтылат. Канча жылдык үй-бүлөлүк жашоодогу болгон жагдайлар айтылат. Эки тарап тең уруштан ачууланган, каардуу абалда чыгышат. Эч бири туура чечимге келбейт, тескерисинче, кийинки уруштун кызуу болушун камсыз кыла турган, жаңы чабуул кыла турчу сөздөрүн даярдап, коргонуу чептерин камдап, жаңы тактикаларды издей башташат. Ушул нерселерди издеп жатып уктап калышат...

Таң атып өткөн күндүн чарчоолору, стресстери уйку менен тараган кезде экөө тең кылган иштерине өкүнүп калышат. Ушунча талашып-тартышкандары бир жаңгак кабыгын толтурбай турган нерсе экенин түшүнүшөт. Сыртка билгизбесе да ичинен өздөрү келип такалган абалга күлүшөт. Көбүнчө ушул сыяктуу майда-чүйдө нерселер чоң жаңжалдарга себеп болот. Ошондуктан, жаңжалдын алдын алуу үчүн майда-чүйдө нерселерди бир бурчка жыйнаштырып коюу керек...

Бирөөнү сындоо, тилдөө, айыптоодон мурун же дароо коргонууга чыгып, өзүнө каршы чабуулдан мурун өзүбүздөн мына

ушул суроону сурашыбыз керек: **“Чынында эле бул маанилүүбү?”**

Көп жагдайларда маанилүү эмес экендиги белгилүү болот. Ошентип түшүнбөөчүлүктөн, араздашуудан тыйылган болобуз. Өз-өзүңөрдөн ушул суроону кайра-кайра сурагыла: **“Чынында эле маанилүүбү?”**

Тамактын тузунун аз же көп болуусу, даамынын дурус болбоосу, орунсуз чыгымдар же үйгө жактырбаган кайын энеңизди же кайын эжеңизди чакыруусу чынында эле маанилүүбү?

Негатив эмоцияга берилип турганда өзүңөрдөн сурагыла: **“Чынында эле бул маанилүүбү?”** Мурдагыдан да жакшыраак үй-бүлөлүк жагдайды калыптандыруу үчүн бул суроонун чоң ролу бар.

Бул суроо жумушта, көчөдө, кыскасы, жашоонун бардык этаптарында пайдалуу. Машинада келе жатып бирөөнү капыстан жөөлөп кетүүсүндө дагы пайдалуу. Өмүрдө жаңжалга себеп болуучу бардык жагдайларда бул суроонун пайдалуу боло тургандыгы талашсыз. Ар дайым өзүбүздөн бул суроону милдеттүү түрдө сурап турушубуш керек: **“Чынында эле бул маанилүүбү?”**

Бул үч күндүк жашоодо Аллаху таала бизди **“чынында эле маанилүү”** нерселерди угуп, ошого ылайык жашагандардан кылсын!..

## АЖЫРАШУУ ЖАНА НИКЕНИ БУЗА ТУРГАН ЖАГДАЙЛАР

**Суроо:** Динибизде ажырашуу (талак) тууралуу кеңири маалымат бере аласызбы?

**Жооп:**

**1 –** Ажырашуу үчүн колдонулчу сөздөрдү эркектин аялына карата айтуусу менен талак, б.а., ажырашуу жүзөгө ашат. Ажырашуу үчүн колдонулчу сөздөр экиге бөлүнөт: **Ачык сөздөр** жана **жабык сөздөр.**

“Талаксың”, “сенден ажыраштым” сыяктуу сөздөр “ачык сөздөр” болуп саналат. Бул сөздөрдү тамашалап же жаңылыштык менен, байкабастан айткан кезде маанисин билбесе дагы ажырашкан болот.

“Болду сени таштадым”, “сени койдум” деген сыяктуу сөздөр

да ачык сөздөргө жатат. Бир же эки жолу мындай ачык сөз менен ажырашууга, б.а., артка кайтуу мүмкүн болбогон ажырашуу "талаки рижи" деп аталат. Бирок, баары бир үч жолу талак айтуу акысынын бирөөсү кеткен болот. Бул сөздөрдүн каалаган бири бир жолу айтылганда өкүнсө, эски никесине кайтуу ниети менен аялынын колунан кармаса же өпсө кайрадан нике кыйдырып отурбай калган эки нике боосу менен үй-бүлөлүк турмушун уланта берет.

**2 –** Никенин үч боосу болот. Тактап айтканда ажырашууга, никени бузууга себеп болчу "Болду сени таштадым", "койдум", "талаксың" сыяктуу сөздөр үч жолу кайталанып "талаксың, талаксың, талаксың" деп айтылса же "сени үч жолу койдум, үч талаксың" десе, никенин үч боосу толук үзүлгөн болот. Эми артка кайтууга болбой турган ажырашуу жүзөгө ашкан болот. Мындай үч талак жүзөгө ашкан жагдайда талаки рижи **талаки баин**ге айланат.

**3 –** "Атаңдын үйүнө кет!", "Жогол кет!", "Мындан ары мен сенин күйөөң эмесмин" деген сыяктуу башка маанилерде да колдонулчу сөздөр "жабык сөздөр" деп аталат. Бул сөздөр ажырашуу ниети менен айтыла турган болсо ажырашкан болот. Бул талаки баин деп аталат, б.а., иддет мөөнөтү ичинде артка кайтуу мүмкүнчүлүгү болбогон ажырашуу.

Бул категориядагы ажырашуу маалында иддет мөөнөтү өтүп жаңыдан нике кыйылмайынча күйөөсү менен аялы бирге боло албайт.

**4 –** Кайын атасына "мен сенин кызыңды каалабайм, кимге тийем десе тийе берсин" деп айтуу жана аялы сыртка чыгуу үчүн суранган кезде "мен сени жип менен байладым беле, бар, кете бер", "каалаган жагыңа кете бер, мага аял болбойсуң" же "мындан ары сени каалабайм", "сенден ажырашууну каалайм" сыяктуу сөздөр айтылса, ажырашуу ниет кылынмайынча ажырашкан болуп саналбайт.

**5 –** Ажырашуу маанисинде колдонулуусу адат болгон башка сөздөр аялына айтылган кезде ажырашууну ниет кылбаган болсо деле бир "талаки баин" жүзөгө ашкан болот.

**6 –** Аялына энем, кызым, карындашымсың деп айтуу менен талак болбойт. Бирок, "Азыртадан баштап энем, кызым, карындашым бол!" десе талак болот. Бир талаки баин болот.

**7 –** Каймана сөз менен ажырашкан кезде талаки баиндин иддет мөөнөтүндө күйөө аялынын бөлмөсүнө кире албайт. Аялы коздоно албайт, атыр, жыпар жыт себине албайт, чоочун аял сыяктуу талак берген күйөөсүнөн узак турат. Иддет мөөнөтүнөн кийин жаңыдан нике кыйылышы керек болот.

**8 -** Талакта саны айтылбаса бир талак болот. Үч же андан көп сан айтылса үч талак менен ажырашкан болот. "Денемдеги кылдардын санындай", "деңиздеги балыктардын санындай", "асмандагы жылдыздардын санындай" дегенде да үч талак болот.

**9 –** Аялына талак бере турган эркектин сергек жана өтө дыкат болушу керек. Мастын, оорулуунун жана күч колдонуп, коркутуу аркылуу мажбур кылынган адамдын сөзү, каты, электрондук каты, смс, факс аркылуу да талак өтөт. Булар аялдын колуна жетип барган кезден баштап ажырашкан болот. Атап айтканда аял бул ажырашууну укканда, кабардар болгондо талак жүзөгө ашат.

**10 –** Жиндинин, эси ооп калган адамдын жана оорудан улам, ачууланып эмне деп жатканын билбеген адамдын айткандары ажырашуу болбойт. Бул эки түрдүү болот:

**а)** Маанисин билбей, андай деп айтууну көздөбөстөн, каалабастан айтылганда талак болбойт. Бул жабык сөздөр үчүн. Болбосо ачык сөздөр менен, б.а., мен "сенден ажырраштым", "талаксың" десе, андай деп айтууну көздөбөстөн, каалабастан айтса да баары бир талак болот.

**б)** Маанисин билип туруп жана өзү каалап айтып, кийин айтканын унутуу, билбөө. Бул сөздү эки күбө угуп, кийин өзүнө айтса ажырашкан болот. Тактап айтканда, сенден ажыраштым деп айтып, бирок, кийин муну унутса, "сен ушундай деген элең" деп айтылганда "жок мен андай деген эмесмин, эсимде жок" десе, эгер эки күбө "ооба, биз укканбыз, ал аялы менен ажырашты" дешсе, ал кезде ажырашкан болот. Эгер антип айтылбаса адам моюнуна албаганы үчүн ажырашкан болбойт.

**11 –** Эч кошулбаган болсо же бир бөлмөдө же бир жерде аны менен жалгыз калбаган болсо, бир жолу талак берүү менен аял иддет мөөнөтүн күтпөстөн ошол күнү эле башка адамга турмушка чыга алат.

**12 –** Күйөөсүнө же башкаларга тили менен, колу менен

зыян тийгизген, фарздарды аткарбаган, маселен, фарз намаздарын окубаган, кыянаттык кылды деген күмөн астында болгон аялдан ажырашуу шарт эмес мустахаб болот, ажырашуу жакшы болот.

**13 –** Фарзды орундабаган, маселен, намаздын фарз экендигине ишенгени менен окубаган аялдан ажырашпоо күнөө эмес. Күйөөсү ага таттуу сөз менен намаз окутууга аракет кылышы керек. Аракет кылбай турган болсо күнөөгө кирет.

Үй-бүлөдө өз милдетин аткара албаган, мисалы, дубаланган (сыйкырланган), жыныстык жакындыкка жарабаган алсыз эркектин аялы ажырашкысы келсе аны коё берүү (ажырашуу) важиб болот.

**14 –** Аялы менен бөлөк-бөлөк үч убакытта бир жолудан ажырашканын билдирүүчү сөздөрдү айтса же бир убакытта "үч талак" десе, арка кайтпай турган түрдө никеси бузулат.

Мындай жагдайда ал аялы менен кайра никеге туруу үчүн **Хулла** керек болот. Хулла дегенибиз аял 3 ай иддет убактысын күтөт. Анан башка бир эркекке турмушка чыгып, аны менен кошулат. Экинчи күйөөсү андан ажырашат. Аял дагы 3 ай иддет убактысын күткөн соң барып мурунку биринчи күйөөсү менен кайра никеге отура алат.

Ал эми бул эркек үчүн маскаралык, пастык болуп саналат. Аллаху таала ажырашуу укугун эркектерге бергени менен бул укуктун туура колдонулуусу жана аялдар эркектердин колунда оюнчук болуп калбашы үчүн эркектерге бул **"хулла"** деп аталган маскаралыкты жүктөгөн. Хулла коркунучунан улам мусулман эркек ажырашуу сөзүн оозуна да ала албайт. Үй-бүлө ичинде ажырашуунун сөзү да, тамашасы да боло албайт.

**15 –** Коркутуу үчүн да, тамашалап да ажырашуу сөзүн такыр колдонбоо керек. Жада калса, чечим кабылдаса да бул сөздөрдү колдонбоо керек. Анткени, кийинчерээк ажырашуу ниетинен кайтышы мүмкүн. Жакындары менен, достору менен акылдашкан соң ажырашууга анык чечим кабылдаган соң барып бир талак берүү керек. Эч качан үч талакты биротоло берип салбоо керек. Үч талакты биротоло берип салуу харам болот. Жашоо шарттары адамдан көп нерселерге сабыр кылуусун, чыдоосун талап кылуусу мүмкүн. Болбойт деген нерсе болуп калышы мүмкүн. Бир талак менен ажырашса харам кылынбаган болот. Андан башка кайра

кирүү эшиги да толугу менен жабылбаган болот. Ажырашпоо эч кандай коркунуч туудурбайт. Бирок, ажырашуу, айрыкча үч жолу талак берүү өтө чоң ката. Анткени, ниетинен кайта турган болсо ал аялы менен никеге туруу үчүн хулладан өтүү керек.

**16 – Иддет** –ажырашкан соң аялдын кайра турмушка чыгуусу харам болгон убакыт. Алгачкы таза болгон күнүнүн башынан үчүнчү хайздын соңуна чейинки убакыт. Хайз көрбөсө талак үчүн үч ай, өлүм үчүн төрт ай он күн күтүлөт.

**17 –** Күйөөсү аялы менен жакшы мамиледе болууга, аны күлүмсүрөп, жылуу маанай менен карап, жакшы сөздөрдү айтууга тийиш. Анын ката кыймыл-аракеттерине, акылга сыйбаган сөздөрүнө сабыр кылууга тийиш. Анын деңгээлине, түшүнүгүнө көнүү керек. Анын менен тамашалашып ойноо керек. Азык-түлүк, кийим-кече маселесинде колдон келгенче колу ачык болууга аракет кылууга тийиш. Динибизде аялдардын билүүсү фарз болгон нерселерди сөзсүз үйрөтүү кажет.

Аялдын кийинүүсүндө, үйдөн сыртка чыгуусунда өтө дыкат болуу керек жана өзүн жалгыз бир жерге жибербөө керек. Өзүн жана аялын күмөнгө, жалаага себеп боло турган жагдайлардан сактоого катуу маани берүү керек. Аялын чоочун эркектер болгон жерлерге жибербөө керек, чоочун эркектерге көрүнүүсүнө тоскоол болуу керек.

Үй иштери менен убакыт өткөрүү анын ырахаттанган жумушу болушу керек. Аны менен катаал мамиледе болбош керек. Тамашалап да, ачууланганда да “ажырашуу” деген сөздү эч качан оозго албаш керек, эч качан “экинчи менен үйлөнүү” сөзүн айтпоо керек.

**Суроо:** Кандай жагдайларда нике бузулат?

**Жооп:** Сени менен ажыраштым, талаксың деп айтуу жана ажырашуу ниети менен айтылган жабык сөздөрдү айтуу, маселен “куруп кет”, “көзүмө көрүнбө”, “жогол” деген сөздөр менен да нике бузулат. Аны менен катар куфурга түшүрө турган сөз айтканда ыйман менен кошо нике да бузулат.

**Суроо:** Аялына куруп кет (жогол) деген болсом нике бузулабы?

**Жооп:** Куруп кет, жогол деп айтуу менен нике бузулбайт. Эгер ажырашуу ниети менен айтылган болсо бузулат. Ал да талаки баин

(артка кайтууга болбой турган ажырашуу) болот. Иддет мөөнөтү өткөн соң кайра нике кыйдыруу керек болот.

**Суроо:** Бир адам аялы менен уруша кеткен кезде “мен сени таштадым” десе никеси бузулабы же “ажыраштым” демейинче нике бузулбайбы?

**Жооп: Таштадым** = ажыраштым деген сөз. Бир талак менен ажырашкан болот.

**Суроо:** Бир адам куфурга себеп боло турган сөз айтканда ыйманы да никеси да кетеби?

**Жооп:** Ооба, ыйманы да никеси да кетет.

Ажырашуу бөлөк нерсе, куфурга түшүү бөлөк нерсе. Бул талакка жатпайт. Тактап айтканда нике боосу үзүлбөйт. Миң жолу куфурга түшкөн болсо миң жолу никени жаңылоо керек болот. Бирок, бул абал талак болуп саналбайт.

**Суроо:** Бир жолу талаки баин жүзөгө ашса, б.а., бир жолу ажырашса иддет мөөнөтү боюнча мындай күйөө менен аялдын бөлөк-бөлөк туруулары керек болобу? Бир үйдө тура алышабы? Сүйлөшүүлөрү, көрүшүүлөрү туура болобу?

**Жооп:** Чоочун аял сыяктуу болот. Адам фасык болсо бир үйдө турбаганы жакшы. Салих болсо, арамдардан корккону үчүн бир үйдө турса болот. Бирок, чоочун аял менен чоочун эркек сыяктуу турушат. Зарылчылыктан артык сүйлөшө алышпайт. Отуруп бирге тамактануулары да жаиз болбойт.

**Суроо:** Эркек талак берсе, бирок, аны аялы укпаса ажырашкан болуп эсептелеби?

**Жооп:** Жок.

**Суроо:** Бир адам аялына адамдардын жанында талак берсе, аялы муну 20 жылдан кийин укса, 20 жылдан кийин ажырашкан болобу?

**Жооп:** Ооба.

**Суроо:** Жабык сөз менен аялынан ажырашкан адам кийинчерээк муну такыр моюнуна албаса баары бир ажырашкан болобу?

**Жооп:** Ооба, ажырашкан болот.

**Суроо:** Талаки рижи менен ажырашкан адам ажырашканын аялына эскертүү үчүн бир нече жолу “болду, сенин ишиң бүттү”

десе үч жолу талак берген болобу?

**Жооп:** Ооба.

**Суроо:** Аялыма “сени менен ажырашууну каалаймын” деп айтуу менен талак берген боломунбу?

**Жооп:** “Каалаймын” деп айтуу талак болбойт.

**Суроо:** Эки талаки баинден кийин бир талаки рижи берилсе үч талак болобу?

**Жооп:** Ооба.

**Суроо:** Кайын атама ажырашуу ниети менен “кызыңызды алып кетиңиз” деп айттым. Аялым муну укпаган болсо талак болобу?

**Жооп:** Болбойт.

**Суроо:** Аялыма: “Бишкекке барганда сенден ажырашамын”, - дедим. Мындай деп айтуу менен талак болобу?

**Жооп:** Жок, келерки чакта айтылган сөз менен талак болбойт.

**Суроо:** Аялыма: “Энең биздин үйгө келе турган болсо сен менин жубайым эмессиң”, - дедим. Энеси бизге келди, никенин бир боосу үзүлгөн болуп эсептелеби, б.а., талаки рижи болдубу?

**Жооп:** Ооба.

**Суроо:** Уулума: “Үйүмө кире турган болсоң энең талак болсун”, - дедим. Жаңжал кезинде айла жоктон кирген экен. Талаки рижи болдубу?

**Жооп:** Ооба.

**Суроо:** Талакта колдонула турганын билбеген адамдын айткан сөздөрү менен талак жүзөгө ашабы?

**Жооп:** Жок.

**Суроо:** Аялдан боюнда бүткөн кезде деле ажырашууга болобу?

**Жооп:** Ооба.

**Суроо:** Аялынан ажырашуу күнөөбү?

**Жооп:** Күнөө эмес, халал. Бирок, Аллаху таала халал болсо да талакты жактырбайт. Пайгамбарыбыз мындай деген: **“Аллаху тааланын эч жактырбаган халал нерсеси - талак.”** (Хаким)

**Суроо:** Бир сайтта мындай деп жазылган экен: “Бир адам аялына “сенден ажыраштым” десе, кийин тамашалап ажырашуудан баш тарта турганын айтса, ажырашуудан кайткан болот. Хадиси шарифте: **“Үч нерсенин тамашасы да чын сыяктуу кабыл**

**кылынат, сахих. Нике, ажырашуу, ажырашуудан баш тартуу,"** – делген." Ушундай жагдай менен ажырашуудан баш тартканда никенин үч боосу тең сакталабы же бирөөсү кеткен болобу?

**Жооп:** Тамашалап ажырашкан кезде да бир талак берген (никенин бир боосу үзүлгөн) болуп эсептелет, эки талагы (эки боосу) калат. Рижи талакта эркек иддет мөөнөтү ичинде сөз же кыймыл-аракети менен мурунку никесине кайта алат. Тактап айтканда аялы каалабаса да жаңыдан нике кыйбай эле үй-бүлөлүк жашоосун уланта алат. Кайрадан никеге кайтуу үчүн Ханафи жана Маликиде күбөлөрсүз деле **"мурунку никеме кайттым"** деп айтуу жетиштүү. Же болбосо мурунку никесине кайтуу ниети менен аялын өбүү же шахват менен колунан кармаса да жетиштүү. Никеси жаңыланган болот. Шафии жана Ханбалиде эки күбөөнүн жанында **"мурунку никеме кайттым"** деп айтуу керек. Бирок, кыздын атасынын катышуусу керек эмес.

**Суроо:** Күйөөм эркектик милдетин аткара албайт. Аным менен ажырашкым келет. Күйөөмдүн менден ажырашпай туруп алуусу күнөө эмеспи?

**Жооп:** Эркектик милдетин аткарууда алсыз болгон эркектин аялы ажырашкысы келсе аны койо берүүсү, андан ажырашуусу важиб болот. Тактап айтканда, ажырашпай кармап калуу күнөө болот.

**Суроо:** Көп жылдар бою бөлөк турган кезде нике бузулабы?

**Жооп:** Көп жылдар бою бөлөк туруу менен нике бузулбайт. Ажырашмайынча нике бузулбайт.

**Суроо:** Эси ооп калган адамдын никеси улана береби?

**Жооп:** Ооба.

**Суроо:** Ажыраштым деп айтуу менен ажырашкан болобу? Ажырашуу ушунчалык оңойбу? Эркектин үч жолу ажыраша алууга акысы бар экен, үчүнчүсүн айтканда ал аялына кайра үйлөнө албайт экен. Ушулар тууралуу Куранда барбы?

**Жооп:** Динде далил бир гана Куран эмес. Бир гана Куран далил болгондо Аллаху таала алгыла, ушу менен гана амал кылгыла деп айтмак, Пайгамбарды жибермек эмес. Аллаху таала Пайгамбарыбызга: **"Куранды ачыктап түшүндүрүп бер!"** – деп буйрук кылган. Бардык нерсе Куранда ачык жазылган

эмес. Ошондуктан,хадиси шарифтер менен аалымдардын түшүндүрмөлөрү да далил болот.

Бул мааниде Курани каримдеги аяттар: **“Ажырашкан аялдар үч ай иддет мөөнөтүн күтүшөт.”** (Бакара сүрөсү, 228)

**“Ажырашуу эки жолу. Жакшылык менен кармалат же жакшылык менен коё бошотулат.”** (Бакара сүрөсү, 229)

**“Эгер эркек аялы менен үчүнчү жолу ажыраша турган болсо, андан кийин аялы башка эркек менен үйлөнмөйүнчө аны менен үйлөнүү өзүнө халал болбойт. Эгер кийинки үйлөнгөн киши дагы бул аялдан ажыраша турган болсо** (эки тарап тең) **Аллахтын сырларын сактай тургандыгына ишенимдүү болсо кайрадан үйлөнүүлөрүнүн зыяны жок. Бул Аллаху тааланын койгон чектөөлөрү.”** (Бакара сүрөсү, 230)

**“Бул айтылгандар Аллахтын койгон чектөөлөрү. Абайлагыла, бул чектен ашпагыла. Ким Аллахтын чектөөлөрүнөн аша турган болсо мына ошолор заалымдар, капырлар!”** (Бакара сүрөсү, 229)

**Суроо:** Бир атеист менен талак тууралуу сүйлөшүп отурган элек. “Бир сөз менен талак болобу?” - деди. Эмне деп жооп берүү керек?

**Жооп:** Бул өкүм мусулмандарга тийиштүү өкүм, мусулман болбогондорго эмес деп айтуу жеткиликтүү. Динибиз ушундай деп билдирген болсо ушундай. Бир мусулман үчүн өкүм мына ушул: Бир сөз менен (ажыраштым деп айтуу менен) аялы бөтөн аялга айлана тургандыгы сыяктуу, бир сөз менен (нике аркылуу) бөтөн кыз эркектин аялы болот. Бир сөз менен (шахадат келимеси менен) мусулман болот. Бир сөз менен дагы (мисалы, Аллах асманда деп айтуу менен) адам ыйманын жоготот.

Мыйзамдар бир “ооба” деген сөз менен кабыл алынат, бир “жок” деген сөз менен четке кагылат. Бүткүл өмүрүбүз “ооба” жана “жок” сөздөрү менен өтүүдө. Күндөлүк жумуштарда муну атеист да билет жана колдонот. Бирок, маселе динге келгенде атеисттигин көргөзөт. Ар бир адам мына ушуну унутпашы керек: Аллаху таала Бейишти бошко жаратпагандыгы сыяктуу Тозокту да бошко жараткан эмес.

## Коркутулуу аркылуу талак

**Суроо:** Аялына зулумдук кылуучу, уруучу, динге ылайык кийинүүсүнө, жашоосуна тыюу салуучу, күйөөлүк милдеттерин аткарбоочу, үйгө да келбей нафакасын да бербөөчү, ошону менен катар аны менен ажырашпай жаткан садист, заалым эркекке аялынын туугандары “аялың менен ажыраш, болбосо, сени өлтүрөбүз” деп коркутушса, ал коркуп аялы менен ажырашса, мындай ажырашуу диний жактан сахих болобу?

**Жооп:** Ооба, сахих болот. Ал аял иддет убагы бүткөн соң башка эркекке турмушка чыга алат. Башка адам менен баш кошкон соң мурдагы күйөөсү аны кайра ала албайт. Диний китептерде мындай делген: “Кыйнап, коркутулган адамдын сөзү, каты, телефон аркылуу чалуусу менен дагы талак, б.а., ажырашуу Ханафи мазхабында сахих болот. Башка үч мазхабда сахих болбойт. Кооп токтогон соң коркутулуп аялы менен ажырашкан адамдын аялы башкага турмушка чыккан болсо жана мурдагы күйөөсүнө кайра турмушка чыккысы келсе, дагы эки талак акысы калгандыктан кайра никесин кыйып үйлөнүүсү сахих болот.”

## Талаки баин жана талаки рижи

**Суроо:** Талаки баин жана талаки рижи арасында кандай айырмачылык бар?

**Жооп:** Талак – ажырашуу деген сөз. Талаки баин – толук ажырашуу. Талаки рижи – ачык ажырашуу дегенди билдирет. Мисалы, “сенден ажыраштым” десе талаки рижи болот. Бирок, каалаган убакытта эски никесине кайта алат. Иддет мөөнөтү бүткөнгө чейин кайтпай турган болсо талаки рижи талаки баинге айланат. Үч талак акысынын бирин жоготкон болот.

Ал эми талаки баинде жабык сөздөр менен ажырашат. Ажырашуу ниети менен “атаңдын үйүнө кет” деп айтуу сыяктуу. Иддет мөөнөтү өтпөй туруп ал аялга үйлөнө албайт. Ажырашуу ниети болбой туруп айтса талак болбойт.

Талаки рижинин талаки баинден өзгөчөлүктөрү төмөндөгүлөр:

**1 –** Никени жаңылоо керек эмес. “Эски никеме кайттым” деп аялынын колунан кармаса жетиштүү болот. Баинде болсо иддет мөөнөтү өтпөй туруп кайрадан нике кыйылбайт. Иддет бүткөндө да

аялы макул болсо гана нике кыйылат.

**2 –** Махрды көбөйтүүнүн кереги болбойт. Ал эми баинде жаңыдан нике кыйыла тургандыктан каалаган махрын сурай алат.

**3 –** Күбөлөрсүз үйлөнө алат. Баинде болсо иддет мөөнөтү бүткөн соң эки күбө болуу шарт. Анткени, бул жаңы нике болуп саналат.

**4 –** Аял ыраазы болбосо да эркек мен "эски никеме кайттым" деп айтуу жетиштүү. Баинде аял макул болмоюнча үйлөнө албайт.

**5 –** Иддет мөөнөтү ичинде күйөө менен аялынын бири өлсө бирөө экинчисине мураскер болот. Ал эми баинде боло албайт.

**6 –** Иддет мөөнөтү ичинде эркек өлсө аялдын иддети өлүм иддетине айланат, б.а., төрт ай он күн күтөт. Баинде болсо кадимки иддети бүткөндө башкага турмушка чыга алат.

**7 –** Аял рижиден соң күйөөсүнүн жанында жасана алат. Бирок, баинде иддет мөөнөтү ичинде жасана албайт.

**8 –** Аял күйөөсү менен бир үйдө кала алат. Ал эми баинде кала албайт. Тек гана бөлөк-бөлөк бөлмөлөрдө кала алат. Тактап айтканда бири-бирине чоочун болот.

**9 –** Талаки рижи никени түп тамырынан үзбөйт, бираз кемтик туудурат. Рижи жарадар кылууга окшойт, баин болсо өлтүрүүгө окшойт.

**10 –** Рижи талакта Ила, зыхар өтөт. Казф кылса (сойкусуң деп жалаа жабылса) лиан керек болот.

**Ила:** Аялына төрт ай же андан да көп убакытты айтып же убакытты айтпай "сага жакындабаймын" деп ант берүү. Төрт ай ичинде жакындабаса бир талаки баин болот. Төрт ай ичинде антын буза турган болсо ант каффаратын берүү керек болот.

**Зыхар:** Эркектин аялын же аялынын жүзүн, башын, аврат жери сыяктуу мүчөлөрүн махрам тууганынын кароосу арам болгон жерине окшоштуруу. Мисалы "Сенин башың энемдин аркасына окшойт" деген сыяктуу сөздөр. Каффаратсыз аялына жакындык кылуусу, өбүүсү, бирге жатуусу харам болот. Зихар каффараты орозонун каффараты менен бирдей.

**Лиан:** Аялына зина кылдың же бул бала менден эмес десе, аялы акимден лиан сураса, аким лиан кылуусун буйрук кылат. Лиан кылуу үчүн алгач эркек "айткан сөзүм чын" деп ант берет. Төрт жолу

кайталайт. Бешинчисинде “Жалган айтып жаткан болсом Аллахтын лаанаты мага болсун” дейт. Анан аялы төрт жолу “Анын айтканы чын болсо Аллахтын каары мага тийсин” дейт. Анан аким аларды бир талаки баин менен ажыраштырат.

**Казф:** Намыстуу кызга же аялга “зина кылган” деп жалаа жабуу.

## Мас адамдын сөздөрүнүн өкүмү

**Суроо:** Мас адамдын талак берүүсү жана куфурга себеп болгон сөздөрдү айтуусунун динибизде күчү барбы, б.а., анын сөзү өтөбү?

**Жооп:** Жиндинин, жаш баланын, алжып калган адамдын, уйкудагы адамдын жана оору менен жана жинденип эмне айтып жатканын билбеген адамдын айтуусу менен талак болбойт. Бул эки түрдүү болот: Маанисин билбей, антип айтууну көздөбөстөн, каалабай айтылганда талак болбойт. Жана маанисин билип туруп жана өзү калп айтып, анан айтканын унутуу, билбөө. Бул сөзүн эки күбө угуп анан айтса ажырашкан болот.

Эсинен талып калган, жинденген, дары же спирт ичимдигин ичүү аркылуу мас болгон адамдын дааратыы бузулат. Талак бере турган эркек абдан дыкат болууга тийиш. Мастын сөзү же каты менен талак өтөт. Шафии мазхабында мастын сөзү менен талак өтпөйт.

Мас кезинде билбей куфурга себеп болгон бир сөздү айткан адамдын ыйманы кетпейт. Муртад болбойт. Бирок, мас кезинде аялынан ажырашуусу жана соодасы сахих болот.

## Күйөөсүнөн ажырашпаган аял башка эркекке турмушка чыга албайт.

**Суроо:** Бир жагдайга байланыштуу түрмөгө түштүм. Аялым узак жылдар бою түрмөдө кала турганымды ойлоп башка бирөөгө турмушка чыгыптыр. Бул жагдайдан такыр кабарым болбоду. Көп өтпөй түрмөдөн чыктым. Аялым жаңы күйөөсүнөн ажырашып кайрадан мени менен үйлөндү. Бирок, ажырашкандан кийин иддет мөөнөтүн күтүү деген нерсе бар экен, биз иддет мөөнөтүн күткөн жокпуз. Күнөө болобу?

**Жооп:** Ал ансыз деле сиздин аялыңыз болчу. Сиз андан ажырашкан жок элеңиз. Анын башка бирөөгө турмушка чыгуусу жаиз эмес эле. Кайрадан сиз менен бирге болуусу үчүн иддет мөөнөтүн күтүү керек эмес, жада калса, нике кыйдыруу да керек эмес. Бирок, ар качан никени жаңылап туруу жакшы болот. Сиз андан ажырашмайынча аялыңыз башка бирөөгө эч качан турмушка чыга албайт.

### Ажырашуу ниети менен

**Суроо:** Бир адам аялынан ажырашуу ниети менен "атаңдын үйүнө кет" деген сыяктуу жабык сөз айткан болсо, аялы "ажырашуу ниети менен айтып жатасыңбы?" деп сураса, ал "жок, кыдырып келүүң үчүн айттым" деп моюндабай койсо аялынан ажырашкан болобу?

**Жооп:** Ооба, ажырашкан болот, анткени мындай учурда ниетке каралат.

### Ажырашуу арызы

**Суроо:** Аялым менен бирге адвокатка барып ажырашууга чечим кабыл алдык деп арыз жаздык. Арызга ажырашууга чечим кабыл алдык деп кол койдук, диний жактан бир талак берилген болобу?

**Жооп:** Ооба.

### Коркутулуп ажырашуу

**Суроо:** Шафии мазхабында күч колдонулуп, коркутулган адамдын сөзү менен талак өтпөй тургандыгын билген Ханафи киши талак берүү үчүн коркутулганда талактын сахих болбошу үчүн Шафии мазхабын таклид кылса (карманса) болобу?

**Жооп:** Ооба, жаиз болот.

### Талаки баин

**Суроо:** Ажырашуу ниети менен аялыма "Сени аялым катары кармасам Аллах менин жанымды алсын" деп айтуу менен бир талаки баин болобу?

**Жооп:** Ооба.

## Иддет мөөнөтү ичинде талак

**Суроо:** Илмихал китебинин талак бөлүмүндө: “Рижи болсо да, баин болсо да үчтөн аз талак берилген аялга иддет мөөнөтү ичинде кайрадан талак берүүгө болот”, - деп жазылган. Бир талак берүү менен ансыз деле аялынан ажырашкан абалда эмеспи, экинчи талак өтпөйт эмеспи?

**Жооп:** “Иддет мөөнөтү ичинде кайрадан талак берүүгө болот”, - деп жазылган. Анткени, аял дагы эле ал адамдын аялы болуп эсептелет. Эркек нафака берүүгө мажбур. Аял да бул мөөнөт бүтпөй туруп башка адамга турмушка чыга албайт. Өлүм иддетинде да аял иддет мөөнөтү бүтпөй туруп башкага турмушка чыга албайт, өлгөн адамдын аялы болуп эсептелет. Өлгөн күйөөсүнүн денесин карай алат.

## Үч талак

**Суроо:** Илмихал китебинде бөлөк-бөлөк үч убакытта бир жолудан ажырашуунун үч талак боло тургандыгы айтылган. Бир адам бир убакытта “сенден ажыраштым, сенден ажыраштым, сенден ажыраштым” десе же бир саат аралык менен үч бөлөк жерде “сенден ажыраштым” десе да үч талак болобу?

**Жооп:** Ооба, никенин үч боосу үзүлгөн болот.

## Сен мага харамсың

**Суроо:** Илмихал китебинде “Эркек аялына “сен мага харамсың” десе, ажырашууга ниет кылбаса да бир талаки баин жүзөгө ашат” делген. Бул сөз жабык болсо эмне үчүнниет керек эмес? Ал эми эгер бул сөз ачык сөзгө жата турган болсо анда эмне үчүн талаки рижи болбойт?

**Жооп:** Бул эрежеге багынбай турган өзгөчө бир жагдай. “Сен мага харамсың” деген сөзжабык болуусуна карабастан ачык сөздөгү сыяктуу ниетке каралбайт. Жабык сөз болгондуктан талаки баин болот.

## Сен харамсың

**Суроо:** Ажырашуу эрки өзүндө болгон аял күйөөсүнө “сен харамсың” десе ажырашкан болобу?

**Жооп:** Ажырашкан болбойт. Эгер “сен мага харамсың” десе ажырашкан болот. Анткени, эркек никелүү болбогон бардык аялдарга харам болуп саналат. “Сен мага харамсың” деген кезде кимге арам экени билдирилген болот. Ал кезде талак өткөн болот.

## Биринчи талакты тастыктоо

**Суроо:** Адвокатка барып “Аялым менен ажырашууга чечим кабылдадым” деп арыз жаздым. Адвокат мага: “Аялыңыз менен ажырашууга чечим кабыл алганыңызга ишендиңизби?” - деп сураганда: “Ооба”, - дедим. Кийин өкүндүм. Арызга “Ажырашууга чечим кабылдадым” деп кол койгон кезде бир талак өткөн болобу? Адвокат сураганда “ооба” деген кезимде экинчи талак айтылган болобу?

**Жооп:** Ажырашууга чечим кабылдадым деген кезиңизде бир талак айтылган болду. Адвокатка “ооба” деп жооп бергениңизде биринчи сөзүңүздү тастыктаган болдуңуз. Экинчи талак айтылган болуп эсептелбейт.

## Аялын кызым деп атоо

**Суроо:** Бир адам аялы менен сүйлөшүп жатканда “ким менен сүйлөштүң” деп сурагандарга “кызым менен сүйлөштүм” десе же аялынын сүрөтүн көрсөтүп “бул менин кызым” десе никесине зыяны барбы?

**Жооп:** Жок, зыяны жок. Ошол сыяктуу түздөн-түз аялын “кызым”, “энем”, “карындашым” деп атоо менен да талак болбойт. “Мындан кийин энем, карындашым бол” десе гана бир талаки баин жүзөгө ашкан болот.

## Мубах нерсе менен мас болуу

**Суроо:** Азык, дары сыяктуу мубах нерселерди колдонуу аркылуу мас болгон адамдын мас кезинде айткан сөзү менен талак өткөн болобу?

**Жооп:** Аалымдар арасында бул жагдайга талак болот дегендер да бар, талак болбойт дегендер да бар **(Раддул мухтар)**

Мындай жагдайда да ар ыктымалга каршы никени жаңылоо керек болот.

### Шартка байланыштуу ажырашуу

**Суроо:** Бир адам аялына: "Баланча жерге бара турган болсоң үч талаксың", - десе, аялынын ал жерге милдеттүү түрдө баруусу керек болсо, мындан кутулуунун чарасы барбы?

**Жооп:** Ооба, чарасы бар. Аялынан бир талак менен ажырашкан болот. Иддет мөөнөтү бүткөн соң аялы бош боло тургандыгы үчүн каалаган жерине барып келе алат. Кийин никелери кайра кыйылат. Мындан кийин аялы ал жакка барса да талак болбойт. Боонун бири үзүлгөн болот, калган эки боо менен никелүү өмүрүн уланта берет. **(Ниъматул ислам)**

## АЖЫРАШУУ ИЛДЕТИ

Азыркы жоордун эң чоң проблемаларынын бири жана ушул доордун холера оорусу десек жаңылышпай турчу маселе – ажырашуу оорусу. Бул оору жугуштуу ооруга окшоп бүткүл дүнүйөгө таралууда. Бардык элдер үй-бүлөнү кыйратуучу бул маселеге баш катырууда. Ажырашуу санынын улам көбөйүп баруусунун бир канча себептери бар. Бул себептердин бири - ар-намыс, уяттуулук сезимдеринин азайуусу. Бул коом канча жылдардан бери ата-бабаңар эскичил адамдар эле, эски салттан баш тартуу керек, жаңычыл болуу керек, "жүрүү керек, көрүү керек" деген шылтоолорго алданып келди. Ал эми негизи ошол эскичил делип жалаага учураган ата-бабаларыбыздын заманында болбогон ажырашуулар азыр күн санап көбөйүп барууда.

Ошондой жаңылыш пикирлердин натыйжасында таанышкан соң 45 мүнөт өтүп үйлөнүүлөр же тескерисинче жылдап созулчу, батышта флирт деп аталган никесиз жүрүүлөр башталды. Эң соңунда шариятка тескери болгон орустар "гражданский" деп атаган жашоо ыкмалары кирип келе баштады. Ошондой эле технология менен бирге кино, гезит, телевидение, мода, жарнама, интернет сыяктуу массалык маалымат каражаттары кирип келди.

Мурдагы заманда ажырашуу эң уят иш болуп эсептелчү. "Кайтып келген кыз жаман" деген сөздүн мааниси да ушул. Кыз күйөөгө чыгар кезде эне-атасы ага: "Таштай сыяктуу түшүп, суудай сиң!" - дешет. Эркектердин аң-сезимине "Үй-бүлө - сенин

наамысың" деген түшүнүк сиңчү. Ар-намыс, уят деген сезимдер бир элдин туусунун кунундай болчу. Ал эми азыр болсо түгөйүн дүкөндөн жемиш алган сыяктуу алып жаткандар пайда болууда.

Жемиштин калдыктары таштандыга ыргытылган сыяктуу, бири-бирине карата кызыгуусу кеткен соң таштандыга ыргытылууда. Заманбап деп аталган коомдун дини менен каада-салтынан алыстоосу ажырашуу тенденциясынын негизин түздү.

Бардык коомдордо ажырашуу болушу мүмкүн. Бирок, бул илдет бизде болбошу керек эле. Эски замандарда ислам ахлагынын негизинде куралган кулк-мүнөзүбүз, менталитетибиз, ошол кулк-мүнөздү калыпташтырган үй-бүлөлүк жашообуз бүткүл ааламды таң калтырчу. Буга батыштык саякатчылар тарабынан жазылган күндөлүктөр күбө. Ата-бабаларыбызда ажырашуу деген нерсе эч болбогон дей ала тургандай деңгээлде өтө аз эле.

## Үй-бүлөлөр кыйроодо...

Ушул күндөрдө коомдогу эң чоң бүлүк, кыйроо үй-бүлөдө жүзөгө ашууда. Батышта үй-бүлө деген түшүнүк кыйрады, бүттү. Эми ошол илдет менен беттешүү биздин да башыбызга келүүдө. Үй-бүлөнү ошондой абалга жеткирген динсиздик менен уятсыздыктын негизинде түптөлгөн "Феминизм" жана "Гуманизм" агымдары болуп саналат. Бул микроб, бул уу алтын идишке салынып, шекер менен аралаштырылып сунулуп жаткандыгы үчүн көпчүлүгүбүз андан бейкабарбыз. "Сөздө теңдик", "адилеттүүлүк", "акысын жедирбөө" деген ураандардын астында аялдарыбызга сунулган кыялдар, негизинде жашыруун харам ниет менен курулган тузак! Тууралыкты, үй-бүлөлүк тынчтыкты издегендердин бири – Америкалык Лаура Дойл. **"Бактылуулуктун булагы – үй-бүлө"** аттуу китебинде тажрыйба-каталык жолу менен кабыргасы кыйшайган үй-бүлөнү кантип сактап калганын кыскача минтип түшүндүрөт:

"...Үй-бүлөлүк турмушубуздун төртүнчү жылында мамилелерибиздин сууганын, үй-бүлөлүк жолубузда кемчилик бар экенин байкадым. Үй-бүлөнү сактап калуу аттуу семинарлардан да эч кандай натыйжа ала алган жокмун. Ошондуктан, эң соңунда "чоң энемдин ыкмасын" колдонууну чечтим. Ошол кабылдаган чечимимден баштап мамилелерибиздеги бардык нерсе башкача жүрө баштады. Үй-бүлөлүк мамилелер психологдор тарабынан дайым кайра-кайра

айтылган "Маселелерди айтышып, талкуу аркылуу чечүү керек" деген түшүнүктүн чоң жалган экендигине, башынан эле жеңилүү анык болгон согуш экендигине көзүм жетти. Башыман өткөрүп тапкан ошол жаңы метод аркылуу алгач өз үй-бүлөмдү кыйроодон сактап кала алдым. Анан башка дагы бактысыз аялдарга ынтызар жана сүйүүгө толо болгон үй-бүлөлүк жашоого жетүүнүн акыл-кеңештерин берүүнү өзүмө милдет деп билдим. Мамлекеттин бүт жеринде семинарларды өткөрүп, феминисттердин бурмалоолорунун бир түрү болгон "айылдык" деген түшүнүктүн жаңылыш экенин далилдеп бердим. Басма сөз каражаттарынын тескери таасирден коркуп кабыл кылбаган, өз мүмкүнчүлүктөрү менен басып чыгарган, колдон колго тараткан **"Күйөөсүнө берилген** (багынган) **түгөй: Күйөөңүз менен жакындыкты, куштарлыкты жана достукту камсыз кылууга алып баруучу тажрыйбадан келип чыккан жол"** аттуу китебим миңдеген америкалык аялдардын "Үй-бүлөнү сактап калуунун" кол китебине айланды..."

Азыр бул китеп Европа жолунда. Үй-бүлөсүн сактап калгандардын бири болгон Карол Фицгеральд айым: "Бул семинарлардан кийин негизи үй-бүлөмдөгү эң чоң көйгөй менин өзүм экенине көзүм жетти. Ар бир маселеге башка көз караш менен кароону үйрөндүм. Күйөөм кандай болсо ошондой кабылдап, ага бардык жактан ишенимим артып, таянуу керектигин түшүндүм. Мен өзүм ашык болгон адамды бир кездерде өзгөртүүгө аракет кылганым канчалык негизсиз, жаңылыш экенин түшүндүм. Натыйжада бейпил, бактылуу бир үй-бүлөгө ээ болдум..." – дейт.

Лаура китебинде: "Моюн сунуу, багынуу чексиз да эмес. Баңгизатка көз каранды, зордук-зомбулукка куштар, ишенүүгө болбой турган опаасыз эркектерге "багынуу" биякта турсун, алардан узак болуу керек!..." – деп эскертет.

### Ажырашуу чечим эмес

**Суроо:** Эгер жубайлардын мүнөздөрү бири-бирине туура келбесе ажырашууга болобу? Ажырашуу күнөөбү?

**Жооп:** Ажырашуу чечим эмес. Өзгөчө ортодо бала болсо, ажырашкандан өткөн жаман нерсе жок. Кемчиликсиз адам болбойт. Кемчиликсиз дос издеген адам доссуз калат. Кемчиликсиз түгөй издеген адам түгөй таба албайт. Чыныгы эрдик кемчиликтүү

адам менен жакшы мамиледе боло алуу, аны менен бирге тынч, ынтымакта өмүр сүрө алуу.

Жубайлар бири-биринин жаман жактарына сабыр кылуулары керек. Хадиси шарифте мындай деп айтылган: **“Аялынын жаман мүнөзүнө сабыр кылган эркек Аййуб пайгамбардын сабыры үчүн берилгендей соопко, ал эми күйөөсүнүн жаман мүнөзүнө сабыр кылган аял Асияга берилгендей соопко ээ болот.”** (И. Газали)

Уруш-талаштарда күнөөнү өзүбүздөн издөөгө аракет кылышыбыз керек. Меники туура деген менен эч нерсе утпайбыз. Тескерисинче, жоготушубуз мүмкүн. Ар бир үй-бүлөдө кыйынчылыктар, жаңжалдар болушу мүмкүн. Төгөрөгү төп болгон (идеалдуу) адам табуу мүмкүн эмес. Ошондуктан, турмуш курган кезде кыйын жагдайларга да даяр болуу керек жана сабыр кыла алуу керек. Жинденип турган кезде чечим кабыл алуудан узак болуп, чектен ашпоого көңүл буруу абзел. Көп жагдайларда жинденип турган кезде ажырашкандар көп өтпөй эле тизесин чаап өкүнүп калышат.

Ажырашуу күнөө эмес. Бирок, Аллаху таала халал да болсо талакты жактырбайт. Пайгамбарыбыз мындай деген: **“Аллаху тааланын эч жактырбаган халал нерсеси - талак** (ажырашуу)**.”** (Хаким) Сабыр кылуу керек, мамилесин оңдоп, уруш-талашпоого аракет кылуу керек.

### Ажырашуунун балдарга таасири

Ажырашуунун балдарга тийгизе турган таасири баланын жашына, ажырашууга чейинки жана кийинки шарттарга байланыштуу.

Мурда болгон көйгөйлөр, ажырашуу кезинде жана ажырашкандан кийин пайда болгон кыйынчылыктардан баланын таасирленүүсү да баланын канча жашта экендигине байланыштуу.

Ажырашар кезде 6-7 жаштан кичине балдар эмне болуп жатканын түшүнө алышпайт. Эне-атанын жагдайды түшүндүрүп бербөөсү же бири-бирин айыптоосу баланын зээнинин бузулушуна себеп болушу мүмкүн. Кичинекей бала ажырашууну, эне-атанын жаңыдан башкага үйлөнүүсүн түшүнө албайт. Эмне үчүн атасында же энесинде калганын түшүнө албайт. Экөөнү тең көргүсү келет,

алардын бирге болуусун каалайт. Оюндагы мындай баш аламан жагдайларда бала айлана-тегерегиндегилер менен карым-катнашын үзүү же агрессиялуу болуусу мүмкүн.

Балдар кээ бир жагдайларда болгон иштерден өздөрүн жоопкер деп билүүсү мүмкүн. Эне-ата балага тийиштүү маселелерде жаңжалдашса, мисалы; баланын кимде кала тургандыгы тууралуу талашып-тартышып жаткан болушса, бала бул иштерден өзүн күнөөлүү сезет. Атасы же энеси көрүп кетүүгө келбеген болсо, алардын башка иштери чыгып калышы мүмкүн экенин ойлобой, "Мени жакшы көрбөгөндүктөн келбеди" деп ойлойт. Энесинин карамагында калган болсо, энесинин атасы тууралуу айткан сөздөрүнөн таасирленип, өздөрү дагы ошого окшош сөздөрдү айтышы мүмкүн. Эне-атасынын биринин жанында болсо экинчисинен баш тартышы мүмкүн. Анткени, аны баласына жамандашы мүмкүн. Анан бала да аны көргүсү келбей калат. Мисалы, бала атасынын карамагында болсо, атасы башка аялга үйлөнсө, баласына биринчи аялын жамандап, баланы андан алыстатуусу мүмкүн.

Бул жагдай балада ар түрдүү сезимдердин пайда болуусуна жана кулк-мүнөзүнүн начарлашына себеп болушу мүмкүн.

Чоң кишилерде болгон сыяктуу таарынуу, ачуулануу, коркуу сезимдери ойгонот. Бирок, бул сезимдерине себеп болгон нерселерди толук түшүнө албайт.

Ар бир ажырашуунун балага милдеттүү түрдө тескери таасири болот. Маанилүүсү ошол таасирлерди эң аз деңгээлге түшүрүүнү камсыз кылуу. Ал үчүн алгач эне-атанын баласынын кайсы тарапта калуусу тууралуу бир келишимге келип, баланы бири-бирине каршы колдонбоо жана өзгөчө 5-6 жаштан кичүү балдардын энесинин колунда калуусу керектиги камсыз кылынышы зарыл.

### Аялым менен тил табыша албаймын

Бир күнү Хазрети Мансур бин Аммарга жакында үйлөнгөн шакирти келет. Абалы түшүнүктүү болчу. Олуя киши анын абалын түшүнүп:

**- Тынччылыкпы балам, көңүлүң чөгүп тургансыйт?**

-Ооба устазым, аялым менен тил табыша албай жүрөмүн. Мүнөзү өтө начар, мен дагы кызуу кандуумун. Ошондуктан, ажырашуу тууралуу ойлоп жүргөм.

**-Андай кылба балам. Ажырашуудан сактан!** –дейт. Анан башын төмөн түшүрүп, ойлонгондой болуп, башын көтөрдү дагы: **“Уулум, жүрөгүм сенин көп өмүрүң калбаганын сезип турган сыяктуу”,** -дейт. Ошондо жигиттин тынчы кетип:

-Кандайча устаз? Өтө аз калдыбы? Канчалык өмүрүм калды?

**-Тилекке каршы, үч айдай калды, балам,** -дейт.

Ошондон кийин жигит аянычтуу абалда үйүн көздөй бет алды. Ошол күндөн баштап аялы менен такыр урушпай, жылуу мамилелүү өмүр сүрө баштайт, ошентип, абалы **“периштедей”** болгон эле. Хадиси шарифте айтылгандай: **“Өлүм – эң чоң насаатчы.”** Мына, бул дагы ошонун бир мисалы…

## Көгөргөн көчөт

Жаңы үйлөнгөн эки жаш алгачкы айларында эле жашоосунун өздөрү ойлогондой болуп чыкпаганын түшүнө башташты.

Негизи бири бирин жакшы көрүшчү. Экөө тең ажырашууну каалашчу эмес. Бирок, мындан ары да минтип улантууну токтото турган чечим издей башташат.

Күйөөсү: “Мага бир ой келди”, - деди. “Бакчага бир көчөт отургузалы. Эгер бул көчөт үч айдын ичинде кургап калса ажырашалы. Кургабай өнүп кетсе андан ары бул маселени ачпай турган бололу. Бирок, бул мөөнөт ичинде экөөбүз тең бөлөк-бөлөк бөлмөдө жашайлы.”

Бул пикирди келинчеги да колдоп, эртеси күнү бир мөмөжемиш көчөтүн алып келишип, бакчага бирге отургузушат. Арадан бир ай өтөт. Бир түнү бакчада кездешип калышат. Экөөнүн тең колунда суу толо чака бар эле.

## Бактылуу үй-бүлө куруунун жолдору

Күн сайын ажырашуу кабарын угуу көнүмүш болуп калды. Күчтүү, бекем сүйүү менен баш кошуп, 2 айдан кийин ажырашып жаткандар азыр эч кимди таң калтырбайт. Айланабызда алгачкы күндөгүдөй бири-бирине ашык болгон, бактылуу жандар күн сайын азайып баруудa. Мына, ушундай бактылуу үй-бүлө куруу үчүн төмөндөгү сырларга өтө чоң маани берүүбүз керек:

Түгөйлөрдүн кээде кайдагы болбогон нерседен улам урушуп-талаша тургандыгы талашсыз. Андай кезде эң маанилүүсү

жуптардын катуу ачууланбоосу, чектен ашпоосу жана күтүүсүз иш-аракеттерди жасап коюудан сактануусу керек. Эгер жубайыңыз жинденип турган болсо сиз жумшак мамиле кылыңыз, көңүлүн көтөрүүгө, ачуусун басууга аракет кылгыла. Артка кайтаруу мүмкүн болбогон сөздөр менен иш-аракеттерден сактангыла!

"Урушуп жаткан кезде мага үнүн көтөрдү" деп сиз дагы урушуудан сактаныңыз! Урушуу менен эч нерсе чечилбейт.

Эгер жаңжалда сөзсүз бирөө жеңүү керек болсожубайыңыз жеңсин! Сүйүүнүн бийлик талаша турган согуш эмес экенин ойлоп иш кылыңыз!

Эч качан мурунку кетирген каталарын жубайыңызга кайра-кайра айтып эсине түшүрбөңүз! Бүгүнкү күнгө чейин эч ким өткөндү артка кайтара алган эмес жана эскини калыбына келтире алган эмес.

Эмне үчүн үйлөнгөнүңүздү унутпашыңыз керек. Кубанычыңыз менен кайгыңызды бөлүшүү үчүн, жашоодон эки эсе лаззат алуу үчүн үйлөнбөдүңүз беле?

Сөздөрүңүз туура, кубанычка толо жана салмактуу болуусуна маани бериңиз! Антпесе, эч нерсеге жарабайт.

Бир план түзүп жаткан кезде жубайыңыз менен кеңешпесеңиз, анын пикирин сурабасаңыз же жоро-жолдошторуңузга андан да көбүрөөк убакыт бөлсөңүз, ката жолдо жүрөсүз деген сөз.

Күнүнө жок дегенде бир жолу өмүрлүк жарыңызга жакшы сөз (комплимент) айтыңыз! Жубайыңыз сизден жакшы сөздү уккан кезде кандай бактылуу боло тургандыгын байкап көрдүңүзбү?

Ката кетирип койсоңуз катаңызды моюндаңыз жана кечирим сураңыз. Ката кетирип койсоңуз бул жашоонун соңу эмес. Эң маанилүүсү - ката кетиргениңизди түшүнүүңүз.

Үйдөгү тынчтыктын эң негизги эрежелердин бири – сырттагы адамдар менен кандай сыпайы жана жакшы мамиледе болсоңуз, ошол мамиленин жок дегенде жартысын үй-бүлөңүздө көрсөтүүңүз!

Даанышман аалымдар (олуялар) мындай деп айтышат:

Мына ушул беш нерсе эркек кишинин бакытынын ачкычы:

1) Түгөйүнүн түшүнүк менен карай турган жана моюн суна турган болуусу,
2) Баласынын тил алчаак жана сый-урматтуу болуусу,
3) Досторунун чынчыл, туура жана ишеничтүү болуусу,
4) Кошуналарынын жакшы болуусу,

5) Жумушунун өз мекенинде болуусу. Өз мекенинде дегенибиз туулган жеринде дегендик эмес. Жумушу жакшы болгон, салих достору көп болгон, дининин буйруктарын оңой аткара ала турган жер дегенди билдирет.

Төмөндөгү алты касиетке ээ болгон аял чыныгы салиха (жакшы) сыпатка ээ болуп саналат:

1) Беш маал намазын калтырбай окуу,
2) Күйөөсүн жакшы көрүп ага моюн сунуу,
3) Бардык ишинде Аллахтын ыраазылыгын көздөө,
4) Адамдар арасында сөз ташуудан, ушак, жалаадан тилин тыюу,
5) Мал-мүлк маселесинде “зухд” жана “канаат” ээси болуу,
6) Кыйынчылыктарга карата сабырдуу жана туруктуу болуу.

Мындай жакшы аял диндин тиреги, үй-бүлөнүн негизи, ибадаттарда да колдоочу жана көмөкчү болот. Мунун терси болгон аял жакшы аял боло албайт, өзү кубанычтуу болгону менен күйөөсүн бактысыз кылат.

### Аял күйөөсүнө жасанып-кооздонуусу керек

**Суроо:** Күйөөм менен бат-баттан урушуп турабыз. Дайым менден качууга аракет кылат, арабыз да сууп кетти. Үй-бүлөнү сактап калгысы келген түгөй катары мага эмне кылуум керектиги тууралуу кеңеш бере аласызбы?

**Жооп:** Үй-бүлө ичиндеги көптөгөн түшүнбөөчүлүктөр эки тараптын бири-бирине тийиштүү милдеттерин орундабаганынан улам пайда болот.

Диндин өкүмдөрүнө, буйруктары менен тыюуларына моюн сунуу керек. Адамдарга дарт, балээ күнөөнүн натыйжасында, ал эми бейпилдик менен береке динге моюн сунуунун натыйжасында келет.

Аял күйөөсүнө кылган жакшылыктарын милдет кылбашы керек, азык-түлүк, кийим-кече сыяктуу нерселерде күйөөсүн капалантпай, күчү жетпеген нерсени андан сурабашы керек. Күйөөсүнүн аброюн коргоп, ар ишинде анын ыраазылыгын алууга, аны кубантууга аракет кылып, аны таарынтпоосу керек.

Аялдын үйүндө күйөөсү үчүн жасанып-кооздонуусу сооп. Пайгамбарбыз бул маселеде кеңеш берип: **“Исраил уулдары-**

**нын аялдары үйлөрүндө жасанып-кооздонбогондуктары үчүн алардын эркектери зинага түшкөн",** - деп билдирген.

Аялдар үйдө өздөрүнө көңүл буруугa тийиш, кийимине, сулуулугуна, макияжына жана башкасына. Өзүн такыр таштап койбошу керек. Анткени, эркектер сыртта, жумушта сулуу, макияждуу, көрктүү аялдар менен бирге иштеши мүмкүн. Кечинде үйүнө келгенде өзүн карабаган аялын көргөндө көздөрү башканы карай баштайт.

Ошондуктан, аял болгон өнөрүн колдонууга тийиш, таң эртең эрте туруп күйөөсүнүн эртең мененки тамагын даярдоого, эшикке чейин амандык, ийгилик тилеп узатып коюуга тийиш. Кечинде жасанып-кооздонуп, аны күтүп тургандай күлүп, жылуу жүз менен тосуп алууга тийиш. Күйөөсүнүн ал күнкү стрессин, чарчоосун жазууга тийиш.

Эркектердин сыртта бөтөн аялдар менен никесиз мамиледе болуусуна үйдөгү аялдын да күнөөсү бар. Таң эртең күйөөсү жумушка кетип баратканда уктап жатуусу, кечинде келгенде кошунасынын үйүндө болуусу, маани бербөөсү – ошого алып бара турчу себептерден. Үйүндө жакын, жылуу мамиле көрбөгөн эркектер убакыт өтүп өзүн сырттан табышат. Бул эркектер күнөөсүз деген сөз эмес, баары бир мында өз аялдарынын кошкон салымы болот. Ошондой жолго түшкөн эркектердин үй-бүлөлүк жашоосу изилдеп көрүлсө аялдарынын өз милдеттерин туура, татыктуу түрдө аткара албагандыгы аныкталууда. Жогоруда аталган хадиси шариф да ушуга ишара кылууда.

Тилекке каршы көптөгөн аялдар үй кийимине, жасанып-кооздонуусуна көңүл бурушпайт. Үйдө кандай болсо ошондой, начар кийинип алышат. Ал эми көчөгө чыккан кезде эң жаңы, эң көрктүү кийимдерин кийип алышат. Негизи мунун тескериси болушу керек. Мусулман аялдын сыртка чыкканда жасануусу жаиз эмес. Мусулман аял көчөгө чыккан кезде көзгө урунбай турган жөнөкөй кийим кийүүсү керек. Атыр себинбөөсү керек. Атырды үйүндө себинүүгө тийиш. Аялдын күйөөсүнө таза жана көрктүү кийинип, жасануусу - важиб. **(Хиндийа)**

# БАРДЫК ЖАМАНДЫКТАРДЫН БАШЫ

Бардык жамандыктардын башы, негизи арак экендиги аяти каримада жана хадиси шарифтерде билдирилген. Хак таала Курани каримде: **“Эй, ыйман келтиргендер! Арак, кумар, сыйынууга коюлган таштар (буттар), төлгө ачуучу буюмдар шайтандын иши болуп саналган нажастар. Ошондуктан, кутулуу үчүн булардан сактангыла!” -** деп буюрууда. (Маида сүрөсү, 90)

Хадиси шарифтерде да спирт ичимдиктери катуу түрдө жамандалган. Ислам аалымдары спирт ичимдиктеринин зыяндуулугун мындай билдирген:

Арак ичкен адам жиндинин бир түрүнө айланат. Элдин шылдыңдоосуна себепчи болот. Айланасындагы адамдардын алдында кадыры болбойт. Адамдын уятын, ар-намысын жок кылат. Анткени, хадиси шарифте: **“Арак ичкен адамдын уят пардасы жыртылат, шайтан ага жолдош болот, ар кандай жамандыктарга жол ачат жана жакшылыкка тоскоол болот”, -** деп айтылат.

Спирт ичимдиги адамдын акыл-эсине да, чөнтөгүнө да зыяндуу. Акчанын жаман жолдо короп, ысырап болушуна себеп болгонундай эле акыл-эстин кемүүсүнө да себеп болот. Пайгамбарыбыз: **“Арак мал-мүлктү жок кылат, акылдан аздырат”, -** деп буйруган.

Арак достордун, ага-туугандардын арасында душмандыкка себеп болот. Анткени, Аллаху таала Курани каримде: **“Шайтан арак жана кумарда араңарда душмандык жана бузукулук салууну гана көздөйт”, -** деп айтылат.

Спирт ичимдиги адамды Аллахты эске алуудан жана намаз окуудан алыстатат. Аллаху таала: **“Шайтан аракта жана кумарда силерди Аллахты эске алуудан жана намаз окуудан алыстатат”,-** деп билдирет.

Арак шахватты (кумарды) күчөтөт, адамды зинага алып барат. Хадиси шарифте: **“Арак зинадан да жаман”, -** деп айтылат.

Ошондой эле ичкиликке берилген никелүү эркек өзү да байкабай нике боосун үзүүчү сөздөрдү айтуусу мүмкүн. Ошентип аялы менен зинага түшүшү мүмкүн.

Спирт ичимдиги - бардык жамандыктардын ачкычы. Анткени, мас адамдын туш келген күнөөнү кылуусу оңойго турат. Ичкен кишинин акылы кеткени үчүн харамды, халалды, тууралы,

жаңылышты ажырата албайт. Хадиси шарифте: **“Арактан сактангыла! Даректын бутак жайганы сыяктуу арак да жамандык жаят”, -** деп билдирилет.

Спирт ичимдигин ичкен адам пивоканага баруусу аркылуу жана үстүндө арак жыты чыгып жүрүүсү аркылуу ар убак жанында болуп, жакшылыктары менен жамандыктарын жазуучу Хафаза периштелерине жапа чектирген болот. Рахмат периштелери андан узак болот. Хадиси шарифте: **“Рахмат периштелери мас адамдан узак болот”, -** деп айтылат.

Спирт ичимдик ичкен адам жакшылыктардан, дубадан өзүн жапкан болот. Анткени, спирт ичимдигин ичкен адамдын жакшылыктары жана дубасы кабыл болбойт. Ошондуктан, арак ичүү тургай арак ичилип жаткан жерден да узак туруу керек. Анткени, хадиси шарифте: **“Аллахка жана акыретке ишенген адам арак ичпесин, арак ичилген дасторконго да отурбасын”, -** деп айтылат.

Арак ичкен адамдын абалы кооптуу болот. Өлүм алдында анын бул абалы ыймансыз кетүүсүнө себеп болот. Анткени, өлүмдүн качан келээри белгисиз. Хадиси шарифте: **“Арак менен ыйман бир жерде болбойт, бири экинчисин алыстатат”, -** деп билдирилген.

Бул аталган зыяндар болгону дүнүйөдөгү жазалары. Ошондой эле, акыретте да жазалары бар. Булар айтып бүткүс көп. Дүнүйөдөгү зыяндары менен салыштырып болбойт жана өтө оор. Ошону менен катар бири убактылуу, бири чексиз. Акыл-эси бар адамдын бул дүнүйөнүн бир нече ырахатын акыреттин түбөлүк, чексиз ырахаты менен алмаштыруусу мүмкүн эмес.

Сахабалардан хазрети Абдуллах Ибни Масуд: “Өкүнүчтөрдүн эң чоңу жана эң зыяндуусу – кыямат күнүндөгү өкүнүч. Азыктардын эң жакшысы – такыбаа. Ичимдик - күнөөлөрдүн чакыруучусу. Жаштык - жиндиликтин тармагы, бөлүгү”, - деген.

Бир жолу Хазрети Осман Исламды жаңыдан кабылдаган бир коомго мындай деп насыят айтат:

“Эй, адамдар! Арак ичүүдөн сак болгула. Эч күмөнсүз, арак бардык жамандыктардын атасы болуп саналат. Бир замандарда силерден мурдагы коомдордун биринде бир салих адам болот. Ар дайым ибадаттары менен алек болуучу. Бир күнү бир айылдан өтүп бара жатып жаман аялга кезигет. Аял бир шылтоо менен аны алдап үйүнө киргизет. Үй ичинде кичине бала жана бир идиште арак

бар эле. Жаман ниеттүү аял эшикти жакшылап кулпулагандан кийин ниетин айтат: «Же мени менен кошуласың, же аракты ичесиң, же бул баланы өлтүрөсүң. Булардын бирин кылмайынча бул жерден чыга албайсың. Болбосо, ызы-чуу чыгарып, үйүмө кирип мени зордуктаганы жатат деймин. Андай эместигин эч кимге ишендире албайсың! Сени уятка калтырамын", – дейт. Кара ниеттүү аялдын бул коркутуусунан кийин алиги адам ойлонуп, өз ичинен «Зина кыла албаймын. Баланы да өлтүрө албаймын. Жеңилирээк күнөөнү, аракты ичейин, кийин тообо кыламын", - дейт да аракты аз-аздап ичет. Бир аздан кийин башы айлана баштайт. Аял дагы куюп берет. Көп өтпөй катуу мас болуп, арактын берген азгырыгынан аял менен зина кылат. Кийин, көргөндөрүн элге айтып коёт деп баланы да өлтүрөт.

Эй, адамдар! Көрүп тургаңыбыздай, арак адамга эң жаман нерселерди жасатат. Ошондуктан, арактан өтө алыс болгула. Анткени, арак - бардык жамандыктардын негизи. Аллахка ант берип айтамын, адамдын көңүлүндө арак менен ыймандын бирге болуусу кыйын. Арак ичип жүрүп убакыттын өтүүсү менен арак ичүү көнүмүш, калыптанган абалга айланат. Ошондуктан, биринин келүүсү менен экинчисинин ал жерден кетүүсүнөн коркуу керек!"

### Арактын зыяндары

Бүгүнкү күндө эң чоң илдетке айланган, өзгөчө жаштарга тийе турчу коркунучтардын башында спирт ичимдик жана баңги зат турат. Арактардын зыяндарынын бир канчасы төмөндөгүдөй:

· Зыяндуу адаттар алгачкы кадамдан жана алгачкы даам татуудан башталат. Тузактын эң чоң "Бир жолу көргөндөн эмне чыгат?" деп ойлоо.

· Жол кырсыктарынын көбү мас айдоочулардын айынан болот.

·Спирт ичимдиктер менен баңги заттар мээ жана борбордук нерв системасынын чыныгы душманы.

· Спирт ичимдик коркунучтуу шишик оорусуна чалдыгуу себептеринин башында турат.

· Спирт ичимдик ичүүчүлөрдүн боору чарчайт. Ошондуктан, цирроз оорусуна чалдыгуусу мүмкүн.

·Арак жүрөк менен кан айлануу системасын бузат.

·Бөйрөктүн сезгенүүсү, клеткаларга залака тийүүсү жана простата бездеринин чоңойуусу арактын зыяндарынан болуп

саналат.

·Ашказандын ички чел кабыгын дүүлүктүрүп, гастрит менен язвага себеп болот.

·Спирт ичимдик ичүүчүлөрдүн мээ клеткаларынын көбү өлөт. Натыйжада паралич жана өлүмгө себеп болот.

·Аң-сезимдүү жана эрктүү кыймыл-аракеттердин ордуна аң-сезимсиз жана контролсуз кыймыл-аракеттер башталат. Ой жүргүзүү, уялуу жана ар-намыс сезимдери алсырайт.

·Бет жана териде тери оорулары пайда болот. Аракечтердин балдары көбүнесе кем акыл, талма оорулуу, аракеч... болот. Психикалык ооруга чалдыккан 1000 адамга карата жүргүзүлгөн изилдөө натыйжасында 665 кишинин эне-аталары аракеч экендиги аныкталган. Майыптардын 80%нын себеби да аракеч болгон эне-аталар.

·Аракка берилгендердин арасында адам өлтүрүү жана үй-бүлөлүк уруш-талаштар өтө көп кездешет.

## Аракеч эне-аталар

Үй-бүлөсүндө аракка берилген адамдар болгон бала спирт ичимдиктердин зыяндарын укканда өз үй-бүлөсү үчүн уялат. Өзгөчө ичимдиктин ден-соолукка тийгизе турган зыяндарын түшүнгөн бала үй-бүлө мүчөлөрүн бул кооптон зыян көрө турганын ойлоп, ар дайым убайым тартат. Өзүнөн жана үй-бүлө мүчөлөрүнөн кысылып, ичимдикке жумшалган каражаттын бир адилетсиздикти чыгарганын ойлой алат. Ал эми бул жагдай үй-бүлөсү менен байланышын үзүүгө жана жек көрүүгө себеп болот.

Арактын айынан үй-бүлөдөгү тынчсыздык, материалдык кыйынчылык, кадыр-баркынын жоголуусу, адамдар менен ынтымаксыздык, баланын психологиялык саламаттыгына терс таасирин тийгизет. Келечекте психикалык ооруларга себеп болушу мүмкүн. Үй-бүлөдөгү үзгүлтүксүз уруш-талаштар баланын өзүнө деген ишенимин жок кылат жана жупуну, адамгерчиликтен узак болууга, түнттүккө жол ачат. Ошондой эле, мындай балдар мектепте өз ордун таба албай, достору менен болгон мамилесин үзгөн абалда жашашат.

**Суроо:** Атам аракты көп ичет, айтсам укпайт, атамды ичкиликтен кантип тыйууга, кантип баш тартууга көндүрсөм болот?

**Жооп:** Эң таасирдүү жолу аракеч, арак ичүүсүнө себеп боло турган, аракечтикти эске сала турган бардык досторунан жана

туугандарынан оолак болуу. Керек болсо андай адамдар менен болгон мамилени толук үзүү керек. Ошондой эле, атаңыздын ичкиликти таштоосу үчүн дуба кылыңыз.

**Суроо:** Курамында спирти аз же 0 пайыз суусундуктарды ичүүгө болобу?

**Жооп:** Курамында спирти аз болсо да ичүүгө болбойт. Бир тамчы кошулган болсо да, мас кылбаса да ичүүгө болбойт. Хадиси шарифте мындай деп айтылды:

**“Көп өлчөмү мас кыла турган нерсенин азын да ичүү харам болот.”** (Насаи, Тирмизи)

**“Ихтимар кылынган** (ачытылып спиртке айландырылган) **бардык ичкиликтер харам.”** (Абу Давуд)

**“Ушундай бир заман келет, адамдар арактын атын өзгөртүп, халал деп эсептей турган болушат.”** (И. Ахмед)

Арак – нажис деген сөз. Динибизде заара, кан, ириң нажис болуп саналгандай спирт да нажис болуп саналат. Азыркы кезде спирти 0 пайыз пиво деген суусундуктар сатылууда. Бул да таза заара таза нажис деген менен бирдей. Спирти жок болсо пиво деп аталбайт. Ошондуктан, андай нерселерди да ичпөө керек.

**Суроо:** Менин досторумдун көпчүлүгү эмне болсо да күн сайын арак ичишет, тамеки тартышат. Алар менен бирге отуруу керекпи же мамилени үзгөн туура болобу? Бирок динибизде достордон бөлүнбөө керек. Эмне кылышым керек?

**Жооп:** Пайгамбарыбыз хадиси шарифте: **“Досунун дини эмне болсо, кишинин дини да ошол”, -**деген. Аракечтин досу аракеч, бейнамаздын досу да бейнамаз болот. Андай болсо, досту жакшы тандоо, анан барып достошуу керек. Аалым заттар айтышат: “Адамдын Бейишке баруусун каалабай турган эң чоң үч душманы болот. Алар: 1 – Напси, 2 – шайтан, 3 – жаман дос.” Намаз окубай турган, аракеч, ашкере арам иш кыла турган адамдар менен дос болбоо керек. Динибизде жаман адамдан ажырабагыла деген эч кандай буйрук жок. Тескерисинче, ишеними ахли сүннөт болгон, намаз окуй турган, салих достон, туугандан ажырабагыла делген. Аракеч досторуңуздан узак туруңуз. Себебин сурашса, силер менен жүргөн сайын аракка деген каалоом артып бара жатат, намазым калып жатат деп айтыңыз. Эгер аларга бул сөз таасир этсе балким алар да  жамандыктарын таштаашат.

Хадиси шарифте: **"Адамдын дини досунун дини сыяктуу. Ким менен достук курганыңарга маани бергиле!"** -деп айтылган. (Хаким)

Шайтан менен напсибиз жаман дос аркылуу бизди жамандыктарга түртөт. Жаман достон жыландан, арстандан качкандай качуу керек. Хадиси шарифте мындай деп айтылган:

**"Көздөрү менде болгон, ар дайым мени аңдып жүргөн, жакшылыгымды жашыра турган, жамандыгымды көбөйтө турган, башкаларга жайып жүргөн жаман достон сага сыйынамын, Йа, Раббим!"** (И. Нажжар)

**"Жаман дос темирчинин көрүгү сыяктуу. Үйлөгөн кезде оттун жалыны сени күйгүзбөсө да жыты тынчыңды алат."** (Бухари)

Бакытсыздыктардын, балээ-кырсыктардын башы – жаман дос. Динди, ыйманды, ибадатты, халал-харамды унуттурган, кулк-мүнөздү буза турган – жаман дос. "Досуңдун ким экенин айт, сенин ким экениңди айтамын", "Жаман менен дос болсоң көңүлүң азат", "Казанга жакын жолосоң карасы жугат" деген акылман сөздөр да жаман менен дос болгон адам анын жамандыгынан үлүш ала турганын көргөзөт.

Жакшы дос деген ким? Хадиси шарифте мындай делген:

**Эң жакшы дос – Аллаху тааланы эске алган кезиңде көмөкчү болгон, унуткан кезиңде эсиңе түшүрө турган адам."** (Хаким)

**"Эң жакшы дос – сөздөрү илимиңерди көбөйткөн, амалы акыретти эске түшүргөн адам."** (Хаким)

Адамдын дини досунун дининдей болот деп билдирилген. Ыйманын кубаттандыргысы келгендер ыйманы кубаттуулар менен бирге болуусу керек. Жакшы ибадат кылгысы келгендер ибадатын жакшы, ыкылас менен орундап жүргөндөр менен бирге болуусу керек. Ошондо гана өзү да алар сыяктуу болуп, аларга окшоп баштайт. Дүнүйө менен акырет бакыты үчүн жакшылар менен бирге болуу керек.

Жакшы досторду издөө керек. Илиминен, жакшы мүнөзүнөн пайдаланыла турган салих (жакшы) доско татыктуу сый урмат көрсөтүү керек. Андан кемчилик издебеш керек. Кемчилиги болсо да көрбөө керек жана эч кимге айтпоо керек. Суизан (жаман

күмөндө, ойдо) болбоо керек. Орунсуз иш-аракеттерин көргөндө унуткандыктан болсо керек деп жоромолдоо керек. Башкача айтканда, кечиримдүү себеп менен күнөөсүз экенин кабылдоо керек. Анткени, жакшы мүнөздүү адам адамдарга кечирим менен карайт, алардын кемчиликтерин ашкерелебейт.

## ТЕЛЕВИЗОР ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨ

Пультту колго алган кезибизден баштап эле телевизор бизди башкарат деген адистер көгүлтүр экран алдында көп убакыт өткөрбөш керектигин баса белгилешүүдө. Азыркы тапта 7 жаштан 70 жашка чейинкилердин бардыгы телевизор көрөт. Айрыкча сериалдар кишини экранга байлап коёт. Ошондуктан, продюсерлер менен телеканалдар дайым бири-бири менен жарышат. Бирок, адистер сериалдарга деген көз карандылыкка көп токтолушат. Телевизорго деген көз карандылык үй-бүлө ичиндеги мамилелерди да бузушу мүмкүн.

Клиникалык психология адистери: “Адамдар сериалдардагы жашоого аралашып, өздөрүн ошол жерде жоготуп, өздөрүнүн жеке сезимдеринен алыстап жатышат. Ошол себептен сериалдардагы көйгөйлөр өзүнүн көйгөйлөрүнө караганда маанилүүрөк болуп көрүнөт. Бардык нерсеси ошол сериалга байланыштуу болот. Мисалы, күлгүсү келсе киносун көрүп күлөт. Өзүбүз тууралуу токтотуп койгонубуз үчүн биздин эң жакшы күндөлүк темабыз сериалдардагы көйгөйлөр болуп калат. Адам андан ары өзү, жубайы, үй-бүлөсү тууралуу кеп кылбай турган болот. Бул сериалдар менин жашоомдон аябай алыс, мынчалык берилип кетпешим керек деп өзүн токтото албайт. Эгер өзүн токтото алганда сериал, телевизорго анчалык берилип кетмек эмес. Ошондой эле, сериалдардагы адепке туура келбеген кылыктар, ылайыксыз иш-аракеттер да убакыт өтүп көнүмүш болуп калат. Натыйжада андай иш-аракеттер коомдун арасында жайыла баштайт жана ошого байланыштуу ажырашуулардын себебине айланып жатканы да бар...”, - деп айтышат. Сериалдардагы постановка ушунчалык кандарына сиңип кеткендиктен кээ бир жаштар дал ошол кыймыл-аракетти кылып, дал ошондой чечим кабыл ала башташат. Сериалда өткөн болбогон себеп өмүрүндө орун алса дал ошондой акылга сыйбаган себеп менен ажырашуулар да орун алууда.

Азыркы тапта телеканалдардагы кино, шоу, клиптер жарым жылаңач кыздарды түшүрүүдө, уятсыздыкты жарнамаларга жашырып жаткандай деңгээлде. Илгери жаман жүрүм-турум көрүнүшү катары билинген кийин ошол жарнамалар аркылуу жалпы элдик үлгүгө айланып жатканы кокустук эмес чыгар. Көрсөтүүлөрдүн да жаман көнүмүш адат жана кылыктарды аябай мактап жаткандары көп. Чет элдик кинолордо башкы ролдогу персонаждар көбүнчө текебер болушат. Одоно сүйлөө, эч кимди тыңдабоо, эч кимди теңине албоо, өзү каалагандай иш кылуу, кекирейген болуу, арак ичүү абырой катары көрсөтүлүүдө. Жыныстык үлгүдөгү уятсыздыкка, зордук-зомбулукка кызыгуу ойгото турган көрсөтүүлөр жөнөкөй эле нерсе болуп калган. Адептүүлүк, уяттуулук, намыскөйлүк тебеленип жатат. Мунун баары албетте таасирин тийгизбей койбойт. Адепке туура келбеген кылыктар, уятсыздыктар, уурулук, зордук-зомбулук, аракечтик менен баңгилик көбөйүүдө. Жалпы эл тарабынан токтоосуз көрүлүп жаткан телесериалдардын жагдайы өтө коркунучтуу делсе аша чапкандык болбойт. Эне-атага каршы чыгуу, айтылганды тыңдабоо, улууларды урматтабоо, сиңдисинин күйөөсүн эжеси тартып алуусу, көзгө чөп салуу сыяктуу ар-намыссыз кылыктарды кадимкидей эле нерсе катары көрсөтүү сыяктуу мисалдар мына ушулардын бир бөлүгү гана. Дагы бир маселе чет элдик кинолорунун көпчүлүгүндө милдеттүү түрдө чокунуу, чиркөөгө баруу, попко барып күнөөлөрүн тазартуу жагдайлары жок дегенде бир жолу орун алат. Бир киши айтат: “Балам бир күнү христиан дининде эмне кылсаң да, кандай күнөө кылсаң да соңунда попко барсаң сени күнөөдөн тазартат экен, анда биз эмнеге христиан болбойбуз?” – деп сурап калды. Аны кайдан уктуң десем, кинолордон көрдүм дейт. Анан христиан динин өзгө дин экендигин жана мусулманчылык тууралуу көпкө отуруп түшүндүрдүм,” – дейт.

Уятсыздык кеңири жайылган элдерде тарбиянын бузуктугунан улам таң калыштуу көрүнүштөр орун алууда. Ар түрдүү кылмыш, анархия, терроризмге жол ачууда. Ошентип мамлекеттер өз ичинен кыйроодо. Бардык нерсени жакшы жолдо же жаман жолдо колдонууга болот. Үйдө мындай көрсөтүүлөрдүн ордуна таалим-тарбияга, кругозорду кеңейтүүгө негизделген, адепти бузбай турган көрсөтүүлөргө орун берүү керек. Эне-а-

талар да буга кайдигер карабоолору керек, телевизор, интернет сыяктуу маалымат каражаттарын мыкты тандап, катуу көзөмөлгө алуу керек. Эне-аталар интернетти балдардын кабары болсун, үйрөнсүн деп кошуп беребиз. Ал эми интернетте жогоруда аталган коркунучтардын өтө көбү орун алган. Ден соолукка зыяндарынан тышкары баланын аң-сезимин уулоочу сайттар, оюндар, видеолор толуп жатат. Кээ бир үй-бүлөлөрдө таң атар менен кечке чейин телевизордун алдынан чыкпай отурган жаш балдар бар. Дарыгерлер тарабынан телевизор алдында көп отуруу денедеги мелатонин гармонунун азайып кетишине жол ача турганы, ал эми бул болсо өз кезегинде иммунитеттин начарлап кетүүсүнө жол ача тургандыгы эскертилүүдө. Ошондой эле балдардын телевизор алдында көп отуруусу мээнин жана дененин өсүшүн жайлатат. Коркунуч жана зулумдукка негизделген кинолор балдарды агрессиялуу болууга, негатив кылыктарга багыттайт. Мындай кинолорду балдардын көрүүсү руханий саламаттык жагынан да өтө зыяндуу. Ошондой эле коркунуч менен зордук-зомбулукка негизделген кинолор мектепке чейинки балдардын фантазиясын чектен тыш күчөтөт. 3-6 жаш арасындагы балдар үчүн булардын чындык эмес экенин түшүндүрүү өтө кыйын болот. Маселен, супермен фильмин көргөн бала өзүнүн да кинодогудай уча ала турганын ойлоп, кинодо көргөн адаттан тышкары кыймыл-аракеттерде барышы мүмкүн. Сак жүргөн кор болбойт демекчи, колубуздан келгенче өзүбүздү жана балдарыбызды бул коркунучтардан сактоого аракет кылышыбыз керек жана тарбиясына дыкат маани берип, чектен чыгарбашыбыз керек.

## Чоң жакшылык

Бир күнү бир киши үйүнүн эшигин ачканда полициялар турганын көрөт. Толкунданып:

-Бир нерсе керекпи? - деп сурайт. Комиссар:

-Үйүнүздү тоногон ууруну кармадык, - деп жооп берет.

Баягы киши бир аз туруп: "'Кана ичке кириниздер!" - деп четке чегинет. Баары бирге ичке кирет. Киши биринчи полициялар менен, анан жаш жигит менен кол алышып:

-Келгенинер кандай жакшы болду. Бул жигит менен тааныш-кым келип жүргөн эле, - дейт. Полициялардан бирөө:

-Бул жигит полиция кызматкери эмес, ал ууру,-деди.

-Ууру экенин билип турам, бирок, эми арызымды кайра алдым, -дейт. Баары таң калат. Конокторго чай, таттууларды койгондон кийин сөзүн улантты:

-Үйүм тонолуудан мурда түндүн бир оокумуна чейин отурганымдан таң намазына тура албай эмесмин. Канча кааласам да күнүнө Курани каримдин бир барагын да окууга убакыт таба алчу эмес элем. Окуган намаздарым да шашылгандыктан улам чала болчу. Бул жаш жигит мени ушул карангылыктан куткарды. Анткени, телевизорумду уурдаган эле, - дейт.

## ЭКИНЧИГЕ ҮЙЛӨНҮҮ

**Суроо:** Биринчи аялым экинчи аял алуума макул болбойт, эмне кылсам болот, шарият мындай жагдайда эмне дейт?

**Жооп:** Диний китептерде айтылуусу боюнча: “Төрткө чейин үйлөнүү важиб да эмес, жада калса, мандуб (мустахаб) да эмес. Бирден артык үйлөнүү динибиздин буйругу эмес. Ошондуктан, аялдар да аны кабыл кылууга, аны менен келишүүгө мажбур эмес.” **(Ниъмат-ул-ислам китеби)**

Бир эркектин экинчи аялга үйлөнүүсү үчүн биринчи аялдын укуктарын коргой турган материалдык жана моралдык шарттар бар. Экинчи аялдын да өзүнчө бөлөк укуктары бар. Ошол эки жактын шарттарын толук орундоого мүмкүнчүлүгү, алы жетпеген адамдын экинчи аялга үйлөнүүсүнө динибиз тыюу салган.

“Эч бир кажеттүүлүк, зарыл жагдай болбой туруп экинчи никеге туруп, биринчи аялды таарынтуу харам болот. Азыркы турмуштук шарттардын оордугу эске алынса экинчи аялга үйлөнүүнүн жаиз болбой чыгуусу да өтө ыктымал.” **(Баарына кажеттүү ыйман китеби)**

**Суроо:** Эки аялдын бири болууга көнбөсө талак кылууга болобу?

**Жооп:** Себепсиз аялын таарынтуу жаиз эмес.

**Суроо:** Эгер экинчи аял алууга биринчи аял көнбөсө эмне кылууга болот? Мен экинчи кишини абдан сүйөм, ага кетүүгө болобу, аялым уруксат бербесе дагы?

**Жооп:** Бир гана сүйүп калуунун өзү экинчи мындай турсун, биринчи жолу үйлөнүүгө да жетиштүү себеп боло албайт. Жүрөктүн

эркине койсо телевизордогу артисттерге да, айлана тегеректеги күйөөсү бар аялдарга да ашык болуп кала берет. Анын алдын алуу үчүн чоочун аяларды карабоого аракет кылуу зарыл.

Биринчи аял көнбөй турган болсо, уруксат бербесе экинчиге кетип калууңузтуура болбойт. Экинчи аялга үйлөнө алууңуз үчүн зарылдык, б.а., зарыл бир жагдай болушу керек. Бул биринчи аялдын жыныстык жактан жетишсиз болушу, төрөй албай турган болушу сыяктуу себептердин болуусу керек.

Эгер жогорудагыдай бир негиз бар болсо биринчи аялдын оозеки болсо да уруксатын алып, анын бардык аялдык укуктарын сактап үйлөнүүгө болот. Бирок, уруксат бербедиң деп талак кылуу жаиз эмес.

## ЖУБАЙЫН КЫЗГАНУУ

**Суроо:** Күйөөсү менен жубайынын бири-бирин кызгануусунун зыяны барбы?

**Жооп:** Кээ бир жерлерде кызганууну айып катары, артта калгандык сыяктуу көрсөтүүгө аракет кылынууда. Кызгануу, б.а., намысты коргоо үчүн белгилүү чектин ичинде кызгануу динибиздин буйругу.

Хадиси шарифте мындай деп айтылган:

**“Намыс маселесинде Аллаху тааладан да өткөн кызгана турган зат жок жана Ал ошол себептен фушхга** (арсыздыкка, уятсыздыкка) **тыюу салган.”** (Бухари)

**“Намысты коргоо кайраттуулугу ыймандан, ал эми аял-эркек аралаш бирге көңүл ачуулары эки жүздүүлүктөн.”** (Дайлами)

Намысын кызганбаган адам даййус деп аталат. Даййустар үчүн хадиси шарифтерде мындай деп айтылган:

**“Аллаху таала Бейишти жараткан кезде “Сараң сага кире албайт, даййус сенин жытыңды дагы жыттай албайт” деди.”** (Дайлами)

**“Ичкилик ичкен, эне-атасына каршы чыккан адамга жана даййуска Бейишке кирүү харам.”** (И. Ахмед)

Бул аталган чоң күнөөлөрдү жасаган адамдын кымындай да

ыйманы бар болсо күнөөлөрүнүн жасасын тарткан соң Бейишке кирет. Бирок, күнөөлөр адамды куфурга тарткандыктан бул күнөөлөрдү жасап жүрүү чоң жамандыкка жол ачат. Зыяндын кайсы жеринен артка кайтса ошонун өзү эле пайда. Мүмкүн болушунча эртерээк тообо кылып, күнөөлөрдөн баш тартуу керек. Тообо кылган адам эч качан күнөө кылбаган сыяктуу болот. Аялдын чөпөрөгүн кызгануусу да нормалдуу нерсе. Бирок, кызганычын жарыя кылып, белгилүү чектен ашып кетпөө керек. **"Аллаху таала кызганчаактыкты аялдарга жана согуш майданына чыгууну эркектерге жүктөдү. Аялдардан кимде-ким бул буйрукка ыйман келтирип сабыр кылса, шейит болгон мужахид сыяктуу сооп алат",** деген мааниде айтылган хадиси шарифде да аялдардын сабыр кылууларына ишара кылынган. Аялдын кызгануусу да керек, буга сабыр да кылуусу керек. Мына ушул чоң жанын аябастык эркектердин согушка аттануусу сыяктуу кабылданган.

**Суроо:** Гайур (кызганчаак) болуу менен хасад (көралбастык) кылуунун арасында кандай айырмачылык бар?

**Жооп:** Экөө тең элибизде "кызгануу" деп аталганы менен негизи булар эки бөлөк нерселер. Хасад – көралбастык, кызгануу деген сөз. Тактап айтканда, Аллаху таала тарабынан бирөөгө берилген жакшылыктын андан кетүүсүн каалоо деген сөз. Андан кетүүсүн каалабай, бир гана өзүндө да болуусун каалоо хасад болбойт. Бул - суктануу, кызыгуу деп аталат. Ушундай суктануу жакшы мүнөзгө жатат. Ислам дининин өкүмдөрүнө, б.а., фарздарды орундоого жана харамдардан сактанууга маани берген салих адамга суктануу важиб болуп саналат. Дүнүйөлүк жакшылыктар үчүн суктануу танзихан макрух болот. Бирөөндөгү жаман, зыяндуу нерсенин кетүүсүн каалоо кайраттуулук болот. Кайраттуулук кылган адам гайур деп аталат. Кайраттуулук – бир адамда болгон өз акысына, анын башка бирөөнү шерик кылууну каалабоо деген сөз. Бизде намысын, жубайын кызгануу дегенде ошол мүнөз түшүнүлөт. Хадиси шарифте мындай делген:

**"Момун кызганат. Ал эми Аллаху таала андан да катуураак кызганат."** (Муслим)

**"Намысты коргоого деген кайраттулук ыймандан."** (Дайлами)

Аллаху тааланын кайраттуулугу - пендесинин жаман амалдарды жасоосуна ыраазы болбоо. Адамдын Аллаху таалага кайраттуулук көрсөтүүсү – харам бир нерсенин кылынуусун каалабоо аркылуу ишке ашат.

Юсуф алейхиссаламдын “Султандын жанында менин атымды айт!” деп айтуусу Аллаху тааланын кайраттулугуна тийип, жылдар бою абакта калуусуна себеп болду. Ибрахим алейхиссаламдын баласы Исмаилдин дүнүйөгө келүүсүнө кубангандыгы да Аллаху тааланын кайраттулугуна тийип, аны курмандыкка чалуусу буйрук кылынды. Аллаху тааланын катуу жакшы көргөн сүйүктүүлөрүнө, кээ бир олуяларга ошондой кайраттулук кылуусу көп жерде орун алган.

## НИКЕНИ ЖАҢЫРТУУ

**Суроо:** Нике кандайча жаңыртылат?

**Жооп:** Нике жаңыртуу бул жаңыдан нике кыйуу дегенди билдирет. Муну бир мечиттин имамынын көз салуусу менен кылуунун кереги жок. Жалгыз биринин никени жаңыртуусу жетиштүү эмес. Эркек менен аялынын эки эркек же бир эркек менен эки аял күбөнүн жанында никени жаңыртуулары керек. Жеңилдик болуусу үчүн никесин жаңылоо үчүн аялынан вакалат (өкүлдүк) алуусу керек.

Никени жаңыртуу үчүн аялынан өкүлдүк алгандан кийин эки эркек күбөнүн жанында**“Дайым никелүү болгон аялымды анын тарабынан өкүлү катары жана мен тараптан асыл катары аны өзүм өзүмө нике кылдым”** десе, нике жаңыланган болот. Эгер мурунку нике сахих (туура) болбогон болсо бул нике сахих болот. Эркек аялынан өкүлдүк албастан өз алдынча күбөлөрдүн алдында нике жаңырта албайт.

Аялдын нике жаңыртуу үчүн күйөөсүнө **“Никебизди жаңыртуу үчүн сени өкүл кылдым”** деп айтуусу жетиштүү болот. Өкүлдүктөн чыгармайынча өмүр бою бул өкүлдүк жарактуу болуп саналат. Өкүлдүк берип жатканда күбө кажет эмес.

Аялынан өкүлдүк алып **таждиди иман** (ыйман жаңыртуу) жана **таждиди никах** (нике жаңыртуу)дубасын фасык болсо дагы

эки мусулман күбөнүн жанында окуса, ал эки киши дагы бул дубанын нике жаңыртуу дубасы экендигин билсе, бул учурда да нике жаңыланган болот. Эки эркек же бир эркек менен эки аял күбө болбостон бир гана бул дубаны окуу менен нике жаңыртылбайт.

Эркек же аял күбөлөрдүн мусулман, акылдуу, балагат жашына жеткен болуулары шарт. Никеси жаңыртыла турчу эркек жана аялды таануулары да керек. Чоң ата, чоң эне, ата, эне, атасынын ага-иниси, атасынын эже-карындашы, таеке, таеже, бала, небере, бир тууган, жээн дагы күбө боло алат.

Мечитте имам ыйман жана нике жаңыртуу дубасын жамаат менен бирге окуса, жамааттагы адамдар бири-бирине күбө болуп, никелери да жаңырган болот.

Ыйманды жаңыртуу жана никени жаңыртуу дубасы мындай:

**“Аллахумма инни уриду ан ужаддидал имана ванникаха таждидан би кавли ла илаха иллаллах Мухаммадун Расулуллах.”**

### Өкүлдүк менен нике жаңыртуу

**Суроо:** Никедеги аял-күйөөнүн экөөнүн тең өкүлдүгүн алган адам алар жок кезде никелерин кантип жаңырта алат?

**Жооп:** Нике жаңыртуу бул жаңыдан нике кыюу дегенди билдирет. Өкүл никелери жаңыртыла турчу аял менен эркекти тааныган эки эркек мусулман күбөнүн жанында “Өкүлү мен болгон баланча аялды, өкүлү болгон баланча адамга үйлөндүрдүм” десе никелери жаңырган, б.а., жаңыдан никелери кыйылган болот.

# МУТА НИКЕ ХАРАМ

**Суроо:** Динибизде мута нике барбы?

**Жооп:** Мута нике төрт мазхабда тең харам. Мута нике – бир аялга күбөлөрсүз, белгилүү өлчөмдө акча берип, белгилүү бир убакытка чейин бирге жашоого келишим жасоо дегенди билдирет. Мута никенин харам экендиги тууралуу бардык аалымдардын арасында ооз бирдиги бар экендиги **Мизанул кубра** жана **Ибн Абидин** китептеринде жазылган.

Имам Табарани мындай деп билдирген:

Абдуллах ибн Аббас: "Мута нике мурда халал болчу. Бирок, **"Энелериңер силерге харам"** деген маанидеги аяти карима келген соң харам кылынды. Муминун сүрөсүнүн **"Бир гана аялдарыңар жана ээ болгон күңүңөр халал" деген** маанидеги аяти карима мута никенин харам кылынганын тастыктап билдирип турат. Анткени, бул аяттан бир гана аялдары менен күндөрү халал болуп, башкалардын харам болгону түшүнүлөт", - деген.

Мута никенин харам экендигинХазрети Али жана көптөгөн сахабалар билдирген. Бухари шариф китебиде "Хазрети Али Абдуллах ибн Аббаска: "Расулуллах Хайбар согушунда мута никеге жана эшек этине тыюу салды" деп айтканы жазылган. Мындан сырткары Муслим шариф китебинде жана Ибн Мажа китебинде Пайгамбарыбыздын **"Эй, мусулмандар! Аялдар менен мута нике кылууга уруксат берген болчумун. Бирок, муну азыр Аллаху таала харам кылды. Кимдин жанында мындай аял бар болсо, аны коё берсин жана ага берген мүлкүн кайтарып албасын!"** деп буюруганын жазган.

Бардык тафсирлер менен фыкх китептеринде мындай деп айтылат: Ниса сүрөсү, 24-аятынын **"Истимта кылган** (колдонгон) **аялдарыңардын акыларын төлөгүлө"** деген маанидеги аят мута нике үчүн эмес. Никедеги махр акчасын берүү үчүн. Мисалы, Байдави тафсири жана мунун хашиясы (түшүндүрмөсү) болгон Шейхзада тафсиринин экинчи томунун 26-бетинде жогоруда айтылган аяттын тафсирин мындай деп жазган:

"Бул аяти карима сахих болгон никени билдирүүдө. Мута никенин мубах экенин көрсөтпөйт. Махр акчасын гана буйрук кылууда. Мута нике мурда мубах болчу. Кийин ага тыюу салынган.

Исламда белгилүү бир убакыт үчүн нике кыйдыруу деген нерсе жок.”

Эки хадиси шарифте мындай делген:

**“Аялдарды убактылуу никелөө харам. Аллахга харамдарды халал деп эсептегендерден да артык душман жок.”** (Ибни Кани)

**“Мута нике харам.”** (Бухари, Муслим, Тирмизи)

## ЭНЕ-АТАНЫН БАЛА АЛДЫДАГЫ МИЛДЕТТЕРИ

**Суроо:** Баланын эне-атасында болгон акылары кандай?

**Жооп:** Бир канчасы төмөндөгүдөй:

**1)** Келечекте бала энеси менен жамандалбашы үчүн балага эне боло турчу кызды жакшы жерден тандоо керек. Салиха кыз болуусуна чоң маани берүү керек!

**2)** Балага жакшы ат коюу керек! Хадиси шарифте: **“Балага жакшы ат коюу – перзенттин атасындагы акыларынан”,** -делген. (Байхаки)

Ахмед, Мухаммед, Махмуд сыяктуу сүйүктүү Пайгамбарыбыздын аттарын коюу керек. Аллаху таала: **“Сүйүктүүмдүн атында болгон мусулманга азап берүүгө уяламын”** – деген. Пайгамбарыбыз да: **“Үч уулу болуп, бирөөнө менин атымды бербеген адам наадандык кылган болот”,** –деген. (Табарани)

**3)** Балага жакшы тарбия берүү керек! Хадиси шарифтерде мындай деп айтылган:

**“Балага жакшы тарбия берүү - баланын атасындагы акыларынан.”** (Байхаки)

**“Балдарыңарга жакшылык кылгыла, аларды адептүү, тарбиялуу кылып өстүргүлө!”** (Ибни Мажа)

**“Баланы тарбиялоо - неберелерге садага берүүдөн да артык сооп.”** (Тирмизи)

**4)** Балага мээримдүү мамиле кылуу керек! Сүйүктүү Пайгамбарыбыз небересин эркелетип өпкөн кезде бирөө көрүп: “Йа, Расулаллах! Менин он балам бар. Бирок, эч бирин эркелетип өппөймүн”, - –деди. Ага: **“Мээримдүүлүк кылбаган мээримдүүлүк көрө албайт”,**– деп жооп берди. (Бухари)

Хадиси шарифтерде мындай делген:

**“Балдарыңарды көп өөп-эркелеткиле, ар өпкөнүңөрдө Бейиштеги даражаңар көтөрүлөт.”** (Тирмизи)

**“Баланын жыты – Бейиштин жыты.”** (Табарани)

**5)** Балага баддуба (каргыш) айтпоо керек. Хазрети Ибни Мубарак баласын арызданып келген адамга: “Балаңа баддуба кылдың беле?” – деп сурайт. “Ооба”, - деп жооп бергенде: “Анда балаңдын мүнөзүн өзүң бузуптурсуң!” – дейт.

**6)** Бала-чакага жакшылык кылуу керек! Хадиси шарифте мындай делген:

**“Бала-чакаңарга жакшылык кылгыла, эне-атаңардын силерде акысы болгондугу сыяктуу балдарыңардын да силерде акылары бар.”** (Табарани)

**7)** Балдарды халал тамак менен тамактандыруу керек! Харам тамактын таасири баланын тарбиясын бузат, балада бузук кылыктардын пайда болуусуна себеп болот. Хадиси шарифте: **“Жеп-ичкениңер халал, таза болсун! Балдарыңар ошолордон калыптанат!”** – деп айтылган. (Риядун-Насихин)

**8)** Атанын баласына илим, адеп жана кесип үйрөтүүсү - фарз. Алгач Курани карим окууну үйрөтүү керек. Анан ыймандын жана исламдын шарттарын үйрөтүү керек. Жети жашынан баштап намаз окууга көндүрүү керек. Дүнүйөдө жана акыретте кутулуу илим аркылуу жүзөгө ашат. Балага дин илимдерин үйрөткөн соң окууга жиберүү керек, колледж жана университетте окутуу керек. Динин үйрөнбөстөн мектепке жиберилсе, кийин буларды үйрөнүү үчүн бош убакыт таба албайт. Дин душмандарынын тузактарына түшүп, алардын жалгандарына алданып калат. Динсиз жана исламий адеби жок болуп чоңойот. Дүнүйө менен акыретте жамандыктарга дуушар болот. Өзүнө жана башкаларга жасаган жамандыктарынын күнөөсү эне-атага да жазылат. Баласына дин илимдерин үйрөтпөй туруп динсиз жана башка дин өкүлдөрүнүн мектептерине жиберүүнүн зыяндарынын чоңдугу **Иршад-ул хияра** китебинде баяндалган.

**9)** Бала балагат жашына келгенде жубай таап, үйлөнгөн соң ага мындай деп айтуу керек:

**“Балам, сага тарбия бердим. Окуттум, үйлөнттүм. Дүнүйөдө жамандыкка дуушар болбооң үчүн жана акыретте азапка учурабооң үчүн Аллаху таалага сыйынамын. Акыл-эсиңди**

**жыйнап, ушул айткандарыма ылайык жашооңду иретте!”** (И. Хиббан)

**10)** Хазрети Ахнеф бин Каис айтат:

“Бала-чака үчүн кыйынчылыктарга чыдоо керек, алардын буттарынын астында жумшак жер, баштарынын үстүндө көлөкө болуубуз керек! Аларга карата катаал болбойлу, бизден алысташпасын. Бизден тажап, өлүмүбүздү күтүшпөсүн. Туура каалоолорун орундап, ачуулуу, кайгылуу кездеринде сооротууга аракет кылышыбыз керек!”

**11)** Балдардын арасында адилеттүүлүккө маани берүү керек. Хадиси шарифте мындай делген:

**“Белек бере турган кезде балдарыңардын арасында теңдикке маани бергиле!”** (Табарани)

**12)** Хазрети Фудайл бин Ияд мындай деген:

“Эне-атасына жакшылык кылган, тууган-уруктары менен байланышын үзбөгөн, дин бир тууганы менен сыйлашып, көмөкчү болгон, бала-чакасы менен, кызматкерлери менен жакшы карым-катнашта болгон, динин коргогон, мал-мүлкүн жакшы жерлерге жумшаган, тилин тыйып, көздөрүн харамдардан сактаган, орунсуз иштерден оолак болгон жана Раббине ибадат кылган адам бактылуулукка жеткендерден.”

**13)** Балага ал орундай албай турган нерселерди буйрук кылбаш керек. Мындай буйруктарды айтып, баланы багынбоочулукка түртпөө керек. Бир салих киши уулунан эч нерсе сурачу эмес. Себеби суралганда: “Бир нерсени орундоосун талап кылган кезимде уулумдун мага каршы чыгуусунан корком. Каршы чыга турган болсо Тозокко татыктуу болот. А мен болсом уулумдун Тозок отунда күйүүсүнө ыраазы боло албайм,” – деген экен. Хадиси шарифте: **“Бактылуу болуунун белгилери мына ушулар: Салиха түгөй, айтканына баш ийүүчү бала-чака, салих, адал дос”,** –делген. (Хаким)

### Перзенттин да акысы бар

Бир киши Хазрети Омарга келип, баласы тууралуу даттанат. Хазрети Омар бул кишинин баласына айтат:

- Ыймандан кийинки биринчи милдетибиз - эне-атабызды таарынтпоо. Алар канчалык жаман болушса да бардык нерседен

жогору турган акылары бар. Аларды капаланткан адамдын ибадаттары кабыл болбойт. Мусулман болуп дүйнөгө келишибизге жана мусулман болуп жетилүүбүзгө себепкер болгон эне-атабызды капалантсак Бейишке кантип киребиз? Алар бизди урушса да жалынып-жалбарып алардын көңүлдөрүн алышыбыз керек. Мусулман эне-атабыз бизге ыраазы болмоюнча Аллаху тааланын сүйүктүү кулу болуу өтө кыйын.

- Эй, Эмир-ул муминин! Айткандарыңызды толук кабыл кыламын. Бирок, баланын эне-атасында эч кандай акысы жокпу?

- Ооба, баланын да акысы бар. Үйлөнө турган кезинде баласына кызды же аялды жакшы үй-бүлөдөн тандоо, баласына жакшы ат коюу жана динин үйрөтүү керек.

Бала Хазрети Омарга мындай деп жооп берди:

- Атам мага эч кандай тарбия берген жок. Ал эми энем кара тектүү мажусинин (отко табынуучунун) кызы болчу. Атымды "Кара коңуз" деп койгон. Аллаху тааланын китебинен бир тамга болсо да үйрөткөн эмес. Тилекке каршы диним тууралуу эч нерсе билбейм.

Ошондо Хазрети Омар баланын атасын карап:

- Мага келип уулуң тууралуу даттанып жатасың. А негизи сен анын акысын жеген экенсиң. Ал сага жамандык кылуудан мурда сен ага өзүң жамандык кылган экенсиң, - дейт.

**Суроо:** Кээ бир адамдар: "Бала диний сабактарды мектепти бүтүргөн соң гана, жада калса, университеттен кийин үйрөнүү керек. Андан мурда үйрөнө турган болсо акыл-эсинен айнып кетет. Жаратылыш таануу илимдерин үйрөнүүсү жана ага ишенүүсү кыйын болот," – деп айтышат. Ошондо балдарга кичине жашта динди үйрөтүүнүн кереги жокпу?

**Жооп:** Жаратылыш таануу илимдери диний илимдерден бөлөк эмес. Жаратылыш илимдери ансыз деле Ислам илимдеринин бир тармагы. Ислам илимдерин үйрөнгөн адам жаратылыш таануу илимдерин да үйрөнөт. Ар бир мусулман бала-чакасына жана кол астындагыларга динин үйрөтүүгө милдеттүү. Бир хадиси шарифте мындай делген:

**"Баарыңар бир үйүрдүн чабаны сыяктуусуңар. Чабан үйүрүн коргогону сыяктуу силер да үй-бүлөңөрдү жана кол астыңарда болгон адамдарды Тозоктон коргошуңар керек!**

**Аларга мусулманчылыкты үйрөтпөсөңөр алар үчүн жоопкер болосуңар!”** (Муслим)

Бир аяти каримада мындай мааниде айтылган:

**“Эй, ыйман келтиргендер! Отуну адам жана таш болгон Тозок отунан өзүңөрдү жана бала-чакаңарды коргогула!”** (Тахрим сүрөсү, 6)

Жакшылыкка да, жамандыкка да себепкер болгондор жасалган амалга шерик болот. Хадиси шарифте мындай делген:

**“Динибизде жакшы жол ачкан адам аны менен амал кылгандар сыяктуу соопко ээ болот, алардын сообу бир да кемибейт. Ал эми кимде-ким динибизде жаман жол ача турган болсо аны менен жүргөндөрдүн күнөөсү ага да берилет. Жаман жолдогулардын күнөөсү бир да кемибейт.”** (Муслим)

**“Жакшылыкка жол көрсөткөн, себепкер болгон адам ошол амалды орундагандай соопко ээ болот.”** (Табарани)

**“Бир мусулман перзенти ибадат кылган кезде алган сообунун өлчөмүндө атасына да сооп берилет. Ал эми кимдеким баласына динди үйрөтпөй, күнөө болгон нерселерди үйрөтө турган болсо бул перзенти канчалык күнөө кылса атасына да ошончолук күнөө жазылат.”** (С. Эбедиййе)

“Баланы жашынан” жана “Бала тарбиясы бешиктен” делген сыяктуу ата-бабаларыбыздын акылман сөздөрү белгилүү. Ар нерсе өз убагында жасалат. Бир хадиси шарифте мындай деп айтылган: **“Бала кезде үйрөнүлгөн нерсе таштын үстүнө оюп жазылган жазуу сыяктуу калат. Ал эми карыганда үйрөнүлгөн нерсе суунун үстүнө жазылган нерсеге окшош.”** (Хатиб)

Андай болсо, эң алгач бала-чакабызга динибиздин буйруктары менен тыюуларын жана Курани каримди үйрөтүшүбүз керек. Эртеңки күнгө калтырууга болбойт. **“Халакал мусаввифун”** деген хадиси шариф бар. Мааниси **“Кайырлуу иштерди дароо орундагыла! Эртенки күнгө калтырбагыла, антпесе куруйсуңар”** дегенди билдирет. Кайырлуу иштердин биринчиси жана эң маанилүүсү - бала-чакага Ислам динин үйрөтүү. Ар бир мусулман ушул биринчи милдетти дароо орундоосу, эртенки күнгө калтырбашы керек.

## Алма жана Имам Азамдын атасы

Шемседдин Сивасинин “Менакых-и Имам Аъзам” аттуу эмгегинде мындай жазылган:

Имам Азамдын атасы Сабит (рахметуллахи алейх) кичине жашынан тарта ахлагы таза, такыбаалуу зат болгон. Жүзү абдан нурдуу болуп, диндарлыгы жана илими өтө жогору болгон.

Бир күнү бир дайранын жээгинде даарат алып жаткан эле. Сууда бир алманы көрөт. Даарат алып болуп, сууда чирип кете турчу бул алманы алып жейт. Бирок, түкүрүгүндө кан көрөт. Бул убакка чейин мындай абалга туш келбегендиктен түкүрүгүндөгү кандын ушул жеген алмадан улам болгондугун божомолдойт. Жегенине өкүнөт. Алманын ээсин таап, кечирим сурап ыраазылыгын алуу үчүн дайраны бойлоп басат. Акыры барып жеген алмага окшогон алма бакка туш келет. Ээсин сурайт. Бул заттын абдан жоомарт, жакшылыктуу адам экендигин, жада калса, бактагы алмаларды түгөл жыйнап алып кетсе да эч нерсе дебей тургандыгын, бир алма үчүн убара тартуунун мааниси жоктугун айтышат. Буга карабастан Сабит (рахметуллахи алейх)  алманын ээсин табат, окуяны түшүндүрүп же акчасын алуусун, же акысын адал кылып, ыраазы болуусун суранат.

Алма бактын ээси бул жаш жигиттин абалын карап, такыбаалыгынын чын-жалганын билиш үчүн мындай дейт:

- Жеген алмаң үчүн эмне бересиң?

- Алтын-күмүш, эмнем болсо берейин.

- Мен алтын-күмүш каалабайм, бирок, эгер Кыяматта сага доочу болуумду каалабасаң сага бир сунушум бар, аны кабыл кылышың керек.

- Сунушуң эмне?

- Орундай турган болсоң айтайын…

- Исламиятка туура келсе орундай алам.

- Сокур, дүлөй, тилсиз жана колу-буту шал болгон бир кызым бар, ага үйлөнүүгө макулдук берсең ошондо гана бул алманы сага адал кылам.

Сабит хазреттери акыретке кул акысы менен кетпеш үчүн бул сунушту кабыл кылат. Нике той даярдыктары көрүлөт. Сабит хазреттери биринчи түнү бөлмөгө киргени менен чыкканы бир болот. Дароо кайын атасына жүгүрүп барып: “Ата, бул жерде бир

жаңылыштык бар сыяктуу, бөлмөдө сиз айткан сыпаттагы кыз эмес таптакыр башка бири отурат!" - дейт. Кайын атасы күлүмсүрөп: "Балам, ал менин кызым, сага адал болгон кыз. Мен сага аны сокур деп айткан болсом, ал эч качан арам нерсе көргөн эмес. Дүлөй деген болсом, ал эч качан арам нерсе уккан эмес. Тилсиз деген болсом, ал эч качан арам нерселерди сүйлөгөн эмес. Шал деген болсом, ал эч качан арам жерлерге барган эмес. Бар эми адал жубайыңдын жанына бар, Аллаху таала мубарек жана бактылуу кылсын."

Мына ушул үйлөнүүдөн, б.а., ушундай эне-атадан Имам Азам Абу Ханифа дүнүйөгө келген...

## Диний билимдин мааниси

Ибрахим Гулшани хазреттери бир күнү шакирттери менен сукбатташып отурган болчу. Шакирттеринин бири мындай деп сурады:

- Устазым! Аллаху тааланын ырайымдуулугу менен көрдө жаткан өлүктөрдүн азапта же ниматтардын ичинде экендигин билүүгө болобу? Дуба кылуу аркылуу булардын азабын токтотууга болобу?

Ибрахим Гулшани хазреттери мындай деп жооп берди:

- Аллаху тааланын сүйгөн кулдарынын бири бир кабырды караган кезинде кабырдагы адамдын азап ичинде болгонун көрөт. Арадан бираз убакыт өтүп, таважжух кылып, дагы караган кезинде азаптын токтогонун байкайт. Таң калып, ойго чөмүлүп кетет. Ошол кезде бир үн угулат. **"Бул кабырда жаткан адамдын жаш баласы бар болчу. Энеси ал баланы илим үйрөнүүгө жиберди. Бала: "Бисмиллахиррахманиррахим" сөзүн үйрөнгөн кезинде ошол сөздүн урматына атасынын азабы токтотулду."**

# БАЛА ТАРБИЯСЫ

Суроо: Баланы кантип тарбиялоо керек?

Жооп: Бала – эне-атанын колундагы аманат. Алардын жүрөктөрү таза, гаухар сыяктуу баалуу. Бала кичинекей тал чыбык сыяктуу ийилчээк болот. Каалаган формага салууга болот. Түшүмдү көп берүүчү топуракка окшош. Мындай топуракка эмне тиксең анын түшүмүн аласың. Ошондуктан, бала эмнеге багытталса ошол боюнча багыт алат, ошол боюнча өсүп-жетилет. Уяда эмне көрсө учуп чыкканда ошону кылат. Балдарга ыйман, Курани карим жана Аллаху тааланын буйруктарын үйрөтүп, ошону менен жүрүүгө даярдалса дин жана дүнүйө бактысына ээ болот. Бул бакытка, соопко эне-атасы, устазы да шерик болот. Эгер балага буларды үйрөтпөй турган болсо жана буларды адатка айландырбаса ал бала бактысыз болот. Ар бир жасаган жамандыктарынын күнөөсү эне-атасына, устазына да жазылат.

Мусулман киши өз кол астындагылар үчүн жоопкер болот. Хадиси шарифтерде мындай делген:

**“Баарыңар бир үйүрдүн чабаны сыяктуусуңар. Чабан үйүрүн коргогон сыяктуу силер да үй-бүлөңөрдү жана кол астыңарда болгон адамдарды Тозоктон коргошуңар керек! Аларга мусулманчылыкты үйрөтпөсөңөр алар үчүн жоопкер болосуңар!” (Муслим)**

**“Балдарына Курани карим үйрөткөндөргө же Курани карим устазына бергендерге үйрөтүлгөн Курани каримдин ар бир тамгасы үчүн ыйык Каабаны 10 жолу зиярат кылгандын сообу берилет жана Кыямат күнү башына дөөлөт таажы кийгизилет. Адамдардын бардыгы аны көрүп сукtанышат.” (С. Эбедиййе)**

**“Көпчүлүк мусулман балдар атасынын айынан Вайл аттуу Тозокко түшүшөт. Анткени, булардын аталары бир гана акча табуу жана көңүл көтөрүү кумарына берилип, бир гана дүйнөлүк иштердин артынан кубалап, балдарына мусулманчылыкты жана Курани каримди үйрөтүшпөйт. Мен мындай эркектерден узакмын. Алар да менден узак. Балдарына** динин үйрөтпөгөндөр Тозокко түшүшөт.” (С. Эбедиййе)

Өзүнүн кылуусу харам болгон нерсени баласына жасаткан адам күнөө кылган болот. Балдарына арак ичирген, кумар оюндарын ойноткон, уятсыз басылмаларды окуусуна себеп болгон, жалган, уурулук сыяктуу жаман мүнөздөргө көндүргөн, кыбылага каршы бутун созуп отуруусуна себеп болгон адам күнөө кылган болот. Динибиздин негизи – ыйманды, фарздар менен харамдарды үйрөнүү жана үйрөтүү. Аллаху таала пайгамбарларды ошол үчүн жиберген. Жаштарга ушулар үйрөтүлбөй турган болсо Ислам кыйрайт, жок болот. Аллаху таала мусулмандарга амри маруф кылууну буюрган. Тактап айтканда, Менин буйруктарымды үйрөткүлө деген. Жана нахйи мункар кылууну да буйрук кылып, тыюу салган нерселердин (харамдардын) жасалуусуна макул болбообузду каалаган. Курани каримде "Тахрим" сүрөсүнүн 6-аятында: "Эй момундар! Өзүңөрдү жана үй-бүлөңөрдү Тозоктун отунан коргогула!" - деп буюрулган.

Курани каримде өзүбүздү жана үй-бүлөбүздү отуну адамдар менен таштардан куралган тозок отунан коргошубуз буйрук кылынган. Элүү-жүз жылдык кыска өмүрүбүздө бала-чакабызды дүнүйөлүк жамандыктардан коргоо үчүн канчалык аракет кылып жаткан болсок, түбөлүк жамандыктарга дуушар кылбоо үчүн да акыретин дал ошондой коргошубуз керек. Атанын баласын Тозок отунан сактоосу дүнүйөдөгү оттон сактоодон да маанилүүрөк. Тозок отунан коргоо ыйман, фарз, харамдарды үйрөтүү аркылуу ибадат кылууга көндүрүү жана жаман достордон, зыяндуу басылмалардан коргоо аркылуу жүзөгө ашат.

Бардык жамандыктардын башы – жаман дос. Жаман дос баланын орой, жалганчы, ууру жана адепсиз болуусуна себеп болот. Мындай жаман мүнөздөргө чалдыккандар көп жылдар бою жаман мүнөзүнөн кутула албайт.

Баладан жакшы сапаттарын, жакшы иш-аракеттерин көргөн кезде аны мактоо, сыйлык берүү керек. Кээде адамдардын көзүнчө мактоо керек. "Менин уулум ошентти" деген сыяктуу сөздөр менен жакшылыкка шыктандыруу керек. Орунсуз иштерди кылса же бир жаман сөз айтса, бир нече жолу көрбөгөндөй болуу. "Андай кылба!" - деп айтпоо керек, урушпоо керек. Дайым эне-атасы урушкан балдар тартынып, жашыруун кылып жүргөн иштерин ашкере кыла баштайт. Кылган жаман иштеринин зыянын балага жумшак

тил менен түшүндүрүү керек, эскертүү керек! Кылынган иш динге каршы болсоал иштин зыянын, жамандыгын жана натыйжасын түшүндүрүп, андай жаман ишке тоскоол болуу керек.

Ата өзүн ата экенин, үстөмдүгүн билдирүү керек. Эне баласын атасы менен коркутууга тийиш.

Баланын талыгып калбашы үчүн күнүнө белгилүү бир убакыт ойноосуна уруксат берүү керек. Талыгуудан жана таарынуудан жаман мүнөздөр пайда болот жана адамдын көңүлү жүдөйт. Баланын эч кимден акча суроосуна уруксат бербөө керек. Көп сүйлөбөгөндү, улууларга сый-урмат көрсөтүүнү үйрөтүү керек. Жакшы адамдардын жакшылыктары тууралуу айтып берип, ошолор сыяктуу болууга аракет кылуу керек экенин жана жаман адамдардын жамандыктары тууралуу айтып, андай болбоо керек экендигин  үйрөтүү керек.

Баланын ар каалаган нерсесин алып берүү жана өтө жакшы, салтанаттуу өмүр сүрүүсүн камсыз кылып берүү туура эмес. Анткени, бала чоңойгон кезде да ар каалаганына ээ боло алам деп ойлоп, ага умтулула бере турган болот, ал эми бир каалоосу ишке ашпай калган кезде жашоого таарынып, кыялдары таш каап, эч кимди тыңдабай турган кулаксыз жамандыкка айланат. Өзүбүз халал тамак жегенибиз сыяктуу балдарыбызга да халал тамак беришибиз керек. Харам менен азыктанган баланын денеси нажис аралаштырып даярдалган камырдай болот. Мындай балдар жамандыкка, опаасыздыкка жакын болушат.

Балага ысырап кылбоону, канаатчыл болууну үйрөтүү керек. Кээде кургак нан менен деле жашоого көндүрүү керек. Жаман жерлерге баруусуна жол бербөө керек. Бала жаман адамдар менен бирге жүрсө адепсиздик менен уятсыздыкты, жалган айтууну үйрөнөт.

Ата дайым катуу болбошу керек, ашыкча да көп эркелетип жибербөөсү керек. Сүйлөгөндө айбаттуулугун сакташы керек. Балага атасынын байлыгы, чини менен мактанбоосун эскертүү керек. Карапайым жана сыпайы болууну үйрөтүү керек. Башка бирөөдөн бир нерсе алуунун уят экенин, берген колдун алган колдон жакшыраак экенин түшүндүрүү керек! Сараңдыктын жаман мүнөз экенин үйрөтүү керек!

Башка адамдардын алдында адептүүлүк сактоону, бутту

учкаштырып отурбоону, орунсуз иш-аракеттерден оолак болуу керектигин айтуу керек.

Баланы көп сүйлөбөгөнгө үйрөтүү керек. Көп сөздүн уятсыздыкка жол ача турганын, келжиректиктин жаман мүнөз экенин айтуу керек. Бала эртедир-кечтир баары бир сүйлөгөндү үйрөнөт. Максат – ага керектүү кезде унчукпоо жана улуулардын сөзүн тыңдоону үйрөтүү.

Туура болсо дагы көп ат берүүгө уруксат бербөө керек. Барга да, жокко да тынбай ант берүү жаман адат. Улууларга урмат көрсөтүүнүн, аларга орун берүүнүн жана бардык адамдар менен жакшы мамиледе болуунун маанилүүлүгүн түшүндүрүү керек.

Баланы жаш кезинен баштап намазга адаттандыруу керек. Болбосо чоңойгон кезинде намаз окуу кыйын болушу мүмкүн. Башканын мал-мүлкүн тартып алууну, жалган сүйлөөнү, харам нерсе жешти анын көзүнчө жаман, жийиркеничтүү кылып түшүндүрүү керек. Ушундай тарбия менен чоңойтуп, балагат жашына толгон кезде бул адептердин өзгөчөлүктөрүн, маанилүүлүктөрүн үйрөтүү зарыл.

Ар бир ишти көнүмүш катары эмес, жакшы ниет менен, чын көнүл менен, ыкылас менен жасоо керектигин түшүндүрүү керек. Мисалы, жеп-ичүүдөн максат – кулдун Раббисине ибадат кылуусу үчүн, адамдарга, мекенине, элине пайдалуу кызматтарды кыла алуу үчүн, адамдардын бактысы үчүн эмгектенүү үчүн экендигин түшүндүрүү керек. Дүнүйөдөн максат - акырет үчүн азык жыйноо экенин, дүнүйөнүн эч кимге калбай турганын, өлүмдүн капыстан, күтпөгөн жерден келе турганын айтуу керек. “Дүнүйөдө акыреттик азыгын жыйнап, Бейишке жана Аллаху таалага жеткен адам кандай гана бактылуу адам!” - деш керек. Кичине кезинен ушинтип тарбия көргөн баланын кул-мүнөзү ташка оюп жазылган жазуу сыяктуу сакталып калат жана оңой менен өчпөйт.

Пайгамбарыбыз мындай деп айткан: **“Бардык балдар мусулмандыкка ылайыктуу болуп туулушат. Кийин аларды эне-аталары христиан, яхуди жана динсиз кылышат.”** (Табарани)

Хадиси шарифте мусулмандыктын адамдын аң-сезиминде орноп калыптануусу же жоюлуусунда балалык, жаштык кезиндеги

аткарыла турган иштердин маанилүүлүгү билдирилүүдө. Андай болсо, ар бир мусулмандын биринчи милдети – баласына Ислам динин жана Курани каримди үйрөтүү. Бала деген ниматтын кадыры билинбесеколдон кетет. Ошондуктан, “педагогика”, б.а., бала тарбиясы өтө баалуу илим болуп саналат.

Ислам динине каршы болгондор ошол маанилүү маселени жакшы түшүнгөндүктөн “Биздин эң башкы максатыбыз жаштарды колго түшүрүү. Мусулман балдарды динсиз кылып өстүрүшүбүз керек” дешет. Ислам динин жоюу үчүн жана Аллаху тааланын буйруктарынын үйрөтүлбөөсү жана орундалбоосу үчүн: “Балдарга диний таалим берүү, аларга белгилүү бир динди үйрөтүү туура эмес. Бала чоңойгондон кийин өзү изилдеп, кайсы ишенимди жактырса ошону тандасын”, - деп айтып жатышат.

Миссионерлер мусулман элдерде мындай пикирлерди жайып жатканы менен, өз элдеринде өз балдарын туулган кезинен баштап чиркөөгө алып барып, диний иш-чараларга катыштырышат. Бүгүн бардык христиан мамлекеттерде бир бала туулганда ага дароо өз диндерине ылайык чокунтуу иш-чаралары жүргүзүлүүдө. Мектеп окуучулары улутуна карабай, милдеттүү түрдө аптасына бир жолу чиркөөлөргө алып барылууда. Бардык жаштагы адамдарга христиандыкты үгүттөө иштери активдүү түрдө аткарылууда. Мусулмандардын да ыймандарын уурдоо, диндерин жоюу, аларды башка диндерге киргизүү үчүн Ислам мамлекеттерине тонналаган китеп, брошюра жана кассеталар жиберилүүдө.

Андай болсо, мусулмандар дин душмандарынынкуулуктарына, жалгандарына алданып калбашы керек. Балдарыбызга ээ болушубуз керек. Аларга ээ болушубуз - динибиздин буйруктарына ылайык чоңойтуубуз деген сөз. Кулк-мүнөздү өзгөртүү мүмкүн болгондуктан Пайгамбарыбыз: **“Мүнөзүңөрдү жакшырткыла!”** -деп буюрган. Ансыз деле дин көркөм мүнөз дегенди билдирет. Ошондуктан, диндин буйругуна моюн сунуп, тыюу салынган

нерселерден сактанган адам мүнөзүн өзгөртүп, жакшы мүнөзгө ээ болот. Жакшы мүнөздүү адам эки дүнүйөдө тең бактылуу болот.

Эң жапайы жаныбар деле тарбия менен колго үйрөтүлөт. Эч качан алма дарагында жүзүм өспөйт. Бирок, алманын көчөтүн өстүрүп, кыйыштыруу жана башкажолдор аркылуу жогорку сапаттуу алма берүүчү дарак кылып өстүрүүгө болот. Ушул сыяктуу эле адамдын табиятында да болчу кээ бир каалоолору жок болбойт, бирок, тарбиялоого болот.

## Тарбияда урууга болбойт

**1 –** Баланы уруу кулк-мүнөзүнүн бузулуусуна, ачуулуу болушуна себеп болот.

**2 –** Таяк жеп чоңойгон бала жумшак мүнөздүү болбойт.

**3 –** Таяк жеш балада эне-атасына каршы ачуу-таарынычка жол ачат. Бала өзүнүн жасаганын жаман нерсе деп ойлобойт, өзүн күнөөлүү деп билбейт, тескерисинче, өзүн урган адамды күнөөлүү деп көрөт.

**4 –** Таяк жеп чоңойгон бала ачууланган кезде ал да күч колдонууга аракет кыла турган болот, башкаларды урат. Ошентип, таяк жеш агрессияга себеп болот.

**5 –** Сөз түшүнгөн жаштагы баланы урууга болбойт. Сөз түшүнбөгөн баланы анча-мынча гана уруу жетиштүү. Башына, бетине уруу, таяк менен уруу - өтө зыяндуу.

Баланы тарбиялоо үчүн уруу туура эмес. Бир гана ката кетирип койсо жазалануусу мүмкүн экенин сездирүү керек. Пайгамбарыбыз балдарды урбоону буйрук кылганы менен, тарбиялоо үчүн жазалана турганын, сабала турганын сездирүү керек экенин билдирген. Бул маселеге байланыштуу хадиси шарифтердин бири мындайча:

**“Үйдөгүлөрдү тарбиялоо үчүн таягыңарды алар көрө турган жерге илип койгула!”** (Табарани)

## Баланы кантип тарбиялоо керек

**Суроо:** Балдарыбызды кантип тарбиялашыбыз керек? Тарбияда кайсы нерселерге маани беришибиз керек?

**Жооп:** Тарбияда "мындай кыл, муну кылба" дегендин ордуна жүрүм-турумубуз менен балага үлгү болушубуз керек. Анткени,кыймыл-аракеттерибиз айтыла турчу сөзгө караганда көбүрөөк таасирин тийгизет.

**Мисалы:**

Бир соода кербени түнгө жуук Медина шаарынын четине конуш алат. Абдан чарчаган жолоочулар катуу уктап калышат. Аларды көргөн халифа Хазрети Омар Абдуррахман бин Авфка: **"Бүгүн түнү бир кербен келди. Баары капыр экен. Бирок, бизге ишенип келишкен экен. Алардын оокаттары баалуу жана көп экен. Каракчылар жебашка жат элдик адамдар аларды тоноп кетиши мүмкүн. Ошондуктан, барып аларды кайтарып, коргоп туралы!"** – дейт. Таңга чейин кайтарып, багымдат намазына мечитке барышат. Кербендеги бир жигит түнү бою уктай албай, аларды аңдып чыгат. Сураштырып караса бул эки кишинин бирөө халифа экенин билген кезде досторуна келип болуп өткөн окуяны айтып берет. Халифанын бул ишине таң калган жолоочуларИслам дининин чыныгы дин экенин түшүнүп, баары мусулман болушат.

Атасы тамеки тарткан, кумар оюндарын ойногон киши болсо баласына: "Мындай нерселерди кыла көрбө!" - деп айтса анчалык таасирлүү болбойт. Анткени, бала "Булар жаман болсо, атамдын өзү кылмак эмес" деп ойлойт. Жакшы нерселер кылынса балага үлгү болот. Балага жакшылык кылуунун пайдалары тууралуу түшүндүрүп берүү керек. Ушул жол аркылуу бала эгоист болуудан кутулат. Эгоист болуп чоңойгон балдар коомго кошула албайт, жада калса, каада-салт, үрп-адат жана мыйзамды да таанybай турган болот.

## Тарбияда негизги факторлор

**Зээндүүлүк:** Бала өзүнүн биринчи жолу көргөн нерсесин билүүгө, чукулап көрүүгө жана сурап үйрөнүүгө кызыгат. Ошондуктан, балдарга дайым жакшы нерселерди көрсөтүү керек жана суроктарына туура жооп берүү керек. Ушул жол аркылуу

баланын зээндүүлүгү, ой-сезими, түшүнүү жөндөмдүүлүгү өнүгөт. (3-6 жаш арасындагы балдарда ушул нерсеге чоң маани берүү керек. Бул курак – баланын тили, мээси жана зээнинин калыптануусу үчүн эң маанилүү курак болуп саналат.)

**Рух:** Өтө сезимтал жана таарынчаак балдарга ачуу болсо да чындыкты айтууну жана ага чыдай алууну үйрөтүү керек. Ал эми таш боор балдарга көңүлүн жумшарта тургандай үлгүлүү, ибреттүү мисалдарды айтып берип, сезимтал болуусуна аракет кылуу керек.

**Каалоо:** Мыкты каалоого, эрктүү болуусуна аракет кылуу керек. Каалоосу алсыз баланы өз эркине коюп, өзүнө деген ишенимин арттыруу керек. Каалоосу күчтүү балдардын тарбиясы да бекем болушу керек. Бирок, негизи балага мээримдүүлүк жана түшүнүк менен кароо шарт.

## Тарбияда маанилүү болгон нерселер

**Дин:** Аллаху тааланын жакшы, эмгекчил жана чынчыл адамдарды жакшы көрө турганын, аларды Бейишке киргизе турганын, бирок, жаман адамдарды жек көрүп, аларды Тозокто жазалай турганын үйрөтүү керек.

**Сүйүү:** Тарбияда өзара сүйүү, сый-урмат маанилүү болгондугу сыяктуу, салмактуулук, сабырдуулук да өтө маанилүү. Үй-бүлөдөгү берекесиздик, эне-атанын чыр-чатагы, өзгөчө ажырашуулары баланын психологиясында өтө оор таасирин калтырат.

**Жазалоо жана өбөлгөлөө:** “Муну кыла турган болсоң муну бербейбиз, көчөгө чыгарбайбыз” деген сыяктуу кээ бир жазаларды берүү туура болсо да, кандай жагдайда болбосун баланы урууга болбойт. Жаза анын көңүлүн калтыра тургандай даражада болбошу керек. Башка адамдардын көзүнчө да болбошу керек. Жакшы иштерине өз ордунда, жашына жараша оюнчук же велосипед сыяктуу белектерди берип, кызыктырып туруу керек. “Бул велосипедди атам мага Курани каримди окуп чыкканым үчүн алып берди” деп айта тургандай болууга тийиш.

**Оюндар:** Жашына ылайык болгон түрдүү спорттор баланын ден-соолугуна жана аң-сезиминин өнүгүүсүнө себеп болот.

**Айлана-чөйрө:** Хадиси шарифте: **“Адамдын дини – досунун дини сыяктуу”**, -деп айтылган. Жакшы жерге жана жакшы досторго жетүүгө аракет кылуу керек.

Дүнүйөдөгү эң оор жана эң маанилүү иш – адам өстүрүп жетилтүү. Бир адамдын жетилүүсүндө көптөгөн факторлордун таасири болот. Бул факторлордун ичинде эң маанилүүлөрү: үй-бүлө, айлана-чөйрө, мектеп жана жалпы маалымат каражаттары.

Жер бетиндеги бардык мамлекеттер өз балдарын, жаштарын адилеттүү, эмгекчил, көркөм мүнөздүү, маданияттуу, коомго пайдалуу, мекенин сүйгөн, билимдүү жана элдик баалуулуктарды барктаган адам катары тарбиялануусун каалайт. Ошондуктан, ошол жолдо бардык күч-кубатын жумшайт. Муну жүзөгө ашыра алган элдердин башка кыйынчылыктары жеңил жана ылдам чечилет. Анткени, бардык нерсенин башаты – адам. Адамдын жакшы өсүп жетилүүсү үчүн эч бир чыгымдан жана кыйынчылыктан качпагандар жетишкендиктин жана маданияттын туу чокусуна көтөрүлдү. Осмондуктар ушундай кылышкан болчу. Азыркы күндө Америка жана Европа элдери да (Осмондуктардын ошол багытын карманып) ушундай кылышууда.

Мамлекетибиз жогоруда айтылган адамдын өсүп жетилүүсү үчүн эң маанилүү ролду аткаруучу факторлорду акырындык менен колго алууда. Ансыз деле ар бир эне-атанын өз кезегинде бала тарбиясына аракет кылуусу, колу бош карап отурбоосу маанилүү маселе.

Алгач чоң шаарлардан баштап айлана-чөйрөбүз тынч эмес. Тактап айтканда, сырткы дүнүйө коркунучтарга толо. Массалык маалымат каражаттары жана басылмалардын басымдуу бөлүгү зордук-зомбулук жана жыныстык темаларга көбүрөөк багытталган... Мыкты сапаттарды, адептүүлүк, уяттуулук сезимдерин жок кылуучу, ар түрдүү жамандыктарды тартымдуу кылып жарыялып жатканы үчүн көрүү, окуу коркунучу болгон көптөгөн маалымат каражаттары бар.

Бардык эне-аталардын орток көйгөйлөрү- балдарын мыкты түрдө өстүрүү. Бул темада бир гана өздөрүнүн аракеттери жетиштүү эмес. Балдарды жаман достордун жана жаман массалык маалымат каражаттары менен басылмалардын зыяндарынан да коргоо керек. Аларды динин, ата-мекенин, желегин жакшы көргөзө турган, эне-атага, адамдарга карата сый-урматтуу, элинин маданиятын, баалуулуктарын, ийгиликке жетүүнүн жолдорун үйрөтө турган,

патриоттук сезимин ойгото турган пайдалуу, жакшы маалымат каражаттары менен камсыз кылуу зарыл.

Баланы жалгыз өстүрүү да мүмкүн эмес. Жакшы чөйрөдө, жакшы адамдар менен кошуна болууга тийиш.

Бардык нерсе терси менен, карама-каршысы менен кайтарылат. Жаман мүнөздөрдү жакшы мүнөздөр жоёт. Ошондуктан, өзүбүздү кыйнап болсо да жакшы амалдарды кылууга көндүрүүбүз керек, мындай амалдарды адатка айландыруубуз керек. Баланын кыймыл-аракеттери жана мүнөзү жакшы адамдар менен дос болсо, жакшы мүнөздөр өзүнөн-өзү анын табиятына айланат. Балдар ушул негиздерге ылайык жетиле турган болсо дүнүйө менен акыреттик бакытка ээ болушат.

Кыямат күнү эне-аталар балдарына үйрөтүүгө тийиш болгон илимдерден жоопкер болушат, милдетин орундабаган болсо же кемчилик кетирген болсо жазасын көрүшөт. Балдарын Исламдын кулк-мүнөздөрү менен өстүрбөгөндөр дүнүйө жана акыреттик балээлерге дуушар болушат. Балдарын Ислам мүнөздөрү менен тарбия кылгандар кандай бактылуу адамдар...

## Мүнөз өзгөрөбү?

**Суроо:** "Жан чыгат, бирок, мүнөз чыкпайт", - деп айтылат, анда жаман мүнөздү өзгөртүүгө болбойбу?

**Жооп:**"Жан чыгат, бирок, мүнөз чыкпайт" деген сөз, шахват, жинденүү сыяктуу адамдын жаратылышындагы касиеттердин толугу мунун жоюлбай турганын билдирүү үчүн айтылган. Тарбия кылуу башка, жок кылуу, жоюу башка. Адамды насаат менен тарбия кылуу мүмкүн. Курани каримде: **"Насаат мусулмандарга албетте пайда берет",** -деп айтылган. (Зарият сүрөсү, 55)

Кулк-мүнөздү өзгөртүүгө болгондугу үчүн бала тарбиясы тууралуу айтылган хадиси шарифтерде мындай деп буюрулган:

**"Баланы жакшы тарбиялоо баланын атасындагы акыларынан."** (Байхаки)

**"Балдарыңарга изаат кылгыла, аларды адептүү, тарбиялуу кылып өстүргүлө!"** (Ибн Мажа)

**"Баланы тарбиялоо тонналап садага берүүдөн да көбүрөөк сооп."** (Тирмизи)

## Бала тарбиясынын мааниси

*Балага көйгөй, кыйынчылыктарыбыз тууралуу айтпашыбыз керек, кубанычтарыбыз тууралуу айтсак болот.

*Баланы үй-бүлө ичиндеги бирөө урушуп жатса, башкасы аны жактабашы керек.

*Анын алдында дайым күлүмсүрөп жүрүүгө, жылуу жүздүү болууга аракет кылуу керек. Капалуу жагдайыбыз балага тез таасир кылат.

*Аны башка адамдардын алдында урушпоо, коркутпоо керек.

*Кемчиликтерин мойнуна алууга үйрөтүү керек. Кемчиликтерин билип жөндөөгө аракет кылуусу – жашоосунда ийгиликке жетүүсүнө себеп болот.

*Баланы жалганчылык менен күнөөлөбөө керек.

*Бир-туугандарынын арасында бөлбөө керек.

*Текебердиктин (кибирдин) жаман касиет экенин түшүндүрүп, текебер болуусунун алдын алуу керек.

*Баланын каталары болот. Дароо жазалабоо керек. Катасын, зыянын айтып түшүндүрүү керек.

***"Сен адам болбойсуң", "Сенден малчы да чыкпайт"** деген сыяктуу айыптоолордон оолак болуу керек. Булар баланын өзүнө деген ишенимин азайтып, жакшы касиеттерин жок кылат, тил албас болуусуна себеп болот.

*Бала улуулардан көргөнүн кылат. Ошондуктан, аларга жакшы үлгү болуу керек.

*Бала сүйүктүү болууга, ойноого, сүйлөшүүгө муктаж болот. Бала өзүнө суук, катаал жана катуу сүйлөгөн улууларды өзүн жакшы көрбөйт деп ойлоп, көңүлү чөгөт. Ошондуктан, алар менен жумшак, жылмайып, жылуу сөздүү мамиледе болушубуз керек.

*Балага насаат кылуунун ордуна, ага иш жүзүндө көрсөтүү, бирге жасоо оңдуураак болот. Мисалы: Тамактын алдында колдорун жуу керек экендигин жүз жолу айткандан көрө бир эле жолу колдорубузду жууйлу деп бирге жуугандын таасири көбүрөөк болот.

*Ага берилген ишти орундаганын же орундабаганын көзөмөлдөө керек, бала өзүн көзөмөл астында экенин билсин.

*Балага колунан келбеген ишти тапшырбоо керек. Антпесе,

колунан келе турган нерселерди да жасабай турган болот.

*Олуя кишилердин өмүр баянын, ибреттүү окуяларын айтып берүүнүн баланын аң-сезиминин өнүгүүсүнө жана мындан үлгү, өрнөк алуусунда да мааниси зор. Бала түшүнө тургандай жана тарбиялык мааниге ээ болгондорун тандап айтып берүү керек.

*Орундай албаган нерселерди айтып убада бербөө керек. Булар айта берет, бирок, орундабайт деп айттырбоо керек.

***"Адамдын дини досунун дини сыяктуу"**деген хадиси шарифти негиз тутуп, жакшы адамдар менен дос болуусун көзөмөлдөө керек.

*Купуя сырларды балага угузбоо керек.

*Балага канчалык сабырдуулук менен, түшүнүк менен карай турган болсок, ошончолук жемиштүү натыйжа алабыз.

*Сөздөрүнө маани берилбей турган же дайым сынга алына турган бала – түнт, өзүнө ишенимсиз жана жеңил мүнөздүү болот.

*Баланын жанында башкаларды жамандабаш керек.

*Баланы күч колдонуп, уруп жөнгө салууга аракет кылган эне-ата баланын жеңил мүнөздүү, мээримсиз, арамзаа болуп чоңойуусуна себечи болот жана өз кыйынчылыктарын күч колдонуп чечүүгө аракет кыла турган болот.

*Баланы бетине жана башына урбаш керек.

*Балага айтыла турган сөздөн мурда анын **качан** жана **кандай** атылуусу маанилүү.

*Жакшы иштери менен сөздөрүн мактап, колдоо керек, ал эми жамандыктарынын зыяндарын жумшак тил менен түшүндүрүү керек.

*Мактоотуура болбогондой, артыкча мактап жиберүү да туура эмес. Ашыкча жакшы көрүү жана мактоо баланы эркелетип жиберет.

*Баланы айыптоо, лакап ат коюу, мазактоо, коркутуу туура эмес. Бар! Кел! деген сыяктуу буйрук сөздөрдүн ордуна барчы! келчи! деген сыяктуу сөздөрдү колдонуу керек.

*Бала адептүү сүйлөшү керек. "Өтүнүч, рахмат, кечирип коюңуз" деген сыяктуу сөздөрдү колдонууну үйрөтүү керек.

*Ката кетиргенибизде катабызды моюнга алып, кечирим сурообуз баланын да ката кылганда кечирим суроону үйрөнүүсүнө жол ачат.

## Бала сүйүүсү

**Суроо:** Чоң болсо да эне-ата уулун, кызын жана небересин өпсө жаизби?

**ЖООП**

Чоң-кичине балдарыбызга сүйүү жана мээрим көрсөтүү, жүзүнөн сүйүү сүннөт. Расулуллах «салаллаху алейхи ва саллам" үйүнө келген кичине балдарды өөп, башын сылап, үй ичинде ойноолоруна уруксат берчү. Энес бин Малик хазреттери айтат:

Расулуллах балдарга карата адамдардын эң мээримдүүсү эле. Уулу Ибрахимдин сүт энеси Мединанын бир четинде турчу. Аялдын күйөөсү темирчи эле. Расулуллах менен бирге бул үйгө тез-тез барып турчубуз. Барганда темирчинин түтүнгө толгон үйүнө кирип, баланы кучактап, сүйүп, бир канча убакыттан кийин кайтчу. Бир небереси жана өз уулу Ибрахим көз жумганда ыйлап: **«Мээримимен ыйлап жатам. Аллаху таала бир гана мээримдүү болгонго рахмет кылат",** - деп айткан.

Хадиси шарифте айтылды:

**"Балдарыңарды көп өпкүлө, ар өпкөн сайын Жаннаттагы даражаңар жогорулайт."** [Бухари]

**"Бала жыты – Жаннаттын жыты."** [Таберани]

**"Бала - дүнүйөдө нур, акыретте ырахат."** [Шира]

**"Балдарды сүйүп, башынан сылагыла, алар – көңүл жемиши, көз нуру."** [Абу Йала]

**"Балдарыбыз - кубанычыбыз."** [Б.Арифин]

**"Бала сүйүүсү Жаханнам отуна каршы парда. Балдарга жакшылык кылуу сыратты өтүүгө себеп. Алар менен бирге ичип-жеш Жаханнамдан кутулуу."** [Шира]

**"Жаннаттагы «Кубаныч сарайына" бир гана балдарды кубанткандар кирет."** [И.Адий]

**"Балдарыңарды сыйлагыла, эне-атаңардын силерде кандай акысы бар болсо балаңардын да силерде ошондой акысы бар."**[Таберани]

**"Баласына жакшылык кылуу үчүн жардамчы болгон атага Аллах рахмет кылсын!"** [И.Хиббан]

**"Ла илахе иллаллах дегенге чейин баланы тарбия кылган эсепке тартылбайт."** [Таберани]

**“Баласыз бир үйдүн берекеси болбойт.”** [Эбушшейх]

Бир айылдык адам: «Йа, Расулуллах, сиз балдарды сүйүп өбүүдөсүз. Биз эч өппөйбүз”, - дегенде ага: **«Мээримдүүлүк сезими болбогонго эмне дейин?”** – деди. (Бухари)

Ахнеф бин Кайс хазреттеринин бир атага насыяты мындай:

«Балдар көңүлүбүздүн жемиши, аркабыздын таянычы. Биз алардын буттарынын алдында жумшак жер, башынын үстүндө көлөкө болуп, алар үчүн ар кандай мүшкүлдүккө чыдайбыз. Эмне каалаcallа берип, ачуулана турган болсо ачуусун таркатууга аракет кылабыз. Сага болгон сүйүүлөрү сени ыраазы кылсын. Сенден алыстабоолору үчүн кыйынчылык тарттырба же сенден тажап өлүмүңдү каалашпасын!”

Бир кызматка дайындалган бир адам хазрети Омардын баласын өпкөндүгүн көрүп айтат:

- Менин бир нече балам бар, бирок, эч бирин өппөйм.

Хазрети Омар болсо айтат:

- Сенин кичинелерге мээримиң жок экен, чоңдорго кантип мээрим көрсөтө аласың? Сага берген кызматты кайра алдым.

Абу Салама айтат:

Бала кезде дасторкондогу тамакты баарынан мурда жегенге аракет кылчумун. Дагы бир жолу ушундай кылганда Расулуллах назиктик менен Бисмиллах айтууну, оң кол менен өз алдынан алып жешти айтты.

## Небере сүйүүсү

Небере сүйүүсү бала сүйүүсүнөн дагы алдыда болот. Расулуллах «саллаллаху алейхи ва саллам” намаз окутуп жатканда саждада небереси Хазрети Хасан мубарек ийнине чыгып отурду. Расулуллах алейхиссалам сажданы создуктурганда сахабадан «хак буйругу орундалып кайтыш болду бекен” деп ойлонгондор болду. Намаздан кийин сажданы эмне үчүн создуктурганын сурагандарга айтты:

**“Саждага барганда неберем ийниме чыкты. Көңүлү канганга чейин түшүрбөгөндүктөн сажда создукту.”** [Несаи]

Пайгамбарыбыздын Хазрети Хасанды өпкөндүгүн көргөн бир зат: «Он уулум бар, эч бирин өппөйм”, - деди. Расулуллах:

**“Мээримдүүлук кылбаган мээримге ээ боло албайт”,** - деди. [Бухари]

Расулуллах Хазрети Хасанды бир тизесине, хазрети Хусейнди экинчи тизесине отургузуп, көкүрөгүнө кысып, кийин: **“Йа, Рабби, буларга рахметиңди ихсан кыл, буларды сүйүп, буларга мээримим келүүдө”**, - дечү. (Бухари)

Пайгамбарыбыз Хазрети Хасанды өпкөндөн кийин Асхабы кирамга айтты:

**“Бала тартынчаак болот, абалы билинбейт, балким көңүлү ооруган болуу мүмкүн.”** [Б.Арифин]

Курани каримде мал-мүлктүн, баланын фитна, б.а., сыноо экендиги билдирилүүдө. (Тегабун)

**“Йа, Рабби, душмандарыма көп мал-мүлк, көп бала бер”** деген хадиси шариф мал-мүлк жана бала жакшы болбогон учурда жамандык боло тургандыгын билдирүүдө. **(Барика)**

Мал-мүлк, бала жана аял ибадаттардан алаксытуу мүмкүн. Дыкаттуу болуу керек. Пайгамбарыбыз: **“Акыр заманда силердин эң жакшыңар бала-чакасы болбогонуңар”,** - деп айтууда. Эң жакшылардан болгондорго сүйүнчүлөр болсун! Ошондуктан, бир Ислам аалымы: «Бул доордо баласы болбогон адам шүгүр саждасын кылсын”, - деп буюрган.

## Балдарга динин сүйдүрүү

**Суроо:** Кичинекей балдарга динибизди кантип сүйдүрө алабыз, кантип тарбия кылуубуз керек?

**Жооп:** “Мындай кыл, мындай кылба” дегендин ордуна абалыбыз менен үлгү болушубуз керек. Анткени, абалыбыз, иш-аракеттерибиз сөзгө караганда көбүрөөк таасирлүү болот. Өзүбүз абалыбыз менен, кыймыл-аракеттерибиз менен жакшы үлгү, өрнөк боло алсак тарбия ишинин жартысы аткарылган болот. Анан Пайгамбарыбыздын, сахабалардын, дин улууларынын, олуялардын өмүр баяндарын, ибреттүү окуяларын айтып берип, аларга карата сүйүүсүн ойготуу керек. Бул сүйүү балага берилсе алардын атын айтып, Аллаху тааланы түшүндүрүү, динибиздин буйруктары менен тыюуларына багыттоо оңой болот. Адам өзү жакшы көргөн адамдарына окшогусу келет, жакшы көргөн адамдарынын сөздөрүнө моюн

сунат. Дин улуктары шакирттерине эң алгач намаздан, орозодон, арамдардан айтышчу эмес. Маселен, Хазрети Имам Раббани өз устаздары тууралуу айтып берчү, аларды сүйдүрчү. Андан кийин алар бардык жерде намазды, динибиздин буйрук менен тыюуларын ойлошчу. Дин улуктарына деген сүйүү дары сыяктуу. Аларга карата махабат менен, алардын берекеси менен динибизге моюн сунуу өтө жеңил болот.

## Аллах жакшы көрбөйт деп айтуу

**Суроо:** Баланы тарбиялоодо "Уурулук кылган адамдын башына Аллах таш жаадырат, жалган сүйлөгөн адамды Тозок оту менен жазалайт" деген сыяктуу сөздөрдү айтуу туурабы? Же болбосо мунун тескерисин айтуу керекпи? Мисалы, "Уурулук кылбаган адамды, жалган сүйлөбөгөн адамды Аллах жакшы көрөт" деш керекпи? Кантип айткан туура?

**Жооп:** "Уурулук кылган адамдын үстүнөн таш жаадырат" деп айтылса, бала ууруларды көргөндө "эмнеге булардын башына таш жаабады" деп ойлоп, эне-атасына деген ишеними кетиши мүмкүн. Ал тургай Аллаху таала чындыгында эле жамандык кылып жаткандардын башына таш жаадырып жаткан жок. Ошондой эле дайым "мындай кылбасаң Аллах сени жакшы көрбөйт" деп айта бергенде да "жакшы көрбөсө көрбөсүн" деп айтышы мүмкүн. Жакшылык кылгандардын Бейишке, жамандык кылгандардын Тозокко түшө турганын туура сөздөр менен түшүндүрүп берүү керек. Ар бир ката ишине Аллах сени минтип жиберет, тигинтип жиберет деп айтуу туура эмес. Жакшы иш кылганда мактоо керек, ал эми жамандыктарын кээ бирин көрбөгөндөй кылуу керек. Жамандыгына чектен ашпагандай, көңүлүн калтырбай тургандай жаза берүү керек.

## Бала жана жалган

**Суроо:** Баланын жалган айтуусун кантип алдын алса болот?

**Жооп:** Эне-ата өз перзенттерин өз колдору менен жалганга үйрөтпөшү керек. Мисалы, балага "Баланча киши келсе мени үйдө жок деп айт" деген эне-ата өз колдору менен баласын жалганчылыкка түрткөн жана жалган айтуунун жаман нерсе эмес экенин көрсөткөн болот. Балдарыңарга эч качан, тамашалап болсо дагы жалган айтпагыла. Жалган айтканыңарды түшүнгөн бала муну жөнөкөй

эле нерсе деп кабылдап, ал дагы жалган сүйлөй баштайт. Балаңар тартиптүү жашоону силерден үйрөнөт. Оюнчуктарын өз ордуна койууну, кийимдерин өзү кийүүсүн үйрөтүүңөр керек. Бирок, кый-кырып урушпай, муну оюндай кылып аткаруу керек.

Балдар көбүнчө бейбаштык кылганда жалган сүйлөшөт. Айткан ар бир сөзүнө дароо эле ишенүү да баланы жалганчылыкка көндүрөт. Бала жалган айтуу менен маселенин жабыла турганын, эне-атанын ошол маселе тууралуу көп сурабай турганын билсе бейбаштыгын уланта бере турган болот жана сөздөрүнүн арасында да көп жалган кошо турган болот. Баланы уруу туура эмес. Бала таяктан коркот, бирок, кыла турчу ишин жашыруун кыла баштайт. Мунун натыйжасында бала кыйынчылыктан жалган айтып кутулууга, алдоого адаттанат. Көп жалган сүйлөгөндү адатка айландырып алып чоңойгон балдар кийинчерээк айткан жалганына өздөрү да ишене турган болушат, ишенүүгө болбой турган адам катары кабылданып, элге уят болушат.

Баланы жалган сүйлөөгө, жаман кылыктарга кызыктыруучу дагы бир маанилүү фактор – жаман дос. Жаман дос баланы орой, калпычы, ууру жана адепсиз болуусуна себепкер болот. Мындай жаман мүнөздөргө чалдыккандар көп жылдар бою бул жаман мүнөздөрдөн арыла алышпайт.

Баланы кичинекей кезинен баштап намазга, адалдыкка көндүрүү керек. Чоңойгон кезде намаз окуусу кыйын болушу мүмкүн. Башка бирөөнүн мал-мүлкүн тартып алууну, жалган айтууну, харам нерсе жешти анын көзүнчө жаман, жийиркеничтүү кылып түшүндүрүү керек. Ушундай тарбия менен чоңойтуп, балагат жашына толгондо бул адептердин өзгөчөлүктөрүн, маанисин үйрөтүү керек.

### Катуулукпу же эркиндикпи?

Бала тарбиясында чектен тыш катуулук да, эркиндик да зыяндуу. Чектен тыш катуулук кылуу баланын пассивдүү, коркок болуусуна себепчи болот. Жасаган ар бир кылыктарын жактыруу да чоң жаңылыштык. Бул баланы жамандыкка түртүүдөн башка нерсе эмес. Адистер бала тарбиясында баланы урууну сейрек жана кыска мөөнөттүү жаза түрү экенин, ал эми туруктуу жана көпкө созулган

жагдайда терс натыйжа алына турганын билдиришүүдө. Баланы уруп тарбиялоонун балага физикалык таасири да бар. Психологиялык жактан алганда дайым таяк жеп чоңойгон балдардын агрессиялык сезимдери өнүгөт. Анын каардуу, кызуу кандуу жана коркок адам болуусуна жол ачат.

Балдардын каалаганын кылуусу жана чектен тыш эркин болуусу да туура эмес. Жаш кезинде тартиптүү жашоосун камсыз кылуу керек. Бала белгилүү бир убакыттарда, белгилүү бир нерселер менен алектениши керек. Ошентип, бала тартипке, системалуу жашоого көнөт жана натыйжада системалуу өмүр сүрөт. Бир гана оюн ойноп жатканда баланы эркин коюу керек. Бирок, бул да өз билгенин кылуу деген сөз эмес.

Ойноп жаткан кездеринде эмне менен алектенип жатканын байкоо керек. Бала өзүнө жана айлана-тегерегине зыян келтирбей, өз билгенинче ойноп жаткан болсо маселе жок. Бирок, ушундай бош убакыттарында өзүнө жана айлана-тегерегиндегилерге зыяны тийип жаткан болсо, анын алдын алуу керек. Бош убакыттарында жадырап-жайноосуна жана ойноосуна мүмкүнчүлүк берүү керек. Бирок, иштеген зыяндуу нерселерин балага ал түшүнө ала тургандай кылып билдирип, анын алдын алуу керек.

## Өз айтканынан кайтпаган балдар

Жөнөкөй мамиле менен, сабырдуулук жана чыдамдуулук менен баланын өжөрлүгүн кетирүүгө болот. Бала бир нерсеге өжөрлүк кылып жаткан кезде ага ошол нерсеге жетүү сезимин бербөө керек. Бала “Эгер ыйласам, ызы-чуу салсам, апамды уялтсам... мен каалаган нерсени берет” деген сезимдерге түшүп калбашы керек.

Жаш кезинен ар каалаган нерсесин жасоочу бала келечекте бул өжөрлүгүн оңойлук менен токтотпойт. Аны бөбөк кезинен баштап тарбиялоо керек, ыйлап, өжөрлүк кылуусуна көңүл бурбоо керек.

Эгер ар каалаган нерсеси орундала бере турган болсо бала да, чоңдор да эч качан тынч болбойт. “Ага каалаган нерсесин берип кутулайынчы” деген менен бул каалоолорунун соңу жок экенин түшүнүү керек.

## Балдардын эркелиги

Балдарда кездешчү бой көтөрүүчүлүк, эркелик, каардуулук жана өз билемдик сыяктуу жаман адаттар баланын туура тарбия кылынбаганынан, каалаган нерселерин орундалуусунан жана үй-бүлөнүн балага туура көңүл бурбагандыгынан пайда болот. Мындай балдар өздөрүн башкалардан жогору деп эсептешет, бардык нерсени өтө жакшы биле турганын ойлошот. Мындай балдар мектепте жана досторунун арасында мүнөзү начар жана сүйкүмсүз болушат. Чектен тыш өз билемдик менен текебердик кылуу досторунун арасында өз ордун таба албай жалгыз калып кетүүсүнө себепчи болот.

Баланы ушундай жаман мүнөздөрдөн арылтуу үчүн эң алгач ага жакшы дос табуу керек. Андан башка атасынын байлыгы менен, атак-даңкы менен, өзгөчө сапаттары менен мактануунун керек эместигин, негизги жакшы көрүлө турган жана мыкты болгон нерсенин жакшы мүнөз жана жакшы тарбия экенин айтып түшүндүрүү керек.

## Жазганчаак балдар

Жазганчаак болуп чоңойгон бала өмүр бою мунун зыянын тартып жашайт. Андай балдар оюн толук айта албайт. Ката сүйлөп коюу же башкалары тарабынан айыпталуу коркунучу менен түнт болуп калат. Жазганчаак, коркок болуунун эң башкы себеби – эне-атанын баласы менен дайым орой мамиледе болуп, ар нерсеге кийлигише берүүлөрү. Баланы көзөмөлгө алуу керек, бирок, эркин коюу керек.

Тартынчаактык менен бирге эркелик жана текебердик да жаман кулк-мүнөзгө жатат. Баланы кайсы жерде кандай сүйлөө жана кандай мамиле кылуу керек экендигин биле тургандай кылып тарбиялоо керек.

## Ынтымактуу эне-ата

Өзүнө деген ишенимсиздик, коркоктук көбүнесе балагат жашында же чоңойгондо үй-бүлө ичиндеги туруктуу батышпастык, уруш-талаштардын натыйжасында пайда болот. Эне-ата канчалык ынтымактуу, ынак, ишенимдүү, салмактуу болушса балдары да ошого жараша тарбияланат. Кызуу кандуу болуу, баланы дайым

жазалай берүү жана үй-бүлө ичинде балага эки бөлөк таалим, эки тараптуу таасир кылуу жарышы, жуптардын арасындагы пикир келишпестиктер балага бир далай терс таасирин тийгизет.

Эне-атанын пикирлери бири-бирине туура келбесе, туруксуз болсо бала да туруксуз ой жүгүртө турган болот. Эне-атанын позициялары баланы кулк-мүнөзүнүн калыптанышында өтө маанилүү роль ойнойт. Балагат жашындагы эркек балдар атасынан, кыз балдар энесинен үлгү алышат.

## Балада кызыгуучулук

Балдар бардык нерсени билүүгө кызыгышы керек. Бала дүнүйө менен байланышын ушул кызыгуу аркылуу орнотот. Ушул жол менен аң-сезими өнүгүп өсөт. Анын кызыгуусу суроо суроосуна, аны менен катар ар түрдүү нерселерди үйрөнүүсүнө себеп болот. Ал эми бул эстеп калуу жөндөмдүүлүгүн өнүгүшүнө, көп нерседен кабардар болушуна жардам берет.

Эгер балада кызыгуучулук жок болсо аны менен алектенгиле, көңүл бургула. Баланын кызыгуусун ойгото турган нерселерди ойлоп тапкыла. Антпесе, бала түнт болуп калат. Ал эми бул – баланын руханий саламаттыгы үчүн жакшы эмес. Бала жаш кезинен баштап айлана-тегерегиндеги кубулуштарга кызыгуусу, алар тууралуу билиши, жакшы көрүшү керек. Бардык ушул нерселер анын кызыгуусунан улам боло турган нерселер.

## Чегинен ашык коргоо

Балдардын ката кетирүүсүнө уруксат берүү керек. Анткени, ката кетирген сайын тажрыйбасы көбөйөт. Тажрыйба - адамды ийгиликке жеткирчү жол. Бала бир нерселерди жасаган сайын өзүнүн колунан келчү нерселерди табат. Ал эми эне-атасы: “Байка,балам, сен муну кыла албайсың! Өзүм кыламын”, “Байка, кызым, сен муну кыла албайсын!” - деп турмушкаүйрөнүүсүнө мүмкүнчүлүк бербесе, мындай балдар өмүрүнүн кийинки доорлорунда да башкаларга муктаж болууга аргасыз болот. Балдарын чегинен ашык коргогон үй-бүлөлөрдө чоңойгон бала өзүн жана өзүнүн жөндөмдүүлүгүн биле албайт, өзүнө карата ишеними жоголот, эч нерсеге батына албайт, ката кетирип коём деген убайым аны ар дайым тынчын алат.

Айланасында бир жардамчы табылып калаар бекен деген ой менен алаңдай бере турган болот. Чындыктар менен жүздөшүүдөн корко турган болот. Ар кадамда дабдырап, өз башы менен чечим кабылдай албай турган болот. Мындай жагдайда чоңойгон бала, өзгөчө, уул бала өмүр бою мунун зыяндарын тартуудга мажбур болот.

### Бала тили менен

Атам кечинде үйгө чарчап келчү. Мен күнү бою үйдө отура берип зеригип, анын келишин сабырсыздык менен күтчү элем. Ал эшиктен кирери менен чуркап барып, кучактап, аны менен ойногум келчү. Атам кучактап, өөп: "Кана, бөлмөңө бар эми!" – дечү. Айла жоктон башымды ийип бөлмөмө кирип кетчүмүн. Атам артыман: "Убагында биздин бөлмөбүз да жок болчу. Мунун бардык нерсеси бар, дагы эмне керек түшүнбөйм", - деп кыйкырчу.

Бир күнү, унчукпай жүрө турган болсом атам менен бири-бирибизди жакшы түшүнө турганымды байкап калдым. Бул жолу унчукпай ойной баштадым. Алгач сүрөт тарта баштадым. Атам мен тарткан сүрөттөрдү жактырып: "Мына ушинтип тынч отуруп ойносоң болот экен го!" – дечү. Мындан ары ачууланып бөлмөмө кууп жибербей турган болду.

Ушул ойлор менен бир күнү үй-бүлөбүздүн сүрөтүн тарттым. Тамактан кийин сүрөтүмдү алып келдим. Атам карап туруп:

- Ммм, өтө сонун чыгыптыр. Мына бул киши мен болсом керек э?

- Жок, ал киши эмес, мына бул киши сизсиз.

- Жок, бул киши менмин, тиги бала сенсиң, а жанындагы кичинекей кыз сенин курбуң чыгар.

- Жок, ал киши менмин, мына бул бала сизсиз, а жанындагы кичинекей кыз апам, - дедим. Атам мени менен айтышууну токтотуп, менден сурады:

- А эмнеге бизди кичинекей бала кылып тарттың? – деди. Мен катуу толкунданып түшүндүрө баштадым:

- Мен чоңоюп, чоң киши болуптурмун. Бир жумуш таап, ал жерде иштей баштаптырмын. Силер картайып, кошунабыз Ахмед ата менен Айша апа сыяктуу белиңер бүгүлүп кичирейип калыптырсыңар. Ошол кезде мен жумуштан чарчап келемин.

Сиз мени менен сүйлөшкүңүз келет, а мен болсом жумуштан башым ооруп келгендиктен сизди укпайм да. Сиз мени менен ой бөлүшкүңүз келгенде: “Кана, бөлмөңөргө барыңыздар, мен бираз дем алайын!” – деп айтам. Жана артыңардан: “Бардык нерсеси бар. Жылуу бөлмөлөрү да бар, буларга дагы эмне керек, түшүнбөйм”, - деп кыйкырам.

Мен сүйлөп бүткөн соң эне-атамдын көздөрү ачылды. Уккандарына ишене алышкан жок. Анан мени катуу кучакташып, мындан ары эч качан токтобой сүйлөй берсем дагы жадабай уга беришчүдөй эле.

**Өмүрдүн жаңырыгы**

Бир киши баласын токойдо ойнотуп жүргөндө баласы чалынып кулап түшөт. Ооруган жери жанына баткандыктан: **“Аххх!”** -деп кыйкырып жиберет. Тоодон да: **“Аххх!”** -деген үндү уккан кезде бала таң калат.

Эч нерсеге түшүнбөгөн бала: **“Сен кимсиң?”** -деп кыйкыра баштайт. Алган жообу дагы **“Сен кимсиң?”** болот.

Бул жооптон улам ачууланып: **“Сен коркоксуң!..”** - деп кыйкырат. Тоодон угулган үн: **“Сен коркоксуң!”** -деп жооп берет.

Бала атасына кайрылып сурайт: **“Ата, бул эмне болуп жатат?”.** Атасы: **“Балам, ук жана үйрөн!”** - деп тоону карап: **“Мен сага таң калдым!”** - деп кыйкырат. Тоодон келген жооп дагы **“Мен сага таң калдым!”** болот.

Атасы кайра кыйкырат: **“Сен өтө сонунсуң!..”** Жооп дагы **“Сен өтө сонунсуң!..”** болуп келет. Бала аябай таң калат, бирок, али эмне болгонун түшүнбөйт.

Атасы ага түшүндүрүп берет. Адамдар муну “жаңырык” деп аташат, бирок, бул чындыгында - **өмүр.** Өмүр ар качан сен берген нерселерди өзүңө кайтарат. Өмүр – кылган мамилебиздин күзгүсү. Өзүңдү сүйдүргүң келсе, алгач өзүң сүй! Сени менен жакшы мамиледе болууларын кааласаң, өзүң башкалар менен жакшы мамиледе бол! Адамдардан сый-урмат көргүң келсе, адамдарга сый-урмат көргөз! Адамдардын сабырдуу болууларын кааласаң, сен дагы сабырдуу болууну үйрөн!

Бул эреже өмүрдүн бардык доору үчүн бирдей. Өмүр кокустук нерсе эмес, жасаган иш-аракеттерибиздин күзгүдө көрүнүшү.

## КЫЗ ПЕРЗЕНТ – ЧОҢ НИМАТ

**Суроо:** Кыз туулган кезде кайгырып, капа болгондор кездешет. Кыз баланын динибизде орду кандай?

**Жооп:** Кыз бала туулганда капа болуу, айрыкча, энесин күнөөлөө – өтө чоң жаңылыштык. Курани каримде: **"Аллах каалаганына кыз, каалаганына уул перзент берет. Бирөөлөргө уул да, кыз да берет, ал эми каалаганын тукумсуз кылат. Бардык нерсени толугу менен билүүчү жана бардык нерсеге кудуреттүү зат бир гана Аллах!" –** деп айтылган. (Шура сүрөсү, 49-50)

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз: **"Кыз балдарды кор кылбагыла!"** – деп буюрган. Кор кылуу динди билбегендиктен болот. Кайырлуу перзент суроо керек. Кайырлуу болбой турган болсо кыз же уул болушунун эмне айырмасы бар?

Динибизде аялдын жана кыз баланын кадыр-баркы жогору. Хадиси шарифтерде мындай деп айтылган:

**"Кыздарыңарды алтын жана күмүш менен кооздогула! Кийимдери көркөм болсун! Урматка ээ болуусу үчүн эң сонун белектер менен сыйлагыла!"** (Хаким)

**"Кыз баланы жакшы тарбиялап, Аллаху таала берген ниматтар менен мол жедирип, кийинтсе, бул кыз ал үчүн береке болот, Тозоктон кутулуп, Бейишке кирүүсүнө себеп болот."** (Табарани)

**"Эки кыз перзенти менен жакшы мамиледе болгон адам милдеттүү түрдө Бейишке кирет!"** (Ибн Мажа)

**"Эки кызы же эки кыз бир тууганы болуп, муктаждыктарын толугу менен камсыз кылып берген адам менен Бейиште бирге боломун."** (Тирмизи)

**"Базардан алган нерсени уул балдардан мурда кыз балдарга берген адамга Аллаху таала мээримдүүлүк менен назар кылат. Аллаху таала мээримдүүлүк менен назар кылган адамга азап бербейт."** (Хараити)

**"Базардан мөмө-жемиш алып үйүнө алып келген адам садага сообун алат. Алып келген жемишти уул балдарынан мурда кыз балдарына берсин! Аялдарды, кыздарды кубанткан**

**адам Аллахтан коркуп ыйлагандардын сообун алат. Ал эми Аллахтан коркуп ыйлагандардын денеси Тозокко харам болот.”** (Ибн Адий)

**“Үч кызына кажеттүлүктөн кутулганга чейин жакшы караган, ичирип-жедирген, кийиндирген адам албетте Бейишке кирет.”** (Абу Давуд)

**“Үч кыз перзентинин же кыз бир туугандарынын тиричилик же башка дагы кыйынчылыктарына чыдаган адамды Аллаху таала Бейишке киргизет.”** Сахабалардан бир киши: **“Эки кызы болсо деле ушундайбы?”** – деп сураганда, Пайгамбарыбыз: **“Ооба, эки кызы болсо да ушундай”,**– деди. Башка бир киши: **“А бир кызы болсочу?”** – деп сурады. Жооп катары: **“Бир кызы болсо да ушундай”,**– деп жооп берди. (Хаким, Хараити)

Көрүнүп тургандай, кыз жана аялдарга кадыр-барк бербей тургандар мусулманчылыктан бейкабар адамдар. Ар бир мусулмандын өз динин мыкты үйрөнүп, аялдарды ылайыктуу түрдө кадырлашы зарыл!

### Кыз бала кадырлуу

Суроо: Мураста башкача болгондой эле эркек бала үчүн эки, кыз бала үчүн бир акыйка мал союлууда. Бул балдарды бири-биринен жогору эсептегендик эмеспи? Кыз бала эмне үчүн азыраак бааланат?

Жооп: Динибизде аял мурас алууга мактаж калтырылбаган. Анын бардык муктаждыктарын күйөөсү, атасы, эркек ага-инилери жана атасынын ага-иниси сыяктуу жакындары берүүгө мажбур жана жоопкер кылынган. Каралаша турчу эч бир жакыны болбосо анын муктаждыктарын Байт-ул-мал деп аталган мекеме камсыздаган. Аял киши иштеп акча табууга мажбур эмес. Эркектердин бул оор милдеттен улам мурастын баарын алуулары керек болсо да динибиз аялдарга экиден бир бөлүгүн берди. Эки акыйка сойуунун ордуна бир акыйка сойулуусу кыз баланын пазилетин көрсөтөт. Б.а., кыз бала үчүн союлган бир акыйка уул бала үчүн союлган эки акыйканын сообуна тете. Динибиз аялга өзгөчө кадыр берген. Бир нече хадиси шарифтин мааниси мындай:

**«Кимдин кыз балдары болуп, алардын кыйынчылыктарына чыдаса, жакшы чоңойтуп жана теңи менен үйлөнтсө бул кыз балдар ал киши үчүн Жаханнамга парда болот.” [Тирмизи]**

**«Биринчи перзенттин кыз болуусу аялдын берекесинен.” [Ибни Асакир]**

**«Үч кыз баланы тарбиялап үйлөндүргөн жана аларга жакшылык кылган киши Жаннатка кирет.”** [Бухари]

Аялдарды, кыздарды баалабагандар – Мусулмандыкты билбеген жахилдер (сабатсыздар). Динин билген бир мусулман адам кыз балдарын жана жубайын ылайыктуу түрдө кадырлайт. Үч хадиси шарифтин мааниси мындай:

**«Аялдарды бир гана тектүү жана намыстуу адам баалайт. Аларды бир гана жаман жана пас кишилер төмөн көрөт. ” [Ибни Асакир]**

**«Аллаху тааладан кайырлуу перзент тиледим. Мага кыз перзенттерин ихсан кылды.” [Шир’а]**

**«Кыз балдарды төмөнсүнтпөгүлө, себеби, мен – кыздардын атасымын.” [М. Жинан]**

Пайгамбарыбыз кыздардын атасы болуу менен сыймыктанууда. Ушунча далилди көрүп туруп эч бир адам Исламиятта кыз балага, аял кишиге баа берилбейт деп айта албайт.

Эски доорлордогу элдер 300, 500, жада калса, 1000 жыл жашап, ибадат кылышчу. Пайгамбарыбыз алейхиссалам: «Йа, Рабби, менин үммөтүмдүн өмүрлөрү кыска. Калган үммөттөр көп жашашты, көп сооп табышты. Үммөтүмдүн абалы кандай болот?” – деп собол кылганда Аллаху таала: «Мен үммөтүңө миң айдан да кадырлуу болгон Кадыр түнүн бердим”, - деди. Миң ай 83 жыл болот. 50 жыл ибадат кылган бир мусулман 4000 жылдан ашык ибадат кылгандай сооп табууда. Бул үммөттүн аз жашоосу, аз ибадат кылуусу кемчилик катары эсептелбейт. Бул үммөттүн аз ибадаты калган үммөттөрдүн көптөгөн ибадаттарынан дагы бийик болгондугу сыяктуу кыз бала үчүн союлган бир акыйка мал уул бала үчүн союлган эки акыйка малга тең келүүдө. Динибиз кыз балдар үчүн бул жеңилдикти билдирген. Бул болсо кыз балдардын канчалык кадырлуу экендиктерин көрсөтүүдө.

## ТӨРӨГӨН АЯЛДЫН КҮНӨӨЛӨРҮ КЕЧИРИЛЕТ

**Суроо:** Төрөт учурунда көз жумган мусулман аял шейит болобу?

**Жооп:** Ооба, шейит болот. Шейиттин фарз амалдардагы карыздары жана кул акыларынан башка бардык күнөөлөрү кечирилет. Үч хадиси шарифтин мааниси төмөндөгүдөй:

**"Аял боюнда бар кезинен тарта төрөгөнгө чейин жана ымыркайын эмизип баштап сүттөн чыгара турган күнүнө чейин Аллахтын жолунда күзөтчү кызматындагы мужахит сыяктуу болот. Ошол учурда кайтыш боло турган болсо ага шейит сообу бар."** (Табарани)

**"Боюнда бар кезде, төрөп жатканда жана нифас учурунда кайтыш болгон аял – шейит."** (Абу Давуд, Табарани)

**"Аял боюнда бар кезде күндүзү саим** (орозо туткандын)**, түнү каим** (ибадат кылгандын) **жана Аллахтан коркуучу мужахиттин сообун алат. Оорусу күчөгөн кезде ага бериле турган сооптун көптүгүн эч ким биле албайт. Ымыркай ар эмгенде бир жан тирилткен сыяктуу сооп алат."** (Абушшайх)

## БАЛАГА АТ КОЙУУ

**Суроо:** Жакында жубайым төрөгөн болчу. Төрөлгөн баланын атын коюу жолдорун түшүндүрүп берсеңиз, кандай талаптары бар? Негизи бала төрөлгөндө кандай амалдарды аткаруу керек?

**Жооп:** Балага коюла турган же мурда коюлган аттын маанилери динибизге жана каада-салттарыбызга туура келеби же келбейби ушуну билүү керек. Туура келбесе, мааниси жаман болсо аны өзгөртүү керек. Хадиси шарифте: **"Ысымы жаман болгон адам аны жакшы ысымга өзгөртсүн!"** – деп буюрулган. (Барика) Хазрети Айша энебиз: **"Расулуллах жаман ысымдарды өзгөрт-чү",** -деген. (Тирмизи) Капырлардын атын койуудан да сактануу керек. Хазрети Имам Раббани: "Бир мусулман капырдын ысымын алуудан арстандан качкандай качууга тийиш. Андай ысымдар жана ал ысымдардын ээлери Аллахтын душмандары", - деген. (Мектубати Раббани)

Хадиси шарифтерде мындай деп айтылат:

**“Балага жакшы ат койуу, динин үйрөтүү жана убагы келгенде үйлөндүрүү - баланын атасындагы акыларынан.”** (Абу Нуайм)

**“Кыяматта атаңардын аты менен чакырыласыңар.** (Мисалы, Али кызы Амина деп) **Андай болсо атыңар жакшы болсун!”** (Абу Давуд)

Жакшы аттар өтө көп. Маселен, Пайгамбарыбыздын жубайлары, кыздары, сахабалардын аттары, олуялардын ысымдары, Аллаху тааланын Асма-и хуснасынан (99 ысымдарынан) жаиз болгондорун койууга болот.

Аттардын жакшы болушу үчүн Курани каримде өткөн болушу шарт эмес. Жүз миңдеген сахабалар болгон, бирок, Хазрети Зейдден башка эч биринин аты Куранда өткөн эмес. Өзгөчө ат болсун деп же эң жакшы ат болсун деп Курани каримде аталган ысымдардын же сөздөрдүн каалаган бирин коюу туура болбойт. Анткени,Курани каримде жакшы ысымдардын жанында капырлардын да ысымдары бар, шайтандын ысымы бар. Мындай аттарды койуу дурус эмес. Курани каримде өткөн чагылган, барды-келди, жүрдү деген маанилерди билдирген арапча сөздөрдү да ат кылып коюп жаткандар кездешет. Мындай аттарды койуу жаиз болсо да, олуялардын, пайгамбарлардын аттарын койгон жакшыраак болот.

Тилекке каршы бизде ысымдардын тизмеси жок. Жалпы адам ысымдарын тандоо учурунда Исламга каршы душмандыгы менен таанылган заалымдардын (мисалы, Абу Жахл); капырлардын, бузукулардын аттарын, мусулманга жарашпай турган аттарды, маанисиз сөздөрдү пайдаланбоо керек. Ислам алымдарынын айтымы боюнча Аллаху тааланын Асма-и Хусна, б.а., жакшы ысымдарынын арасынан “Алий, Азиз, Мажид, Мужиб, Рафи, Рашид” сыяктууларын ысым иретинде адамга койууга болот.

Балага ысымды илимдүү, салих адамга койдуруу керек! Асхабы кирам балдарынын ысымдарын сүйүктүү Пайгамбарыбызга койдурушчу. Наристеге ысым коюп жатканда баланын атасы, чоң атасы же жашы улуу, илими эң көп болгон киши баланы кучагына алып, даараттуу болуп кыбыла жакты карайт. Наристени башка адам кармап турса да болот. Өйдө туруп оң кулагына азан, сол кулагына

коомат айтат. Атын үч жолу кайталаган жакшы болот. Ал арада наристенин оозуна таттуу нерсе тийгизген жакшы болот.

Пайгамбарыбыз Хазрети Хасан туулган кезде кулагына азан окуган. Азан окуй турган адам баланы жаздык сыяктуу жумшак бир нерсенин үстүнө жаткырып коюп кучагына алат. Баланы бирөө кучагына алып, азанды башка бирөө да окуса болот. Бир хадиси шарифте мындай делген:

**"Жаңы төрөлгөн баланын оң кулагына азан, сол кулагына коомат окулган кезде "Умму сибиан" деп аталган оорудан сактанган болот."** (Байхаки)

Наристеге ысым койгон соң салих перзент болушу үчүн жана динге кызмат кылышы үчүн дуба кылуу керек. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз: "Йа, Раббим! Бул баланы кайырлуу, салихтерден кыла көр жана жакшы чоңоюп жетилүүсүн насип кыла көр!" - деп дуба кылган.

Абу Мусал Ашари хазреттери: "Балам туулганда аны Расулуллахга алып бардым, атын Ибрахим деп койду", - деди. Амр бин Шуайбдын атасы: **"Расулуллах жаңы туулган балага жетинчи күнү ат коюлуусун жана акика мал союлуусун буйрук кылды."** (Тирмизи)

Бухариде: **"Эгер акика союлбай турган болсо бала туулган убакытта аты коюлат жана оозуна таттуу тийгизилет",** -деп айтылган.

Наристеге ат коюлуп жатканда баланын атасы, чоң атасы же жашы улуу, илим эң көп болгон адам баланы кучагына алып, даараттуу болуп кыбыланы карап турат. Өйдө туруп оң кулагына азан, сол кулагына коомат айтат. Атын үч жолу кайталаган жакшы болот. Ал арада наристенин оозуна таттуу нерсе тийгизүү жакшы болот.

Акика союу дагы сооп болот. Акика – бала ниматы үчүн Аллаху таалага шүгүр кылуу максатында союлчу мал. Акика малы Курман айтта союлчу мал сыяктуу болуу керек.

Акика баланы балээ-кырсыктан, оору-сыркоодон коргойт. Кыяматта эне-атасына шапаат кылат. Эркек бала үчүн эки, кыз бала үчүн бир кой союлат. Союлган акиканын этин өзү жана бай-кедей баары жей алат. Бышырып же бышырбай деле бай-кедей баарына

берсе болот. Сеадети Эбедиййе китебинде мындай деп айтылган: **“Жетинчи күнү ат койуу, чачын кырып, чачынын салмагы канча болсо ошончо алтын же күмүш садага берүү жана мүмкүнчүлүк болсо акика коюн сойуу мустахаб болуп саналат.”**

Чачын албай божомолдоп берсе да болот. Алтын же күмүштүн ордуна кагаз акча берсе да, жети күндөн кийин берсе да болот.

## БАЛА КӨТӨРҮҮ

**Суроо:** Боюнда боло албай жүргөн аялга кандай даба бар же кандай дуба окуу керек, кыргызча кандай эм жасаса болот?

**Жооп:** Пайгамбарыбыз үч түрдүү эм колдонгон. Курани карим, дуба окуган жана илим аркылуу табылган дарыларды колдонгон. Ошондуктан, дарыгерлерге кайрылып көрүңүз, себебин аныктап эмин кабылдаңыз, ошону менен катар дабага себеп боло тургандыгы билдирилген Курани карим аяттарын же дубаларды да окуңуз.

Бул жагдай көп адамдарда кездеше тургандыгы үчүн жоопту жалпы маалымат менен берели. Бала болбоосунун себеби кээде аялда, кээде эркекте болот. Кээде экөөндө тең болот. Бала болбоосунун башкы себептерине бала кезде башынан өткөргөн оорулар, психологиялык оорулар, жаңылыш жана зыяндуу тамактануу, катуу суукка же ысыкка маани бербөөнүн натыйжасында денеде пайда болгон медициналык зыяндар жатат. Балалуу боло албай жүргөн үй-бүлөлөрдүн көпчүлүгү ушул ооруга бала кездеринде чалдыккандыгы айтылат. Кээ бирөөлөрдө туура тамактанбоонун натыйжасында да болушу ыктымал. Анткени, хадиси шарифте мындай деп айтылат: **“Келин алгачкы аптада айран, чалап, сирке суусу, кычкыл нерселерди жебеши керек! Мындай нерселер боюна бүтүүгө тосокол болушу мүмкүн. Тамакта сирке суусун колдонгон аялдын хайз көрүүсү кыйын болот жана хайзы иретсиз болот. Кычкыл алма жеш хайз канын токтотот. Бул да башка ооруларга жол ачат”.** Кээ бир жуптар баш кошкон алгачкы жылдары балалуу болбойлу деп жаңылыш алдын алуу чараларын колдонуп, кийин такыр балалуу боло албай турган жагдайларга дуушар болушат. Кээде катуу кайгыруу, капалануу, стресс дагы гормондорго терс таасирин тийгизет. Бала болбой жатканынын себептерин жакшы иликтөө керек, адис дарыгерлерге кайрылуу керек. Бирок, медицина канчалык өнүккөн болсо да алигиче кээ бир кемчиликтери бар

экенин да унутпоо керек. Жаңылыш дарылануу жана белгисиз бирөөлөрдүн оозунан уккан дарыларды колдонуунун зыяны өтө көп. Эмделип жана дары ичип жатканда өтө сак болуу керек. Өзгөчө жуптар доктурдан сурабастан өз алдынча дары колдонбоосу керек. Доктурга алгач көрүнүүгө келгенде жубайлар бирге келүүсү, эч нерсени жашырбоосу, адистин суроолоруна уялбай, тартынбай, ачык жооп берүүсү керек.

Балалуу болуу үчүн же кандайдыр бир башка тилеги болгон адамдар төмөндө билдирилгендерди орундоого тийиш:

1) Истигфар (астагфируллах) айтуу керек. "Дүнүйө-мүлкүм көп, бирок, балам жок. Эмне кылсам болот?" - деп сураган адамга бир сахаба истигфар айтууну сунуштады. Ал күнүнө 700 жолу истигфар айта турган болду. Акыры он баласы болду. Адамдар Хазрети Хасан Басриге жуттан, кедейликтен, бала болбоодон улам даттанышчу. Баарына тең: "Истигфар айткыла", - деди. Себебин сурагандарга Курани каримден үч аятты окуду: **"Асмандан нөшөрлөгөн жамгыр жаадырышы үчүн, силерге дүнүйө-мүлк жана бала-чака берип жардам кылуусу үчүн, силер үчүн бакчалар менен дарыяларды берүүсү үчүн өтө кечиримдүү болгон Раббиңерге истигфар кылгыла."** (Нух сүрөсү, 10-12)

Балдарын башкарууга кыйналып жүргөн бир сахабага Пайгамбарыбыз "саллаллаху таала алейхи васаллам": **"Эмнеге истигфар айтпайсың? Мен күнүнө жүз жолу истигфар айтамын",** – деди. Истигфар айтуу дегени **"Астагфируллах мин кулли ма карихаллах, астагфируллах алазыйм аллази ла илаха илла хувал хаййал каййума ва атувбу илайх"** деп айтуу. Маанисин түшүнүп айтуу керек.

Мааниси: **"Сен ыраазы болбогон нерселерден кылгандарымды кечире көр жана али кылбагандарымды кылуудан сактай көр. Андан башка кудай жок, Хай, Каййум, Азыйм болгон Аллахга истигфар кыламын жана кылган күнөөлөрүмө өкүнүп, Ага сыйынамын."** (Азыйм – заты менен сыпаттары кемел. Хай – эзелий, б.а., эзелтеден башталышы жок жана соңу да жок, тирүү. Каййум – заты менен бар болгон, жараткан бардык макулуктарын бар кылып кармап турган.)

2) Тилегине жетүү үчүн эки рекет намаз окуп, сообун "Силсилеи

алиййа" деп аталган олуялар санжырасынын рухтарына багыштоо керек, алардын урматына деп дуба кылуу керек. Мисалы: "Йа, Раббим! Кайырлуу (жакшы) бир бала насип кыла көр!" - деп дуба кылып, "ушул дубамды "Силсилеи алиййа" олуяларынын урматы үчүн кабыл кыла көр!" - деп айтуу керек. **(Макатиб-и шариф)**

Багымдат жана куптан намаздарынан кийин "Силсилеи алиййа" олуяларын васила (ортомчу, себепчи) кылып кылынган дубалар кабыл болот. Тажрыйба кылынган.

3) Аяти хырзды билдирилген тартипте окуп жана тумар кылып жанынаалып жүрсө максатына жетет.

4) Назр кылуу керек. Мисалы "Баланча кызга үйлөнсө, Аллахтын ыраазычылыгы үчүн Ясин сүрөсүн үч жолу окуп, сообун Хазрети Сеййидат Нафисага багыштоого назр кылдым (атадым)" дегенде бул тилектин кабыл болгондугу тажрыйба кылынган. Тилеги орундалган кезде көп кечиктирбей назрды орундоо керек болот.

5) Бир тилеги бар адам төмөндөгү дубаны окуу керек. Көзү көрбөгөн сокур бир киши Пайгамбарыбызга келип: "Йа, Расулаллах! Аллаху таалага дуба кылыңыз, көздөрүм ачылсын!" - деди. Пайгамбарыбыз "саллаллаху алейхи васаллам": **"Жакшылап даарат ал! Анан, Йа, Раббим, Сага жалынып-жалбарамын. Сүйүктүү Пайгамбарың Мухаммед алейхиссаламды весила кылып** (ортомчу кылып) **Сенден сураймын. Эй, эң сүйүктүү Пайгамбарым Мухаммед алейхиссалам! Сени васила кылып, Раббиме жалбарамын. Сен үчүн дубамды кабыл кылуусун каалаймын. Йа, Раббим, ушул улуу Пайгамбарыңды мага шапаатчы кыла көр. Анын урматына дубамды кабыл кыла көр!"** деп дуба кылуусун буюрду. Ал киши даарат алып айтылгандай дуба кылды. Ошол заматта көздөрү ачылып көрө баштады. **(Тирмизи)**

Бул дубаны окугандар максаттарына жетишкен. Намаз окубагандардын, харам иштерди кылгандардын жана жүрөгүндө ыкыласы болбогондордун дубасы кабыл болбойт. Ахли сүннөт ишениминде болбогон адамдын окуганы да пайдасыз. Аллаху таала бардык нерсени себептер менен жараткан. Бир нерсеге жетүү үчүн ошол нерсенин себептерин орундоо керек. Раббибиз адамга ден-соолук, даба берүү үчүн дуба кылууну, садага берүүнү жана дары (эм) колдонууну себеп кылган.

# ЖАСАЛМА УРУКТАНДЫРУУ

**Суроо:** Жасалма уруктандыруу жолу менен балалуу болуу жаизби?

**Жооп:** Балалуу боло албаган жуптардын "Силсилеи алиййа" деп аталган Ислам аалымдарынын урматына деп дуба кылуулары жана белгилүү себептерге жармашуулары керек. Материялар (уруктар) никелүү жуптардан алынган болуп, харам иш кылынбай жасала турган болсо жасалма уруктандыруу жаиз болот. **(И. Ахлагы)**

Бул ишти эркек дарыгерге жасатуу жаиз болбойт, анткени, бала төрөө зарурат (зарылдык) эмес, анын үстүнө аял дарыгер табуу мүмкүнчүлүгү да бар.

**Суроо:** Суррогаттуу эне болуу, б.а., башка бирөөнүн эмбрионун (уругун) көтөрүү жаиз болобу?

**Жооп:** Жок, жаиз эмес. Жалгыз никесинде болгон күйөөсүнөн гана көтөрүү жаиз.

## Экстракорпоральдуу уруктандыруу

**Суроо:** Экстракорпоральдуу уруктандыруу (ЭКО) ыкмасы менен балалуу болуу жаизби?

**Жооп:** Балалуу боло албаган жуптардын Силсилеи алиййаны (улуу Ислам аалымдарын) ортомчу кылып дуба кылуулары жана белгилүү себептерге жармашуулары керек. Уруктар никелүү жуптардан алынып, харам иш кылынбай жасала турган болсо экстракорпоральдуу уруктандыруу жаиз болот. **(И. Ахлагы)**

Бул процессти эркек дарыгерге жасатуу жаиз (уруксат) болбойт. Себеби, балалуу болуу зарылдык эмес, анын үстүнө аял дарыгер табууга мүмкүнчүлүк бар.

## Суррогаттуу эне

**Суроо:** Суррогаттуу эне болуу жаизби?

**Жооп:** Жок, жаиз эмес. **С. Эбедиййе** китебинде мындай деп айтылат: "Эркектин манийсин (уругун) түтүккө же башка бир нерсенин ичинде бөтөн аялдын жатынына салып, баланын пайда болуусуна себепкер болуу - харам. Пайда болгон балавалади зина (зинадан туулган бала) болот.

### Жынысын аныктоо

**Суроо:** Бала төрөлө электе жынысын аныкталууда, “ЭКО” жолу менен балалуу болуунун диний жактан зыяны барбы?

**Жооп:** Жок, бул амалдардын өзү зыяндуу эмес. Бирок, мындай амалдарды жүзөгө ашырып жаткан кезде күнөө аралаштырбоо керек.

### Жасалма аборт

**Суроо:** Аборт жасатууга болобу?

**Жооп:** Динибизде үзүрлүү бир себепсиз бала алдыруу харам, тактап айтканда тыюу салынган. Өзгөчө, кедейликтен коркуп курсагындагы баланы өлтүрүү, адилетсиз баланын жанын кыйуу зулумдук болуу менен катар, бала акысын билбөө болуп саналат, чоң күнөө болот. Энесинин же сүт эмүүдө болгон башка бир наристенин өлүмүнө себеп боло тургандай үзүрлүү себеби бар болсо, дене мүчөлөрү али өнүкпөгөн баланы алдыруу жаиз болот. Кутуб-и Ситтадагы **“Адам энесинин курсагында урук** (сперма) **көрүнүшүндө 40 күн, алака** (эмбрион) **көрүнүшүндө 40 күн, эт бөлүгү көрүнүшүндө 40 күн болот. Андан кийин рух берилет”** деген хадиси шарифти негиз алган аалымдар үзүрлүү бир себеп менен бир айдан төрт айга чейин жасалма аборт жасоого уруксат беришкен. **(Раддул Мухтар)**

Башка себептер болбосо да Ислам динине ылайык тарбия бере албоо коркунучу үзүрлүү себеп болуп саналат. Тактап айтканда, Ислам динине ылайык тарбия бере албоо ниети менен төрт айга чейин бала алдыруу жаиз болот. **(С. Эбедийййе)**

Демек, төрт айдан өткөн болсо бала алдыруу жаиз болбойт. Бала оорулуу болуп өсүп жатат деген ой менен баланы өлтүрүү жаиз болбойт. Туулган соң оорулуу деп өлтүрүү сыяктуу кылмыш болот.

## БАЛА БАГЫП АЛУУ

**Суроо:** Мен дүнүйөгө перзент алып келбеген аялмын. Бала асырап алгым келет. Кандай кылсам болот?

**Жооп:** Асырап алынган бала чоңойгон кезде уул бала болсо сизге, кыз бала болсо күйөөңүзгө чоочун (намахрам) болот. Ал эми чоочун адам менен бирге калуу жаиз эмес. Ушул жагынан бала асырап ала турчу кезде бир туугандарыңыздын биринин баласын же күйөөңүздүн бир туугандарынан биринин кызын ала турган болсоңуз эч кандай маселе калбайт.

Же асырап алынган эркек бала эже-сиңдилериңиздин бирин же эркек бир туугандарыңыздын биринин аялын эме турган болсо сиздин жээниңиз болгондуктан сизге чоочун болбойт.

Кыз бала багып алганда күйөөңүздүн эже-карындаштарынын бирин же эркек бир туугандарынын аялдарынан бирин эме турган болсо күйөөңүздүн жээни болгондуктан ага да чоочун болбойт.

**Суроо:** Асырап алынган балага мурас калтырылабы?

**Жооп:** Асырап алынган бала дин жагынан мураскор боло албайт. Бирок, тирүү кезиңизде мал-мүлкүңүздүн бир бөлүгүн же толугун ага белек катары берүүңүздүн эч кандай зыяны жок.

Мал-мүлк алуу ниети менен асыранды бала болуу туура эмес. Соо кезде асыранды балага мал-мүлк берүү жаиз (уруксат).

**Суроо:** Асырап алынган балага “Балам” же “Кызым” деп айтуу жаизби?

**Жооп:** “Бул - мен төрөгөн балам” же “Бул - мен төрөгөн кызым” деп айтуу харам болот. Бирок, чакырган кезде же алар тууралуу айтып жатканда “Балам”, “Кызым” деп айтуунун зыяны жок.

Асыранды балага “Биз сенин өз ата-энең болобуз” деп айтуу күнөө болот. Курани каримде мындай делинет:

**“Аллах асыранды балдарыңарды тууган балдарыңар катары тааныбады.”** (Ахзаб сүрөсү, 4)

Хадиси шарифте да мындай делинет:

**“Атасы жок экенин билип туруп атайын бирөөнү “Бул киши менин өз атам” деп айткан адамга Жаннат харам болот.”** (Бухари)

**Суроо:** Өз кызын же баласын бирөөгө асыранды бала катары берген кезде ошол баланын акысы сенден кетеби? Же улана береби?

**Жооп:** Акысы кетпейт, уланат. Б.а., баласынын акысын өтөөгө милдеттүү болот.

**Суроо:** Акыретте ал бала ата-энесинен акысын талап кылабы?

**Жооп:** Албетте, жаман бир адамга берген болсо “Эмне үчүн намаз окубаган, ичкилик ичкен адамга бердиң?” деп сурай алат.

Баланы бирөөгө асыранды бала кылып бере турчу кезде мусулман үй-бүлөгө жана динди үйрөтө турчу адамга берүү керек. Каалаган кезде кайра кайтарып алууга болот. Балага жакшы тарбия берип жатканын текшерип туруу керек. Баланы берүү менен алардын перзенти болуп калбайт. Мурастарын алуу акысына дин жагынан ээ эмес. Уул бала болсо үйдүн аялына чоочун болот, балагат жашка толгон кезде ал үйдө кала албайт. Кыз болсо үйдүн эркегине чоочун болот, балагат жашка толгон кезде ал үйдө кала албайт. Ушул сыяктуу зыяндары бар.

**Суроо:** Асыранды бала өз перзенти сыяктуу болобу? Б.а., анын жанында жоолуксуз-оромолсуз жүрүүгө болобу? Нике түшөбү?

**Жооп:** Бала асырап алуунун дин жагынан мааниси жок. Б.а., ал бала баары бир чоочун болуп саналат. Нике да түшөт, аны менен үйлөнүүгө болот, анын жанында оромолсуз ачык жүрүүгө болбойт.

**Суроо:** Мыйзам аркылуу тиркелген асыранды баламдын атеист атасы эми баланы артка кайтарып берүүмдү сурап жатат. Берүүгө мажбурмунбу?

**Жооп:** Жок, берүүгө мажбур эмессиз. Агы кайтарып берип, баланын динсиз өсүүсүнө себеп болбоо керек.

### Асыранды бала – чоочун бала

**Суроо:** Бир сектант жазуучу: “Асыранды бала аны асырап алган аял менен эркекке махрам болот”, - дейт. Асыранды бала чоочун эмеспи?

**Жооп:** Албетте, чоочун болуп саналат. Асыранды баланы махрам жана өз баласы иретинде билүү жахилия доорунун адаттарынан болуп саналат. Ислам дини бул адатты алып салган. Бир аяти кариманын мааниси:

**“Аллах асыранды балдарыңарды өз перзентиңер кылбады.”** (Ахзаб сүрөсү, 4)

## ТУУГАНДАРГА КАМКОР БОЛУУ

**Суроо:** Досту же туугандарды зыярат кылууда алардын салих, намаз окуй турган болуулары маанилүүбү?

**Жооп:** "Фасык болгон, күнөө кылуубузга себепкер боло турган туугандарды зыярат кылуу кажет эмес, бирок, салих болгон туугандарды зыярат кылуу керек. Тууган-уруктар менен карым-катнашты үзүү чоң күнөө болот. Эркек жана аял болгон **зи-рахми махрам** туугандарды зыярат кылуу - важиб. Байкесинин (атасынын агасы же инисинин) кызы сыяктуу махрам болбогон туугандарды зыярат кылуу важиб эмес." **(Барика)**

(**Зыярат кылуу –** үйүнө барып туруу, кабарлашып, жагдайын сурап билип туруу, катышып туруу, карым-катнашты үзбөө деген сөз.

**Зи-рахми махрам –** эркек үчүн энеси, карындашы, эне-атанын кыз бир туугандары сыяктуу туугандар; ал эми аял үчүн атасы, эркек ага-иниси, эне-атасынын эркек бир туугандары сыяктуу үйлөнүүсү харам болгон туугандары деген сөз.)

Салих досторду зыярат кылуу да чоң сооп. Салих туугандарды жок дегенде аптада же айда бир жолу зыярат кылып туруу керек, кырк күндөн өтүп кетпөө керек! Алыс жерде болсо кат, телефон аркылуу көңүлүн сурап, кайгылуу болсо кайгысын кетирүү керек. Зыяратты жалгыз Аллах ыраазылыгы үчүн кылуу керек.

Хадиси шарифте мындай деп айтылат:

**"Дин бир тууганын зыярат кылган адамга бир периште: "Кандай бактылуусуң, сен Бейишке кирдиң", - деп айтат. Аллаху таала: "Мен үчүн зыярат кылган пендеме Бейиште ага жага турган сыйлыктарды беремин", - дейт."** (Баззар)

**"Дин бир тууганын Аллах үчүн зыярат кылган ар бир мусулманга бир периште: "Бул кылган ишиң кандай жакшы болду, Бейиш сага халал болсун", - деди. Аллаху таала да: "Кулум мени зыярат кылып келди. Менин да ага сыйлык берүүмө туура келет", - дейт."** (Абу Яла)

**"Арштын айланасында нурдан жасалган курсилерде нурдай жаркыраган адамдарга пайгамбарлар менен шейиттер кызыгышат. Булар – тирүү кезинде Аллах үчүн бири-бирин**

**жакшы көргөн, Аллах үчүн жыйналган, Аллах үчүн бири-бирин зыярат кылгандар.”** (Насаи)

**“Жакшылап даарат алып, сооп үмүт кылып мусулман бир тууганын барып көргөн адам Тозоктон жетимиш жылдык аралыкка алыстайт.”** (Абу Давуд)

**“Аалымдардын мажилисине катышкан адам менин мажилисиме да катышкан болот. Ал эми менин мажилисиме катышкан адам Раббинин мажилисине катышкан болот.”** (Табарани)

**“Сыла-и рахим – өзүн издебей турган туугандарын таап, зыярат кылуу жана жакшылык кылуу деген сөз.”** (Тирмизи)

**“Сени зыярат кылбаганды сен зыярат кыл! Сага белек бербегендерге сен белек бер!”** (Бухари)

**“Садага берүү, жакшылык кылуу, эне-атага белек берүү жана туугандарын зыярат кылуу бактысыздыкты бакытка айлантат, өмүрдү узартат жана адамды жаман өлүмдөн сактайт.”** (Абу Нуайм)

**“Мечиттер – Аллахтын үйлөрү, ал эми момундар – Аллахтын зыяратчылары. Зыяратчысына белек үй ээсине милдет болот.”** (Хаким)

**“Мына ушул беш нерсенин жазасы дароо байкалат: султанга каршы чыгуу, зулумдук кылуу, эне-атага душман болуу, туугандар менен карым-катнашты үзүү, жакшылыкка шүгүр кылбоо.”** (Ибн Лал)

### Жубайын туугандары менен көрүштүрүү

**Суроо:** Эркек жубайына туугандары менен көрүшүп туруусуна тоскоолдук кыла алабы?

**Жооп:** Эркек кааласа жубайынын эне-атасын жана туугандарын да үйгө киргизбөөгө болот, бирок, көрүшүүсүнө жана алар менен сүйлөшүүсүнө тоскоолдук кыла албайт. Алардан салих болгондорунун аптада бир жолу үйгө келип туруусуна тоскоолдук кылбаса жакшы болот. Алардын көңүлүн алууга, кайырлуу дубаларын алууга аракет кылуу керек. Өзүнүн жана аялынын туугандарынан фасык (күнөөкөр) болгондор, аялынын динин, мүнөзүн бузууну каалагандар бар болсо аларды үйгө чакырбоо керек жана үйлөрүнө да барбоо керек. Алар менен кездешпөөсү керек жана жубайын да алар менен кездештирбөө керек. Бирок, аларга да, башкаларга да

катуу сүйлөбөө керек, талашып-тартышпоо керек, фитна чыгуусуна себепкер болбоо керек. Диндерине жана дүнүйөлөрүнө зыян келе турган нерселерден сактануу керек. Баарынын жанында жылуу жүздүү, жылуу сөздүү болуу керек. **(С. Эбедиййе)**

## Фасык туугандар менен көрүшүү

**Суроо:** Эне-атамдын туугандары болгон ага-эжелер сыяктуу фасык (ачык күнөө кылуучу) туугандарым бизди үйүнө конокко чакырышат. Динге каршы иштер кылынат. Жубайымдын баргысы келбейт. Эмне кылсак туура болот?

**Жооп:** Жубайыңыздын келе албоосунун себеби бар деп айтасыз, өзүңүз барып кайтасыз. Өзүңүз да барган жагдайда күнөө кыла тургангандай болсоңуз өзүңүз үчүн да бир шылтоо табышыңыз керек.

## Сыла-и рахим

**Суроо:** Кайын атамдын айылына баруу да сыла-и рахим болобу?

**Жооп:** Ооба, сыла-и рахим болот. Салих (жакшы) адамдарды зыярат кылуу - өтө чоң сооп.

## Ага ата сыяктуу

**Суроо:** Динибиз боюнча ага жана атанын ага-иниси ата, ал эми эже эне өкүмүндөбү?

**Жооп:** Ооба, сиз айткандай. Үч хадиси шарифтин мааниси төмөндөгүдөй:

**“Ага ата даражасында.”** (Байхаки)

**“Эже эне өкүмүндө болот.”** (Бухари)

**“Эй, Аббас! Сен менин агамсың, атамдын жарымысың.”** (Хатиб)

## Туугандарды зыярат кылуу

**Суроо:** “Сыла-и рахим” деп аталган туугандарды барып көрүп, кабар алып туруу деген амал орундалбаса күнөө болобу?

**Жооп:** Эгер туугандар салих болсо, б.а., арак ичпеген, намаз окуган кишилер болсо, албетте күнөө болот. Эки хадиси шарифтин мааниси:

**“Сыла-и рахим – мал-мүлктү көбөйтөт, үй-бүлөдө махабатты көбөйтөт жана өмүрдү узартат.”** (Табарани)

**“Сообу эң тез бериле турган жакшылык – сыла-и рахим, ал эми жазасы эң тез бериле турган жамандык - зулумдук жана** (салих) **туугандар менен карым-катнашты үзүп койуу.”** (Тирмизи)

Фасык же бидатчы (сектант) болгон туугандарды зыяратына мажбур болмоюнча барбоо керек. Бир гана амри маруф (жакшылыкка, динге чакыруу) үчүн же зарыл бир иш үчүн барууга болот.

**Эки ага-ини**

Эски замандарда бири-бирин катуу жакшы көргөн өтө ак көңүл эки ага-ини болгон экен. Улуусунун аты Халил, кичүүсү Ибрахим. Халил үйлөнгөн, бала-чакалуу, а Ибрахим болсо али бойдок экен. Экөөнүн орток айдоо жери бар эле. Бирге дыйканчылык менен алектенип, алынган түшүмдү экиге бөлүшүп, оокат кылышчу.

Бир жылы буудай айдашат. Бышкан буудайды жыйнап алып, экиге бөлүшөт. Анан ошол бөлүштүрүлгөн буудайды ташый башташат. Агасы Халил: “Ибрахим, сен бул жерде күтө тур, мен каптарды алып келейин”, - дейт. Ибрахим: “Макул ага”, - деп дандын жанында калат. Халил каптарды алып келүүгө кеткенде иниси ойлонот: “Агам үйлөнгөн, бала-чакасы бар. Мага караганда ага көбүрөөк буудай керек”, - деп, өзүнүн үлүшүндөгү буудайдан бир нече күрөк буудай алып, агасынын буудайына кошуп коёт. Анан агасы каптарды алып келип: “Кана, Ибрахим, алгач сен ташый башта!” – дейт. Ибрахим: “Макул”, - деп, бир капты толтуруп, алып кетет. Ал кеткен кезде агасы ойлонот: “Аллахка шүгүр! Мен үйлөнгөнмүн, бала-чакам да бар. Бирок, иним али бойдок. Ал дагы көп иштеп, акча табышы керек. Там салып, үйлөнүшү керек”, - деп өзүнүн буудайынан бираз күрөк алып инисинин буудайына кошуп коёт. Кийинки кезекте Халил кеткенде иниси өзүнүн буудайынан дагы агасынын буудайына кошуп коёт. Агасы да өз кезегинде бир канча күрөк инисинин буудайына кошуп коёт. Ошентип бир топко чейин уланат, бирок, бул иштен бири-биринин кабары болбойт. Аягында кеч кирип, күн караят. А буудайдын ташыла турган абалы жок, жада калса, азайбайт дагы. Аллаху таалага бул жагдай аб-

дан жагат. Алардын буудайына Аллаху таала ушунчалык береке берет, канча күн ташышса да бүтүрө алышпайт. Алар бул ишке таң калышат. Буудайы азайгандын ордуна, тескерисинче,көбөйүп, кампалары толуп ташат. “Берекелүү болсун!” деген тилек сөздөгү береке сөзүнүн чыныгы мааниси ушул мисалдан белгилүү болуп тургандай...

## МУСУЛМАНДАРДЫН АКЫЛАРЫ МЕНЕН МИЛДЕТТЕРИ

**Суроо:** Мусулмандын башка мусулмандын алдындагы акылары кандай?

**Жооп:** Мусулман башка мусулман дин бир тууганын кеминде өзү сыяктуу ойлойт.

Өзүнө жасалуусун туура көрбөгөн, каалабаган нерселердин башкаларга да жасалуусун каалабайт. Хадиси шарифте мындай деп айтылган:

**“Өзү үчүн жакшы көргөн нерсени дин бир тууганы үчүн да жакшы көрбөгөн адам кемел момун боло албайт.”** (Бухари)

Мусулман башкаларга жакшы үгүт, насаат берет. Хадиси шарифте: **“Силер дин бир тууганыңардын күзгүсү болосуңар. Андан байкаган такты сүрткүлө!”** (Абу Давуд)

Мусулман адамдарды кубантууга, көңүлүн алууга, кайгысын кетирүүгө аракет кылат. Хадиси шарифте мындай деп айтылган:

**“Бир момунду кубанткан адамды Аллаху таала Кыямат күнү кубантат.”** (Ибн Мубарак)

**“Бир адамдын кайгысы менен кыйынчылыгын кетирген же бир мазлумга** (зулумдукка учураган адамга) **жардам берген адамды Аллаху таала жетимиш үч жолу магфират кылат** (кечирет, күнөөлөрүн өчүрөт)**.”** (Хараити)

**“Аллах даргейинде эң макбул** (кабыл боло турган) **амал – момунду кубантуу, кайгысын кетирүү, карызын өтөө же курсагын тойгузуу.”** (Байхаки)

Мусулман баштан аяк пайдалуу адам деген сөз. Андай болсо, башка мусулмандарга колдон келгенче жардам берүү керек! Хадиси шарифте мындай делет:

**“Мына бул эки нерседен жаманы жок: Аллахка ширк кошуу жан Анын кулдарына зыяндуу болуу. Мына бул эки**

**касиеттен жакшыраак даража жок: Аллахка ыйман келтирүү жана Анын кулдарына пайдалуу болуу.”** (Дайлами)

**“Дин бир тууганынын ишине бираз убакыт көмөктөшкөн адам ал ишке көмөгү тийсе да, тийбесе да эки айлык итикафтан** (ибадаттан) **көбүрөөк сооп табат.”** (Хаким)

Пайгамбарыбыз: **“Мазлум да, заалым да болсо дин бир туугандарыңарга жардам бергиле!”** -деген кезде, **“Йа, Расулаллах! Заалымга кантип жардам беребиз?”**-деп сураshты. Жообунда: **“Анын зулумдугуна тоскоол болуу аркылуу жардам кылган болосуңар”,** –деди. (Бухари)

Бир адам мусулмандарга күндө дуба кылса жакшы адам болот. Намаз окуган момун “аттахыяту” окуганда салих кулдарга дуба кылууда. Ошондуктан, намаз окубай турган адам момундарга ошол дубаны окубоодо.

Чүчкүргөн кезде “Алхамдулиллах” деп айтуу керек, муну уккан мусулман да “Йархамукаллах”, б.а., “Аллах сага рахмат (ырайым) кылсын” деп айтууга тийиш! Үчүнчү адам бар болсо “Йахдина ва йахдикумуллах” деп айтуу керек! Үчүнчү адам жок болсо чүчкүргөн адам жооп катары ошол сөздү айтуусу керек! Хадиси шарифте мындай деп айтылды:

**“Чүчкүргөн кезде Алхамдулиллах деген адам көз оорусун көрбөйт.”** (Табарани)

Адамдардын туура иштерине жардамчы болуу, аларга көмөктөшүү, мүмкүнчүлүгүнө жараша муктаждыктарына карашуу керек. Хадиси шарифте мындай делген:

**“Адамдардан мага муктаждыктарын айтып келе тургандары болуп турат. Ошол кезде жанымда болгондор аларга жардам берип сооп алсын. Аллаху таала жактырган нерсесин пайгамбарлардын колу менен берет.”** (Муслим)

**“Муктаждыктарынан улам мага келгендерге силер да жардамчы болгула! Мен орундалуусун каалаган нерселеримди силердин да себепкер болуп сооп алууңар үчүн бираз кечиктиремин.”** (Насаи)

**“Сөз менен жасала турган көмөктөн жакшыраак садага боло албайт. Ортомчу болуу аркылуу кан доосунун, өч алуунун алды алынат, пайдалуу болот жана зыяндын алды алынган**

**болот.”** (Хараити)

Мусулмандарга кылына турган жакшылыктардын эң чоңдорунун бири – салам берүү. Хадиси шарифте минтип айтылат:

**“Аллаху таалага ант беремин, момун болмоюнча Бейишке кире албайсыңар. Бири-бириңерди сүймөйүнчө момун боло албайсыңар. Силерге бир амалды кабар берейин, аны менен бири-бириңерди сүйөсүңөр: Араңарда саламды кеңири жайгыла!”** (Муслим)

**“Даараттa туруктуу бол жана даараттты жакшылап ал, өмүрүң узарсын. Кезиктирген бардык адамга салам бер, жакшылыгың көбөйсүн! Үйүңө киргенде үйдөгүлөргө салам бер, үйдүн жакшылыгы менен берекеси көбөйсүн!”** (Хараити)

Салам берүү - сүннөт, жооп берүү - фарз. Саламга жооп бербеген мусулманга периштелер таң калат. Хадиси шарифте айтылат:

**“Салам берип мусафаха кылган** (кол алышкан) **эки мусулмандын арасына жүз рахмат түшөт. Мунун токсону биринчи салам берип кол созгон адамга, калганы экинчи адамга берилет.”** (Баззар)

Бир адам саламсыз, уруксатсыз кирген кезде Расули акрам (Пайгамбарыбыз) мындай деген:

**“Артыңа кайт, салам бер, андан кийин ичке кир!”** (Абу Давуд)

## Мусулмандын милдеттери

**Суроо:** Мусулмандын канча түрдүү милдеттери бар?

**Жооп:** Үч түрдүү милдети бар:

1) **Жеке милдети:**

Ар бир мусулман өзүн өнүктүрүүсү, дени соо, адептүү, жакшы мүнөздүү болуусу, ибадаттарын орундоосу, илим жана жакшы ахлакты (кулк-мүнөздү) үйрөнүүсү, халал тамак табуу үчүн эмгектенүүсү – жеке өзүнүн милдеттери.

2) **Үй-бүлөдөгү милдети:**

Жубайынын, эне-атасынын, бала-чакасынын, туугандарынын алдындагы акыларын, милдеттерин орундоо – үй-бүлөдөгү милдеттери.

**3) Коомдогу милдети:**

Кошуналарынын, устаздарынын, окуучуларынын, үй-бүлөнүн, кол астындагылардын, өкүмөтүнүн жана мамлекетинин, бардык мекендештеринин, дини менен улуту башка болгондордун алдындагы милдеттери.

Баарына жакшылык кылуу, колу менен, сөзү менен эч кимди таарынтпоо, эч кимге зыянын тийгизбөө, кыянаттык кылбоо, баарына пайдалуу болуу, мамлекетке, мыйзамдарга каршы чыкпоо, ар кимдин акысын өтөө коомдогу милдеттери болуп саналат.

ЖЧК "Из-Басма" басмаканасында басылды.